## Акын кыздардын ырлары

# КЫЗДАР АЙ

# 4



2017

Акын
кыздардын ырлары

# КЫЗДАР
# АЙ
# 4

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 50903

«Улуу Тоолор»
Бишкек-2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
К 97

***Редколлегия:***
*Жакшылыков А.*
*Момунова Г.*
*Бегимкулова С.*
*Карагулова Б.*
*Сарбагышова Ч.*
*Жеңишбек кызы А.*

К 97 «**Кыздар ай 4**»:.Акын кыздардын ырлары.
– Б.: «Улуу Тоолор»., 2014. – 384 б.

ISBN 978-9967-13-976-3

Б 4702300200–14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5

ISBN 978-9967-13-976-3

## «Акынды эл багат»

Урматтуу поэзия сүйгөн ыр ышкыбоздору!

Ырларыбыз гезит-журнал беттерине жарыяланбай же басмалардан китеп болуп байма-бай чыкпай калган мезгилде жалаң кыздар билек түрө киришип, өз киндигибизди өз колубуз менен кесип, өзүбүзгө өзүбүз демөөрчү болуп, ушул «Кыздар ай» китебин чыгарып келатабыз.

Арабызда үйрөнчүктөр, талпынып өсүп келаткандар, сөз өнөрү төгүлүп такшалып калгандар жана сөз берметин чачкан эл акынына чейинки ыр жандуу айымдарыбыздын бар экенин китепти барактаганда көрөсүздөр.

Биринин атын атап мактайм деп, биринин көңүлүн сындырып алгым келбейт. Залкар деген акындарда деле алашем ырлар кездеше калган сыңары, кыздардын ырларынын арасында да алашем ырлар жок эмес, бар. Аларды начар жаздың деп баса калып тытмалагандын ордуна, ушундай катаал кезде бир жеңден кол чыгарып, жапа тырмак киришип, биригип алып китеп чыгарып аткандарына ыраазы болуп жылмайып, же колдоо көрсөтүп койсоңуз, демек, бул сиздин бийиктигиңиз болмок. «Бир акынды таап чыгарыш үчүн миң акынды тапташ керек» экенин билесиздерби? «Акынды эл багат» деген сөз бар. Тилекке каршы азыр бизге эч ким колдоо көрсөтө элек.

Клубга мүчө болгон кээ бир кыздарбыздын ырлары «Алтын касса» уюштуруунун натыйжасында өзүнчө китеп болуп чыгып баштаганын да айтып, маңдай жарган сүйүнүчтү жарыялап койсок ашыкча болбос.

Эң алгачкы «Кыздар ай 1» – китепти чыгарып атканда «Дагы көп жолу жолугушабыз» деп жазгам. Ошол сөздү дагы кайталагым келет. Оозун ачса жүрөгү көрүнгөн «Кыздар ай» клубунун ыр жандуу, сүйкүмдүү кыздарына ак жол! Жолдорубуз таза жана даңгыр болсун!
Биз дагы көп жолу жолугушабыз!...

***Бурулкан Карагулова*** *– «Кыздар ай» клубунун адабий-чыгармачылык тобунун жетекчиси.*



**Сүйкө Мергенбаева** — 1917-жылы 8-мартта Тоң району-нун К.Маркс айылында туулган. Кара-Көл шаарындагы айыл чарба техникумдун зоотехникалык факультетин бүтүргөн. 7 баласы, 26 небере, 24 чөбөрө, 3 кыбырасы бар.

**Карылык**

Карылык сыналасың өскөн кыздай,
Өмүрлөр өтүп жатат учкан куштай.
О чиркин, өткөн өмүр кандай кымбат,
Эстейсиң, эскересиң жүрөк сыздай.

Ойлонуп өзүң жалгыз олтурганда,
Эстейсиң балалыктын бир элесин.
Өмүрлөр улгайсак да таттуу болсун,
Билебиз ал күндөрдүн түк келбесин.

**Нур балам**

Нурбегим менин нур балам,
Бактыма бүткөн гүл балам.
Ушуну капа кылсаңар,
Эки дүйнөдө кыйналам.

Аппагым менин дегизгем,
Ак сүтүм берип эмизгем.
А дүйнө көздөй кетсем да,
Наараазы кылбайм сени мен.

Көлдөй болсун көңүлүң,
Шар суудай болсун өмүрүң.
Эч качан капа болбогун,
Сага, энелик берген мээримим.

Буруугa тилим келалса,
Эгерде көзүм жумулса.
Айтаар менин керээзим,
Ынтымакта болгула.

**Балдарым менин ырысым**

Анарым менин төл башым,
Көңүлдө турат ар дайым.
Капа болбой жүрсө дейм,
Менин,
Биринчи көргөн ардагым.

Жаңылым бала кезинде,
Балдырап тили таттуу эле.
Бактылуу болот дечү элем,
Акылдуу сөздөн айтчу эле.

Турмуштун түштү жолуна,
Көңүлү көпкө бөлүнөт.
Өз теңимден калбайм деп,
Ал эми,
Аракет менен жүгүрөт.

Мыктыбек менин кубанчым,
Атадан калган мурасым.
Турмушка туура түшүнсө,
Менин түбөлүктүү турагым.

Кайырбүбүм аппагым,
Аппагым дебей не дейин.
Абалыма түшүнсө,
Мен андан,
Алыстап кайда кетейин.

Бурулум бала кезинде,
Ар бир ишке тың эле.
Алыска кетип калды деп,
Кейип жүрдүм көп эле.

Энелик мээрим бар экен,
Унуттум анын баарысын.
Чүрпөлөрүн чоңойтуп,
Алганы менен карысын.

Гүлнарам кыздын кенжеси,
Жүрөгүмдүн эркеси.
Бактылуу болсо деп тилейм,
Аман болсун жергеси.

Садагасы сары алтын,
Сандык менен бир алтын.
Айдай көргөн алтыным,
Кийинки көргөн Кубанчым.

**Үркүндөн бир үзүм**

Ээ балдарым, жүзгө таяп барамын,
Эки доордун көрдүм жакшы-жаманын.
Алтын доордун угуп калдым кабарын,
Силер эми өскүлө, уул-кыздарым.

Ээ урпагым, биз көргөндү көрбөгүн,
Кыйынчылык артта калсын тилегим.
Эстегенде кыргыздардын үрккөнүн,
Зээним кейип бошоп кетет муун-жүүнүм.

Калысы жок каар замандын айынан,
Чачылып эл кытай көздөй агылган.
Канчалаган ата-баба сөөктөрү,
Ашуу-белде кузгунга жем болушкан.

Запкы тартып куурады эл кытайда,
Кыздарыбыз сатылды бир ууч талканга.
Туура келди бала кезде ырдаган,
Шордуу кыргыз кыздын ырын айтууга:

– Кожоюнум мынабу,
Коңкойгон коңко калмакпы?
Кыргыздын шордуу бир кызын,
Казанчы кылып алмакпы?

Кат жазып салам жиберет,
Кытайда калган кызыңар.
Бир тууган элим тосуп ал,
Көрмөккө жерим болуп зар.

**Жаман эмес заманың**

Жакшы азыр замана,
Каалаганың бар мына.
Ээ, балдарым айтаарым,
Заманды күтүп алгыла.

Эркин сүйлөп жатасың,
Ойдогуңду айтасың.
Интернет деген чыгыптыр,
Керектүүнү табасың.

Алыстыкты сезбейсиң,
Ат минип жол жүрбөйсүң.
Жеткирет барар жериңе,
Самолёт менен машине.

Алыстан кат күтпөйсүң,
Кабатыр болуп жүрбөйсүң.
Телефонуң жакшы экен,
Кабарың алат балдарың.

**Өкүт**

Улуу күчтүн жазуусу го маңдайга,
Амалың жок баш ийесиң тагдырга.
Эгер мага макул болсо кудайым,
Маңдайымда турбайт беле балдарым.

Эки бирдей күлгүнүмдөн айрылдым,
Жашаганым бул дүйнөдө курусун.
Улуулата ылгап алса не болмок,
Оо шум ажал, жаштын албай өмүрүн.



**Бурул Рыскулбекова** – 1927-жылы Талас районунун Ак-Сай айылында туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, жетимдиктин айынан толук билим албай калган. Кара-Буура районунун Чоң-Кара-Буура айылында жашайт. «Өмүр күүсү», «Буулуккан булут» жана «Тилегим» аттуу ыр жыйнагы жарык көргөн.

**Поэзия**

Көгөрүп жашылданат менин дүйнөм,
Мөмөдөй бүчүр байлап шагын ийген.
Тажабай машакаттуу түйшүгүнөн,
Талабым — поэзия оттой күйгөн.

Бөлөнүп бакыт-сыйдын бешигине,
Кириштим өзүм сүйгөн кесибиме.
Ойготту караңгыда уктап жатсам,
От коюп поэзия сезимиме.

Из салсам поэзия чыйырына,
Чыдашка ак эмгектин кыйынына.
Жол сурап жаңы келдим жарык издеп,
Жарыкка таазим издеп сыйынууга.

**Туулган жерим**

Эстеймин туулган жерим Чырканакты,
Эскерип анда ойногон бала чакты.

Учуру балалыктын эсте калып,
Убакыт желдей сызып, суудай акты.

Чай ич деп чакырышып, бажырашып,
Чакчы элек кантыбыз деп аппак ташты.
Айылым айланайын Ак-Сай менин,
Абалтан жашап өткөн ата-тегим.

Туулуп, өскөн жерим ата мекен,
Сыйынып урпагына таазим этем.
Байыркы анда өткөн бабалардай,
Баяндап бар сырымды айтып кетем.

Энелер киндик кесип, кирим жууган,
Аман бол, ал жердеги ага-тууган.
Эстеймин, кайда жүрсөм сагынамын,
Айылым Ак-Сай менин учкан уям.

**Өмүр**

Өмүр мынча учкулдугуң ай, сенин,
Өзүңдү ээрчип өткөнүңдү сезбедим.
Өткөн мезгил көз ирмемче сезилбей,
Учкан окшоп колумдагы кептерим.

Зымырыктай мезгил учту куш болуп,
Көп учурду пайдаланбай учуруп.
Турат өксүк зыңгыратып сезимди,
Карайлатып таптырбастан учугун.

Кайран өмүр дайра болуп агыпсың,
Жалын курак күлгүн жайда калыпсың.

Аккан дайра кайра артына акпастыр,
Ушул кезде суусуз калган сайымсың.

Өз күнүндө тулпар дуулдап тушунда,
Бул жашоонун кызыктыгы ушунда.
Бузулбаган жараткандын мыйзамы,
Өтөт өмүр билинбеген сызылма.

**Ак булут**

Асманды тиреп тургансып,
Ала-Тоо турат сыр түйүп.
Аска-зоо башын курчаган,
Ак булут жылат буулугуп.

Көмкөргөн жерге казандай,
Көк асман күндү туу кылып.
Түрмөгүн булут жазалбай,
Буулугуп турат, буулугуп.

Түнөрүп булут буулукпа,
Шолоктоп жашың төгө бер.
Табигат сага чайынып,
Көрктөнүп жерим көгөрөр.

Аңгыча жарк деп чагылган,
Асманды бөлүп экиге.
Мөндүрлөп жаап басылды,
Желаргы айдап алыска
Түрмөктүү булут жазылды.

Көргөндө тунук асманды,
Чайыттай көңүл ачылды.

Дүйнөнү каптап сулуулук,
Мээрими суудай чачылды.

Көңүлүм тынып ошондо,
Көксөгөн оюм басылды.
Ажары артып ааламда,
Агарып булут жазылды.

**Жамгырдан соң**

Агарып аткан ак таңдай,
Ак шоокум болуп сөгүлүп.
Ак булут жылып асмандан,
Ак жамгыр болуп төгүлүп.

Ак жамгыр жааса себелеп,
Көңүлдүн кири жуулду.
Жер дүйнө сулуу керемет,
Көрбөдүм мындай сулууну.

Сулууга көөнүм бурулуп,
Суктанып турам байланып.
Ойлорго батам чөмүлүп,
Айланып кетпейм, айланып.

Ак жамгыр жааса төгүлүп,
Көрктөнөт ички дүйнөм бүт.
Көңүлүм ага бөлүнүп,
Баскансыйт мени бир оор жүк.

Дабырайт жааса себелеп,
Ойгонду шыктуу делебем.

Тыпылдап тунук тамчылар,
Чертишет менин терезем.

Убара болдум уктабай,
Чече албай ойдун түрмөгүн.
Түйшүгүн тартам, тынчалбай,
Түпкүрүн тинтип дүйнөнүн.

**Мажүрүм тал**

Мажүрүм тал сулуусуң ээ дарактан,
Сулуулугуң суктандырып караткан.
Бутактарың тал-тал болуп өрүлүп,
Кыз чачындай ай-далыда жарашкан.

Солкулдайсың жаңы түшкөн келиндей,
Ийилишип бийчи кыздын белиндей.
Сагынчытын зардабына бүткөнсүп,
Саргайышың саналуунун өңүндөй.

Келбетиң бар, кереметтүү келишкен,
Пери кызы келген окшоп бейиштен.
Болсо болоор үрдүн кызы кол жеткис,
Бирок барбы бу дүйнөдө сага тең?

Боюн керсе өйдө карай тал-терек,
Сабырың суз жер карашың не себеп?
Күтүп, күтүп, жетпей келип теңине,
Ким пар келсин сендей сулуу перге?

**Көктөмдө**

Көк жашыл килем жапкансып,
Көркүнө чыкты тоо-талаа.
Көкөлөп учуп кептери,
Көңүлгө түшөт көп санаа.

Мээримин чачып көктө күн,
Мемирейт жылуу аптабы.
Адамды ойго чөгөрүп,
Ачылып сырдын капкагы.

Түйшүккө салып тындырбай,
Тирилик кызык жаздагы.
Бүчүрүн байлап алма бак,
Баригин жазып баштады.

Үмүткөр кыял ыр болуп,
Келесиң кээде тамчылап.
Боломун ага бушайман,
Толбойм деп сынга жакшыраак.

**Өмүр жазым**

Өзүңдү өмүр бою унута албай,
Өткөрдүм өмүрүмдүн жашыл жазын.
Жаралып жан дүйнөмдөн жайнап чыккан,
Сенсиң го жашоодогу махабатым.

Сенсиң го менин сүйгөн асылзатым,
Баралбай байланамын сага жакын.
Кылымдар кылым санап өтсө дагы,
Карыбайт сага деген махабатым.

Жарашпай ал кезекте жашоо шартым,
Табигат тар жолунан тайгалатты.
Жеткирбей жүрөктөгү максатыма,
Билбеймин тагдырыма неден жаздым?

Күйгүзгөн жалынына сенин отуң,
Отуңа кактап коюп өзүң жосуң.
Кечирип кемитпечи асылзатым,
Кечигип, неге келбей көңүл кошсун?

Өмүрүмдө өзүңө жолугалбай,
Өтөмбү айыкпаган оору жандай?
Өрттөгөн менин муңдуу махабатым,
Өчөбү бүлбүлдөгөн алсыз шамдай?

**Жазылбай калды жакшы ырым**

Жашаган менен кылымды,
Жашоонун барбы кызыгы?
Жабыркап далай жан дүйнөм,
Жазылбай калды жакшы ырым.

Тирүүлүк жайы бүткөндө,
Жүрөктө кетер бир сырым.
Чынардай болуп бутактап,
Чырпыгым өссүн, чырпыгым.

Алдыга койгон максатым,
Айтылып калса жакшы атым.
Эскерип жүрсө балдарым,
Элине кылам башкасын.



**Мейманкүл Сарбалаева** – 1933-жылы Токтогул районунун Ничке-Сай айылында туулган. Балалыгы согуш жылдарына туш болуп, колхоздун оор жүгүн көтөргөнгө чоң салым кошкон. Жалал-Абаддагы кыздар мектебинен 9 классты бүтүргөн. «Баатыр эне» орденинин ээси. (Акын Сиренкан Сарбалаеванын апасы).

**Карылык**

Кечээки өткөн өмүр булак тура,
Эртеңки көрөр күнүң чырак тура.
Бакыттай тээ алыста калып калган,
Жаштык кез карылыктан ыраак тура.

Канча өмүр сүрсөң баары сынак тура,
Кайгы, арман карылыкка ынак тура.
Кештелеп сайма сайган келин кез жок,
Кемпирдин кылаар иши курак тура.

Жаз келди жаштыгымды эске салып,
Чөп чыкты чөксө көңүл четке кагып.
Басалбай чарчасам да жазга эркелеп,
Бак тигип, жыргап калдым жагалданып.

**Эрмек экен**

Ыр жазган күндөрүмдү кубат кылам,
Ынтымак, ырыс, ыйман сурап турам.

Деңизге кошулсун деп агып барып,
Дептерге сөздөрүмдү курап турам.

Убакыт агып жатат желдей болуп,
Учурда ыр жазган аз мендей болуп.
Сексенге чыккандыгым тоскоол белем,
Сезилем өзүмө өзүм кемдей болуп.

Ичер суум, көрөр күнүм азайгандай,
Иштесем боло түшөм тазаргандай.
Карганда ыр итапкан эрмек экен,
Калемди болсом экен жазалгандай.

**Таң**

Ай батып барып, таң атат,
Ааламга нурун таратат.
Толукшуп чыкса алтын күн,
Тоолорго укмуш жарашат.

Жылдыздар өчүп таң атат,
Жылаажын нурун таратат.
Албырып чыкса алтын күн,
Айлыма укмуш жарашат.

Булбулдар таңшып сайраган,
Буралып гүлү жайнаган.
Жапжашыл килем жамынып,
Жаркырап турат айланам…

## Арууланып жүрүшсүн

Камынып калем кармадым,
Калбасын ичте арманым.
Апамдын жазган ыры деп,
Айтышар дедим балдарым.

Чыгынып ырга кириштим,
Чымыным барын билишсин.
Ыр жазып калчу апам деп,
Ырахаттанып жүрүшсүн.

Атайын ырга кириштим,
Акындыгым билишсин.
Апабыздын ыры деп,
Арууланып жүрүшсүн.

## Карынын ал батасын

Карыда душман жок болот,
Каргаган сөзү ок болот.
Карынын алсаң батасын,
Канат болот, сооп болот.

Улууда душман жок болот,
Урушкан сөзү ок болот.
Улууга урмат сый кылсаң,
Учканга канат сооп болот.

Саресеп салсаң өткөнгө,
Сабак болот көпкөнгө.
Көтөрүп турат жакшы сөз,
Көңүлүңдү чөккөндө.

**Алтын мекен**

Айланайын алтын мекенден,
Азга келген мейман экем мен.
Желиң сылап желке чачымдан,
Күнүң өптү күлүп чекемден.

Кагылайын алтын турагым,
Өмүр жолун сенден уладым.
Саат жебесин тынбай жүргүзгөн,
Сапарымды бүтөр убагым.

Жылдар өттү көзгө илинбей,
Жыргал өчтү жылт деп билинбей.
Карылыкка каниет кылсам да,
Калган кезим анча сүйүнбөй.

**Элеси кетпей эсимден**

Таң супа салган убактан,
Ташычык сууну булактан.
Жаш жигит кайда жүрдү экен,
Жайытка малын чубаткан.

Кыялга канат байлатып,
Кызыл гүл терчик жайнатып.
Учуруп зоодон ойночук,
Уларын тоонун сайратып.

Бактылуу ошол убагым,
Бааланбай бачым чубадың.
Элесиң кетпей эсимден,
Эзилип жүргөн убагым.

**Жайлоо**

Гүлдөрү жылдыз жайнаган,
Кукүгү күндө сайраган.
Көккө мал тойгон кез келди,
Көгөнгө улак байлаган.

Сур булут көктө самсыган,
Суйкаят жайлоо чалкыган.
Бүкпөстөн жайып канатын,
Бүркүттөр учат шаңшыган.

Көркөмдүү боз үй тигилип,
Көшүлөт нурга киринип.
Туйлашат саамай чачымдай,
Тулаңдар желге жүгүнүп.

**Кыял**

Кукүктөр сайраар таңында,
Гүлдөгөн жаздын маалында.
Жазууга көңүл бурбапмын,
Жайкалган жапжаш чагымда.

Булбулдар сайраар маалында,
Булактар агаар агымда.
Зеригип кээде ыр жазам,
Сексенге чыккан чагымда.

Кыялга кыял артылат,
Кызыктай ойго калтырат.
Эмгектен колуң бошобой,
Эзилген күндөр тартылат.



**Гүлсайра Момунова** — 1937-жылы 31-декабрда Бакай-Ата районунун Кең-Арал айылында туулган. КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. КРнын Эл акыны. "Кыздар ай" адабий клубунун ардактуу торайымы.

**Ата журт**

Опсуз заман кирип келди жутунуп,
Ойлогону байлык, бийлик кутуруп.
Ыйман, ардын баарын жалмап койбосун,
Улуу наркың алдырбачы ата журт.

Эрдин көөнү эл гөйүнө бурулуп,
Эмгек кайнап, бакыт үйү курулуп.
Кой үстүнө жумурткалап боз торгой,
Канат жайып сабалап уч, ата журт.

Жатат сага түркүн элдер кол сунуп,
Суктанышып туш тараптан умтулуп.
Сугалактын сугу өтүп кетпесин,
Сак боло гөр, кагылайын ата журт.

Алтыныңа, байлыгыңа карк тунуп,
Андан кийин ат тизгинин март буруп.
Тилегиңди ташка чаап кетпесин,
Абайлачы, айланайын ата журт.

Кызыл чоктой кыргыз тилин унутуп,
Баратабыз башка тилге жутулуп.

Агындардай ааламдашуу келатат,
Абайлачы, айланайын ата журт.

Чынын айтпай, досуңмун деп кубулуп,
Чырпыгыңды жулуп алып жүз буруп.
Чырагыңды үйлөп кетип жүрбөсүн,
Чыйрак болчу, айланайын ата журт.

Кызыңды күң, уулуңду кул кылып,
Саткандардан ала көрчү сууруп.
Карын үчүн карайлаган калкыңа,
Караан болчу, кагылайын ата журт.

Ала-Тоолук кыргыз элге конгон кут,
Бакай ата, Манас ата бир туруп.
Ак жол каалап бата берип турушат,
Ак батасы кабыл болсун, ата журт.

Сенин ыйык турпагыңа жуурулуп,
Урпактарың келе берсин туулуп.
Адам болбойт өтпөй турган дүйнөдө,
Аман болгун, артыбызда ата журт.

Өз өлкөңдө, өз бутуңа бек туруп,
Өсүп-өнгүн гүлдөй жайнап кулпуруп.
Кыргыз деген касиеттүү калкыңа,
Куттуу болгун, кут даарыган ата журт.

**Жаш акындарга**

Биз ашпаган ашуулар бар, аша гөр,
Биз баспаган дабандар бар, баса гөр.

Биз жетпеген бийиктик бар, ала гөр,
Биз жазбаган ырдын пирин жаза гөр.
Биз казбаган ой кени бар, каза гөр,
Биз издеген ыр перисин таба гөр.
Биз жеңбеген ырдын шерин чала гөр.
Даңазалап түбөлүктүү сүйүүнү,
Сезимдерге улуу отту жага гөр.
Касиеттүү кыргыз элге ыр жандуу,
Биз чачпаган нурдуу ырды чача гөр.
Сырдуу дүйнө эч ким оозун ачпаган,
Ырдын алтын дарбазасын ача гөр.
Жалгыз гана биздин жолду таптабай,
Өзүң тапкан өз жолуңда баса гөр.

**Бар болгун сүйүү**

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым бар болгун,
Жалгызга келип, жан шерик ынак жар болгун.
Карыпка келип, шумкардай канат байлатып,
Жаштарга келип, өмүргө аткан таң болгун.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым бар болгун,
Жардыга келип, көңүлүн көрктөп бай болгун.
Кыздарга келип, кыялын көккө учуруп,
Карыга келип, жанына кубат ал болгун.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым бар болгун,
Муңдуууга келип, күлкүгө бөлөп шаң болгун.
Дудукка келип, сөз менен айткыс лаззат бол,
Сокурга келип, көөдөндө жанган шам болгун.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым сен болгун,
Алсызга келип, жанына кубат дем болгун.

Ичи тар жандын ичине ыйман киргизип,
Сараңга келип, марттыкты берип кең болгун.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым сен болгун,
Таркабас кумар, чалкыган Ысык-Көл болгун.
Бактысыз жандар бактысын сенден табышсын,
Байкушка медер, таянар бийик бел болгун.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым көп болгун,
Ооруган жанга дарыдан күчтүү эм болгун.
Адамдар бардык сүйүүгө балкып мээримдүү,
Жарыгың чачып, ысыгың күнгө тең болгун.

Бар болгун сүйүү, адашпа адам жолунан,
Нуруңа бөлөп чыкпагын асыл оюнан.
Жүрөгү аруу сүйүүгө толгон адамдын,
Бирөөгө каршы жамандык келбейт колунан.

Бар болгун сүйүү, дүйнөдө дайым сел болгун,
Мекенин сүйгөн мекенчил кыргыз эл болгун.
Ала-Тоо ыйык, ата журт кымбат баарынан,
Жүрөктө сүйүү аска зоо менен тең болгун.
Азамат эрлер атабыз улуу Манастай,
Өмүрүн элге туу кылып сайган эр болгун.

Бар болгун сүйүү — ачылган даңгыр жол болгун,
Кадырың билип, кармашкан ысык кол болгун.
Жылымык болбой, алоолоп күйгөн от болгун,
Жылжыбай терең дайрадай ташып мол болгун.

Бар болгун сүйүү — бар боло көргүн ылайым,
Баркыңа жетип, барыңы сенин ырдайын.
Баалабас бирөө, баалабай койгун баары бир,
Атыңды даңктап, алдыңа таазим кылайын.

Бар болгун сүйүү — мага да дайым бак болгун,
Агыны дайра арзыган сүйүүм ак болгун.
Сүйүүгө асты кыянат кылган оңчу эмес,
Алмашып кетчү, алдамчы жандан сак болгун.
Өзүң бар кезде көңүлүм көктөм дайым жаш,
Картайта көрбө, таштаба мени бар болгун.

Бар болгун сүйүү — сен менен бирге жашайлы,
Алышып колтук сен менен бирге басалы.
Өзүң бар жерде тозок да болот бейиштей,
Жашоонун бийик ашуусун бирге ашалы.
Суук көз тийип, кокустан сууп калбасын,
Абайлап күтүп, жүрөктөн мээрим чачалы.

Бар болгун сүйүү — жакшылар жакшы сүйүшөт,
Адамдар улуу, улуудай сезим күтүшөт.
Ар кимдин арым, паразатына жараша,
Түшүнбөй баркын майдалап дагы жүрүшөт.

Бар болгун сүйүү — өзүңдөн куру калбасын,
Адамга бардык сүйүүнүн каалайм тазасын.
Аруулап күндө дүйнөңдү турган гүлдөтүп,
Ааламдай кенен, апаппак сүйүү жашасын!

**Бул кайсы акын?**

Жер көтөрүп алгансып илкип баскан,
Мезгил жок баягыдай гүлүн ачкан.
Келатат жүгү оордой ойго батып,
Муңканып жерге башын ийип баскан,
Далайды көргөн көзү мунарыктайт,
Өңдөнөт жетимиштен эчак ашкан.

Бул акын сөз берметин балдай жыйган,
Муштумдай жүрөгүнө аалам сыйган.
Көптөргө сөз гүлүнөн белек арнап,
Көрө албастын көзүнө болгон чыйкан.

Жалындап жүрөгүнөн сүйүү чачкан,
Жакшыны жаны менен сүйүп жазган.
Жамандын чучугуна тийип жазган,
Жалпы элдин тагдырына күйүп жазган.

Адамдын асылдыгын баалап жазган,
Жүрөктөн жакшы сөзүн арнап жазган.
Баарыңдын көтөрөм деп көңүл кушуң,
Жашоонун жакшылыгын каалап жазган.

Ырларын эргип жазган, ырдап жазган,
Куюлтуп элпек ыргак жыргап жазган.
Уютуп ак сүйүүнүн сырларына,
Сергитип сезим гүлүн ыргап жазган.

Доордун добулбасын тыңдап жазган,
Элинин муңун муңдап ыйлап жазган.
Мекенден өз мүдөөсүн бийик койгон,
Пайдакеч бийликкорду сындап жазган.

Тынымсыз өзүн-өзү алга сүрөп,
Адилет кенен пейил, айкөл жүрөк.
Баарыңды сүйө карап, кулүмсүрөп,
Байкалбай араңарда жашап жүрөт.

Өмүр улап, анча көзгө илинбей,
Жөп-жөнөкөй көп адамдын бириндей.
Кыйкырбастан, төш какпастан жупуну,
Жүрөт акын көмүскөдө билинбей.

Жадегенде акынмын деп айталбай,
Ыйыктыкка башты салып баталбай.
Бул жашоонун кубанычын, кайгысын,
Жазмайынча же бир тынчып жаталбай.

Кыялы учуп, же бир жазбай коё албай,
Көксөп жүргөн көк кыяга коналбай.
Келе жатса жолун торойт кээ бирөө,
Жөн жүргөндү жөн жайына коё албай.

Антсе дагы ырларынан адашпай,
Өз жолунда башкадан жол талашпай.
Келе жатса жарга түртүп салсак дейт,
Кара ниет каршылашпай, жашай албай.

Андайларга кайран сөзүн коротпой,
Каяша айтып, капарга алып тоотпой.
Көздөп жүргөн бийиктигин бет алып,
Келет акын адамдыкты жомоктой.

Көрө албастар көрбөйт экен көрсө да,
Калыс сөзүн айтпайт экен өлсө да.
Көрүүчү эл көрөт экен акыры.
Көп тизмеден өчүрсө да, бөлсө да.

Чыныгы акын жанып чыгат эмеспи,
Жер түбүнө жети катар көмсө да.
Акын жүрөк Алыкулдун ырындай,
Тулпар минип канча мезгил өтсө да.

## Ак калпак

Аталар ажарлантып кийген калпак,
Апалар асыл колу тийген калпак.
Дүйнөдө мындай көрктүү баш кийим жок,
Далайлар ага башын ийген калпак.

Чет элден келгендерге мактап-баптап,
Кийгиздик белек кылып аппак калпак.
Башымды берген өңдүү, башым ооруйт,
Меймандар кийсе болду ыйык сактап.

Келаткан кыргыз аттуу эли барктап,
Калдайган касиеттүү аппак калпак.
Калпагым ыйлап кетип баратқансыйт,
Меймандар койбосо экен жерге таштап.

Абалкы аталардын салтын сактап,
Кийишсин урпактары атын актап.
Жүрбөсүн кайсыл элде, кайсыл жерде,
Сактай жүр, уулдарды ыйык калпак.

Баш менен тең баалаган улуу урпак,
Төбөсү тоосуна окшош улук калпак.
Урпактар башыңардан түшпөсө экен,
Өзүңө куп жарашкан куттуу калпак.
Кыргыздын кыргыздыгын айтып турган,
Бар болгун уюткулуу улут калпак.

Аталар мурас кылган ырыс калпак,
Көргөндө көзүбүзгө ысык калпак.
Бакай калпак, Манас калпак, мырза калпак,
Дөөлөттүү, золоболуу сыймык калпак.
Татыктуу кийип жүргүн азаматтар,
Баарыңа куттуу болсун кыргыз калпак!



**Дарика Жалгасынова** — 1941-жылы 2-мартта Кара-Буура районундагы Чымкент айылында төрөлгөн. Бишкектеги М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайын, Москвадагы П.И.Чайковский атындагы консерваторияны аяктаган. СССРдин, Кыргыз Республикасынын эл артисти.

**Эне деген — бул сүйүүнүн символу**

Эне деген — бул сүйүүнүн символу,
Ал сүйүүнүн чексиз экен болжолу.
Кан-жанынан «ыңаалаган» үн чыгып,
Бул дүйнөгө адам келет бир жолу.

Аялзаты өмүр жазы,
Жайы-кышы көгөргөн.
Жазда сепкен үрөөндөрдөн,
Кышта бала төрөлгөн.

Канча сыр бар ымыркайдын үнүндө,
Кумарланткан бул жашоого сүйүүгө.
Төп келишкен гармония сулуулук,
Аялзаттан жаралгандай дүнүйө.

Аялзаты өмүр жазы,
Барбы анын күнөөсү.
Сүтүн берген, күчүн берген,
Улуу күчтүн бир өзү.

Уругунан гүл төгүлүп мөмөлөп,
Жаз айындай кулпуруп бир көгөрөт.
Бүт ааламды кучагына батырган,
Генийлер да энелерден төрөлөт.

Балалыктын ыйык сөзү,
«Апа» менен башталат.
Анын аты жүрөктөрдө,
Өмүр бою сакталат.

**Апам жана каратал**

Караталдын тармал чачы кулпурат,
Тамырлары улам терең умтулат.
Тал менен суу эриш-аркак эчен жыл,
Агып жатат эртели-кеч ыр курап.

Апамдын да чимирилет ийиги,
Манжаларда күмүш шакек жылтырап.
Менин тиккен талым менен апакем,
Эркелетип сүйлөшкөнсүйт сыр сурап.

Караталдын көлөкөлүү элеси,
Көз алдыма көп нерсени келтирет.
Арбагыңдан айланайын апакем,
Моюнуңдан бир жыттасам эркелеп.

Караталдын көңүлү суз карасам,
Андан бери көп жыл өттү санасам.
Талды көрсөм сени эстейм апаке,
Быйыл дагы айыл жакка баратам.

## Киндик каным тамган жер

Эске салсам улам карап артымды,
Көз алдыма көркөм сүрөт тартылды.
Туулуп өскөн кичинекей мекеним,
Өмүрүмө өчпөс сезим калтырды.

Айткым келет балалыкты кайрадан,
Шоктугум да, тентектигим кайнаган.
Ошол көчө, ошол дарак баягы,
Жай саратан бакалары чардаган.

Гүл термекке бардык кызыл адырдан,
Ал аңгыча жаркылдады чагылган.
Таш кулатып, тоо аралап ырдасаң,
Бир керемет туш-тарабың жаңырган.

Сүткө тойгон мандалактай жаш балдар,
Сурнай тартып кызыл жагоо тагынган.
Ата-энем киндик каным тамган жер,
Кандай сулуу айланайын багымдан.

Тагдырыма мен ыраазы боломун,
Дилим сүйүп ыр кесибин тандаган.
Айылымдан алыс кетип ошондо,
Карыш жылбай ошол ойдон тайбагам.

Бүгүн көрүп ал кесиптин үзүрүн,
Жыйнап жатам жер жемишин, жүзүмүн.
Акындыктын дили келип кошулду,
Күүгө салып ыр дүйнөнүн күкүмүн.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 50903

**Музыка**

Сен музыка жан дүйнөмдү козгойсуң,
Сезим ойноп, наздандырып коштойсуң.
Өмүр бою шериктешим музыка,
Жүрөгүмө тузак салган окшойсуң.

Бирде мени эркелетип, сүйөсүң,
Бирде шайыр, бирде назик мүнөзүң.
Кыялдардын ой-кырына чыгарып,
Өмүрүмө өмүр кошкон бир өзүң.

Сени менен канат байлап учамын,
Сени менен бүт дүйнөгө сызамын.
Сенин мукам кайрыктарың сагынып,
Жарым саат укпай калсам кусамын.

Достошконсуң менин бала чагымда,
Кайда жүрсөм болдуң менин жанымда.
Жаштык бергин, шаттык бергин музыка,
Жерде жашоо, элде жашоо барында.

**Эсимде...**

Ал убакыт али эсимде,
Сезим шаңга бөлөнгөн.
Күлгүн жаштык гүлүн төгүп,
Көшөгөсү көгөргөн.

Жадыраган ак жүзүмдү,
Аруу сезим каптады.
Сүйүү келди гүл жыттанып,
Өрүкзардай жаздагы.

Ал жайылды жаздык болуп,
Төшөк болуп төшөлдүм.
Арасында оюн салдык,
«Жазгы жамгыр нөшөрдүн».

Айдын алтын шооласында,
Күмүш нурга кириндик.
Махабаттын «бейишинде»,
Өлүп кайра тирилдик.

Жашоо кызык, жашап келем,
Жүрөгүмө гүл өнүп.
Ошол мезгил сезимимде,
Жашай берет түбөлүк.

**Ак кайың менен тал чыбык**

Көп күндөр өттү арадан,
Өбүшүп үйгө тараган.
Махабат нуру төгүлүп,
Ак төшөк чыкпай санаадан.
Көксөгөн күнгө жетишти.
Чайынып нурга бүт аалам.

Жүрөктө жанды шам чырак,
Кыл тамыр согуп зыркырап.
Тутантты сүйүү жалынын,
Тыйылбай көз жаш тамчылап.
Эзилип бүттү эт жүрөк,
Зырпылдап араң жан чыдап.

Кынынан кылыч суурулуп,
Кыйналган үндөр угулуп.

Жебенин огу тартылып,
Желкеге билек артылып.
Жыргалга батып айкашты.
Ай кайың менен тал чыбык.

## Талыбасын канатым

Жаз бар, кыш бар, жарыгы бар, түнү бар,
Бул турмуштун түмөн түстүү түрү бар.
Өмүрлөргө өчпөс сезим калтырган,
Тирүүлүктүн батпай турган күнү бар.

Улам тыңшап, улам созуп үнүмдү,
Мен ырдадым гүл аңкыган сүйүүнү.
Жетимиш жыл жазды тостум жадырап.
Күз да келип, жалбырактар күбүлдү.

«Жаз күнүндө жаагы тынбай булбулдун,
Жай келгенде тили катат кургурдун» -
Деп жазганда Сүйүнбайдай алп акын,
Бул күндө мен тили каткан булбулмун.

Жаңы дүйнө ачылгандай сезилип,
Сөз тизгинин колго алдым аярлап.
Кубанычтан нурга толду жүрөгүм,
Асыл ойду айткым келет баяндап.

Кыялдарым кайда учуп барасың,
Аралатып асман-жердин арасын.
Мындан ары поэзия коштогон,
Талыбасын ырдан бүткөн канатым.

**Жай түнү**

Убакыт түнкү саат бирден өттү,
Саатым кагып жатат ар мүнөттү.
Эми мен ыр жазмайын уктай албайм,
Эргитип тынч албаган эт жүрөктү.

Дүпүйүп бак-дарактар уктап жатат,
Бир жерде сүйүшкөн жар кумар жазат.
Бир жерде мага окшоп түн күзөтүп,
Бир акын лирикалык ырды жазат.

Ойготуп жүрөгүмдү, сезимимди,
«Бейиишке» ачып койдуң эшигиңди.
Уктабай ай-жылдыздар жымыңдашат,
Жай түнү термете бер бешигиңди.

**Карылык**

Эшик ачып, издегени табылып,
Шашпай басып, кирип келди карылык.
Басканы да, кыймылы да башкача,
Күлүмсүрөп ак чапанын жамынып.

Колун сунуп, колун берди карылык,
Албетте, бул бир мен үчүн жаңылык.
Алик алдым, кучак жайып мен дагы,
«Издеп мени келдиңизби сагынып?»

- Кагылайын чарчагандай түрүң бар,
Каргылданган аянычтуу үнүң бар?
- Бак дөөлөттүү карылыкмын кабыл ал,
Али дагы жашай турган күнүң бар.

О, карылык, сага мени жеткирсин,
Бак-дөөлөттүү карылыкмын деп кирдиң.
Уулумдун уул-кызын жетелеп,
Жарык күнүм жайбаракат кеч кирсин.

Күтүп сени, түркүн, сонун аш койгом,
Сени менен көп көрүшөм аш-тойдон.
Карылыкка моюн сундум десем мен,
Жүрөк дале согуп турат жаш бойдон.

**Согуш апааты**

Караңгыда күркүрөгөн дайранын,
Толкундары өркөчтөнөт жулунуп.
Сүзүп барат түгөнбөгөн убакыт,
Жээк таппай таштан ташка урунуп.

Суроо берем, жооп издейм кайрадан,
Мен ал кезде сары чымчык сайраган.
Кандуу согуш, оор турмуш ал кезек,
Кечип өттүк ошол оттуу дайрадан.

Бала кыял ойлорумду булгадың,
Соолгон согуш, бул эмне кылганың?
Эчен жолу кан жуткандай буулугуп,
Көз жаш төгүп жүрөк сыздап ыйладым.

Согуш, согуш, согуш апаат, ал тозок,
Жесир аял, жетим бала мага окшоп.
Жеңиш күнүн майрамдайбыз жыл сайын,
Айыкпаган дартыбызды бүт козгоп.

Миллиондун бири болуп атакем,
Ата журтун коргоп жатып жан берди.
Кыйкуулаган каркыра деп билебиз,
Ал согуштан кайтпай калган эрлерди.

**Канымжан Темиралиева** — 1946-жылы 8-мартта Манас районуна караштуу Кара-Арча айылында туулган. “Маданияттын мыкты кызматкери”, “КТР-дин отличниги” төш белгисинин ээси. Талас облустук телерадиосунда 30 жылга чукул эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан.



***

Айтпа, билем ал оюңду,
Ансыз деле түшүнөм.
Чын сүйүүнү сезип турам,
Мээрим төккөн көзүңөн.

Андан көрө жылдыз чачып,
Жылмайып кой, алтыным.
Сезсең керек сени менен,
Көңүл оту жаркырын.

Сен ырымсың түгөнбөгөн,
Сен ырымдын түйүнү.
Мен өзүңө арнап келем,
Ырым менен сүйүүнү.

Сенин ысмың — бүтпөс тема,
Түбөлүккө жаркыган.
Сүйүү оту улам өөрчүп,
Сүйүүм сага артылган.

Сен адамсың эң жөнөкөй,
Бирок мага бийиксиң.
Жаштык оту өчөөр кезде,
Жаркып мага тийипсиң.

Ошол жалын өөрчүп барат,
Күндөн-күнгө артылып.
Калган оюм айта албаймын,
Ыйбаа кылам тартынып.

***

Токой тыптынч, күз желине магдырап,
Дир дей түшүп, учат кээде жалбырак.
Күр-шар эткен өзөн да тынч, негедир,
Дүүлүктүрүп сезим отун жандырат.

Асман ачык, булуту жок кымындай,
Табияттын тартуу кылган сыйындай.
Кыял күүсү алып учат кап-кайда,
Бейкут дүйнө, куштун үнү угулбай...

Күн да батты улам арты кызарып,
Сөздөрүбүз бүтпөй жатты узарып.
Таттуу кыял тартылышып өзүнчө,
Сезим оту жипсиз турду тушалып.

Койчу жаным, кетеличи эртерээк,
Суроо салдым кадимкимдей эртелеп.
А сен болсо укпай аткан сөзүмдү,
Кумар канбай кучактайсың, эркелеп...

**Өтүнүч**

Сен мени машинаңа салып кетчи,
Ак карлуу тоо койнуна алып кетчи.
Мен бир аз сезимимди сергитейин,
Ыр жазып көңүл отун эргитейин.

Оюмду аппак кардай тазартайын,
Өзүмдү жаш арчадай жашартайын.
Ошентип кумардан бир чыгайынчы,
Ыр окуп, анан оюң угайынчы?..

**Түшкө санааркоо**

Билинбей өттү убакыт,
Сагыныч жүрөктү өйүп.
Түшүмдө кездешемин,
Көңүлдө сырым төгүп.

Жадырап кадимкиндей,
Жаркылдап жүрүптүрсүң.
"Кушуң" бар, "күлүк" минип,
Куйругуң түйүптүрсүң.

Жадырап жүргөнүңдү,
Жакшы деп жооруп алдым.
"Күлүктү" зоболоң деп,
"Кушту" ойлоп ооруп калдым.

Сабылтып, санааркатпай,
Жароокер келсең экен.
"Күлүктү" минсең макул,
"Кушуң" жок көрсөм экен.

## Сен термелткен ойлор

Бүлүк салып бир сезим жан дүйнөмө,
Элжиредим, эркелеп билбейм неге?
Кечир тагдыр, жаш кумар бийлик кылып,
Капысынан кабылтты бир дүйнөгө.

Ошол дүйнө - белгисиз жапан арал,
Азырынча белгисиз баары маган.
Тынчымды алып жатса да туңгуюк ой,
Билбейм сага билинбес тартылуу бар.

Даабай жүрөк телефонду имерип,
Чымырканып, терип алдым номерди.
"Да" деп андан жооп берсе тааныш үн,
Шашканыман "а, бул мен" - деп жибердим.

Сөзүм чачкын, билбейм айттым эмнени,
Ал убакта эмне ойлодуң? Табышмак.
Адатыңдай келип калсаң жаркылдап,
Кыжаалат ой унутулду алыстап.

...Бара жаттык машинаңда термелип,
Сөздөрүбүз үзүл-кесил уланбай.
Ай убакыт, учуп кетет мындайда,
Мен да сени, сен да мени кыялбай.

Багыт алдык, бабам Манас жердеген,
Кеңирсиген, кенен жайык Кең-Колго.
"Сапарыбыз болсо экен байсалдуу",
Деп ичимден баттым таттуу ойлорго.

Сезип сени - өмүрүмдүн жазындай,
Баалап сени — адамдагы асылдай.

Бакытымды тапкан өңдүү жоготкон,
Бар сырымды төгөм неге жашырбай.

Өмүр жазым - сезимимди сергиткен,
Ырга айландың анан көңүл эргиткен.
Көпкө адашкан бакытымды тапкандай,
Мен өзүңө ашыгамын неликтен?..

***

Бүгүн биз бир бүтүнгө айлангандай,
Селт этпей сезимим да байыр алгандай.
Олтурдум бар эркиңе башымды ийип,
Бар дүйнөм кереметпи-ов, арбалгандай?

Магдырайт менден бетер теребел да,
Көшүлүп, мээрим төгөт Жер-Эне да.
Ыр болуп, кыял оту күүгө келип,
Кыжалат ойлор менен термелем да.

Эркиңе эмне мынча багынамын,
Сен окшоп күтө-күтө самаганым.
Арзууну аяр баалап, сезсең болду,
Бир гана жеңил ой деп баалабагын.

***

...Күн өтпөй койду негедир,
Күтүүдөн күндөр узарып.
Бар дүйнө сендей көрүнбөйт,
Көңүлдү өйүп кусалык.

Сагынам сени мен неге,
Айтуумдун өзү уят го.

Ак дилден болгон арууну,
Акылдуу адам туят го.

Саатты, күндү узартпай,
Сагынтпай келчи эртерээк.
Кумарлуу, жагаар кеп козгоп,
Кубантчы, мени эркелеп.

***

Дагы бир күн өз сапарын карытты,
Бир аздан соң көктө жылдыз жымыңдайт.
Тереземден карай берем, мага эрмек,
Алыс жактан ал сен болуп көз ымдайт.

Дагы бир күн өз сапарын карытты,
А мен болсо тез өтүшүн самаймын.
Бүгүн, эртең балким келип калаар деп,
Ак таңдарда сени күтүп, караймын.

Дагы бир күн өз сапарын карытты,
Караңгылык каптап келет аздан соң.
Күттүрө бер, мен баарына кайылмын,
Арзуу күчү байыр алып калган соң.

***

...Кечээгидей киши күткөн эмесмин,
Саат жылбай самолетту карагам.
Күткөм анан телефондун шыңгырын,
Күткөнүмдү сезбесе да ал адам.

Кечээгидей киши күткөн эмесмин,
Арзуу демин аяйбы деп ал адам.

Сапырылып, андык деген үмүтүм,
Күтө, күтө булут сымал тараган...

**Мен сени унутамбы деген элем**

Мен сени унутамбы деген элем,
Жетпеди ага менин кудуретим.
Канчалык эстебейин десем дагы,
Билбеймин текке кетти аракетим.

Мен сени унутамбы деген элем,
Түшүмдөн таттуу элесиң кетпей койду.
Канчалык эстебейин десем дагы,
Билбеймин менин эрким жетпей койду.

Мен сени ойлонгонмун унутамбы,
Бирок да карааныңды издей берем.
Капыстан жарк деп кирип келеби деп,
Үмүттүү келчү жолуң тиктей берем...

...Өзүңсүз жашоо супсак экендигин,
Мен азга бөлүнгөндө билдим окшойт.
Сагынуу, арзуу күчү жеңип кетип,
Артылып андан бетер сүйдүм окшойт.
Мен анан кантип сени унута алам?



**Айшаке Курманова** — 1946-жылы 7-ноябрда Кытай Республикасынын Кызыл-Суу облусунда төрөлгөн. 1949-жылы ата-энеси болуп Кыргызстанга көчүп келишкен. 4 китеби жарык көргөн.

**Ыр бешигин терметип…**

Түн. Шам чырак, кагаз, калем төртөөбүз,
Олтурабыз, чын жүрөктөн сырдашып.
Керемет үн, коштоп комуз чертебиз,
Жазылышкан ырлар жанды жыргатып.

Түнкү тынчтык берип ойго кезегин,
Эргиткенде жалын бүркөт өзөгүм.
Ак баракка тизилишкен саптардын,
Жан жыргаткан рахатын сеземин.

Көкөлөтүп көккө ырдын түндүгүн,
Көп ырымдын кести чырак киндигин.
Жан дүйнөмдү нурга бөлөп жашарткан,
Учур менен жуурулушту жыл-күнүм.

Элим эсен, балдарым да эр жетип,
Эмгегинен тапкан бакыт тердетип,
Алтын күндүн, күмүш айдын алдында,
Алдейлеймин ыр бешигин терметип.

## Менин сүйүүм

Жашоо — өмүр кымбаттыгын, жыргалын,
Тартуулаган, тамылжыган нурларын.
Жан дүйнөмдү сүйүндүрүп сүрөгөн,
Сүйүүм менин, жазып жаткан ырларым.

Арuулуктун сезем бойго сыйганын,
Ар убакта коштоп жүрөт ыйманым.
Айкалышып жан дүйнөмдү эргиткен,
Арзуум чексиз, ай-чолпонум, ырларым.

Жүрөгүмдү кастарлаган сыйларым,
Кубанчымды тең бөлүшүп тыңдаарым.
Мээримимдин мунарасын орноткон,
Мээнетимдин махабаты ырларым!

## Ыраазымын теңирге

Жашап келем ырым менен ыргалбай,
Теңир берген насибимден кур калбай.
Мен дүйнөгө жар саламын, уккула,
Керемет күч, улуулук жок ырлардай.

Ыр саламдын кулагы да, көзү да,
Дилдин көркү, тилдин ширин сөзү да.
Касиети кереметке айкашып,
Теңиримдин эшигин кең ачууда.

Жылдар жылып өткөнүнө карабай,
Ышкы отумду тутандырган тажабай.
Ыраазымын, ырдан белек тартуулап,
Бергенине теңиримдин аябай!

**Поэзия**

Поэзия — бул керемет, көңүлдөрдүн көктөмү,
Күнү, айы — тийип турган көктөгү.
Үлбүрөгөн сезимдерден сергиткен,
Үр кызынын арген үнү — сөздөрү.

Жан дүйнөңө жарык чачып күйгөн шам,
Жаштыгыңа жалбарынып сүйгөн жан.
Уйку качып, сыр сандыгың ачылып,
Укмуш, сонун ыр жаздырып сүрөт таң.

Ыр жандууда болбойт жаштын өлчөмү,
Бул өмүрдүн баа жетпеген көркөмү.
Таш эритээр таптуу сөздүн кубаты,
Калемгердин кургабаган сыясы.

Көөдөн көзү гүл бурактай ачылган,
Күн нурундай кең ааламга чачылган.
Окурмандын моокумдарын кандырчу,
Олуттуу ой, оттуу ырлар жазылган.

Ээлеп алган көз ирмемде мүнөттү,
Элестерге жан киргизген сүрөтчү.
Күүлдөгөн күүнүн сырын чечмелеп,
Поэзия алтын мөөрү жүрөктүн!

**Жар салууга ыр даяр**

Саптарына сансыз тарых топтолгон,
Таңдайларды таңшытуучу ачкычы.
Нөшөрдөн соң күлүп күнүм оштонгон,
Табияты — ыр жандуунун баскычы.

Ыр дүйнөнүн чексиздиги мунарык,
Ысык чөлдө көк майсандай көрүнгөн.
Күндү тике кароодон көз уялып,
Турса нуру ыргак болуп төгүлгөн.

Турмуш өмүр нугу менен баратат,
Өлүм парыз эрте-кечпи жолукмак.
Жан кыймылы жаңылыкты жаратат,
Жаңы туулган бөксөлөрдү толуктап.

Максаттарга эмгектенип жеткенди,
Ким сүйбөсүн баалабасын ардактап.
Өмүрдөгү өзгөрүштү, өткөндү,
Жар салууга ырым даяр далбастап.

**Ыр рухтун дүйнөсү**

Ырыскымды Теңир берген чачпадым,
Ыйманымды чочутпастан сактадым.
Бул касиет бактым чыгаар бир келген,
Ыр дүйнөнүн босогосун аттадым.

Эмгектенип, ой дүйнөмдү бүлөдүм,
Элден алдым, ырдын өсөөр үрөнүн.
Ыргактары ыраазылык билдирип,
Ыр-рухка жуурулушат жүрөгүм.

**«Кыргыз Ата» тоосуна барганда**

Оо жасаган, тартуулаган таланттын,
Эшигиң кең, эл алдына ачтың бейм.
Кереметтүү сөздөр бышып жетилип,
Тургандан соң, ушул ырды жаздым бейм.

Кут кыла гөр элиме да, мага да,
Кайра келген дөөлөт менен ооматын.
Пейлин оңдоп, ыйман берип калкыма,
Ой-сезими, терс жактарга ообосун.

Жаратканым, жан дүйнөмдү аралап,
Кара ойдун көлөкөсү түшпөсүн.
Ырыскыны ынтымакка ширетип,
Ыйман жолун тазаласын, түздөсүн.

Улуу Кудай турасың сен кашымда,
Уккканыңды абайла, - деп эскертип.
Ыр кезегин күтүп ыргак башымдан,
Уюсам деп рухтарга ой кетип.

Кыйналган күн болуп тарых кечегим,
Бакубаттуу бекемделип өзөгүм.
Эл байыса, мен да байып бапырап,
Кыргыз калкым, өсөт-өнөт сеземин.

Манасыбыз, комузубуз турганда,
Урпагыбыз жапырт келет ыйманга.
Келечекте тамшандырат дүйнөнү,
Өнөр баркын, көркөмдүгүн туйганда.

«Чалгын чалган» көралбастар сүрүлөт,
Чаңга айланып, чачырашат, бүлүнөт.
Аталардын рухтары күчтөнүп,
Азган-тозгон, келип башы биригет.

Коогалаңсыз, журтум болгун сен эсен,
Арта берсин, арыш керип берекең.

Чек жок сени алкоом менен мактоома,
Ала-Тоого айбат сүрүң тең экен.

***

Кагылайын, кызымдын кубанганы,
Таңкы чыккан чолпондой кылайганы.
Кубандырды жүрөктү элжиретип,
Кабыл болуп Кудайдан суранганы.
Тилектешмин берекем, тилектешмин!

Тосуп алды сен күткөн кереметиң,
Улоодосуң жашоодун улуу көчүн.
Максатыма жеттим деп чекит койбо,
Сонун кездер алдыда гүлдөп өскөн.
Тилектешмин жарыгым, тилектешмин!

Уругуңда улуулук уяласын,
Өмүрүңдү өксүтпөй ураалaсын.
Гүлдөп өскүн, сүйүктүүм, гүлдөп өскүн,
Күнүң турсун, мүнөткө күлкү төккүн!

Сабак болду өткөн менен кеткеним,
Тунарбасын, мөлтүрөгөн көздөрүм.
Кирдебесин, арууланып жан дүйнөм,
Тунук, калыс болсун айтаар сөздөрүм.

Сынса чыны, мейли сынсын буюм да,
Садага де, ич оорутуп кыйылба.
Эч убакта назик көңүл сынбасын,
Көңүл сынса, бүтүндөшүң кыйын да.

**Сөйкө салганда**

Апапакай жоолук салдым башыңа,
Ар убакта аруу болсун көңүлүң.
Алды-артындан көзөмөлдөп жасаган,
Айланайын, узак болсун өмүрүң.

Бермет көздүү ак күмүштөн сөйкөнү,
Салып жатып, кулагыңа эридим.
Жан дүйүнөм коргошундай көлкүлдөп,
Жакшылыкты сезип турдум келиним.

Уулум экөөң, бир-бириңе жарашып,
Турганыңар бакыт эмей эмне!
Кол кармашып тукум улап жанашып,
Келин балам, кең пейил бол, кейибе.

Мээрим болсун, тулку бойдо жандоочуң,
Мерестикке сүйүү жолду бербесин.
Сый-урматты, зымырайбай арноочум,
Коломтомо кут-береке орносун.

**"Кыздар-айга"**

Кыраан Кыргыз, Манас деген эли бар,
Каза берсең каада-салттай кени бар.
Жан дүйнөнүн жаңырыгын жар салган,
Ыр майданы ушул кыздар дегим бар.

Кереметке толот эргүү таскагы,
Көңүл күүгө төп келишсе жазганы.
Күйүүсүнө айкалышып сүйүүсү,
Кандай таптуу ырларынын саптары.



**Сайра Сейитова** —1948-жылы 16-сентябрда Манас районунун Манас айылында туулган. КМУнун чет тили факультетин бүтүргөн. Эл агартуунун отличниги. Эмгек ардагери. Баатыр эне.

**Баталар:**

Бабадан калган ак бата,
Баарыңарга нак бата.
Аруу тилек айтканга,
Ар бир жанга бап бата.

**Жалпыга**

Жараткан Алла колдосун,
Жагымсыз иштер болбосун.
Кызыл жүздөн нур кетпей,
Кыдыр болсун жолдошуң.
Асманың ачык болсун,
Ата журтка бакыт консун.
Элибизге чексиз таалай,
Эмгекчиге жаркын маанай.
Калкыбыздын карды ток болсун,
Кайгы муңу жок болсун.
Салтанаттуу тойлор болсун,
Санжыралуу ойлор болсун.
Короолордо койлор болсун,
Капчык толо сомдор болсун.
Даркан талаа данга толсун,

Дасторкондор нанга толсун.
Жер жүзүндө тынчтык болсун,
Жигиттерде курчтук болсун.
Балдарыбыз барктуу болсун,
Бийкечтери нарктуу болсун.
Кары-жашка ыйман берсин,
Кадыр-көңүл сыйдан берсин.
Кетпес дөөлөт кең пейил берсин,
Кажыбас кайрат демди берсин.
Оомийин!

***

Кыдыр бактысын берсин,
Сулайман тактысын берсин,
Ар иштин ооматын берсин.
Уулуң урматын көрсөтүп,
Кызыңар кызматын берсин.
Казаныңар толо аш болсун,
Үйүңөр толо баш болсун.
Чайпаганыңар чай болсун,
Чайнаганыңар май болсун.
Айдаганыңар кой болсун,
Кылганыңар той болсун.
Жакканыңар арча болсун,
Кийгениңер парча болсун.
Оомийин.

**Ымыркайга**

Жараткан өзүң жалга,
Жакшылыгыңдан жанба.
Ыйман берип, ылдыйда жөлө,

Ымыркайынан ырыска бөлө.
Кесепеттүүнүн көзүнөн сакта,
Кескинин көзүнөн сакта.
Кара жердин төшүнөн сакта,
Касиетсиздин өзүнөн сакта.
Арчадай узак жаш бер,
Апасынын сүтүн актасын.
Абийири чеби болсун.
Элге айткан сөзүнүн эби болсун.
Бак-таалайы мол болсун,
Басар жолу оң болсун.
Оомийин!

**Балага**

Айтылуу шумкар көздүү бол,
Акылман дана сөздүү бол.
Байсалдуу арты үзүлбөс,
Бак даарыган көчтүү бол.
Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө ырыс кешик бол.
Балага балтыр бешик бол,
Бакытка ачык эшик бол.
Аккан суунун шары бол,
Оорулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Кыйын күн башта болбосун,
Ыйык тут ата ордосун.
Сөзүң тунук, өнөрүң улук,
Бешенең бак берген таалайлуу бол.
Оомийин жараткан өзү колдосун!

## Уулга

*(Аскерге узатууда)*

Канатың талыбасын,
Туягың жукарбасын.
Кайратың майышпасын,
Ынтымак сөгүлбөсүн,
Ырыскың төгүлбөсүн.
Таразаң бөксөрбөсүн,
Тагдырың өкчөлбөсүн.
Өздөн чыккан жаттан сак бол,
Өзөктөн чыккан өрттөн сак бол.
Ниети жаман каапырдан,
Намысын саткан баатырдан сактан.
Уюткулуу журтту урматтай бил.
Кытмырлардын жалаасынан,
Кылымдардын балээсинен сактан.
Мал киндиктүү жеринди жалга,
Максаты бийик элинди жалга.
«Манастай батыр уулдуу болгун» деп,
Маралдай кыргыз келинди жалга.
Куттуу болсун жеңишиң,
Кеңейе берсин өрүшүң!

## Келинге

Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн,
Акжолтой, ак жүздүү бол.
Алганың менен тең кары,
Ак пейилдүү, ак санаган адам бол.
Абийириңди жашыңдан сакта.
Аттаган ак босогоң куттуу болсун.

Алтын бешик ыргап өт,
Алганың менен жыргап өт.
Күмүш бешик ыргап өт,
Күйгөнүң менен жыргап өт.

***

Агарып аткан таң болуп,
Ак үйгө жарык шам болуп.
Алганың менен тең кары,
Алпештеп сүйгөн жар болуп.
Үйүңө жарык шам болуп.
Уул-кыз өсүп көбөйсүн,
Өзүнчө чакан шаар болуп.
Ыймандуу болуп жашыңдан,
Ыракмат алып калкыңдан.
Ынтымак менен өмүр сүр,
Ырыскы кетпей башыңдан.
Абийирдүү болуп жашыңдан,
Ак бата алып калкыңдан.
Алганың менен тең кары,
Ак жоолук түшпөй башыңдан.
Баратсаң эгер жол кезип,
Бакытка кезик кол берип.
Апакай болгон үйүңдөн,
Ай сайын тургун той берип.
Келатсаң эгер жол кезип,
Кызырга кезик кол берип.
Кут конуп турган үйүңдөн,
Күн сайын тургун той берип.

### Баш кошкон эки жашка

Коломтодон отуң өчпөсүн,
Жүк көтөргөн нарың чөкпөсүн.
Минген аргымагыңар тушалбасын,
Бөпөлөп баккан бактегиңерди
Эч качан куш албасын.
Башыңарга бак-таалай консун,
Чөйчөгүңөр бөксөрбөй ырыскы толсун.
Үйүңөрдө ырыска шерик кары болсун.
Кең төрүңөрдү наристе чаңдатып,
Эмне тилесеңер баары болсун.
Эшигиңерден эл, терезеңерден күн кетпесин.
Ою жаман, көралбастын колу жетпесин.
Суук көздөн, суук сөздөн сактасын.
Кыдыр ата колдосун.
Турмуш сапарыңар болуп,
Эч жамандык болбосун.
Жанашып бирге жүргүлө,
Небере, жээн сүйгүлө.
Оомийин!


### Жаңы келген келинге

Ай астында жыргап өт,
Алтын бешик ыргап өт.
Күн астында жыргап өт,
Күмүш бешик ыргап өт.
Баккан эне-атаңды,
Өмүр бою сыйлап өт.
Жоонуң ичкербесин,
Ичкең үзүлбөсүн.

Толоң төгүлбөсүн,
Кабыргаң сөгүлбөсүн.
Дарактай мөмөлө,
Тооктой жөжөлө.
Алганыңды жердей сыйлап,
Аброй күтүп көкөлө.
Баш кошкондор бардар болсун,
Баркташып сүйгөн жардан болсун.
Айтылган аруу тилекти,
Жаратканым колдоп койсун.
Оомийин!

**Бешик тойго**

Бешик бооңор бек болсун,
Ымыркайдын өмүрү узун болсун.
Ылайым нур чайып турсун жүзүн.
Ата-энесине ырайымдуу, карамдуу болсун.
Багыңарга бакыт кушу консун.
Кырманыңар данга,
Дасторконуңар нанга толсун.
Колоттордо коюңар жайнасын.
Казаныңарда майыңар кайнасын.
Касташкан жооң жок болсун,
Курсагыңар ток болсун.
Кайгы-капаңар жок болсун.
Ымыркай колу күнгө сермелсин,
Арча бешик дайыма үйүңөрдө термелсин.
Оомийин!



**Райкүл Мамырова** — 1948-жылы 5-октябрда Аламүдүн районундагы Кызыл-Бирлик айылында туулган. «КРнын Маданиятынын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси. 5 китептин автору.

**Адамдарга кайрылуу**

Кайдан чыкты каргашалуу атак-даңк,
Адамдарды бир-бирине тукуруп.
Далбас уруп болор-болбос нерсе үчүн,
Жатпадыкпы көп нерседен утулуп.

Бышырууга ар ким өзү көмөчүн,
Күл талашып күйүккөнүн көрөсүң.
Карап туруп кара жандан түңүлүп,
Жакындабай четтеп өтө бересиң.

Атак-даңксыз кызмат кылып элине,
Нечен сонун азаматтар өтүшкөн.
Бирок, алар эл эсине сакталып,
Ысымдары ушул күнгө жетишкен.

Тирүүлүктө нечен түркүн жол менен,
Атак-даңкты балким жеңип алаарсың.
Көзүң өтсө даңкың кошо көмүлүп,
Ошол бойдон унутулуп калаарсың.

## Сүйүүм менин

Сүйүүм менин жөлөк болду жаныма,
Багыт берди бара турган жагыма.
Бул жашоодо акын болуу бактысын,
Тартуулады менин таалай багыма.

Сүйүүм менин  чырак болуп жолума,
Шык жаратып калем берди колума.
Дербиш болуп ыр дүйнөсүн аралап,
Кошулгамын акындардын тобуна.

Сүйүүм менин мелт-калт болуп бөксөрбөй,
Жан дүйнөмдө жайнап турду көктөмдөй.
Канатына катып турду калкалап,
Мен тарапка кайгы-муңду өткөрбөй.

## Анда сен

Менменсинген жигит элең анда сен,
Кундуз чачың артка силкип тараган.
Мүнөзүң да болчу бир аз сузураак,
Кыз-келинди кыйгач сынай караган.

Сулуу деле эмес элем анча мен,
Кантип сенин карегиңе илиндим.
Алигиче ал сыр мага табышмак,
Ар минутун эстейм ошол күнүмдүн.

Мен ошол күн батпай тургам дүйнөгө,
Толкуп-ташып жетине албай бактыма.
Мен өзүмдү ханышадай сезгемин,
Таажы кийип отургандай тактыга.

Ойлобопмун мен ошондо эч качан,
Тагдыр бизден терс бурулуп кетерин.
Биздин жолдор эки жакка бөлүнүп,
Өмүр сенсиз өксүү менен өтөрүн.

**Кечиргин мени**

Бейпайга түштүм сезимдин тартып азабын,
Эч келген эмес өмүрдө минтип жашагым.
Кабылып татаал, табышмак сырдуу тагдырга,
Жабыгып көңүл саргайып бара жатамын.

Буулугуп ыйлап булактай көзү ачылбас,
Сооротмок кимдер кайгыга чөккөн көңүлдү.
Жашоодон өтсөм жабыгып жүрүп арманда,
Жооп бер, тагдыр, ушундай өмүр өмүрбү?

Каткырып күлүп кайгынын жолун торогон,
Жаркылдап жүргөн жан элем ачык, жайдары.
Тирүүлүк шаңын түгөткүс кылып жүрөккө,
Капырай тагдыр, кыйноого салдың кайдагы?

Басынат көңүл жеталбай сүйгөн бактыма,
Кыйрады сезим кыркылып чалгын канаты.
Кечиргин мени, жыйылбай калган түшүмү,
Мен барбай калган ырлардын мейкин талаасы.

**Сезээр белең**

Куш болсом түндө сага учуп барып,
Тушуна терезеңдин конуп алып.
Сайрасам таң атканча тажабастан,
Сен мени тыңшаар белең кулак салып.

Тушунан терезеңдин такыр жылбай,
Сайрасам таң атканча эч бир тынбай.
Таң калып тышты бир жолу караар белең,
Шумдуктуу куш келди деп кайдан мындай?

Түйшөлүп түндө тышка чыгаар белең,
Түтпөгөн арманымды угаар белең?
Же балким, тынчтык бербей сайрады деп,
Сен мени таш ыргытып кубаар белең?

**Терезенин сыныгы**

Терезенин тушунда эле,
Мен уктаган керебет.
Түндө түшүп жаздыгыма,
Айдын нуру себелеп.

Терезенин бир жак бурчу,
Сынык болчу кичине.
Ошол жерден кат келчү эле,
Ыр жазылган ичине.

Айдын нуру экөөбүзгө,
Чырак болуп жагылып.
Мен да сага жооп жазып,
Сонун ырлар табылып.

Мен ичинде, сен тышында,
Маңдай тескей карашып.
Уйку көрбөй экөөбүз тең,
Кетчү кээде таң атып.

**Жалгыз бак**

Ошол түнкү ай жарыгы сүттөй ак,
Кубангансып бизди карап туш-туш жак.
Экөөбүздү туткун кылган сүйүүгө,
Кайда кеткен бизди кошкон жалгыз бак.

Гүлдөр соолгон, көк шиберлер жок болгон,
Айлана жок гүлгө оронуп коолдолгон.
Тээ баягы биз олтурчу жалгыз бак,
Кыйылыптыр ырайымсыз жат колдон.

Күбөөсү элең ууз таза сүйүүнүн,
Сен уккансың далай сырдын түйүнүн.
Жан курбумдай дайым сага жөлөнүп,
Шактарыңа далай тийген ийиним.

Сыр алышып далай турдум жаныңа,
Жашыл тармал бариктериң жамына.
Көөнөрбөгөн көркү бол деп сүйүүнүн,
Кыстарчубуз кыпкызыл гүл шагыңа.

Не болду экен жалгыз бактын күнөөсү,
Кыйылыптыр махабаттын күбөөсү.
Кандай таш боор колу барып кыйды экен,
Ай көрсөм ээ, кандай адам, ким өзү?

**Эсиндеби?**

Эсиңдеби, тээ баягы айлуу түн,
Сыр чечишип булбул сайрап таң аткан.
Коңур желдүү тоонун койнун күйгүзүп,
Сен көйнөкчөн, а мен жука халатчан.

Эсиңдеби, таттуу мезгил андагы,
Сулуу кыздай күлүп чыкчу ай дагы.
Сырыбызды тыңшап калчу термелбей,
Жол жээгинде катар өскөн тал дагы.

Ал кездеги алоо жаштык, сулуулук,
Маржан таштын нуру сымал кубулуп.
Көзгө илинбей өтүп кеткен турбайбы,
Сымап сымал салаабыздан чубуруп.

**Тоскоолдуктар**

Мен дайыма жолго чыксам камынып,
Тоскоолдуктар кошо ээрчийт жабылып.
Анан чогуу бир жөнөйбүз түртүшүп,
Мен аларга, алар мага чалынып.

Тоскоолдуктар тооруйт мени сагалап,
Кыя карап, кытмыр күлөт табалап.
Шагым сынып болоор-болбос иш үчүн,
Жете албаймын кылсам дагы далалат.

Бир нерсени калсам эгер керектеп,
Менден мурун жетип барып делектеп.
Акыркысын ката коёт үлгүрүп,
Жаңы колго кармаарымда мен эптеп.

Тоскоолдуктар торгоп дайым жолумду,
Карыштырып кармайт эки колумду.
Билбейм качан бир пикирге келишип,
Токтолобуз бул тоорушма оюнду.

## Алма бактын акынына

Бүгүн менин куунак көңүлүм,
Көйнөк кийип айдын нурунан.
Тартуу алдым азем табылгыс,
Алма бактын акын уулунан.

Көйнөгүңүз укмуш ажайып,
Тигилгенсип аппак булуттан.
Алмагүлдү турам күнөөлөп,
Алдыңыздан тоспой унуткан.

Жашыл бакта жалбыз жыттанып,
Сейил куруп дайым жүрүңүз.
Алдыңыздан чыгаар бир күнү,
Сиз жактырган Алмагүлүңүз.

Бүгүн менин куунак көңүлүм,
Көйнөк кийип күндүн нурунан.
Кабар алып берем, шашпаңыз,
Сиз жактырган Алма сулуудан.

## Жүрчү басып кетели

Жүрчү басып, бак аралап кетели,
Оолак болуп, далдааланып көздөрдөн.
Бактыбызды, балким, таап жүрбөйлү,
Кыз эрдиндей кызгылт сулуу кечтерден.

Же болбосо кетели тоо таянып,
Жашыл тармал арчаларды аралап.
Эчак бышып мөмөлөрү мөлтүрөп,
Бизди күтүп турган чыгаар карагат.



**Рысбүбү Өмүрбаева** — 1950-жылы 25-декабрда Аксы районунун Кара-Жыгач айылында туулган. Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайында окуган. Өмүрлүк жолдошу партиялык кызматкер болгондуктан Кыргызстандын ар кайсы райондорунда медициналык кызматкер болуп 44 жыл иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Эмгек ардагери. «Өмүр», «Таазим» деген китептери чыккан.

## Кыргызстан ыйык ата мекен

Кыргызстан - ыйык ата мекеним,
Карааныңдан тегеренип кетейин.
Керек десең жүрөгүмдү тартуулап,
Турпагыңды мен кастарлап өтөйүн.

Ата журтум - ыйык ата мекеним,
Бабалардан калган ыйык белегим.
Сен деп согот менин назик жүрөгүм,
Башымды ийип сага таазим этемин.

Кыргызстан — ыйык ата мекеним,
Чындык үчүн күйгөн отту кечемин.
Сенин демиң шыктандырып күч берет,
Азар бербей аспиеттеп күтөйүн.

Бабалардын белегине ырахмат,
Ыйык элим күтөт, коргойт ызаттап.

Кылымдардын кыйырында жашасын,
Ата журтту өтөлүчү ызаттап.

Мекенимди бабаларым коргоп келген,
Душмандан сактаймын деп шейит кеткен.
Эрдиги бабалардын унутулбайт,
Дастан болуп айтылып бизге жеткен.

Жеримде бейпил турмуш күүсү болсун,
Элимде биримдиктин туусу болсун.
Ата журт ак эмгектен гүлдөп турсун.
Душмандар эл, жеримден сүрдөп турсун.

Ак эмгектен шаттангын нарктуу элим,
Кулпуруп, жаркырасын куттуу жерим.
Төрөлүп, киндик каның тамган жерди,
Кастарлап суук көздөн корго элим.

**Ала-Тоо**

Ала-Тоом, бабаларым сүйгөн тоо,
Өмүр кечип, из калтырып кеткен тоо.
Зоолорунда аркар-кулжа жайлаган,
Кыргызымды аспиеттеп баккан тоо.

Ак калпагын кийген тоолор шаңкаят,
Мөңгүлөрү алмаз сымал жаркырап.
Тоо боорунда өскөн арча, карагай,
Ала-Тоомду кайтарышып заңкаят.

Ала-Тоомдон мөңгү кетпейт агарып,
Жөө тумандар кээде жылат чубашып.

Эң биринчи күндү тосуп Ала-Тоом,
Мөңгүлөрү мүрөк болуп тамчылап.

Ала-Тоом, бабаларым жүргөн тоо,
Аспиеттеп карегиндей күткөн тоо.
Кылымдардын кыйырында жаша деп,
Урпактарга мурас кылып кеткен тоо.

**Кандай сонун гүлдөйт эле ата журт**

Ата журтка кыянаттык кылбаса,
Казынага суук колун салбаса.
Эл байлыгын жең ичинен албаса,
Кандай сонун гүлдөйт эле ата журт.

Ар бир адам ата журтун ойлосо,
Көрө албастык, бут тосуулар болбосо.
Жетекчилер иш билгини колдосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле ата журт.

Бул ааламда кандуу согуш болбосо,
Жардыруулар, жанкечтилер болбосо.
Өмүр кыйган ыймансыздар болбосо,
Кандай сонун гүлдөйт эле ата журт.

**Эне тилеги**

Ак бешик жасап бакытка балкып,
Ыйласа бала уйкусу качып.
Ак сүтүн берип тойгузат эне,
Ар дайым өмүр, тилегин айтып.

Ыңаалап ыйлап, кыйналса бөбөк,
Энеден ашык кайгырбайт бөлөк.
Терметип бешик мамагын салат,
Ак сүтү менен рахатка бөлөп.

Наристе күлсө элжиреп жүрөк,
Айланып эне бактылуу күлөт.
Жашоонун өзү керемет болуп,
Жаңырган күнү жаркырап тийет.

Уул-кыз багып убайым тартып,
Башына далай мээнетти артып.
Сый-урмат көрсөм деп тилейт эне,
Улгайган кезде маңдайым жаркып.

**Сага арнадым**

Жактырдым жалгыз гана бир өзүңдү,
Акыл толгон, мээрим төккөн мүнөзүңдү.
Жараткан сага баарын бүт бериптир,
А бирок, өзүң сезбей жүрөсүңбү?

Түнүндө ай нурундай жаркырайын,
Сен сүйсөң махабатка мен тунайын.
Сүйбөсөң делөөрүтпөй ачыгын айт,
Өзүмдү сүйгөн жанга багынайын.

Сага арнадым ушул жазган ырымды,
Жашоодогу бүткүл өмүр, дилимди.
Жароокерим көңүлдү биз оорутпай,
Жашайлычы өмүр канча ким билди.

## Кеч жолуккан ак сүйүүм

Келчи жаным, жолугалы дегенмин,
Күттүм, күттүм негедир сен келбедиң.
Жүрөк сырын сага гана арнасам,
Бирок, анын бирин дагы сезбедиң.

Сени күтүп, өңдөн аздым саргайып,
Күткөнүмдү сага милдет кылбаймын.
Сага дайым амандыкты каалаймын,
Мен ичимден сени сүйүп жашаймын.

Сени ойлосом бүт денемде от жанат,
Сени ойлосом карегимден жаш тамат.
Сени ойлосом түн уйкумдан адашып,
Узун түндө кирпик какпай таң атат.

Кайда жүрсөм кошо жүрөт элесиң,
Жүрөгүмдөн түнөк алган бир өзүң.
Өзүм көрүп, өзүм сени жактыргам,
Балким сезип, жароокерим келээрсиң.

Сени күтүп, күндөр айга алмашты,
Карлар эрип, жаз да күлүп баш бакты.
Жаздын жели сүйүү алып келгендей,
Бажырайып бүгүн башка таң атты.

Арманым бар, кеч жолуктуң сүйгөнүм,
Сага жетпей, сенсиз өмүр сүргөнүм.
Бар бол дайым, бар бол дайым аман бол,
Менин эңсеп, кеч жолуккан ак сүйүүм...

**Балам-бактым**

Балам — жүрөк,
Көөдөнүмдө болкуган.
Балам — данек,
Жүрөк кандан жаралган.
Балам —мүрөк,
Өмүрүмдү улаган.
Балам —бактым,
Турмушумду шат кылган.
Балам — күнүм,
Мээрим төгүп жылыткан.
Балам — айым,
Жарык чачып жаркыган.
Балам — булбул,
Гүл багында сайраган.
Балам — ордом,
Бак-таалайым ачылган.
Балам — каным,
Тамырымда кагылган.
Балам — кубат,
Дем —күч берип жашаткан.
Балам — Мекен,
Ата журтум, карегим.
Балам — түркүк,
Түндүгүмдү кармаган.
Кыйын кезде
болгон балам чагылган.
Аман болгун, аман жүргүн,
Болоюн мен садагаң!

**Оо эжелер, оо курбулар, синдилер**

Оо эжелер, оо курбулар, синдилер,
Үйгө келсең төргө өткөзүп сыйлайын.
Өрүк, мейиз, момпосуйдан тартуулап,
Алдыңарга ак дасторкон жаяйын,
Очогума казанымды асайын.

Сый көрсөтүп, мээримимди төгөйүн,
Көзүңөрдөн бакыт нурун көрөйүн.
Гүлдөй назик көңүлүңдү чөктүрбөй,
Көңүлүң таап, урмат кылып күтөйүн.

Балдай ширин сөздөрүмдү арнайын,
Ырларымдан ыр чачыла чачайын.
Жараткандан өмүр тилеп баарыңа,
Алла-Таалам колдогун деп турайын.

Үйүңөрдүн шам чырагы өчпөсүн,
Уул-кызыңар тамыр алып көктөсүн.
Аман болуп, узак өмүр сүргүлө,
Ырларыңар жүрөктөрдү өрттөсүн.



**Бүбүсара Калыкова** — 1952-жылы 10-январда Лейлек районундагы Сумбула айылында туулган. В.В. Маяковский атындагы кыз-келиндер désinститутун бүтүргөн. 15 жыл агартуу тармагында иштеген. Бишкек шаарында жашайт.

**Ата журтум**

Ассалоому аалейкум Ата журтум!
Ата журтум! Мекеним, Кыргызстан!
Багынтып канча доор, канча жылды?
Кымыздан ич! Чаалгып, чаңкадыңбы?
Жакын келчи кысайын жүрөгүмө,
Кийгизейин бапестеп калпагыңды.

Ата журтум! Гүл Мекен Кыргызстан!
Атырылтып, алкынтып тулпарыңды,
Аралап кел жайлоо, төр, Күн шаарыңды.
Серүүндөп кел, кыдырып тоолоруңду,
Ийиниңе кондуруп шумкарыңды.

Терип чертип үч кылдуу комузуңду,
Созолонтуп ырдасаң добушуңду.
Дүңгүрөгөн жаңырык коштоп турсун,
Гүлгө оронгон бейиштей конушуңду.

Көлүңө бар мемиреп балкып жаткан,
Жорткон желге шарпылдап чалкып жаткан.

Кырк канаттуу боз үйгө кирип эс ал,
Манасты ук, Саякбай айтып жаткан.

Тоюнда жүр Нарын, Талас үйүңдүн,
Койнунда жүр Сары-Өзөн кең Чүйүңдүн.
Жалал-Абад, Баткенге, Ошуңа бар,
Кыргыз журттун сыйын көрүп сүйүнгүн!

**Жараткан менен сүйлөшүү**

Нурдай балкып булутту эриткен,
Суудай актым тунуп келип мен.
Өзөн болдум өксүк толтурган,
Мүрөк сымал тунук эл ичкен.

Болдум аял, болдум эне, болдум жар,
Эми сенин элчи кулуң болгум бар.
Эритейин деми менен сүйүүмдүн,
Каптап жатса басаар нугун жолдун кар.

Мен көктөгү жүзүм бактан бөрткөмүн,
Күйө берип махаббаттан өрткө миң.
Насип этти сенден мага жашоодо,
Жоогазындай, астрадай көрктөнүү.

Сен жашоомдун түгөнбөгөн кутусуң,
Шилтегенде нур төгүлткөн бут учун.
Консун колго көгүчкөндөй ак барак,
Адамзаты эңсеп турчу кут ушул.

Уктум кулдан заарын чачкан өксүк кеп,
Жүргөн чакта бак-таалайга жеттик деп.

Көк асманды көксөөмө толтурдум,
Көлөкөңө көзүм тойбой көп тиктеп.

Нур кучактап булуттардан басканда,
Жылдыз жактың жолго нурун чачканга.
Издеримди ээрчип акты нур булак,
Жүзүм багып жүргөнүмдө бакчаңда.

Таң булутум ак буладай жумшак, ак,
Аны денем нур кийимдей курчанат.
Добушуңду укканымда жараткан,
Ай ааламга кетет насаат ыр тарап.

Периштемдин саамай чачын өрдүм миң,
Тынбай насаат жазган ишке көндүрдүң.
Сени ээрчип көк жолунда жүргөнгө,
Болуп алдым тил алчаак жөн билгиң.

Шүүдүрүмдүн тамчысымын чөп ичкен,
Түбөлүгүм өзүң менен бекишкен.
Көлөкөңө айлантып кой элчиңди,
Келечегин сени менен чечишкен.

Мени аруулап кубат берген селимсиң,
Насаат ырды чубап берген кенимсиң.
Жүрөгүңдү жүрөгүмө бек кадап,
Көңүлүмдү көкөлөткөн серүүнсүң.

Эпкиниңдей деңиздин ташкынынын,
Тизмегисиң элчиңдин жакшы ырынын.
Океандын суусунан ичет мүрөк,
Изимди издеп коңгуроо какты кылым.

Арууландым насаатты уккан түндө,
Нурун чубап кубулжуп чыккан күндүн.
Бaрактардын түрмөгүн арген үндүү,
Сезимдеги сен берген шыктан түрдүм.

**Тумандуу жолдордогу ой-толгоо**

Удургуйт сезимимде күчтүү сезим,
Жеңүүчүдөй желдеттин жүз көрөшүн.
Жүрөгүм кубануунун ордуна сен,
Неликтен буулугасың, үшкүрөсүң?

Милдеттүүмүн иштешке, жан сабашка,
Мейли нансыз, тамаксыз калсам ачка.
Жан талашкан арсыздар жүрөт толуп,
Кыргыз журтту бүлүнтүп, талкалашка.

О Кыргыз журт! Көкөлөсүн көк байрагың,
Мүрөгүн ич кулпурган көк дайранын.
Келди көктөн келишкен бир азамат,
Жетелетип нарына көп тайлагын.

Арсыз душман кылычын шилтебесин,
Кийип алып бетине чүмкөмөсүн.
Кыргыз журту коогадан чыгып алсын,
Минип алып көктөгү Күн кемесин.

Шумкар куштар качпасын боосун үзүп,
Көз арткандар келбесин чоочун, бүтүк.
Корообузга кол салып ээ болбосун,
Тили башка, дили заар котур күчүк.

Кыргыз жигит сатылып кул базарда,
Ата-энеси батпасын муңга, зарга.
О, Кыргыз журт! Аты улук улутташым,
Мекениңди алмашпа чуу базарга.

Ак булутуң кан буусун сиңирбесин,
Чууга толуп аткан таң, иңир кечиң.
Түшүнө албай туткучу болуп калба,
Чоочундардын шылдыңын, күбүр сөзүн.

Кошок айтып озондоп соккон шамал,
Угулбасын атылган октон салам.
Ырыскыңдан угулуп өкүргөн ый,
Тойгон абал колунда жоктон жаман.

Башка кийген калпакка татыктуу тур,
Мекенсиз эл келбесин чачып уусун.
Тулпарыңдын бутуна кишен салып,
Асманыңды кандатып атып куусун?!

Сени колдоп көктөгү Эгиз кеме,
Дарагыңдан терилсин жемиш-мөмө.
Жаны жоктор келбесин жериңди ээлеп,
Буйрук кебин бакырып сөгүш менен.

Тыңша боорум жаңырган Чыңгыз үнүн,
Бөпөлөгөн "Өлбө?!" деп кыргыз тилин.
Манасчыңдын добушун Аалам уксун,
Аны менен бүлөнүп сынгыс дилиң.

Душман кийип башына кара чүмбөт,
Тыйпылыңдын тыйынын сага бүркөт.
Таштап коёт тагдырдын тыткынына,
Болгонуңда мекенсиз кара мүртөз.

Билдирүүдө сага азыр кекенгенин,
Сени жолдон чыгарган "чечендериң".
Айланбагын итине байлап алган,
Бүтүн турсун бир боорум, мекен, жериң.

Жолдор туман, жолдор чаң куюндаган,
Жол таба албай күлүгүң, уюң-бадаң.
Сен жан болдуң бир боорум ушул азыр,
Балды ичип чөйчөккө куюлбаган.

Чөгөлөбө асабам, туум менин,
Бүлүнбөсүн кыргыз журт, суум, жерим.
Элди, журтту эртеңге алып барчу,
Ушул азыр кечикпей туул шерим.

**Элет жерим**

Кулпурган таңда кайың-теректериң,
Кутуңдан кагылайын элет жерим.
Мекендеп сан жылдыздуу аймагыңды,
Жадырап — жайнап жүргүм келет менин.

Кубулат обон салган өзөн, дайраң,
Угулат шоокум добуш алда кайдан.
Көгүңдө каркырандай учкум келет,
Желектей желбиретип канат жайган.

Суктанам сулуу жорго, тулпарыңа,
Учкан ак кептериңе, шумкарыңа.
Түбөлүк тургум келет билик болуп,
Сен деген махаббаттын нур шамына.

## Коросон

*Исхак Разаковго таазим*

Өлбөс ойлор ак айтылган орошон,
Сени унутпай жашап келчү доор ошол.
Сен ыйыксың, сен бийиксиң түбөлүк,
Исхак залкар байырлаган Коросон!

Мейли аязың басаар жолду торосо,
Мейли улуса уңулдаган борошоң.
Сен ыйыксың, сен бийиксиң түбөлүк,
Исхак залкар байырлаган Коросон!

Кызыл данга толгон кампа, оросу,
Анар, алма, жүзүм бышкан короосу.
Сен ыйыксың, сен бийиксиң түбөлүк,
Исхак залкар байырлаган Коросон!

Кандай бакыт залкар үчүн коросом,
Колдон келсе келчү чаңды торосом?
Сен ыйыксың, сен бийиксиң түбөлүк,
Исхак залкар байырлаган Коросон!



**Жаңыл Бердикулова** — 1954-жылы 2-апрелде Ак-Талаа районундагы Чолок-Кайың айылында туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Учурда КР Мамлекеттик патенттик техникалык китепканасында башкы китепканачы болуп иштейт. “Балдарымдай сүйөм ырларды” деген китеби чыккан.

**Быйылкы жаз**

Быйылкы жаз такыр башкача,
Кышка айланып аба таптаза.
Тайгаланып ак кар, көк муздан,
Чыдап турдук кышкы суукка.

Күн кайрадан жаркып ачылды,
Карлар эрип, суук басылды.
Табигатка турдук таң калып,
Акыркы кар жазды чакырды.

Ачык күнгө турдук кубанып,
Куштар үнү көңүл көтөрүп.
Жаз мээрими кайра башталды,
Жаштыкка окшош жазга жетелик.

Жазда тилеп, тынчтык аруулук,
Каалоо айтышып жаздай сулуулук.
Жан дүйнөбүз жаздай тазарсын,
Адамдарда, акындарда болсун улуулук.

Жылкы жылдын жазы башталды,
Элге берсин бакыт, барчылык.
Быйылкы жыл болуп акжолтой,
Бүт ааламда болсун жакшылык.

**Жаз жаңырды**

Жаз жаңырды байчечекей, жоогазындар
кылайып,
Жер жаңырды, ааламдан улуу нур алып.
Жан жаныбар, жаз шаңына бөлөндү,
Баба дыйкан үрөөн себип кубанып.

Нооруз келди, жыл жаңырды башкача,
Тилек тилеп, сүмөлөктөр казандарда кайнады.
Куттукташып майрам шаңын дасторкондор
жайнады,
Тазалануу, кубандырып көңүлдөр да жайдары.

Нооруз келди ыр-күлкүлөр жаңырды,
Жердин бети жашыл жоолук салынды,
Өрүк гүлдөп, куштар сайрап өзгөчө,
Табигат да күн мээрине багынды.

Нооруз келди күн менен түн теңелип,
Жыл жанырды, жер карарып, кар эрип.
Жаз мээрими, сулуу кыздай жаркыды,
Күн жылыды, жердин бети көгөрүп.

**Олег менен Бүажарга**

Билим берип, тарбиялап, учурдуңар жаштарды,
Кымбат көргөн курбуларым, Олег менен
Бүбүажар.

Кылган эмгек, баар тапты жашоодон,
Элиңерге ак эмгекти өтөдүңөр кубанаар.

Эске түшөт, балалык да жаштык кез,
Окуган кез, агай менен эжелер.
Силер дагы агай эже болдуңар,
Мезгил шашып, убакыттар өттү тез.

Өткөн мезгил бизге берсе мээнетин,
Алган билим, мээнетиңер берди кайра дөөлөтүн.
Бала өстүрүп, үй салдыңар, бак тигип,
Көргүлө эми, адамдыктын, улуулуктун сөөлөтүн.

Кесиптердин эң ыйыгы, оор анан асылы,
Мугалимдер, бала турмак, ата-эненин жакыны.
Окуучуга баласындай берген таалим-тарбия,
Агайларга, эжейлерге, өзүңөргө ийем төмөн
башымды.

Алтын достор Олег менен Бүбүажар,
Куттуу болсун туулган күндөр, майрамдар.
Куттук айтып классташтар бүт келдик,
Мындан ары болсун дайым үйүңөрдө сайрандар.

**«Кыздар айдын» кыздарына**

«Кыздар айдын» акын кыздары,
Жүрөгүнөн ырды сүйүшкөн.
Улууларды унуткарышпай,
Ырын ырдап жанып күйүшкөн.

Акын кыздар, акылдуулар,
Мээримдери ырга төгүлгөн.

Элге жагып жакшы ырлары,
Ыры менен элге көрүнгөн.

Жакшы ырларга обон кошулуп,
Ыргактары жанды эргиткен.
Тээ качанкы ырлар сакталып,
Унутулбай көңүл сергиткен.

"Кыздар айдын" асыл кыздары,
Сүйүү ырларын эргип жазышкан.
Сезимдерин ырга кошушуп,
Көңүл черин ырдап ачышкан.

Ата мекен, элин макташып,
Ата-энени сыйлап баркташып.
«Кыздар айдын» асыл кыздары,
Уланталы сүйүү ыр жазып.

**Тиктедиңиз**

Сиз мени тиктедиңиз мынча башка,
Жүрөгүм зырп дей түштү бир заматта.
Тиктөөңүз ойго салды күнү бою,
Көз караш күтпөгөмүн, мындай башта.

Тиктеген бир көз караш ойдо калды,
Жаштыктын бир мезгилин ойго салды.
Тиктешкен далай көздөр унутулган,
Күтпөгөм мындай тиктөө, айла барбы?

**Ыр бала төрөп берем**

Көңүлдөн кетпей турган,
Көрбөсөң да сен мени.
Унутпай эстей турган,

Сулуулап, аруулап дилимден,
Ыр бала төрөп берем.

Жетпеген бакытка кайгырбай,
Сен деген жакшы ойлордон.
Эч качан айрылбай,
Ар дайым нурун чачкан,
Ыр бала төрөп берем.

Эч бир жан көрбөй турган,
Акыл-эске көнбөй турган.
Эч качан өлбөй турган,
Мен сага бир бактылуу,
Ыр бала төрөп берем.

**Кошуна**

Кайнатасың кошуна толук жигит,
Уксам экен жакшы сөз көңүл жибип.
Колуктуң да зыңкыйган токтоо келин,
Сыйлайт баарын, эне-ата баркын билип.
Балдарың бүт энесин жандай сүйүп,
Сөгүнгөнүң угамын кээ күндөрү,
Кейигенден ыр жаздым ичим күйүп.
Сөгүнбөй жүр, сөөккө жетет сөгүнсөң,
Адамсың сен, өзүңө дөө көрүнсөң.
Жаман сөзгө жооп берүүчү кез келет,
Жашоо берген жаратканга адамдар бүт барабыз,
Сөкпө, эненди, эленебиз сурак деген электен.
Тарбияны өзүбүздөн баштайлы, биз келгенбиз,
Касиеттүү бийик жерден, уюткулуу элеттен.



**Салия Айдарова Жусупалы кызы** — 1955-жылы 10-январда Кадамжай районунун Чаувай айылында туулган. КР-нын биология боюнча эл агартуусунун отличниги. Ардактуу ардагер, элдик дарыгер. 3 китеби чыккан.

**Түбөлүк даңк**

Мына турат айылымда эстелик,
Таазим кылам эрте келип, кеч келип.
Жоокерлердин аттары анда жазылган,
Урпактары урмат менен эскерип.

Миң тогуз жүз кырк биринчи жылында,
Чоң коркунуч түшкөн кезде кылымга.
Алар кеткен коргош үчүн мекенин,
Боюн таштап кириштн чоң кыргынга.

Аваларым Чаувайымдан аттанган,
Кыргызстан кыраандары атанган.
Фашисттердин таш талканын чыгарып,
Кала берди кайтпай ошол жактардан.

Биз аларды түбөлүккө даңктайбыз,
Жүрөктөрдө атын бекем сактайбыз.
Майдандагы баатырлыгын баяндап,
Улам жаңы муундарга айтабыз.

**Даанышманы кылымдын**

*Улуу акын Молдо Нияздын 170 жылдыгына*

Залкар акын Молдо Нияз атабыз,
Бүгүн сенин улуулугуң айтабыз.
Санаттарың көкүрөккө жатталып,
Кайталангыс сапаттарын ачабыз.

Эң биринчи жазма акын кыргыздын,
Даанышманы сенсиң өткөн кылымдын.
Таазим этем арбагыңа сыйынып,
Окуп жатып ар бир сабын ырыңдын.

Элге жайып ичкиликтин салттарын,
Ырың менен Кадамжайды даңктадың.
Арнап таштап өмүрүңдү өнөргө,
Кылымдардан кылымдарга аттадың.

Ата журтка өчпөс мурас калтырдың,
Жазгандарың өзү тура алтындын.
Рахмат сизге Нияз аба миң ирет,
Сыймыгыбыз кадамжайлык калкыңдын.

**Тоо сыйкыры**

Жайлоосун көрүп жергемин,
Жайнаган гүлүн тергемин.
Көпөлөк менен жарышып,
Таркаттым көңүл черлерин.

Аралап жайлоо тулаңын,
Аңкыган жыттан куладым.

Эсимди жыйып, бээ байлап,
Энелер салтын уладым.

Таң тостум туруп эртелеп,
Таңына тоонун эркелеп.
Булактын суусун ташыдым,
Ырыскы кошо келсе деп.

Күйөөмдүн кылып урматын,
Эртелеп койго узаттым.
Кайнене салтын улантып,
Кайнаттым курут, жууратын.

Кайрадан тартып табигат,
Көзүмө коздук чагылат.
Сулуулук мени суктантып,
Жүрөккө оттой жагылат.

Заматта чарчоом чачылат,
Чайыттай көңүл ачылат.
Жашара түшкөн окшодум,
Сыйкыры тоонун барчылап.

**Жайлоодогу күндөр**

Күндө бээ саайм ушул бийик дөбөдө,
Шыралжындын жыттарына мас болуп.
Күндүн нуру мээрим төксө төбөдөн,
Жаным жыргайт кадимкидей жаш болуп.

Көз жүгүртсөм айланага суктанып,
Көзгө урунат коюу дарак, көк гүлдөр.

Кеталбастан тура берем тушалып,
Кум-Белимдин кереметтүү көркүң көр.

Бир жагында мөлтүр булак шылдырайт,
Туш жагында өсөт миң-сан өсүмдүк.
Толук келин канча сырлар шыбырайт,
Ойдон тоого бүт дүйнөңдү көчүрүп.

Жайлоо, жайлоо ааламсың бир таптаза,
Жан жыргатып сергитесиң сезимди.
Сенде жүргөн күндөрүм оо башкача,
Жомоктогу жашоо өңдөнүп сезилди.

**Кыргыз көчү**

Жайлоого көчүү жыл сайын,
Элимдин эски салты экен.
Боз үйү менен кымызы,
Кыргызым деген ант менен.

Ошол салт бизди козголтуп,
Аттантат тоого чөл жактан.
Жайлоону көрсө сайгактайт,
Уйлар да көөшүп жөн жаткан.

Быйыл да келдик жайлоого,
Аттарга боз үй артынып.
Кыргыздын көчү керемет,
Көз алдыңа тартылып.

Кербендей чөлдө бараткан,
Кыргыздын көчү чубалат.

Сакталган ата салты үчүн,
Кудуңдап чалдар кубанат.

Көч келип жайлоо төрүнө,
Жылдыздай үйлөр чачырайт.
Өрүлүктөп элим бир-бирин,
Меймандыкка чакырат.

Уй мүйүз тартып отурат,
Акылман сөздөр айтылат.
Комуз чертип ырдашып,
Көңүлдүн чери жазылат.

Кыргыз көчү ушундай,
Ата салтын уланткан.
Жайлоодо майрам тартуулап,
Жалпы журтту кубанткан.

Кыргыз көчү бар болгун,
Ырыскың берип элиме.
Кылымдар бою жашай бер,
Жетпесин эч ким чегиңе.

**Уулдарыма**

Бүркүттөрдөй жалын жүрөк жалтанбас,
Баатырлардай айткан сөзүн кайта албас.
Курч өскүлө Мекенге арнап өмүрдү,
Оюңарга келбей такыр жалтандаш.

Үч насаатым бар силерге арнаган,
Жүрөгүмдүн толтосунда кайнаган.

Адал эмгек, билим жана атуулдук —
Ушуларды каалайм кайра-кайрадан.

Адал эмгек адам эркин чыңалтып,
Кыйын кезең келсе кайра чыйралтып.
Жардам берет чоң максатка жетүүгө,
Басып өтүп тоскоолдорду кыйратып.

Билим болсо адам үчүн канаттай,
Бийик жана алыс-алыс учасың.
Билек менен жеңе албаган душманды,
Билим менен талкалайсың, утасың.

Атуулдуктун аты бийик баарынан,
Ыйык милдет ар бириңе тагылган.
Мекен үчүн аябастан өмүрдү,
Күйүү керек оттой болуп жагылган.

Уулдарым баарың мага туусуңар,
Силерге айтчу үч насаатым ушулар.
Кана эмес канат сермеп чыккыла,
Бийик жана алыс болсун учууңар.

**Накыл сөздөр**

Жалкоо болуп жаман болбо,
Жатып ичип аман болбо.
Өмүр бир келет ойлоп көргүн,
Өмүрдү өксүтпөстөн жашап өткүн.
Жаңылсаң жаңыл, бирок, кайра кайткын,
Жашоонун жарык жолун талдап тапкын.
Күн тийген жердин күкүгү болбо,
Кишиче жашап өтүүнү ойло.

Кишинин көөнүн тепсесең кордоп,
Каласың өзүң жыландай сойлоп.
Бирөөнүн жолун бөгөсөң эгер,
Өзүңө дагы кыямат келер.
Уурдап ичсең бирөөнүн ашын,
Азапка түшөт өзүңдүн башың.
Күн батып башка күн түшсө эгер,
Табалайт өзүң колдогон элдер.
Жамандын жарасын жугузганча,
Жакшынын адатын жугузгула.

**Экөөңөр эки колдой, эки көздөй**

*Кыздарым Рахат менен Махабатка*

Рахатым, Махабатым нур кыздарым,
Гүлзарда бапестеген эки гүлүм.
Балбылдап жанып турган жылдыздарым,
Мейкинден мейкиндерге жетчү үнүм.

Экөөңөр мага болуп, эки колдой,
Экөөңөр мага болуп эки көздөй.
Силерсиз тиргиликке көңүл толбой,
Калмакмын мааниси жок жалкы сөздөй.

Кыздарым, мага жөлөк силерсиңер,
Колумдан оор жүгүм аласыңар.
Каалоомду айттырбастан билесиңер,
Көңүлдүн назик кылын табасыңар.

Карк болуп балапандай турасыңар,
Турмуштан ордуңарды табайын деп.
Энелик милдетим бар алдыңарда,
Жашоодо керек болчу айтайын кеп.

Күйүмдүү болуп өмүр сапарында,
Дайыма бир-бириңди колдогула.
Ага-ини, туугандардын катарында,
Данакер болуп жолум жолдогула.

Силерге каалаганым бүтпөс бакыт,
Ар дайым акылыңар тунук болсун.
Жараткан жакшылыгын кенен чачып,
Куш өңдүү ырыскыңар өзү консун.

**Күттүм сени**

Күттүм сени жаркыраган жаздарда,
Күттүм сени күтүрөгөн күздөрдө.
Күтпөйм эми күйүт топтоп өзүмө,
Кычыраган карлуу аяз күндөрдө.

Күтпөйм эми өмүрүмдө эч качан,
«Күтүү» деген күйүт тура эң жаман.
Күндөрүңдү күчкө сүйлөп өткөргөн,
Күдөрүмө каршы коем ар качан.

Өңдөн аздым өзүм билдим азабын,
Өзгөрбөдүң көңүл сүйгөн адамым.
Өтүп мезгил өйдөсүнөн чыкпадың,
Өч менен кек окшойт менден аларың.

Кош бол эми ак сүйүүмдүн ээси,
Каалабаймын сага сүйүү жемесин.
Көргөн жерде саламдаша жүрөрсүң,
Бир кезде биз ынак элек дегенсип.



**Асылкан Токтомаматова** — 1955-жылы 25-августта Алай районунун Үч-Дөбө айылында туулган. ОшМУну аяктаган. КР-нын Эл агартуусунун отличниги. Учурда И.Арабаев атындагы университеттин алдындагы коллежде кафедра башчысы болуп иштейт.

**Атама**

Көктөгү жылдыздардын чолпонундай,
Атаке, он баланын тирегисиң.
Балдарың, кыздарыңа насаат айтып,
Алдыда чоң максаттын тилегисиң.
Онубуз чогулуппуз мына бүгүн,
Окуган он жеринде өлкөбүздүн.
Онубуз тост көтөрүп отурабыз,
Сиз үчүн, сиз жашаган өмүр үчүн.
«Элүү жаш эр жигиттин жаш ортону» -
деген сөз калган экен элибизден.
«Кылымды карытыңыз» деген сөздү,
Кабыл алып коюңуз эми бизден.
Тилейбиз узун өмүр, чың ден соолук,
Жана да ачык асман, бала бакыт.
Жүзгө чыгып жашаңыз атакебей,
Балдарыңыз менен чогуу күлүп — жаркып.

**Туугандар**

Туугандар, тууганчылап келдиңерби,
Тууганча мамилеге кеңсиңерби?
Тууганга жардам берип ак ниеттен,

Келечек ынтымакта бирсиңерби?
Ак дилден кабыл алдык биз силерди,
Үмүттүн уландысы болгун эми.
«Ынтымак ырыс» деген улуу сөзү,
Достуктун бир белгиси болсун деги.
Андыктан биргелешип кол курайлы,
Тынчтыктын татаал жолун кең кылалы.
«Кыямат кайың» бизди тооруп калды,
«Ынтымак ырыс» менен жок кылалы.

**Балдарым**

Бул дүйнөгө балдарым үчүн жаралдым,
Алар үчүн эч нерсени келбейт аягым.
Балдарымды жамандыктан сактап,
Жакшылыктын нурларын арнадым.
Кубанычтарын койнума катып,
Кайгысын алыска ыргытып салдым.
Балдарым үчүн бардык нерсени жасайм,
Эгер өмүрүм керек болсо,
Ойлонбой туруп балама салам.
Жылдызды, сууну, Айды да берем,
Көңүлдүн эргүүсүн, сезимдин жыргалын,
Жаздын сулуулугун, күздүн молчулугун,
Кыштын тазалыгын, жайдын рахатын,
Балдарыма кош колдоп сунам.
Кайгыдан алыс кылып, кубанычтын изине салам.
Турмуштун тоскоолдугун көкүрөгүм менен тосуп,
Келечектин бактылуу күндөрүнүн жолуна барам.

**Кызым жок…**

Жаштыгым калчуу артымда,
Жалындай кызым бар беле?
Жамалым күлчү артымда,
Жайдары кызым бар беле?
Денеге чок түшкөндөй,
Көңүлгө бир из кетти.
Кызымдын жоктугу да,
Оюмда өз күнөөмдөй.
Анткени жаштыгымдан,
Тилегим так ошондой.
Тагдырым татаал болуп,
Таштактуу турмуш курдум,
Ошонун кесепети…
Максатты бузук кылдым.
Чоң сүйлөп айтып койдум,
Кыз туубайм деген сөздү.
Тилегим кабыл болду…
Каяктан айттым эле,
Керексиз катаал сөздү.

**Кудагыйга**

Кудагый, кудай кошкон адамдарбыз,
Кудайга миң мертебе карыздарбыз.
Бактылуу карылыктын жолу ачылып,
Дасторкон, ырыскыдан айрылбаңыз.
Балдардын сый - урматын тегиз көрүп,
Небере, чөбөрөгө үйлөр толуп.
Ден соолук, бакыт болуп көргөнүңүз,
Кубаныч, күлкү, шаңды чогуу бөлүп.
Жашаңыз жаңылбастан дагы жүз жыл.

Дайыма узун болсун күткөн өмүр,
Карыбай шаттуу болсун назик көңүл.
Мен сизге тилегеним чексиз бакыт.

**Махабат**

Жүрөгүмдү курчап махабат,
Көңүлүмдү мынча жаралайт.
Сүйбө  десе болбой сүйдүрөт,
Өңү жылуу, ысык махабат.
Не кыларым билбей башым маң,
Калдым окшойт айдың талаада.
Аз го десе тагдыр санааны,
Берсин анда, чыдайм ага да.
Не десе да чыдайм арга жок,
Чыдабаска менде айла жок.
Убайымга салып жанымды,
Жүрөсүңбү күндө көңүл ток.
Максат кылгам таттуу жашоону,
Агылса деп сүйүү дайрасы.
Карегимден өчпөйт махабат,
Болсо дагы агы-карасы….

**Мен неге келгемин жашоого?**

Каалаган оюмду айтпасам,
Кадамым саналып артымдан.
Каалаган жагыма баспасам,
Ойлогон максатка жетпесем,
Жолумду торогон тоскоолдук,
Зынданын же кесип өтпөсөм.
Мен неге келгемин жашоого?
Назиктик көңүлүн таппасам.

Дилимди башкарган махабат,
Сезимдин ажарын ачпасам.
Көңүлдүн ырларын жазбасам,
Жайкалган жайдары мүнөздө,
Жашоонун сырларын айтпасам,
Мен неге келгемин жашоого?
Ырымды жашоого арнадым,
Сырынды мен чече албадым.
Жашоонун бал тамган агымын,
Жакшылап не кече албадым?
Көөдөнүм жык толуп арманга,
Көзүмө  жаш келет кылгыра.
Тагдырды сен берген мага арнап,
Өзүңө кайтарам жалына…

**Ой толгоо**

Өмүрдүн үнүн уккудай,
Жүрөктүн күүсүн черткидей.
Көңүлдүн дартын ачкыдай,
Жашоодо барбы кең дүйнө?

Дасторкон сымал жайылып,
Ачылгым келет сыр менен.
Жылдыздай жайнап асманда,
Чачылгым келет ыр менен.

Тарыхта жаткан из менен,
Бабалар айткан сөз менен.
Оюла элек арманды,
Айткым бир келет ыр менен.



**Сабира Бегимкулова** — 1955-жылы 11-октябрда Наманган облусунун Касан-Сай шаарында туулган. Ош Пединститутун жана КР Илимдер Академисында аспирантураны бүтүргөн. Элдик дарыгер. "Кыздар ай" адабий клубунун төрайымы.

**Аалам, мезгил жашайт жанма-жан**

Өз өкүмүн өжөр таңуулап,
Өтөт мезгил санап өмүрдү.
Миң-миңдеген сансыз жылдарда,
Эсебине кошпойт төгүндү.

Жер бетинен кайра узашты,
Жер бетине келсе канча жан.
Бул жазмыштын бетин түрлөнтүп,
Аалам, мезгил жашайт жанма-жан.

Аталардын кейпин кайталайт,
Жанып, өчүп өмүр жуулуп.
Тоолор урап, тоолор куралган,
Доор менен кошо туулуп.

Топуракка кайра жуурулуп,
Өстү гүлдөр, улам жаңысы.
Жазмыш жолу дайым ушундай,
Кайталанма, чексиз баарысы.

Эне болуп мезгил төрөдү,
Олуясын, ойчул, даанышман.

Өзү тескеп доордун чыгаанын,
Кылымдарга кеткен жарыштан.

Жаңылбаган жана жазбаган,
Каардуу, катаал анын өкүмү.
Түбөлүктүү бүтпөс дүйнөдө,
Ченеп-чактап койгон өмүрдү.

Чабал аттай жолдон кошулган,
Мезгил менен чыгып жарышка.
Кыянатчыл Адам не коркпойт,
Өз тагдырын байге сайышка.

Оомал-төкмөл ушул дүйнөдө.
Аалам, мезгил жашайт жанма-жан.
Жер баратат, бирок жылдыз көп,
Өчкөн бойдон кайра жанбаган.

Мезгил менен жүрчү тең тайлаш,
Калса өмүр кокус тык токтоп.
Желмогуздай жерди мойсосок,
Келечекте турат ким жоктоп?...

**Жылуулуктун куну көп кымбат беле**

Сырымды айтып, муңумду бөлүшө албай,
Көңүл калып, көз жашым төгүп турам.
Жөлөк болуп, көңүлүм көтөрөр ким,
Жакшы сөзгө зар болуп чөгүп турам.

Сенек болуп айланам тунжураган,
Өчкөн сезим муп-муздак курчап турган.

Жылуулуктун куну көп кымбат беле,
Жылуу сөздүн ооздугу тумчуланган.

Башка кайгы түшкөндө көтөрбөскө,
Кай пенденин чамасы жетер экен?
Салмак салса бул турмуш эртеби-кеч,
Колун шилтеп кайсыл жан кетер экен?

Жылуулугу жок көздөр тоңуп турган,
Жүрөгүмдү үшүтүп каптап келет.
Жылуулугу жок сөздөр таштан катуу,
Көңүлүмдү тебелеп таптап келет.

Кыш келбесин сезимге, пейилдерге,
Жалынымды аябай канча чачтым.
Жүдөттү го жүрөктүн үшүгөнү,
Мерездиктен көңүлдө бороон-чапкын.

**Жазды эңсөө**

Карай берем, келди бекен сыртка жаз,
Терезмдин кыйгач ачып пардасын.
Кеткен тура кыз эшигин тарс жаап,
Бак тараптан жаз ачыптыр каалгасын.

Катуу согуп түрсүлдөгү башкача,
Жүрөк туйлайт келгенби же ашыгым.
Эндик сүртүп, чачтарымды тарайын,
Кирем жаздын кучагына шашылып.

Жаңы гана көшөгөсү тартылган,
Жаш келиндей жарын күткөн наз менен.

Назик туман үлбүрөйт да үлбүрөйт,
Тал-теректер кучакташып жаз менен.

Эркелетет шыбыр-шыбыр жамгырың,
Эс талдырган жыпар жытың сагындым.
Жазым сенде тирүүлүктүн туткасы,
Жараткандын өкүмүнө багындым.

**Ысык-Көл**

Сен мага кучак жайдың,
Мен сага боюмду уруп.
Саамда болдум сендик,
Дүйнө бүт унутулуп.

Сагынчым толкунундай,
Өзүңө турду ташып.
Ашыгым менин көлүм,
Экөөбүз кучакташып.

Жаныма өзүң даба,
Мен дагы сага ашык.
Карегим сага чөгөт,
Толкунуң сүйүү чачып.

Көркүңө көз тийбесин,
Нечендер сугун артып.
Кызганам жат көздөрдөн,
Негедир ичим тарып.

Сен мага кучак жайдың,
Мен сага боюмду уруп.
Саамда болдум сендик,
Дүйнө бүт унутулуп.



**Сүйүн Кубатова** — 1956-жылдын 16-январында Жумгал районунун Миң-Теке кыштоосунда туулган. В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер techинститутун аяктаган. Кыргыз петентте котормочу болуп иштейт. "Сапардагы ыр" китеби чыккан.

### Улуу тоолор

Улуу тоолор, улагасы улуу дем,
Узап сапар жолдор тарайт өзүңдөн.
Узап кетсем убайым жеп келем мен,
Утурлашып ууздай жылуу сезимдер.

Канга туташ, жанга жакын асыл жер,
Кайда барсам, карегимде, көзүмдө.
Канча сонун жерлер көрдүм а бирок,
Касиет бар бейиш сымал өзүңдө.

Канткен менен туулган жердин асманы,
Кайрат берип, өзөгүмдөн бөлүнбөйт.
Карагай-чер, калдайган зоо-таштары,
Башка жерлер бир өзүңдөй көрүнбөйт.

### Жазгы жамгыр

Жамгыр үнү шыбырттаган күү менен,
Жаз жөнүндө жагымдуу бир ыр курайт.
Жаан алдында толкуп ушул күүгө мен,
Саамайымдан мөлтүр тамчы суу кулайт.

Чөлмөк суулар чимирилип бийлешип,
Чөөттөрдө миң-сан турмуш чулдурайт.
"Жер айрылып, чөп чык!" - дешип апалар,
Чакаларга чөмүчтөрүн ургулайт.

Күн күркүрөп, жазгы жарыш чакырат,
Атам келет озон-жамгыр жыттанып.
Камбыл билек арык оңдойт, ашыгат,
Аңыздарга ажар берчү из салып.

**Күн өмүр**

Өлтүрбөйм күндү, өкүнтпөйм күндү жетет күч,
Өчүрбөйм шаңды, өксүтүп көөнүн калтырбайм.
Өмүр бул бирөө, өткөн күн кетти эсепсиз,
Эстелик болоор күмүш күн калсын артымда.

Эртеңге түртпөйм, бүгүнкү бүтөөр ишимди,
Ээрчишип өтсө, эки күн балким кеч болоор.
Эссиздик кылып суутпайм жакын кишимди,
Эскирбес жараат бакытты мүмкүн жеп коер.

Тирүүлүк бакыт, жыңайлак, жыртык болсом да,
Табигат берген тагдырдан кайда качмакмын.
Тар турмуш менен бар турмуш келет таймашып,
Таптаза күндүн таалайын ачып сакташкын.

Ыйлатпайм күндү, мукантып шагын сындырбайм,
Ыйманым барда ырыскы жүрөт катарлаш.
Ызааттап саатты тирүүлүк баасын сеземин,
Ырактап кетсе кылчайбас мезгил боору таш.

**Карама-каршылык мыйзамы**

Таң эрте туруп, сыдырым соккон шамалга,
Талкандын данын сапырып жатат бир келин.
Тактайдын кирин, терезе чаңын тазалап,
Таңдантып дүйнө, такилип салып үйдөмүн.

Эртеден кечке, бүтүндөй ушул өмүрдө,
Кирлерди жууп, тазалоо менен алекпиз.
Булганыч дайым кийимде жана көңүлдө,
Кесиктей кетпес, жашоону коштойт калетсиз.

Тазалап баарын, тазалап ички сезимди,
Адамзат келет "Азезил" менен кармашып.
Мыйзамы ушул карама-каршы шекилдүү,
Тирүүлүк өтөт жакшыга жаман жармашып.

**Шаркыратма**

Энемдин чачпагындай жылт-жулт этип,
Сан-майда шүүдүрүмүн чачы кылып.
Алыстан карап туруп шаркыратма,
Тартылам ашыгыңдай чакырылып.

Оо бийик жалама зоо аскалардан,
Оболоп, опурулуп-жапырылып.
«Оп майда» айткандардын ак данындай,
Ойноктоп октос берип сапырылып.

Энтелеп чыгып келсем суу түшкөн жер,
Өзүнчө ажайып бир дүйнө мына.
Жибек суу учкундары бийчи сулуу,
Тоо жели ойноктогон өнөк буга.

Эрке жел алып учса суу бүркүмүн,
Ажырап, кайра бирге агылышып.
Түгөнгүс улуу жомок, симфония —
Суу үнү музыкадай жаңырышып.

Учкундар, татынакай шуру суулар,
Бетиме бермет болуп тагылышып.
Аптыгам таптаза аба көөдөн толо,
Эрке жел кыялымды алып учуп.

**Маанай**

Бийиктиктин улуулугун кучактап,
Майдалыктын таманында тепселдим.
Билбегендик, ыймансыздык тузактап,
Ишеничке жаш өткөзүп кеч келдим.

Ишенбестер ишенген жок кай бирде,
Шектенүүлөр сыздатышты жүрөктү.
Ишмер болсом көрө алган жок заар дилдер,
Билимсиздер бийлеп алып жүдөттү.

Бир Теңирдин рухун баккан жүрөккө,
Дили нурдай тазалыкты таппадым.
Идеалга айланган кур тилекке,
Ишенбедим, жүрөгүмдү ачпадым.

**Мен сүрөөнчүмүн**

Жарымын музыканттын, жамак курган,
Жарга урса, жанын сабап, аяп турган.
Билгенге, «ылдый болуп калбасын» деп,
Бир четин музасынын таяп турган.

Күлүктүн күндө жолун карап турган,
Кулпунтуп, куйрук-жалын тарап турган.
«Куттуу үй кокус муздап калбасын» деп,
Кочуштап мээрим отун калап турган.

Кымызга ырдан кошуп мүрөк сунган,
Кылымдап жашаса деп тилек кылган.
Кыйкырып Ала-Тоодон жоолук ыргап,
Кыргыздын музыкасын сүрөп турган.

**Акындарга**

Акын, акын-замандашым, курбум ай,
«Ата журт» деп азап жеген кургур ай.
Сай-сөөгүмдү көзөп өтүп ырларың,
Сөз айта албай мен шолоктоп турдум ай…

«Не болду?» деп чоочуп кетти алган жар,
Ал да сендей, анда да чоң арман бар.
«Кадырымды элим бир күн билээр» деп,
Өрүү жолдо өжөрлөнгөн андан бар.

Тилемчинин кейпин кийип чоң талант,
Зор намыста өзүн эптеп «калкалайт».
Акчалуулар жаш болсо да бир топко,
Өөдөсүнөт, төр талашат, чалкалайт.

Бир жагынан арак салып азапты,
Ичип кетти катын, бала, карысы.
Бирок дагы билиш керек окшойбуз,
Ыр жазбасын ичкендердин баарысы.

Акын, акын—замандашым, курбум ай,
Ар-кайсыны эске салып турдуң ай.
Алааматка бараткандай бул дүйнө,
Алдастатып, азап отун сундуң ай.

**Сага**

*(Композитор Сталбек Бактыгуловго)*

Көтөрүп, кетпес дарттын тамашасын,
Көшөрүп, эрк тизгинин талашасың.
Көчөдө көптү өзүңө каратасың,
Көбү ак, буурул тартып кара чачың.

Уктабай узун түндө таң ашасың,
Улуу күч—муза менен жанашасың.
Ар-ар ким биле да албас сапар чегип,
Аземдүү симфония жаратасың.

Кээ бирлер доолагансып аласасын,
Сезбестей сөз салмагын—таразасын,
Кайгыртып канча күндү курман кылып,
Көп эле тийгизишет залакасын.

"Бактысыз болдум" десең адашасың,
Көрсөм деп барк билерди саматасың.
Кош балдак канат болуп көкөлөтүп,
Моцарттар дүйнөсүндө баратасың!

**Ырларымда жашадың**

Ыраак кетип, айлап-жылдап көрүшпөй,
Ызгаар күндө түйшүктү тең бөлүшпөй.

Көкүрөктүн ыйы болдуң бүтпөгөн,
Жерге түшүп, желбей калган жемиштей.

Обон болдуң сыбызгыдай сыздаган,
Ичтен кайрып сыртка ташып чыкпаган.
Баркка жетпес башка адамдан кызганам,
Башка адамдын бактысына суктанам.

Ынак кылып жан дүйнөнүн чатагын,
Ысымыңды тереңдиктен ачамын.
Ысып-күйгөн сүйүү менен келчүдөй,
Ырларымдын кайрыгында жашадың.

**Жашоону келет бал кылгым**

Түтүнүн түрө кыдырып түркүн гүлдөрдүн,
Ширесин шимип, шекер жок жерде бал кылган.
Түспөлүн кийип аарынын, өтчү күндөрдүн,
Тушоосун кесип чуркагым келет жамгырдай.

Аарыдай безип, аппагын издейм дилдердин,
Азаптуу экен ачууну шимип, бал кылган.
Канча бир күндөр каржалап кайра кур келдим,
Мажестик тосуп, бараткан жолдон тандырган.

Күткүлө мени, гүлдөрү тескей-күңгөйдүн,
Күрөшчүл демди бабалар жактан алдыргам.
Жүрөгүм калбыр — аарылар салган үйдөйдүр,
Ачууну элеп, бал тартсам — ага жан курман.



**Бүрайма Райымбекова** — 1956-жылы 11-апрелде Базар-Коргон районундагы Карача айылында төрөлгөн. ОшМУдан математика факультетин аяктаган. Бирок, чыгармачылык дараметинин шыгы менен журналисттик кесиптин түйшүгүн артынып келет. "Ноокен жаңырыгы" гезитинде башкы редактор болуп иштейт. "Бар бол, дүйнө" аттуу ыр китептин автору.

**Айылымдын башаты тарыхтагы**

Ата-бабам илгертен байыр кылган,
Коломтосун тутантып айыл кылган.
Таза абасы Атколдун жан эргитип,
Таза суусу калышпайт мүрөк суудан.

«Карача» деп аталган кыштагымда,
Мен төрөлдүм айылдын төш жагында.
Көзгө элестейт дүпүйгөн калың багы,
Атакемдин өстүргөн жаш чагында.

Терекзары өзүнчө шуулдаган,
Алма, өрүгүн жаш балдар уурдаган.
Биз күйүгүп «алба» деп кубаласак,
«Сооп болот, балам» деп муюбаган.

Олдо атам ай, жаның неге кыйнаганың,
Жалгыз буттап кетмен чаап тынбаганың.

Азыр ойлоп өзүмчө күйүп кетем,
Гүл өмүрүң көр турмуш уурдаганын.

Тирүүлүктүн мыйзамы шундай тура,
Бак ордуна үй түшкөн салаа-салаа.
Ата конуш, айылдын кереметы,
Чакыргансып дем берет дайым мага.

Аталардын калтырган короо, багы,
Айылымдын башаты тарыхтагы.
Урпактарга уланып бара берет,
Кыргызымды кылымга сүрөп дагы.

**Атам жөнүндө**

Менин атам душман менен кармашып,
Сол жак бутун кош таякка алмашып.
«Атаң чолок» деп айтчу эле айрымдар,
Атайылап кесип, жулуп салгансып.

Кан күйгөн согуш отун кечип келип,
Бир бутуң мекен үчүн кесип берип.
Коркпостон, кийиндирип, ичиндирип,
Он төрт бала тапканың өзү эрдик.

Атамдын кош таякты колго алып,
Жер казып, мал бакканы эрдик экен.
Балдарын багамын деп жан үрөсө,
Биз ага эмне жасап бердик экен.

Ооба ата! Көрбөй кеттиң күнүбүздү,
Окуттуң, адам болдук эми гана.

Сизге эмес, он жыл кийин өлсө дагы,
Ысык чай бере албадым апама да.

Турмуштан орун таап, очор-бачар,
Болгончо, медер болуп жүрбөдүңөр.
Оорубай, кайып болуп, сыр алдырбай,
О дүйнө сапарына жөнөдүңөр…

**Эне тилеги**

Шашып барам, мен сага шашып барам,
Мөңгүлөрүн зоолордун ашып барам.
Кайыгамын суугуңа кайыл болуп,
Кала берем кайра эле артып санаам.

Эңсеп келем, мен сени эңсеп келем,
Перзент деген затыңды дегдеп денем.
Жаштыгымда байкабай кесир сүйлөп,
Же оозумдан жаңылып калдым белем.

Кагылайын атыңдан "бала" деген,
Кусаланып эзилет дегдеп денем.
Касиетин жоготуп кээ бирөөлөр,
Укугунан ажырайт "эне" деген.

**Бар бол, дүйнө**

Жылынам аткан таңга, чыккан күнгө,
Сыйынам жылдыз толгон айлуу түнгө.
Миң күндүк караңгыдан бейиштеги,
Бир күндүк жарык жакшы, бар бол дүйнө.

Аппак кар жаап турсун асманымда,
Ак мамык килем болсун басканымда.
Айлуу түн ак кар менен жарык болуп,
Кыш менен аруулансын жан дүйнөм да.

Жаңы күн, жаңы жашоо өктөмүңдө,
Тирүүлүк, жан киргизген көктөмүмдө.
Жазгы жаан терезимди черткилеген —
Ажайып гүл жыттанган, бар бол дүйнө!

Жылуулук тийип турсун маңдайыңда,
Салкын жел согуп турсун жатканыңда.
Саратан сайрап турсун, булбул коштоп,
Иштеп кал, жайдын ысык аптабында.

Алтын күз берекесин сепкен кезде,
Кыз-жигит кыналышып баскан кезде.
Бөксөрбө, кемибечи — бар бол дүйнө,
Жакшылык күн көрөлү тирүү пенде.

Мезгилим жылда алмашып айга, күнгө,
Жашоонун ырахаты айлуу түндө.
«Дүйнөдөн өттү» деген кандай жаман,
Тирүүлүк кандай жакшы, бар бол дүйнө!
Миң күндүк караңгыдан бейиштеги,
Бир күндүк жарык жакшы бар бол, дүйнө!

**Акындарга**

Нөшөр болуп төгүлгүлө акындар,
Ыр көлүнө чөмүлүүгө акым бар.

Гүлзар болуп ачылгыла акындар,
Жыпар жытың жыттаганга акым бар.

Дайра болуп агылгыла акындар,
Чаңкаганда суу ичүүгө акым бар.

Күн нурундай жалындай бер акындар,
Үшүгөндө жылынууга акым бар.

Мээрим болуп чачылгыла акындар,
Мээр алсын жан дүйнөсү жакырлар.

Зарлагандын үнүн жеткир акындар,
Ойгонушсун атка минээр, батылдар.

**Жолдор, жолдор...**

Жолдор, жолдор! Эн тамгасы сапардын,
Ошондуктан "Кан жол" деген ат алдың.
Сокмо жолдор, авто жолдор, аба жол,
Сапарлашы болот дайым адамдын.

Жолдор, жолдор! Темир жолдор, кыя жол,
Санай келсең жетпейт ага эки кол.
Төтө жолдор, ууру жолдор, жибек жол,
Жол сырдашы — жолоочулар аман бол!

Тирүүсүңбү, демек сенин жолуң бар,
Бассаң, турсаң демек сенин жолуң ал.
Ишке барсаң, айылгабы, сапарга,
Жол боюнда "Ак жол" деген белги бар.

Жолдор, жолдор! Сен көп жакка алпардың,
Жолдо жүрүп мен көп элден бата алдым.
Жалгыз балам көбөйүшүп алганча,
Узагынан бере көргүн сапардын!

**Элесиңе**

Ардагым, койдуң мени сагындырып,
Кайрылбас элесиңе багындырып.
Түндөсү жылдыз болуп шоола чачып,
Жанымда балкып жатчы агып кирип.

Мен түндө ай кучактап жалгыз жатам,
Жарыгы саамай сылап, беттен өбөт.
Негедир кызгангансып ай, жылдыздан,
Элесиң эшик ачып кирип келет.

Мен сенин карааныңды унута албайм,
Элесиң түбөлүккө жүрөгүмдө.
Жагымдуу обон салган булбулга окшоп,
Жашайсың гүл багымдын түнөгүндө.

**Балам — бактым**

Бактыбек — деп ат койгонбуз балама,
Бизге бакыт алып кел — деп садага.
Жараткандан суранаарым бир гана —
Ыйман, намыс, бакыт берсин сага да.

Бизге бакыт берген экен Кудайым,
Эки, үч эмес, жалгыз гана уулдан.
Кирпигине кир жугузбай чоңойтуп,
Бакытымдан жедим мына ысык нан.

Куда күтүп, келин алып, той бербей,
Айтып бүткүс арман болду атаңа.
Куран окуп, бүт зыйнатын жаса деп,
Акыл айтам, ишенемин балама.

Тилегеним — Бактыбегим балама,
Көп балалуу болсо экен ылайым.
Ырыс-кешик, ден соолукту, өмүрдү,
Берсе деймин ченебестен Кудайым!

**Түбөлүк жар болууга үмүт бердиң**

Сезимге сездирбестен кирип келдиң,
Сен мага табышмактуу үмүт бердиң.
Сыртымдан коруп жүрүп жигиттерден,
Түбөлүк жар болууга үгүт бердиң.

Сен мени жүрөгүңдөн сүйүп келдиң,
Сен мага азат бердиң,  акыл бердиң.
Тагдырдын тайгак, татаал ашуусунда,
Талыкпай учуп өтөөр канат бердиң.

Сен мага булак көзүн ачып бердиң,
Ишимде жөлөк-таяк болуп келдиң.
Жан жолдош гана эмес насаатчым деп,
Айтууга толук жетет менин эрким.

**Досторго**

Таңыркап жүргөм башында,
Досторум менин көптүгүн.
Карасам эми кашымда,
Бир азы анын жок бүгүн.

Алардан көңүл көктөдү,
Аларга үмүт көп арттым.
Жанымда бүгүн жок көбү,
Билбеймин кайда жоготтум.

Түшүнбөй ага аң-таңмын,
Билбеймин кандай сыр барын?
Айрымдар мансап, кызматка,
Сатышат дешет дос-жарын.

**Ким билиптир**

Адамдын өмүр жолу дайра болсо,
Тереңин, узундугун ким билиптир.
Жашоонун кайыгында калагы жок,
Бирде өйдө, бирде ылдый сүздүрүптүр.

Адамдын өмүр жолу шамал болсо,
Желкайып кайда алпарат ким билиптир.
Шуулдап жүрөк үшүн алып учуп,
Чачыңдан сылап кайра сүйдүрүптүр.

Адамдын өмүр жолу узун, кыска,
Билсе эгер Алла-Таалам бир билиптир.
Артыңда из калтыр деп тукум улаар,
Жуп кылып аял-эрди сүйдүрүптүр.



**Лариса Асанбекова** —1956-жылы 30-апрелде Бишкек шаарында туулган. Россиянын "Элдик медицина" жана "Эниоинженерлер Академиясынын" академиги. Төрт китептин автору. Өзү негиздеген "Асман пресс" гезитинин ээси.

## Кыргызча сыйынуу

Оо, Жараткан Теңир-Ата, Сен Бирдиктүү Чексиз Талаа!
Бүт Ааламдын жалгыз ээси, түбөлүктүү Сен гана,
Сенин сүйүүң эбегейсиз, кудурет күч мээримиң,
Мейкиндикте Сен чексизсиң, баары Сенин ээлигиң.
Бүтүндүктүн өзөгүсүң, Ааламдарды айланткан,
Аппак нурлуу Ал Ак Талаа, теңдеши жок Теңирим!

Даанышмансың, сансыз Аалам, бүт Дүйнөнү жараткан.
Кечиримдүү, боорукерсиң тегиз мээрим тараткан.
Сен жандуусуң, бардык затка жан берүүчү Эгесиң,
Кудуреттүү бир мыйзамга баш ийдирип келесиң.
Сен бир бүтүн, жалгыз Кудай экениңе ишенип,
Сага гана сыйынгандын сураганын бересиң.

Көп катмарлуу Дүйнө чексиз көрүнбөгөн кишиге,
Мээрим төгүп бардык затка, чоңбу же бир кичине,
Жаратkансың сансыз Аалам, Айды, Күндү Асманды,
Жымыңдаган жылдыздарды эсеби жок тизиле.
Касиеттүү Өз маңызың менен баарын толтуруп,
Сансыз Аалам, баарыбызды батыргансың ичиңе.

Баары, баары жандуу, жансыз, Аалам жана адамзат,
Бардык затта кайталанган жалгыз Сенин элесиң.
Кереметиң айтып бүткүс, мээримиңдин чеги жок,
Сен бардыгын тең салмакта теңдеп кармап келесиң,
Теңдеши жок Сенин чексиз, мээрим төккөн сүйүүңдүн,
Бардык затты тегиз сүйгөн Теңир-Ата, Энесиң!

Миң ысымдын ээси болгон, бирок жалгыз Кудайым,
Башымды ийип, жалгыз Сага мен табынып турайын.
Билип-билбей көп кетирген адамзаттын күнөөсүн,
«Кечиргин!» деп миң жалынып,бир Өзүңдөн сурайын.
Рухтарына бабалардын кыла көргүн ырайым.
Аруулай көр жандүйнөнү, нуруңа жууп ылайым.

Оо, пенделер жана Аллах, кечир кетсе каталык,
Кечирдим мен баарыңарды, эч кимге жок капалык.
Теңириме тетир келген терс сапаттан арылтып,
Жандүйнөмө мээрим толтур, арууласын тазарып.
Даңазалап ырдайм жалгыз теңдеши жок Теңирди,
Башым ийип, тизе бүгүп, жалгыз Сенден бата алып.

Оо, Бирдиктүү чексиз Талаа, Теңир Ата, Жараткан,
Чындыгында бүт мактоолор Сага гана жарашкан.
Бүт Ааламды, бардык затты Бир Өзүнө батырган,
Айы чыгып, түнү кирип, жылдыздары чачылган.
Жалгыз Сенин кудурет күч, бузулбаган мыйзамың,
Күнү чыгып, убагында таңды таңдай атырган.

Жалгыз Сенсиң, сыйынаарым, өз жолумду табаарым,
Сенден гана чексиз сүйүү, бүтпөс мээрим аламын.
Кези келип, бүткөн кезде бул дүйнөдө мөөнөтүм,
Кайрылып мен кайра Сенин кучагыңа барамын.

Аралашып аппак нурга, бир башкача балкыган,
Жан дүйнөмдүн түбөлүктүү үйүн Сенден табамын.

Жашоомдогу болгон жана боло турчу алдыда,
Миң мертебе ыраазымын ырыскыма, бактыма.
Жана дагы Периштеңе, Асман. Жерде коштогон,
Жардам берип, жол көрсөтүп жетелеген астыга.
Ыраазымын, байлык бакыт,чың ден-соолук, зор сүйүү
Берип турган Теңириме, үндөп турган жакшыга.

Оо, Жараткан, Сен бирдиктүү Уңгу Талаа, Кудайым!
Мен өзүңдөн зор касиет, терең илим сураймын.
Кечиримдүү, ырайымдуу жана чексиз боорукер,
Мээримиңди элге айтып түшүндүрүп турайын.
Жаратуучу зор күчүңө чексиз жана кубаттуу,
Адамзаттын акыл эсин, аң сезимин бурайын.
Оо, Жараткан ак жолумду сени менен улайын.

Оомийин!!!

**Багыштоо**

Оо, Жараткан Улуу Теңир! Ушул сыйынуумдун сообун жалгыз Жараткан Эгемдин ыраазычылыгы үчүн, Алла Тааланын периштелерине, жер суу, мазар ээлерине жана дүйнөдөн өтүп кеткен 124 миң пайгамбар бабаларыбыздын рухтарына, Манас Ата, Адам Ата баштаган бардык ата-бабаларыбыздын рухтарына, өзүмдүн 7 чоң ата, чоң эне, 7 тайата-тайене,7 кайын журт ата-энелеримдин рухтарына багыштадым.

Кыргызстандын түндүк-түштүк, чыгыш-батыш тараптарында аттары аталып, аталбай калган касиеттүү аталарыбыздын, ак жоолукчан апаларыбыздын, жалпы адамзат пенделердин рухуна багыштадык. Ушул

сыйынуунун сообу менен билип-билбей кетирген күнөөлөрүн кечирип, жаткан жерлерин жайлуу кылып, топурагын торко кылагөр! Жаткан жерлерин кеңейтип, караңгы көрдү жарык кылып, жандарына жаннаттан орун берегөр!

Оо, Жараткан Алла Таалам! Ушул өзүңө сыйынган пенделердин тилеген тилектерин кабыл кылып, ден-соолук сурагандарына, ден-соолук, урпак сурагандарына урпак , бак жолу ачылбагандардын бак жолун ачып, эки дүйнөнүн кызыкчылыгын көргөзө көр. Иштеген иштерибизди ийгиликтүү кылып, ырыскы, береке берегөр!

Жер планетабызга, жалпы адамзатка, кыргыз элине, жерине мээримиңди, нуруңду жаадырып, ар бир пенденин жүрөгүнө ыймандын нурун толтурагөр! Жерибизди, элибизди бөөдө кырсыктан сактап, каралыктан тазалап, жамандыктан коргоп, жакшылыкта колдойгөр! Ар бир адамзаттын пейилин оңдоп, жандүйнөсүн арылап, ак жолуңа баштайгөр! Билип-билбей кетирген күнөөбүздү кечирегөр! Оо, Жараткан, Уңгу Талаа! Кыргыз элине жандүйнөсү таза, жүрөгүндө ыйманы бар, материалдык байлык менен руханий байлыкты бирдей алып жүргөн, аң-сезимдүү эл башчы жиберегөр! Жалпы адамзатка байлык бакыт, ырыскы, ден-соолук берегөр! Мамлекетибиз гүлдөп өнүккөн өлкөгө айланып, элибиз эч нерседен кем болбосун, эч нерсеге зар болбосун. Жеримде тынчтык, элиме кут орносун!

Оо, Жараткан Улуу Теңир! Бардыгы сенин гана буйругуң, сенин гана жардамың менен! Биз сага гана баш ийип, сага гана ишенебиз. Сенин касиетиң чексиз! Оо, Жараткан Уңгу Таала! Ушул кылган сыйынуумду кабыл кылып, жандүйнөбүзгө жарыгыңды чачып, мээримиңе бөлөйгөр! Оомийин!!!

**Менин апам**

Сыр бөлүшкөн апам менин жакыным,
Бул дүйнөдө теңдеши жок асылым.
Текке кетпей бизге арнаган өмүрүң,
Түгөнбөгөн сый урматка татыгын.

Кайрыма:
Менин апам аялзаттын сулуусу,
Мээрим төгүп нур чачырайт көзүнөн.
Менин апам адамзаттын улуусу,
Жандүйнөмө кубат алам өзүңөн.

Үмүтүңдү актап гүлдөй өнөйүн,
Капа кылбай зор бакытка бөлөйүн.
Жаным апа таазим этип өзүңө,
Кучак жайып нур жүзүңдөн өбөйүн.
Өсүп келем эч нерседен кем болбой,
Жаным апа кучагыңда эркелеп.
Ойлономун тилегиңе жеткирип,
Ак сүтүңдү актасам деп эртерээк.

Менин апам аялзаттын сулуусу,
Мээрим төгүп нур чачырайт көзүнөн.
Менин апам адамзаттын улуусу,
Жандүйнөмө кубат алам өзүңөн.



**Канышай Абдыбалиева** — 1957-жылы 9-январда Аксы районунун Кызыл-Жар айылында туулган. Казань Мамлекеттик Университетин бүтүргөн. Педагогикалык илимдин кандидаты. Кыргызмаммедакадемиясынын медбиофизика кафедрасында ага окутуучу болуп эмгектенет.

**Чыңгыз дүйнө**

Акбаранын көз жашы,
Дайра болуп далдал кеткен.
Ташчайнардын улуганы,
Озондолуп Айга жеткен.
Солк эттирип Жер шарын,
Чыңгызхандын ак булуту
Кайгы болуп муң болуп,
керектерин Евразия,
элдеринин чайып кеткен.
Сергектенип, сээлдеп
тазаланат жандүйнөбүз.
Чыңгыз дүйнө
Чөгөргөн катарсистен.

***

«Жа-мий-лаа!» - деп ырдасам,
Данияр келет эсиме.
Жүрөгүм самап кыйбасын,
Кайырат мөлтүр кезиме.
«Жал-жал-ыым!» - десем, кайрыгым,

Жалбарат Асел жүзүнө.
Жаштыктын сырдуу арманын,
Жашыргам көңүл гүлүнө.
«За-ри-паа!» - деп зарыгам,
Үнүндө Абуталиптин.
Өкүмзар заман тарынан,
Өксүгөн элим кайырдин.
«Гүлүмка-ан!» - коңур добушта,
Илеби урат Бостондун.
Көкүрөк тиреп комузга,
Жандүйнөм ырга кошконмун.
Бахиана бак күтүп,
Жалгыздык жолго аттанган.
Эгизин таппай жүрөктүн,
Монашка тагдыр арбаган.
Улуу күч Балык-Аялды
Өмүрдөй күткөн Мухиттей,
Күтөмүн жарды жайдары,
Элиме бүткөн үмүттөй!

**Кызыл жоолук жаштыгым**

Кызарып бышкан алчадай,
Кыргыек куштай шаңшыган.
Кызыл жар кызы пахтадай,
Курбужан дилгир Бактыкан.
Ильястын ырын созгондо,
Шамалы келчү Долондун.
Калчу эмес жүрөк козголбой,
Кайрыгы термеп Обондун.
Депутат кылып көтөргөн,
Айылым Чыңгыз аганы.
Ырыңды угуп көшүлгөн,

Термеген кошо Ааламды.
Кызыл-Жар. Чыңгыз. Жаштыгым —
Кыпкызыл дүйнө башаты.
Оо, Мезгил! Неге шаштырдың,
Кыярбас кезди сактачы.
…Кылдуу бүчүр жаштыгым.

**Абуталип арманы**

Зарипа! Өмүр тирегим,
Жаныңа балдар жар болсун.
Кайтпаймын, аны билемин,
Кудурет сени колдосун.
Балдарым: Даут, Эрмегим,
Дүйнөгө курган бекетим.
Бороонду болчу жашообуз,
Түз болчу элге ниетим.
Тартып жолум Таңсыкбай,
Ташыркап калды туягым.
Каран күн өтсүн кыялай,
Актоого жаным кыямын!
Улансын өмүр, уланат,
Катаал да өтсө бекетте.
Жаз нуру сүйүп суранат,
Жүзүңдү буруп бекитпе.
…Өмүрүм тамды бекетке.

**Дүйнө бүтүн**

Дүйнө бүтүн, Аалам чулу, бүкүлү,
Ар борибиз анын түзгөн күкүмү.
Агып-агып, аңтарылып кетпесин,
Айтматовдун эсте турсун бүтүмү:
« - Бир кайыкта, кайгыда да, эргүүдө,

Адам уулу түйшүк тартып келүүдө.
Тыным албай өнүп-өөрчүп турбаса,
Туш болосуң туңгуюкка, кемүүгө.
Бүтүндүгүн сактап, улам жаңыртып,
Акыл кенчин урпактарга бергиле».
Табиятка өзөктөшпүз, сыйлайлы,
Кыяматтын жеткирбөөгө чегине!

**Багбан**

Эрте жазда Күн нуруна эреркеп,
Жаңыртууга Багыбызды,
Түптөө үчүн Бактыбызды
Бардык үй-бүлө мүчөлөрү
Сабыр менен иштесин.
Дүйнө эли
Келечектен үмүткөр
Азиянын
Арстандарын билишсин!

**Карлыгачтар**

Жазда учуп келишкен,
Карлыгачтар өз мекенин
сагынып.
Жүрөктөрдү эриткен,
Эркиндиктин эрөөлүнө
чакырып.
Кызгалдактар,
Жайнап жандай чыгышты.
Баатырлардын,
Кып-кызыл нур кандары.
Жоготкула,
Көкүрөктөн жулуп-жарып

кылмышты.
Күнү болгон,
Курман өткөн
жапжаш
бүчүр балдардын!
…Карлыгачтар,
Эркин учуп, учу-уп алгыла!

***

Кайышкам,
таарыныч чогулган
чөйчөктөй ызадан жарылгам.
Каарыган
бул турмуш камылгам
жогунан жон терим айрыган.
Какшыдым,
чөлдөдүм, аксыдым,
желине желпинбей Аксымдын.
Саксындым,
ушактан шак сындым,
күүсүнө зар болдум жакшы Ырдын.
Эңседим,
эсиме кеч келдим,
элирген кезиңди кектедим.
Эх, Сени!
Баёо Нур Кездерим,
Мезгилдин селине кептелдиң.
Түтпөдүм,
Ишенчим, түгөндүң,…
…Түйүлдүк ырларым, күмөнүм, -
Күчтөрдүн
Жаныган бүлөсүн,
Азуусун майтарып, түптөлдүң!



**Кайырбүбү Чолпонкулова** – 1957-жылы 27-ноябрда Кара-Буура районунун Тельман айылында туулган.

КМТУнун экономика факультетин бүтүргөн.

**Жеңиш келген ынтымактуу эл үчүн**

*Улуу жеңишке 69 жыл*

Бир миң тогуз кырк биринчи жылында,
Жыйырма экинчи июнь айдын таңында.
Эмгекчил эл эч капарсыз жатканда,
Фашист бизге согуш ачкан тарыхта.

Бейпил жаткан элге бүлүк салганда,
Максат коюп тукум курт кылууга.
Чагылгандай басып алуу “Барборос”,
Ач көз план ишке ашпай калганда.

Кара булут каптап элди бир паста,
Кыйын учур келген элдин башына.
Совет эли бир муштумга түйүлүп,
Мекен үчүн канын төккөн майданда.

Келишимди бузуп согуш ачканда,
Эл ишенген чындык жеңип чыгаарга.
Эл башына мүшкүл түшүп турганда,
Азаматтар аттанышкан казатка.

Ошондо эр, шер Манастын урпагы,
Таанымал го, дүйнөгө анын атагы.
Панфиловчу 28 баатырды,
Сыймык менен эстейт элдин бүт баары.

Темирдей бек тартип болгон элимде,
Артка качуу болгон эмес дегеле.
Мекен үчүн төшүн тосуп ДЗОТко,
Эр Чолпонбай — үлгү болгон бүт элге!

“Артка жол жок! Алдыбызда Москва» —
деген ураан, болгон ар бир адамда.
Эң бир күчтүү куралданган душманды,
Билгин урпак!
Жеңген элдин ынтымагы чынында.

Бир жакадан, бир жеңден кол чыгарган,
Жеңиш келген ынтымактуу эл үчүн.
Жеңиш келген, жеңген үчүн караны ак,
Көп улуттуу максаты бир эл үчүн.

Түмөндөгөн алды өмүрүн адамдын,
Унутулбайт эрдиктери алардын.
Акыйкаттык болгон жерде — жеңиш бар,
Бабалардын арбагына миң таазим!

Жогол согуш! Дүйнө элинде тынч болсун,
Ар бир элде күлкү болсун, ыр болсун!
Эл достугу ынтымагы ширелип,
Жергебизде Жеңиш майрам кут болсун!

## Кубатым элим

Мен кубатты, күчтү кайдан аламын,
Ыйык мекен Ала-Тоодон табамын.
Ынтымактуу, ырыскылуу элим бар,
Демиме дем, күчүмө күч кубатым.

Баалай билген эмгегиңди, өнөрдү,
Менин элим эң таланттуу өнөрлүү.
Рух дүйнө байлыгына баа берген,
Улуу элбиз дүйнө элине белгилүү.

Улуулукту айтып турат Манасым,
Комуз күүсү сүйлөйт элдин тарыхын.
Акындар бар кара жаак жез таңдай,
Улутумдун коргоп келген намысын.

Теңир сүйгөн телегейи тең элбиз,
Жаратылыш байлыгы мол кең элбиз.
Алмустактан тааный билген теңирин,
Сезими күч, айкөл, баатыр, шер элбиз.

Байлыкка мол касиеттүү жерибиз,
Тили, дили, ниети таза элибиз.
Адашпастан өз улуттун жолунан,
Алга карай арыш алган кезибиз.

## Манасчылык

Манасчылык кыргызыма энчиленген,
Кудуреттүү улуу теңир сүйүп берген.
Манасты аян менен баян кылган,
Манасчы  дүйнөсүнүн сыры терең.

Манас кут - Манас улуу - аң сезимден,
Кулачын жая берет дүйнө кезген.
Бир бирин кайталабай жаңыланган,
Өркүндөйт Манасчылык аян менен.

Аян менен айтылып баян келген,
Касиеттүү дүйнө бар кайып деген.
Карытып кылымдарды Манас аалам,
Кыргызды сактап келген кырсыктардан.

Жайылткан аруулукту айкөлдүктү,
Манасчылык өнөрдүн туу чокусу.
Улуу сөз улуу күчтөн тараган дейт,
Манасчылык түгөнгүс сөздүн кенчи.

Манасчы сөздүн кутун тараткандар,
Төбөдө сөздүн ээси жараткан бар.
Ааламдан маалыматты алып турган,
Көпүрө асман жерге манасчылар.

Нурданат бүтүн денең угуп Манас,
Жан дүйнөң тазаланып алас-алас.
Сакайып тумоологон балаң дагы,
Айыккан ыландаган малың дагы.

Манасты жараткан эл Манас угат,
Манастан арууланат тазаланат.
Манастын куту күчү келген учур,
Жараткан кыргыз элди колдоп турат.

## Бир бололу, кел жаным

Ай жашынып, ала булут артына,
Жылып барат, күн чыгыштан батышка.
Көп узабай чыкты кайра сулуу ай,
Караңгы түн жарк дей түштү бир паста.

Мандайымда жарк деп, сенин турганың,
Айдай жарык сулуу селки чырайың.
Тушап койду, бүт дүйнөмдү бастырбай,
Чечип койчу, табышмагын айдайым.

Колумдагы кызыл гүлдү сунганым,
Ак сүйүүмдү сага арнап турганым.
Алоологон сезимдерди өчүрбөй,
Жакын келчи, жаным сүйгөн жалжалым.

Түшүн жаным, мени дагы аягын,
Сен деп турган, жалын менин абалым.
Ташкындаган жүрөктөгү сүйүүнүн,
Тосуп алчы толкундарын сурарым.

Көздөрүңдөн жылуулукту байкадым,
Мен да сага, сен да мага ыктадың.
Жүрөктөрдүн сүйүүсүнө багынып,
Бир бололу, түбөлүккө кел, жаным.

## Сүйүү оту

Бир ирмемде жүрөккө от тамызган,
Бактым белең бешенеме жазылган.
Бул ааламда болсо дагы көп адам,
Бир гана сен көз алдыма тартылган.

Бир заматта көңүлүмдү арбаган,
Сыйкыр белең, сүйүү отун тараткан.
Ант бериштик айлуу түндө ай күбө,
Өчүрбөскө ыйык отту жагылган.

Сен деп жүрөк сагынычы тарабай,
Жоолугууну күтөт жүрөк чыдабай.
Тагдыр бизди табыштырган ал күндү,
Жүрөгүмө сактап келем тумардай.

**Тагдыр**

Жаным кейип ооруп турат жүрөгүм,
Жанымда жок жарпым жазган түгөйүм.
Жазуу тагдыр буйрук экен бешене,
Жалп деп өчтү, күлгүн сенин өмүрүң.

Өттү, кетти, жаштык кезим кымбатым,
Өрттөй эле ал кездерим жалыным.
Өлүм келип, алам десе ажалың,
Өлөбүз бир дечү элек арманым.

Өттү күндөр өттү жылдар арманым,
Өкүт менен күрөш менен жаш чагым.
Өтмөк доордун өтүп жатам сындарын,
Өзгөрүүсүн күтүп ички дүйнөнүн.

Таалайыма жазган экен тагдырым,
Түгөйүмдөн жалгыз калдым, айрылдым.
Турмуш мени чыйралттың го абыдан,
Түшүмдө жок үч уктасам бул арман.

Анткен менен, жашоо деген уланат,
Ая тагдыр, башка кылба кыянат.

Адам ата, Обо энеден тараган,
Аял эркек бир жашоого жаралат.

Адеп, ыйман, туура жолдо балдарың,
Азамат эр  бойго жетти туягың.
Алла Таала тең салмактап адамдын,
Ар бирине берет тура таалайын.

Азгырылба, алданба деп эч кимге,
Ар-намыс күч жүрөгүмдө эркимде.
Айгинелеп сенин кимиң экенин,
Алып чыгат эмгек акыл бийикке.

Канткен менен, жалгыздык бул жалгыздык,
Кээде күлөм, кээде ыйлайм, ызалык.
Кубансам да, кайгырсам да тең бөлүп,
Көңүлүмдө  ырым турат дем берип.

Ачып сырын ыр дүйнөгө баш багып,
Аруу сезим жан дүйнөмө жар кылып.
Ар бир күндү жакшылыкка айлантып,
Аалам кезем үлгү ырды таратып.

Алгалайын, алтын доорду утурлап,
Ар бир күндү ыйык тутуп баалап.
Артка таштап  өкүнүчтү өткөндү,
Алтын доорго кирип барам жаркырап.

**Таңкы  сереп**

Агарып айланага таңым атты,
Мемирейт, тынчтык, тынчтык, кандай жакшы.
Көрүндү аппак кийген тоо чокусу,
Ала-Тоом, ак пейилдүү кыргыз калкы.

Каркылдап канаттуулар кетип жатты,
Топ болуп бир туугандай бир максаты.
Күз келип жылуу жакка жол тартышып,
Келгенче аман бол дейт кыргыз калкы.

Аңгыча күн энем да нурун чачты,
Бүт аалам жылуулукту туюп жатты.
Аз аздап айланага кыймыл кирип,
Башталды бул жашоонун машакаты.

**Табигатка таазим**

Айлана кызыл-тазыл жашыл кийет,
Килемди төшөгөндөй көрктү берет.
Суктанып табигаттын сулуулугун,
Миң ирет таазим кылып өпкүң келет.

Көз жоосун алган сулуу жаз айынан,
Боёксуз сүрөт тартып койгуң келет.
Дем алып кере-кере таза абадан,
Көк шибер кучагында жаткым келет.

Төбөдө көпкөк асман көмкөрүлүп,
Көйкөлүп жер энемдин көркү чыгып.
Суктанып асман жердин ортосунда,
Мен турам табигатка таазим кылып.

Трууган жер көздөн учуп сагынгандай,
Жыл сайын жазды күтөм сүйгөн жардай.
Көркүңө көзүм тойбойт кең мекеним,
Жашаймын өз жеримде падышадай.



**Жумакан Атакулова** — 1958-жылы 10-январда Сузак районунун Жалгыз-Жаңгак айылында туулган. Самарканд шаарында Куйбышев атындагы соода институтун бүтүргөн. Россия Федерациясында челноктук бизнес менен алектенет.

## Ыр дабан

Көп буйдалдым, өзүмө-өзүм ишенбей,
Көпкө ойлондум ыр ышкысын кишендей.
Мен түшүнүп көзүм жеткен жери ушул,
Жакшы ырлар жазылбасын түйшөлбөй.

Көпкө жүрдүм багытымды таба албай,
Жазаар ырды убагында жаза албай.
Колдон келбес оор түйшүккө кол урдум,
Капка салып теменени ката албай.

Көпкө жүрдүм өзүмдү-өзүм ачалбай,
Ыр сепилден буйтап өтүп качалбай.
Коркуп турам жүрөксүнүп азыр да,
Ыр дабандын ашуусунан ашалбай.

## Арзуум сага

Сага деген арзуудан ыр курадым,
Жан дүйнөмө жаз келип кулпурамын.
Эси кеткен эселек кыз сыяктуу,
Эске келбей токтолгон жаш курагым.

Баш айланткан бакыттан башым туман,
Баш бербеген кыялды кантип тыям.
Кудай ушул бактымды кут кылчы деп,
Жараткандан жалбара тартып сурайм.

Жан биргеме ак дилден арнайын деп,
Талантымдан татыктуу ыр сурадым.
Жан дүйнөңдү жашартып жадыратып,
Жаз жыттанып гүл болуп кулпурайын.

**Өзүң болдуң табылгам**

Жан адамга ийилбеген мендейди,
Жан дүйнөңдүн тазалыгы багынткан.
Өмүр бою издегенмин сендейди,
Өмүрдөгү өзүң болдуң табылгам.

Көз айнексиз көрүп турам дүйнөңдүн,
Кандай таза, кандай аруу экенин.
Сендей жандын арзуусуна татыган,
Мен да бактым тоодой аял экенмин.

Мага жагат көп мырзалык сапатың,
Айкөлдүгүң, ачыктыгың, тактыгың.
Сабыр сактап сүйлөгөнүң, тамашаң,
Ала-Тоодой бийиктигиң, марттыгың.

Мага жагат келишимдүү турпатың,
Султан боюң көк тиреген мунара.
Сен күлгөндө аалам жаркып кетет оов,
Суук көздөрдөн сак боло көр, садага.

## Салба жаным арманга

Бейпай өмүр өтмөк кем болуп,
Өткөн болсом сага жолукпай.
Телегейим тегиз бүт толуп,
Өзүң менен дүйнөм толуктай.

Башкаларга көптүн бирисиң,
Көңүл буруп бирөө койбогон.
Мага болсо жигит пирисиң,
Шаймардендин өзү колдогон.

Кандай бакыт кандай ырахат,
Сенин барың ушул жалганда.
Жанымда жүр, дайым жаркылдап,
Салба жаным мени арманга.

## Жанымды дагы канча карыштаймын

Кусанын сур жоргосун камчыланам,
Армандан ала куржун артып алгам.
Артынан сая түшүп издеп жөнөйм,
Санаксыз сан ойлордун сапырылган.

Көз жашка жаздыгымды чылап коюп,
Сагынуунун сар кирпичин кынап коюп.
Уктабай узун түндө ушаланам,
Бош калган жаздыгымды сылап коюп.

Санаадан санаа термеп чабыттаймын,
Ойлордон чарчадымбы, чалыштаймын.
Оорубай онтоттурган бул күйүттөн,
Жанымды дагы канча карыштаймын.

## Кара ырлар

Өзүмдөй кара көйнөк кийип алган,
Кара ырлар жазылдыбы?
Түнөргөн сур булуттай,
Кара бактан жем издеп чурулдашкан.
Кара таандай кара ырлар эмне издейт,
Карайлаган жан дүйнөмдөн.

Ийненин көзүнчөлүк шоола бербей,
Тосуп алган жылчыксыз.
Караңгы ыр күркөдөн,
Шыгырап чыгып жатат кынтыксыз.
Тизилишкен кара ырларды,
Кырып таштап кара таандай.
Качып басып кетсемби кашайгырды,
Сенсиз жашоо жанга батты…

***

Ичим ысыйт от калап койгон сымал,
Көөдөн жарган үшкүрүк тоо бузчудай.
Дактаган май сыяктуу сызгырылам,
Күйүт мени жеп барат сүлүк курттай.

Күнбү, түнбү, эртеби же күүгүмбү,
Өткөн күнбү, эртеңби же бүгүнбү?
Мага эми бары бир, мааниси жок,
Бул кунарсыз жашоонун куну бүттү.

Өлдү дешке мен сени кантип кыям,
Көнөктөгөн көз жашты кантип тыям.

Сен батпай кетип калган бул ааламга,
Мен сенсиз кантип жашап, кантип сыям?!...

**Арман эмес**

Арман эмес сенин эрте кеткениң,
Арман эмес сен деп көз жаш төккөнүм.
Арман болмок эгер сага жолукпай,
Арзуу даамын татпай жашап өткөнүм.

Арман ырын, азап ыйын чектейин,
Айылынан кайгы муңдун четтейин.
Өзүң деген өчпөгөн от жүрөктө,
Сапар улап өрдү көздөй беттейин.

Жетээр эми сен деп көз жаш төккөнүм,
Өксүгөндөн толбоду орду бөксөнүн.
Күдөр үзүп бараткансыйм өзүңдөн,
Кайтпас жакка кетип калган көктөмүм.

Эми өзүмдү өзүм колго алайын,
Бул жашоонун агымында агайын.
Өзүң деген дартым күчтүү билесиң,
Айыгуунун жолун издеп табайын.

**Тагдырыма**

Тагдыр сени, кантээр экен деп койсом,
Жетегиңде жер сойлотуп жүргүң бар.
Тартып алып таалайымды көрүнөө,
Табааң канып, так секирип күлгүң бар.

Билсең тагдыр, мен өзүңдөн бийикмин,
Ачуу, таттуу баарын жеңип келгенмин.
Эгер сенден чабалыраак болгондо,
Алда качан ат үстүндө эңмексиң.

Шашпа тагдыр, сени менен кармашам,
Кетпей кегим, өлбөй өчүм албасам.
Жашаганды үйрөнөмүн жадырап,
Бактым үчүн жалын болуп жанбасам.

***

Өмүрдү өлүм жалмап тойбойт тура,
Жакшыны жашасын деп койбойт тура.
Жакшылык жаратkандан тилесең да,
Тилегиң орундалып болбойт тура?

Бир бакыт бир башыңа конбойт тура,
Болсун деп болжогонуң болбойт тура.
Жакалап океанды бурсаң дагы,
Жашооңдун бир бөксөсү толбойт тура.

«Өлүм» деген өкүмзар кайдан келген,
Өзөгүңө от коюп өрттөп кеткен.
Таалуу жериң так мээлеп бута кылып,
Таамай тийген ок болуп көзөп кеткен.

Силерге көз тийди дейт көргөн, билген,
Тагып койсом көз мончок болмок экен.
Султанымды суук көздөн сактай албай,
Шум ажалга алдырып койдум бекен?



**Анара Байчүкүева** —1958-жылы 16-январда Жумгал районунда Кызарт айылында туулган. КМУнун филология факультетин аяктаган. Учурда Улуттук китепканада иштейт.

**Жумгалым — Алтын Ордом**

Жумгалым көңүлдөгү ырым толгоом,
Жумгалым жүрөктөгү сүйүүм толгон.
Кылымдардан кылымга жашап келген,
Жумгалым асыл жерим — алтын ордом.

Эл жериме берген экен жаратканым,
Кереметтүү касиетин табигаттын.
Жаратылыш тартуу кылып ырыскы,
Кара-Кече кара алтын байлыгын.

Бийик ашуу Кызарт, Жумгал дабаны,
Сулуу төрү Килемченин арасы.
Тартып баарын табияты арбаган,
Мелтиреген Соң-Көлүмдү карачы.

Сандык, Көлмө, Ок-Торкою жайлоосу,
Көз тайгылткан коздугун саначы.
Жашыл шибер мөлтүр булак тоо суусу,
Канбай турам Жумгал жерим карачы.

Кышы узак жайы салкын абасы,
Түркүн куштар Баатай-Ата аралы.

Аска зоосу куштар үнү салтанат,
Сонуркатып, суктандырат карачы.

**Ыр төрөлдү**

Толгоо тартып таң атканча кыйналып,
Ыр төрөлдү гүл жыттанган, аңкыган.
Кадимкидей дене боюм балкылдап,
Сүйүп турдум ырымды мен жаркыган.

Таңдын аппак нурларына чайынтып,
Жаздыгыма катарыма калтырдым.
Кирпиктерим нымдалыша жабышып,
Таттуу уйкуга арбалгансып бараттым.

Түшүмдө да ыр жаратып жатыпмын,
Күндөй болуп илебинен от жанган.
Алаканга салып аны жыттадым,
Эргип сылап ырларымды нур чалган.

Өңүмдө да түшүмдө да жаралган,
Бул ырларым ыр сүйгөнгө арналган.
Нур төгүлүп толуп турган саптары,
Жашаса дейм жүрөктөрдө сагынган.

**Жаша эже гүл болуп**

*(Кыргыз эл акыны Г.Момуновага)*

Гүлсайра эже гүл экенсиз жайнаган,
Гүлсайра эже булбулсузбу сайраган.
Ар бир жазган ыр дүйнөңүз керемет,
Ыр сүйгөндөр жүрөгүндө сакталган.

Сыр дүйнөңүз түгөнбөгөн байлыктай,
Канчалаган сыр керемет катылган.
Ыр дүйнөңүз ачыла элек сандыктай,
Жатса керек далай ырлар жашынган.

Акын кыздар арасында улуусуз,
Келбеттиңиз келишимдүү, сулуусуз.
Кышта жааган аппак кардай пейлиңиз,
Кыргызымда барктуу жана улуксуз.

Жүрөгүңүз кыргызым деп кагылган,
Ырларыңыз адамдыкка чакырган.
Тээ илгери тигип койгон дарактай,
Мөмөлөрү ырга айланып чачылган.

Жаша эже жайнай бергин гүл болуп,
Жаша эже жүрөктөрдө ыр болуп.
Байрагыңыз бара жаткан бийикте,
Артыңыздан көтөрөлү сап болуп.

Талантыңыз ташкындасын дайрадай,
Тамчылары ыр булакка айланган.
Булагыңыз мүрөк болуп соолубай,
Жашай берсин түбөлөккө жаркырай.

**Жаркылдаган кутсуң сен**

Айланага чачып нурдун жарыгын,
Жаркыраган бир керемет жансың сен.
Жолукканда күндөй болуп жарк эткен,
Ар бир сөзүң кубат берген кутсуң сен.

Улууларга кичи пейил жароокер,
Жаңы чыккан ай сыяктуу шамсың сен.

Жашоолорго нурун чачып жаркыган,
Жарашыктуу кызыл гулсүң, кызым сен.

Сүйкүмдүүсүң, балдарыңа энесиң,
Жолдошуңдун сырдуу сүйкүм жарысың.
Пейлиң кенен меймандосуң садагам,
Жарык маанай тартууладың дайым сен.

Асылынан аялзаттын жанбагын,
Улуу жолду басып кызым талбагын.
Үйдүн куту желбиреген желегиң,
Чыгарбагын, бекем карма ардагым.

**Атакебай**

*Атам Жумашукуров Байчукунун жаркын элесине*

Түйшөлүп..
Капаланып сени эстедим,
Кыш түшүп..
Жаздай эмес көңүлүм жай,
Түшүмдө тегеренсе элестериң.
Түнөрүп капаландым атакебай.

Колдоруң..
Атакебай колдоруң ай,
Мал баккан..
Жер айдаган, арык чапкан,
Катыңкы шуудураган алаканың,
Биз үчүн түйшүктөнгөн ысык суuктан.

Түйшөлүп..
Капаланып атакебай,
Кыш түшүп..

Кыроолонду кабак кейпим.
Элесиң эстен кетпей  атакебай,
Жумушка таңдан туруп кеткен кезиң.

Эстедим ..
Мен тарапка бурулгансың,
Көздөрүң мээрим чачып атакебай.
Унутпайм..
Сылап кеткен бешенемди,
Жып-жылуу шуудураган алаканың.

Элестер..
Тынчтык бербей бушайманмын,
Санаалар..
Тынч уйкуну бузат дайым.
Элестеп балачагым, Жаңы—Арыгым,
Атаке ай, шаарга мени узатканың.

**Сүйүүнүн бийиктиги**

Алдыма келгениңде башыңды ийип,
Жылдыздай төгүлүпмүн жанып күйүп.
Бирок да сыр билгизбей бир өзүңө,
Кечирбейм, кетчи дедим  ичиркенип.

Мөгдүрөп кетпей турдуң тизе бүгүп,
Чолпондой жанып турдум ичим жылып.
Бирок  да сездирбестен ал сезимди,
Кечиктиң, кетчи дедим мистейгенсип.

Кечирчи дедиң болбой, жалбарасың,
Колумду коё бербей улам кысып.
Алтыным аячы деп кучак жайсаң,
Чыдабай кучагыңа жыгылыпмын.

Жыгылдым кучагында сезип турдум,
Сагынган таарынычтын илептерин.
Көңүлдү жаз күнүндөй ээликтирген,
Сүйүүнүн улуулугун, бийиктигин.

**Китептер — акыл кенчи**

Алтындан кымбатсыңар акыл кенчи,
Китептер катар, катар тизилишкен.
Колго алам күндө бир маал эринбестен,
Китептер жан досумсуң — сыр чечишкен.

Көөдөндөн оргуп чыгып жаралышкан,
Акындын туптунук ойлору бар.
Сызылып жүрөгүнөн кан тамырдан,
Арналган адамзатка улуу саптар.

Жараткан тартуулаган акылманга,
Жазууга китептеги акыл кенчти.
Ардактап жеткирүүгө окурманга,
Алтындан кымбат турган акыл кепти.

Талыбай окуй берсең окурманым,
Ачылат көз алдында кооз аралча.
Барактап бара берсең китеп бетин,
Жашоого жол көргөзөт нурун чача.

Акыл кенч асылдыгын баалай билип,
Китепти каректердей сактап жүргүн.
Билимдин ааламына эшик ачып,
Акыл кенч жашообузга керек бүгүн.

Жүрөгүм ооруксунат көрүп калсам,
Жыртылган ушаланган китеп четин.

Адамдар болгулачы акылдуураак,
Айрыбай китептеги акыл кенчин.

Ардактап өмүр бою сүйөлүчү,
Бөпөлөп багып, сыйлап китептерди.
Байытып руханий жан дүйнөнү,
Алалы китептеги акыл кенчти.

**Тагдырым берген шеригим**

*Өмүрлүк жолдошума*

Тагдырлаш өмүр шеригим,
Жүзүндөн тамат мээримиң.
Жалындап жаштык кезимде,
От болуп сага эридим.

Тагдырлаш өмүр шеригим,
Карегим сага кададым.
Кымбатты сендей таппасмын,
Кыдырсам дүйнө жарымын.

Тагдырлаш өмүр шеригим,
Жайлоосу сенсиң жайымдын.
Кыдырсам жаз, күз мезгилин,
Жайдары сендей таппасмын.

Тагдырым берген шеригим,
Дилимден сага берилдим.
Кутманы, куту өзүңсүң,
Ырыскы толгон үйүмдүн.

## "Кыздар айдын" кыздары

"Кыздар айдын" кыздары,
Жоодураган жарсыңар.
Ыргалышкан талдардай,
Ыр кумарлуу жансыңар.

"Кыздар айдын" кыздары,
Шаңкылдаган шатсыңар.
Гүлдөп турган гүлзардай
Гүл жыттанган жансыңар.

"Кыздар айдын" кыздары,
Ак тилектүү акындар.
Эл жүрөгүн эргиткен,
Алтын таңдай асылдар.

Гүл түрлөрүн гүлдөтүп,
Гүлзар кылып жаздыңар.
Уккан адам жүрөгүн,
Элжиреткен назсыңар.

Кудай сүйүп кут берген,
Биздин акын кыздар ай.
Алтын тилдүү ак таңдай,
"Кыздар айдын" кыздары ай.



**Гүлсия Ашыралиева** – 1958-жылы 16-апрелде Өзгөн районунун Кызыл-Тоо айылында туулган. Фрунзе шаарындагы Маяковский атындагы Кыз-Келиндер Пед институтунун физика-математика факультетин аяктаган. Орто мектепте физика жана математика сабагынан мугалим болуп иштеген. Учурда Россияда жашап, жеке ишкерлик менен алектенет.

***

Ымыркай жаңы көзүм ачып эле,
Ааламды караптырмын, айландырып.
Баладай бакырып көп ыйлабастан,
Жылмайып коюптурмун таң калтырып.

Бешикке бөлөп апам бактым деген,
Кудайдан тилеп атам таптым деген.
Алпештеп чоңойтконбуз, эми кызым,
Жашоодон өз жолунду тапкын деген.

Ата-энем сабаты жок болгон менен,
Сабактан жакшы оку деп талап кылган.
Сарп кылып эң акыркы чакаларын,
Окутуп билим ал деп «абад» кылган.

Бүгүн мен элүү бешти ашып өттүм,
Бир далай ой-чуңкурду басып өттүм.
Жолугуп татаал-тагдыр, тайгак кечүү,
Муңканбай жолумду түз ачып өттүм.

Ушул күн эне-атамды эстеп турам,
Өзүмө бул өмүрдү тартуу кылган.
Оо дүйнө өтүп кеткен асылдарым,
Эскерип куран окуйм, таазим кылам.

***

Өзүмө-өзүм бүгүн согуш ачтым,
Болду эми мындан артык чыдабаймын.
Шашпай тур эми мына чыйралам деп,
Канчага мен өзүмө алданамын.

Түшүндүм мен өзүмдүн кимдигимди,
Алсыз бир жаралган же байкуш белем?
Бирөөлөр алдап койсо жонго таптап,
Ишенип моюн сунуп кала берген.

Түшүнүп бүгүн турам кимдигимди,
Боорукер жаралган бир байкуш экем.
Болбосо мейли менде, сен алчы деп,
Акыркы ооматымды ага бергем.

Түшүндүм ким экеним бүгүн гана,
Тартынчаак жаралган бир жалтаң экем.
Көңүлүн албайын деп ооруксунтуп.
Өзүмдү курмандыкка чала берген.

Түшүндүм кандай болуп жаралганмын,
Көңүлүм жумшак экен өзгөлөрдөн.
Жамандык ойлобогон эч бир жанга,
Жашоодон жакшы күндү эңсеп келем.

Өзүмө бүгүн минтип согуш ачтым,
Өзгөрүп болоюнчу кара мүртөз.

Өчөшүп бирөөсүн да карабаймын,
Өзгөчө тутунайын башка мүнөз.

Өзүм деп кайра башка жаралайын,
Өзүмдү күзгүдөн бир каранайын.
Өпкөлөп турса дагы кай бирөөлөр,
Өзүмдөн башка жанды санабайын.

А бирок, Жараткандан кечир дейин,
«Өзүм» деп айтканымды кечирбеймин.
Теңелип элсиз жүргөн айбандарга,
Адамдык абийримди кетирбеймин.

**Агын ач дагы көп кыздын**

Ырларың кылым карытаар,
Жүрөктүн жеткен түбүнө.
Куюлуп турат сөздөрүң,
Чачырап гүлдүн түрүнө.

Кыздардан чыккан акындын,
Чогултуп башын бир кылдың.
Бурулкан досум аман бол,
Багын ач дагы көп кыздын.

Мекеним-деп ыр жазсаң,
Мөлтүлдөп көздөн жаш тамат.
«Сүйүү» деп салсаң жарыя,
Көкүрөк чиркин жашарат.
Жүрө гөр досум саламат!

***

Бир кезде ыр жазчумун чубурултуп,
Калды алар ар кагаздын беттеринде.
Мектепте, же үйдөбү, чогулушта,
Калтыргам план жазган дептеримде.

Адатым ошол азыр дале калган,
Ыр келсе жаза калам алабарман.
Анан ал барактарды жоготом да,
Канчасын ошол бойдон таппай калгам.

Жакшы эле фейсбукту билип алдым,
Эми мен калган ырым сактап калам.
Чоң акын болуп китеп жазбасам да,
Жараткан мен ушуга топук кылам.

**Турсунайга**

Дардиңди укканга жан дос керек,
Сапарга чыкканга кан дос керек.
Чай ичип, сыйлашаар жөн дос керек,
Кыскасы адамга 100 дос керек!

Ошолор баарысы чогулганда,
Бүтүндөп тураарга бир дос керек.
Ал сенсиң, өзүнсүң Турсунбайым,
Ортодо ажырым болбош керек.

***

Жүрөктөргө түшкөн кара тактарды,
Дарылайт дейт мезгил өзү дарыгер.
Жашырылган компьютердин мээсине,
Тийип койсоң чыгат өзү, ала бер.

Дарылабайт убакытың бекер кеп,
Ал жөн гана өз ичине бекитет.
Сүйүп калуу көз ирмемдик болсо да,
Унутуурга бир өмүрүң бүт кетет.

Сүт үстүндө каймактаган көбүктөй,
Сүйүүм калган айтылбай да, көрүнбөй.
Күтүп өтөм өмүрүмдүн баарысын,
Таппайм бирок жүрөгүмдүн дарысын.

Азыр сени элестете албаймын,
Агаргандыр кундуз кара саамайың.
Кайда болсоң аман болсоң болгону,
Жер бетинде көп жашаарын каалаймын.

***

Күнүгө күтөм маалын иштен чыгаар,
Колумда телефонум улам карап.
Кабарын угуп алсам жакшы деген,
Калгандай сагынычым, бугум тарап.

Жан кызым, каражаным, кан тамырым,
Жалынып жараткандан сурай берем.
Өмүрүң узун болсун, бактың тоодой,
Акылың болсо деймин, көлдөй терең.

Берекем, асыл кызым Айганышым,
Тумарым, жыттап турчу жыпарымсың,
Кубанам сен жетишкен ийгиликке,
Агылып бүтпөс болсун, кут ырысың.

**Апамды сагынам**

Айткан сөзү апакемдин дары эле,
Кулагыма жаңыргансыйт дагы эле.
Азыр гана маани берип отурам,
Мен да өзүндөй апа болсом кана эле?

Баркын билбей өткөрүпмүн өмүрдөн,
Айткандарың укпай коюп кенебей.
Анан апа, кийин-кийин - дээр элем,
Дүнүйөгө түркүк болчу эмедей.

Апа, азыр зарыгамын баладай,
Билбегеним көп турбайбы аябай.
Акыл айтып маектешээр өзүң жок,
Келбес жакка кетиптирсиң карабай.

Пендечилик, өлбөй адам түгөнбөйт,
Артта калган балдар гана түгөлдөйт.
Жаткан жайын жайлуу болсун апам ай,
Бейиш болсун баскан жерин гүлзардай,

***

Аалам чексиз, чекесинде биз бир чекит,
Мезгил чексиз, өмүрүбүз көз ирмемдик.
Бирок да, кыска деген аралыкта,
Канча ирет чайпалбадык, көп иргелдик.

Артыма бир кылчайып карап көрсөм,
Өмүрдүн көп бөлүгүн өткөрүпмүн.
Аз жетип ийгиликке, көптү көксөп,
Көрүнчү көзгө жумуш бүтүрбөпмүн.



**Базарбүү Медетова** — 1958-жылы 21-ноябрда Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Улук-Коргон айылында туулган. Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун бүтүргөн. Азыркы учурда бизнес менен алектенет. «Не жөнүндө ырлары жалбырактын» ыр жыйнагынын автору.

**Жүрөгүмдү түнөтчү**

Ай суурулуп токтоп калды дөбөдө,
Наксырашып катар түшкөн чөмөлө.
Бытпылдыгын ичке катып бөжөйөт,
Чөп түбүндө бөгүп калган бөдөнө.

Обон созом. Түрмөгүндө камтыган,
Күндөрүм бар жаман жакшы артынан
Ээрчий жүргөн. Алда кайдан жел келет,
Сен мен жакка, мен чексизге тартылам.

Төгүлгөн нур тартып келет сүрөттү,
Ак чатырлар чарчабаган күзөтчү.
Көздөр эмес бар турпатың телмирет,
Жүрөгүмдү жүрөгүңө түнөтчү?..

Байландыңбы толкунуна үнүмдүн,
Башка болчу анын бараар сапары.
Жолум тоспо. Болбогондой түңүлгүн,
Жакшы гана санаалашым катары.

Калып калгын. Жетип жетпей биилигим,
Жүрөгүмдүн берген ырын жаратам.
Сенин эмес өз айламды таба албай,
Асман жердин ортосунда баратам.

**Ич дүйнөңө өзмүнбү?**

Ортобузду тең бөлгөн бөгөт баарын,
Эстегенде кең дүйнө мага тарып.
Кар уюлгуп кабагым, ичте жалын,
Ооруксунат жүрөгүм булкуп алып.

Кирпиктери бириндеп көтөрүлгөн,
Күн нурундай жагымдуу көздөрүңдү.
Тиктеп туруп… Табышмак көпкө жүргөн,
Ич дүйнөңө өзмүнбү? Өзгөмүнбү?

Удургуган көзүңдө жалынды айт,
Алоо чачып аз калам өрттөнүүгө.
Күйүп кетпей «бирөө бар» кантип чыгат,
Бууга айланып кетким бар көз көрүнөө.

Бул дүйнөгө бош келип, бош кетүүдөн,
Корктум эле, көңүлүм муюта албай.
Кайчы жолдо жолугаар экөөбүздүн,
Бешенеде жазылган буйругун ай...

Акыл менен, эс менен тизгин кагып,
Жолуктум да, жуурулуп турбадым а…
Жүрөгүмдү өйүтүп оору салып,
Ыракмат дейм, ыр берип турганыңа.

**Шамал издейм терезеден…**

Сенин үйүң… Сенин бөлмөң…
Сен уктаган керебет…
Күндө-күндө учурашчу
сага тааныш теребел.

Айды, күндү жаап-ачып,
Булут кызгылт күйчү эле.
Шуу деп кирип, тийип качып,
Шамал сени сүйчү эле.

Ай-күн издейм терезеден,
Булут көзү кызарып…
Керебетте оонайт шамал
уулуп-уңшуп. Кусалык…

кое бербей. Бир тууганым
Ыйлап-сыздап жүрөмүн.
Боздоп, боздоп бороон болсом,
Муздай беле жүрөгүң?!.

**Өзүң кел…**

Ныл дай жүк басып жүрөктө,
Өзүңдү каалап турсам да.
Кыйылтып туруп күн өттү,
Сызылып көзүм жумсам да.

Алыста туруп чакырба,
Кудурет жетпейт, бутум шал.
Көкүрөк өйүп ачынба,
Өмүрүм өтөөр бүтүм — ал.

Боюмду таштап дилимде,
Оюмду жайып алалбай.
Кыйналды жаным дирилдеп,
Ыйманды кыйып салалбай.

Сөздөрдүн огу сансыз да,
Дүрмөттөн алып күтүштү.
Өзүң — кел, мени ансыз да
жарадар кылып бүтүштү.

**Көзүм от сени издеген**

Түшүнбөй мага таарынып,
Бүтүндөй дүйнөм өрттөдүң.
Жалынды жиреп баарын ук,
Шагымды кыйып өтпөгүн.

Жанымды чокко кайырып,
Барымды төгүп салдымбы?
Нуруна көздүн кайыгып,
Кунуна сөздүн калдымбы?

Күтүүсүз жерден жар кулап,
Күтүүбүз кайда?... Күзүндө
Чыгынып жүргөн жалбырак,
Чыңырып барып үзүлмөк…

Сөзүм — көп, бирок айталбайм,
Көзүм — от, сени издеген.
Бурулуп артка кайталбай,
Буулугуп келем из менен.

***

Чөлдөн нөшөр күтөм… Онтоп
чөл тамчы да жаратпайт.
Көлдөн шарды күтөм… Коштоп
көл эч качан шар акпайт…

Дубанадай чыгам шашып,
Бутум мага ээ бербей.
Мен өзүмдөн өзүм качып,
Өзүмдү издейм кээ кезде.

Добушумду сылай таштап,
Толкунуна бороондун.
Токтоору жок кылым баскан,
Боздоп кезген бороонмун.

Болоор эмес болбосту издеп,
Көздөн жашым ирмелет.
Буулугам не?.. Түшүнө албайм…
бирок кыйнайт бирдеме…

**Түнөгүмдү издеп барамын**

Бут алдымдан кардын кычыры,
Суурулат да, ээрчип безилдейт.
Айыл үйгө чыккан апамды,
Бучкактаган бала кезимдей.

Боюн өлчөп түшкөн чыйырдын,
Сан артынан кадам таштайм да…
Ак булуттай келип чубалып,
Таноом менин тоңот абада.

Бет отумдун какшаганын айт,
Көкүл чачым бир аз ак чалып.
Кирпиктерим бубак жамынат,
Узун деле эмес анчалык.

Тилегимди коштоп үмүтүм,
Түнөгүмдү издеп барамын.
Саат токтоп… сени күттүрдүм,
Билем сага укмуш жагамын.

**Күлүп келет**

Күлүп келет көздөр күзгүдөн…
Оттуу. Сулуу Оо, бир азгырык.
Эски достой ысык ыманы,
Жалт каратып барат азгырып.

Шүүдүрүмдөй түшкөн таңдагы,
Кирсиз анын тиктей калганы.
Жебечелер тынбай узатып,
Жүргүнчүсүн абдан арбады.

Бар турпатын жашыл жаз кылып,
Бажыраят чиркин жашчылык.
Күлүп келет көздөр күзгүдөн,
Шарап ичкен сымал мас кылып.

**Токтоо бол**

Мынча не бууракандандың,
Мен сени айкөл ойлогом.
Бир айтып эле калбадың,
Чоңойтуп ишти болбогон.

Эбактан котур ташыңды,
Койнуңа катып жүргөнсүп.
Айыпсыз төккөн жашымды
аарчыбай… Аста күлгөнсүп.

Ишенчим менин тепселеп,
Заматта душман болдуңбу?
Сурайсың көптү чекмелеп,
Ортого чекит койдуңбу?

Токтоо бол достум ачууга,
Да бирөө ушак айткандыр.
Күлкүнү биздин басууга,
Коюлган сага капкандыр.

**Намыс кайда**

Жетпей туруп марага жыйналбачы,
Сырың катып, сызылып кыйналбачы.
Дуулдаган от сымак намыс кайда,
Бийлиги күч бирөөгө ыйгарбачы.

Кулунунан Манастын болуп туруп,
Мөлтүр суудай сезимди тооруп туруп.
Кагуу жеген баладай калып калдың,
Кадыр түндү башкага жолуктуруп.

Бийиктигим бар менин медер туткан,
Эрдик эмес эрки бош жанды уткан.
Эрегишсиз атыңдан түшүп берүү,
Тыйпыл болуп, тырп өлүү ууну жуткан…

**Менде калчы**

Бүгүн не дүйнөм мени кыйнап турат,
Нөшөрдө мажүрүмдөй ыйлап турат.
Жаштыгым жалын чачып от алалбай,
Кемедей бар үмүтүм кыйрап турат.

Буулуктум төгүлө албай тушанган не?..
Уу жуттум закым болуп узаган ээ.
Күндөргө кайрымжысыз кургак өткөн,
Үндөргө чөлдөн чыгып чөлгө чөккөн.

Эрте жаз. Киргилт-күүгүм. Муздак тамчы,
Өмүрдүн көктөм чагын эске салчы.
Ушу кез тутана албай турганымда,
Үмүтүм оттой жанып менде калчы?!..

**Бүтпөгөн ыр**

Буйгасы көп бейтааныш жолдор менен,
Агып келет адамзат, ашпайт, соолбойт.
Өмүр-арты, өлчөлүү болгон менен,
Тирүүлүктүн өзүнө ченем болбойт.

Үмүт менен өр таяп умтулабыз,
Карек кадап ой кулайт ат жалында.
Уттук дейбиз, өмүрдү уттурабыз,
Бийиктик бар бийиктин арт жагында.

Дарыяны багынбас көргөн менен,
Арык-арык суу кылып жыкса болот.
Булуттарды бырчалап бөлгөн менен,
Чагылгандын өмүрү кыска болот.



**Максат Жусупалиева** — 1959-жылы 10-февралда Өзгөн районуна караштуу Жалпак-Таш айылында төрөлгөн. Фрунзедеги КМУнун физика факультетин бүтүргөн. Учурда жеке ишкердүүлүк менен алектенет.

**Ак өргө**

Түндүгү — күн, ууктары — нурлары,
Кереге — жер, нурга толгон кучагы.
Босогосу — чексиз аалам башталыш,
Ак өргөсү кыргыз тарых барагы.

Ак өргөгө эл тарыхы жазылган,
Сезип туйсаң тамгасы жок окулган.
Кыргызымдын улуулугу ушунда,
Улуулардын мурастарын сактаган.

Ала кийиз, килем, туурдук, шырдагы,
Ак учугу көздөрүңүн нурлары.
От күйгөндөй коломтодо алоолоп,
Оюларда элдин жатат сырлары.

Ак калпагы Ала-Тоосу элимдин,
Пейилиндей койну кенен жеримдин.
Саамай чачтуу сулуу болот кыздары,
Саймасындай сыры бекем жеңемдин.

Намыска бек эли-жерин коргогон,
Эр жигити ат жалында ойногон.
Кут төгүлүп түндүгүнөн боз үйдүн,
Кыргызымды кызыр дарып колдогон.

**Айылым**

Айылым кучагыңа эркелеп келип турам,
Атыр жыттуу абандан кере жутам.
Бир заматта көңүлүм көтөрүлүп,
Тарагансыйт сага деген сагынч, кусам.

Жалгыз аяк ойноп баскан ичке жолдор,
Өзгөрүп даңгыр жолго айланыптыр.
Ал кездеги беш көкүл курбуларым,
Ак жоолукту башына байлашыптыр.

Бири ата, бири апа аталыптыр,
Жашоонун мыйзам чегин бузбашыптыр.
Айылдын таза абасы бузулат деп,
Машина эмес араба айдашыптыр.

Кээ бири шаардыктардан калбайбыз деп,
Эки кабат үйлөрдү салышыптыр.
Жайында бак ичинде эс алганы,
Бизде жок жел бешикти байлашыптыр.

Айлыбыз микробу жок таза дешет,
«Шаардыктар бизге келсе семиришет».
Азил айтып каткырышат аяштарым,
Бүгүн да мейман болуп калчы - дешет.

**Ысык-Көлгө салам**

Бул жашоонун бейишиби Ысык-Көл,
Толкундары алик алды көрүшсөм.
Кучагыңа боюм таштап жыпжылуу,
Болгонсудум апам менен өбүшкөн.

Бото көздүн карегиндей туптунук,
Кирпиктери тоолор болуп тээ бийик.
Кыргызымдын ак бермети өзүңсүң,
Ата-бабам сактап келген көл ыйык.

Суктанышса көптөр сага кызганам,
Көз мончоктон толкунуңа ыргытам.
Көз тийчүдөй сулуу болуп жаралган,
Колдон келсе коюнума жашырсам.

Алыкул толкунуңда кучакташкан,
Кубат алып өзүңдөн ырлар жазган.
Кусалыгын таратып жаш баладай,
Айдайга эмес, сырларын сага айткан.

Сырга бекем, сыйкыры күч Ысык-Көлүм,
Ташы алтын, шекер кумуң төгүлгөн.
Арзып сүйүп алыс жактан келгендер,
Дартка даба, денеге күч өрүлгөн.

**Гүл дүйнө**

Жыпар жыттуу арзууларын айтышып,
Гүлдөр дагы махабатты арнашат.
Музыкасы шамал менен бийлешип,
Бой керишип бир-бирине ыкташат.

Гүл арналса азык алып махабат,
Жүрөктөрдө сүйүү оту жагылат.
Сулуулуктун гүл дүйнөсү ажайып,
Сүйүшкөндөр бир бүтүнгө айланат.

Сен да сулуу, ал да сулуу жаралат,
Махабаттын дастандары айтылат.
Жашоодогу өмүрлөрдү узартып,
Азык берип, азык алат адамзат.

**Таалайым**

Таалайым өзүң болуп,
Тагдырга баш ийгенмин.
Таарынтып эгер койсоң,
Соолуган гүлгө окшодум.

Үй-бүлө пири тутуп,
Бийлигиңе баш ийгенмин.
Вазириң өзүм болуп,
Айттырбай сыр билгемин.

Менин да терс кыялым,
Чыдады сенин пейлиң.
Ушунун баарын жеңген,
Сүйүүбүз сенин, менин.

**Ак куулардын сүйүүсү**

Ак куу көрдүм,
Ашыктыгын бир-бирине айтышкан.
Акындардын ырларындай,
Арзууларын ыйык бийик сакташкан.

Ак куларда,
Ант бузуулар болбойт дешет.
Айрылса түгөйүнөн,
Жашабайт дейт жалгыз калган.
Адамдар ак куулардай,
Сүйүүлөрүн ыйык-таза сактаса.
Сөң-Көлдүн,
Сууларындай туптунук мөлтүр кашка.
Түгөйүм,
Сураныччым сүйүүбүздү ыйык сакта!

**Бир өзүңө**

Башымды бийик алып жүрө алганым,
Бардыгым бир өзүңө арнагамын.
Кыпындай кыйшык сөзгө ишенбестен,
Кыямат күндө дагы бирге жаным.

Жалтанбай көзүңө тик караганым,
Жан биргем бир өзүңдү сүйө алганым.
Жамандын ушагына жер каратпай,
Жалбырттап жалыныңа күйө алганым.

Жалган дүйнө, чын дүйнө айрыбадым,
Жаратканга бир өзүңдү жалынайын.
Жашоодо опол тоодой жөлөк болгон,
Жарымдын жогун дагы бар кылайын.

**Тоолук жигит**

Тоо койнунда төрөлүшүп,
Ат жалында эр жеткен.
Аска-зоого сыр айтышып,
Сүйгөн жарга гүл терген.

Толук жигит өжөр келет,
Айткан сөзүн бербеген.
Майда сөзгө мани бербей,
Кулак сырттан кетирген.

Толук жигит болот мерген,
Уудан кур кол келбеген.
Улак тартып, соорун алып,
Ат чабышта жеңилбеген.

**Карааны чоочун чырагым**

Негедир бүгүн капамын,
Жыртыгын көрүп чапаның.
Таң заарда кайда барасың,
Карааны чоочун чырагым.

Байкабай барсам артыңда,
Бурулуп кеттиң базарга.
Чыт курсак сени ойлонуп,
Көңүлүм чөктү санаага.

Салынды бүгүн кабагым,
Ачпады такыр курсагым.
Барга бар, жокко жок дүйнө,
Капырай, кандай заманың.

Заманга койсом күнөөнү,
Капа бир кылам бирөөнү.
Үй эмес, сарай салынып,
Керексиз дүйнө үйгөнү.

Ал тууган сага өгөйбү,
Акимдер сени көрбөйбү.
Эл уулу болуп жүргөндөр,
Көмөчтөн сага бөлбөйбү.

## Өздүк сурак

Жалгандын ачуусуна чыдабай,
Жинди болдум кармана албай.
Жаадырып мен дагы сөздөрдү,
Жамгырдай төктүм аянбай.

Андан кийин чөктү көңүлүм,
Алдан тайып ооруду жүрөгүм.
«Ал сөздү эмнеге айттым» деп,
Өзүмдүк сурактан жүдөдүм.

Ачуу душман жаным кыйнаган,
Акыл досту уулап мас кылган.
Алсыз болсо айта берсин жалганды,
А мен болсо чындыкты курал кылам.

## Баратабыз кай жакка

Күндөн алып жашоо үчүн кубатты,
Күндө улаган жолоочудай сапарды.
Күндө эртең үмүт оту чакырат,
Күндү узатып, күндө тосуп ак таңды.

Айдан алып өмүр үчүн кубатты,
Айга чейин адам жолун узартты.
Асмандагы жылдыздарды эсептеп,
Ачып жатат аалам толгон сырларды.

Алты менен ашып арка тарапка,
Жети менен жетип чыгыш тарапка.
Жүздүк менен жүз көрүшпөй сүйлөшүп,
Биз барабыз кайдан келип, кай жакка.



**Майрамбүбү Абдыканова** — 1959-жылы 13-февралда Нарын шаарында туулган. Фрунзедеги Политех институтун бүтүргөн. Кесиби инженер-энергетик.

**Түбөлүккө тирүүсүңөр аталар**

Алааматтан кайтпай калган адамга,
Алкыш айтам кан майданга барганга.
Атакелеп тосуп чыгып алдынан,
Айтчу сөзүн укпай балаң арманда.

Алааматка кирип барган каарманга,
Күйгөн отко боюн таштап барганга.
Ачуу жашы эмдигиче тыйылбай,
Айдай кызы өтүп барат арманда.

Алааматтан кайтпай калган жаранга,
Алкыш айттык фашисттерди жарганга.
Уулун күтүп көздөн жашы тыйылбай,
Апакеси дүйнө салган арманда.

Түбөлүккө тирүүсүңөр аталар,
Артыңардан жаап турат баталар.
Түбөлүк от түбөлүккө өчпөстөн,
Атыңарды айтып турат кайталап.
Эрдигиңер тарых болуп сакталып,
Түбөлүккө тирүүсүңөр аталар!

***

Аалам кезип кетип калдың Дубайга,
Аманатым айтып келем кудайга.
Жети күндө такыр колуң тийбесе,
Жетим кылбай сүйлөшүп тур бир айда.
Жымжыртсың го кабар берчи, каралдым,
Кат жазып тур, таба билгин бир айла.

***

Ооруу сыркоо бүгүнкү жел менен кетсин,
Ойгонуп туруп карасаң тер менен кетсин.
Ойноп күлгөн жаштыгың кайрылып келсин,
Өмүрдү сага кудайым көбүрөөк берсин.

**Кечир мени**

Обу жок ойкуштап эркелесем,
Одоно сөз айтып тепселесем.
Оюңда жок нерсеңди берет дедим,
Ошентсе да сен мени кектебедиң.
Кечир мени, абышкам, кечир мени.

**Ойлоном**

Такси тостум, шайтан минип бурдубу,
Тарткылык да таасир этип турдубу?
Тайгалакта үйгө жетип алам деп,
Тунгуюкка өзүм түшүп курудумбу?

Жарыкчылык көрбөйм го деп ойлогом,
Канкор жигит өмүр менен ойногон.

Жанталашып жансоогалап турсам да,
Жалооруган сөздү угуп койбогон.

Акча берсем ага деле тойбогон,
Алтын берсем алымсынып койбогон.
Жаналгычтай жаным сууруп алчудай,
Азарт менен бычак сайып кордогон.

Мизин салып денесине ар кимдин,
Мите курттай кимди гана сорбогон.
Уктасам да чочуй берем селт этип,
Мага кыйын, эртели кеч ойлоном.

Апасынын ак сүтүнө тойбогон,
Энелердин сүтүн уруп ойногон.
Качан болсо зырп-зырп этет жүрөгүм,
Эми муну өмүр бою ойлоном.

**Жалгыз чымын сайрандады**

Биздин үйдө жалгыз чымын сайрандады,
Кармайын десем дагы кармалбады.
Кыжырга тийе берди ушунчалык,
Эрке бала өңдөнүп тайрандады.

Ары-бери зыңылдап жай албады,
Аркы-терки чымылдаттым кайдан аны.
Гезит менен өлтүрө чабайын деп,
Кулап түштүм дивандан анан дагы.

Кулжулуңдап ичимде ызам калды,
Кубулжутуп ырын да ырдап алды.

Бар күч менен бир чапсам тоголонуп,
Кулап тушту кагылбай добулбасы.

**Анара эжеге**

Арман ырын созолонуп ырдаган,
Аруу үчүн далайлар кол сураган.
Арасынан канча жылдар өтсө да,
Абакемдин көңүлүн көп улаган.

«Арман» ыры — атыңызды чыгарган,
Айтматовдун киносуна ырдаган.
Үнүн уккан, укпаган да арманда,
Анара эжем улуу көчтү улаган.

Далайлары сиздин үндү туураган,
Бирок жетпей, аска-зоодон кулаган.
Ал кез кетти, мөлтүр, тунук буралган,
Сырынан да, сыны кетпейт бул адам.

**Кошуналар**

Кошуналар, кагылайын кошуналар,
Кайдан келсем жаркылдап тосуп алар.
Таң атырбай алдынан чыгып калсам,
Шашкалактап ден соолугум сурап калаар.

Бала-чака жакшылыгын тартууласаң,
Бапырандап чачыласын чачып тураар.
Кудаң келсе куюлтуп сөзүн чубап,
Тосуп алып жаадырап үлпөт кураар.

Кошуналар коштогон той уланаар,
Кубулжутуп комузун чертип тураар.
Келечекке генийлерди таптап алып,
Кемчилигин көрсөтпөй тескейт булар.

**Балама**

Эки күн болду, неге сен жоксуң кенжетайым,
Эт жүрөгүм эзилип тартып азап, убайым.
Ээнсиреп эсеби жок ойлорум да чар жайыт,
Карегимди талыттырбай, келчи үнүң угайын.

Кайсыл жер, кандай экен, барган жериң аңдайын,
Бир аз эле кат жазчы сөздөрүңдү талдайын.
Сүйлөшүп жүрсөң өзүңө тең кыз менен,
Жаныңарга дегеле тоскоол боло калбайын.

Камырабай жүрөсүң, караан кылчу карагым,
Келечекке жол салчу кеменгерлүү барагым.
Алып келчү кызыңа ак жоолугум камдайын,
Ак тилекти ар дайым арнагандан жанбайын.

**Кыргызымдын жигиттери**

Ай ааламга улутуңду дүңгүрөтүп,
Аалым болгун кыргызымдын жигиттери.
Акыл ойду өстүрүп дүркүрөтүп,
Аман болгун кыргызымдын жигиттери.
Айзиректей кыздарды үлбүрөтүп,
Ашык болгун кыргызымдын жигиттери.
Кучак жайса акындардын көңүлү,
Көрмөксөнгө салып коюп өтпөгүн.
Таасын айтып шиңгилинен бөрткүнүң,
Тамызгысын тамчылатып өрттөгүн.

## «Кыздар айдын» кыздары

«Кыздар айдын» сулуусу бар, улуусу бар,
Мээримдүүсү, таттуусу да, балы бар.
Арасында алчысы да, таасы бар,
Бурулкандын буудандыгы баасы бар.

«Кыздар айдын» келини бар, жашы бар,
Кейиштирчү кемиги да, тузу бар.
Арасында куусу дагы, буусу бар,
Туу көтөрчү Бурулкандай кызы бар.

Таруусу бар, канат бүткөн айы бар,
Табериктей тап-таза аруусу бар.
«Кут-Ордодон» жолукпаса сагынышаар,
Курч калемдүү, не бир сонун шайыры бар.

Акындыгы ашып түшкөн дайрадай,
Асыл заты айкөл эжем Гүлсайрадай.
Сабыржандуу  Салиядай эжебиз,
Салабаттуу кызы бар Сабирадай.

Сезимдерин далай эле жигиттин,
Селт эттирип сүйүүлөрүн жибиткен.
Алай кызы Сонунбүбү дагы бар.
Токтогулдун торгоюндай сайраган,
Толукшуткан Сиренкандай ырчы бар.
Ысык-Көлдүн  аккуусундай буралган,
Ыр дүйнөлүү Элмирасы нагы бар,
Тажиктердин сулуу сөзүн улаган,
Таалим сөздүү Шаистадай кызы бар.
«Кыздар айда» баары бар.

***

Үлбүрөгөн сезимди тепседиңби,
Унуткарып жигиттик чечиминди.
Уйку бербес ошондогу сезиминди,
Узаттыңбы бийиктеги таттуу күндү.
Учурдуңбу жашоодогу шаттуу күндү.
Уйпаладың бир күндө соолуганча,
Төрт тарабы келишкен сонун гүлдү,
Сүйсөң неге сурабадың дайнымды,
Же сүйүүңө тең боло албай калдымбы?

**Темир тулпар**

Азгырып  айдатасың темир тулпар,
Айдабасам жүрө берем, эки бут бар.
Майлабасам сүттөбөсөм ыңгыранып,
Кулкунун кулкулдаткан да бир жут бар.

Оңдобосоң, мелт-калт куйган майды жутаар,
Оңдоп турсаң программасын эске тутаар.
Каалагандай жеткирет кайда болсо,
Темирден жасалган тулпарың ал.



**Жумагүл Жусубалиева** – 1959-жылы 10-июлда Сузак районунун Тайгара айылында туулган. В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогокалык институтун бүтүргөн. Учурда Ш.Базарбаев атындагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенет.

## Сузагым

Тоо койнунда толукшуган Сузагым,
Алыс кетсем карааныңа кусамын.
Канчалаган кооз жерлерде жүрсөм да,
Канат кагып, сени көздөй учамын.

Суу перидей сулуу, көрсөм Сузагым,
Таза абаңды кучагыма кысамын.
Табияттын бейиш төрү жүрөктө,
Кыпындарын айдап салат ызанын.

## Ариетим

Садагасы, кичинекей неберем,
Жан дүйнөмү бүт эзилтип ээлеген.
Балдай таттуу сен сүйлөгөн сөздөрүң,
Керемет го бул дүйнөдө не деген?

Ананайын, кичинекей неберем,
Эт жүрөктү элжиретип ээлеген.
Энекелеп ээрчип жүрсөң артымдан,
Коргошундай ээрип кетет делебем.

Тегеренем, кичинекей неберем,
Кубанычты тартуулаган берекем.
Кыткылыктап сенин шаңдуу күлгөнүң,
Жылаажындын шыңгырына тең экен.

Ариетим, кичинекей неберем,
Кылыгыңа баарыбызды имерген.
Арт жагыңдан уул-кызыңды ээрчитээр,
Урпагымсың Алла Таалам жиберген.

**Бактыма менин жазбаса**

Жалгыздыктан кайда барып кутулам,
Жалган дүйнө көйгөйүнөн тажадым.
Ызалыктан өксүп ыйлап олтурам,
Келбейт эми жан адамды карагым.

Комуз ойноп, ыр ырдаган тал учур,
Келбейт эми канча күтсөк зарыгып.
Баары бүттү, бир көргөн түш сыяктуу,
Эстегенде көңүл кетет таарылып.

Жакшы көргөм жан адамдан башкача,
Бир сиз үчүн дилим болчу таптаза.
Көксөгөнгө жете албадым кантейин,
Чындап теңир мага бакты жазбаса.

**Досторум**

Бир кездерде чогуу жүргөн досторум,
Эми билдим мени неге кошподуң.
Кабат үйүң, байлыгың бар колуңда,
Байлар менен, бардар менен дос болдуң.

Жаштыгымда бирге жүргөн досторум,
Байлык дедиң, көп акчаны топтодуң.
Билип койгун, ден соолугуң болбосо,
Байлык калып, гүл өмүрүң токтоорун.

**Жүрөктөн чыккан ыр саптар**

Тирүүлүктөн өтүп кетсем кош айтып,
Кошок кошоор жалгыз кызым бар беле?
Көпкө берип, баарын менден аяган,
Жаратκандын ичи абдан тар беле?

Өксүп кетем, көп нерседен өксүймүн,
Катарынан эки уулду берген жок.
Берсе болмок шерик кылып уулума,
Өлсөм дагы жатмакмын мен көөнү ток.

***

Күйгөн шамды шамал үйлөп койгондой,
Өмүр деген өчүп калат бир күнү.
Жашоо менен кош айтышып кетебиз,
Биз болбойбуз бул жашоонун түркүгү.

**Майыптар үйүндөгү бейтааныш**

Сен олтурдуң, олтургучта термелип,
Биз ырдасак көптөн, сырдуу элирип.
Бүт жан дүйнөм сага калды арбалып,
Жүрөк чиркин, сыздап кетти эзилип.
Жаштыгымда кыялымда эңсеген,
Эми гана бул тагдырдан кезигип.
Кирпигинден нурдуу шоола төгүлөт,

Жамалыңы көрүп оюм чөмүлөт.
Кадам шилтеп баспаганың билгенде,
Ич ачышып кабыргалар бөлүнөт.
Көңүл бурдум, жан айламы таба албай,
Көз кырымы сага таштап абайлай.
Бейтаанышым жүрөк отун ырбаттың,
Сезимдерге таппай жүргөн жагалбай.
Атың билбейм, кимдигиңди сурадым,
Аттиң, кантип бул запкыдан куурадың.
Сени ушинтип майып кылган адамга,
Акыр бир күн жетээр бекен убалың.
Айла канча, алдырбагын санаага,
Алыс эмес ойноп күлөөр убагың.

**Мугалиммин**

Мугалиммин — жалган сөздү айтпаган,
Кыйындыктан кайра артка кайтпаган.
Окучуга берип билим, тарбия,
Аянбастан бүт өмүрүм сактаган.

Мугалиммин — талбай билим беремин,
Калпып алып сөз берметин теремин.
Маянасы аздыгына карабай,
Өмүрүмү дайым арнап келемин.

**Биз болбойбуз түбөлүк**

Тагдыр салса, шум ажалга баш ийип,
Ырлар калат, биз болбойбуз түбөлүк.
Андан көрө көңүлдөрдү кастарлап,
Аз өмүрдө кадырлашып өтөлүк.

Адам болуп жаралган бул жалганды,
Ысыгы бар, ичиркенткен суугу бар.
Бирде күлүп, бирде кабак чытылып,
Кусасы бар, арман толгон түбөлүк.

Жаман сөздөр жан дүйнөңдү жаралап,
Кээ күндөрү абдан ачуу тузу бар.
Ушакчылар сайсөөгүңдү сыздатып,
Арасында калың тоңгон музу бар.

Бирде жарк деп маңдайыбыз жазылган,
Кабак түшүп, кээде кайра ачылган.
Бирде көңүл, көк асманга көкөлөп,
Бирде маанай, ызалыкты качырган.

Тагдыр салса, шум ажалга баш ийип,
Ырлар калат, биз болбойбуз түбөлүк.
Андан көрө көңүлдөрдү кастарлап,
Аз өмүрдөн кадырлашып өтөлүк.

**Калем сап**

Жазып жаткан сыям такыр түгөнүп,
Ыр жазаарга айла таппай олтурдум.
Мончок сымал тизилген ыр саптарын,
Келди менин ак кагазга толтургум.

Ыр жазам деп калем сабым таппадым,
Эстей албайм, аны кайда таштадым?
Тил учуна келип калган ырларды,
Кайталадым, араң зорго сактадым.

Калем сапсыз ырлар түшпөйт кагазга,
Издеп жаттым бүт бардыгын аңтара.
Ал аңгыча таап алдым качанкы,
Таштап койгон калем сапты капкара.

Зарылдыктан бул табылган калем сап,
Мага эстетти тээ качанкы өткөндү.
Берип жатып калем сапты ал мага,
Сыпаа гана маңдайыман өпкөндү.

Жылмайганы, сырдуу тиктеп турганы,
Көкүрөккө берип жатты жылуулук.
Бир башкача табигат да жашоо да,
Теңдеши жок ошондогу сулуулук.

Сынын бузбай, сыя турат ичинде,
Издеп тапкан калем сапты карадым.
Биз экөөбүз эки жакка ажырап,
Жолукпадык, ажырадык, тарадык.

## Күтүү

Солкулдап ыйлап жаттым толуп ташып,
Сиз кетип жалгызсырап калганыма.
Бактысыз тагдырыма ыза болдум,
Башыма нечен түйшүк салганына.

Кеттиңиз, бүт жан дүйнөм калды сыздап,
Өксүдүм, ызалыкта жаттым ыйлап.
Неге мен жаралганмын тирүүлүктө,
Жабыркап канча жолу жанды кыйнап.

Тагдырым канча татаал болсо дагы,
Азапка, кайгыга да түттүм эле.
Түбөлүк жар болот го өзүмө деп,
Мен сизди өмүр бою күттүм эле.

**Мен сени унутайын**

Түшүмө неге кирдиң,
Түйшөлдүм түйшүк тарттым.
Кайрадан уктай албай,
Далайга ойго жаттым.

Тагдырдын татаал жолун,
Эстесем буулугамын.
Түшүмө эми кирбе,
Мен сени унутайын.

Турмушта таза жолду,
Иргедим, тандап алдым.
Жаштыгым өттү, кетти,
Жоготуп таппай калдым.



**Гүлжакан Шабыралиева** 1959-жылы 12-августта Бакай-Ата районундагы Беш-Булак айылында туулган. Жамбул шаарынын Статистика техникумун бүтүргөн. 1994-жылдан баштап, биоэнергия жардамы менен адамдарды дарылайт.

**Атама**

Атам менин момун киши Калыбай,
Тогуз бала бактың го сен талыбай.
Баарыбызды эч нерседен кем кылбай,
Өмүр бою иштеп келдиң жадабай.

Турмуш жолу татаал экен ушундай,
Өтөт өмүр ким кармаптыр учурбай.
Кайраттанып жерди тытып иш кылдың,
Адал иштеп арам ишке бузулбай.

Эркелетип мени жакшы көрчү элең,
Күкүнүм деп, жолдорумдан тосчу элең.
Ооруп калсам чебелектеп дары издеп,
Түлө берип, бир коюңду сойчу элең.

Ушунчалык мээримдүүсүң атакем,
Арман дүйнө, эрте кетти апакем.
Көпкө ыйладың балдарыңдан жашырып,
Апабызга берерибиз куран менен бата экен.

Көп жашачы, эч убакта оорубай,
Алыс кетсин жамандыктар тоорубай.

Биз барабыз атакем деп сагынып,
Булак болуп агып турчу соолубай.

Неберелер чапаныңа жармашсын,
Чоң аталап бир-биринен талашсын.
Узак жаша, ден соолугуң чын болсун,
Токой бойлоп суусун ичип Таластын.

**Касиеттүү кыргыз элим**

Кыргызымда сырлар көп ачылбаган,
Түбү терең кудуктай казылбаган.
Манасыбыз дүйнөгө жомок болуп,
Чексиз эпос калем менен жазылбаган.

Буйруптур бүт жакшысы кыргызыма,
Жетпестир Манас менен Чынгызыма.
Ааламдан жети атабыз карап турат,
Окшошуп жетигендин жылдызына.

Кыргызымда өтүптүр олуялар,
Бир сөз менен сөөккө чейин оюп алар.
Акыл менен келечекти көрө сүйлөп,
Душманын тили менен союп салар.

Каны таза кыргызыма арам жакпайт,
Арам оокат, арам акча ага батпайт.
Кесир сүйлөп ач көздөнсөң эл журтууга,
Касиети кыргызымдын уруп таштайт.

Бүт кыргыздын элдеринде касиет бар,
Кирдетпей таза тутсаң береке бар.

Сезбестен түз жолго түшө албасаң,
Кең дүйнө бир өзүңө болот ко тар.

Жан албайт учуп жүрөт жаныбызда,
Касиеттер сиңип жүрөт каныбызда.
Таарынтпай рухтарды сыйлайт жүрөк,
Сырлар чыгат булак болуп баарыбызга.

**Уулума насаат**

Урпактан келген тилиңди сакта,
Аллахтан келген диниңди сакта.
Жети ата өткөн тегиңди сакта,
Каныңда жүргөн пириңди сакта.

Атаңдын атын булгабай сакта,
Энеңдин сүтүн ыйлатпай акта.
Боорум деп кыздар сагынып келсе,
Кабыл ал күлүп кабагың жаппа.

Кыбыла тээп, кесирлүү жатпа,
Ыйманга келип келмени жатта.
Азгырык жаман билинбей арбайт,
Адалга карап арамга баспа.

Ойлонгун уулум бул өмүр кыска,
Улуулар айткан ар бир сөз нуска.
Жакшыга жанаш, жамандан качкын,
Айыгыш кыйын жаман дарт жукса.

Ак келин алып түбөлүк жаша,
Балалуу болуп ак өргө жаса.

Мөмөлүү дарак тамырлуу болуп,
Түгөнбөс болсун кениңди казса.

**Жалган жашоо**

Жаралдык эч күнөөсүз пенде болуп,
Эненин сүтүн ээмип, күчкө толуп.
Чоңойдук ак, караны ылгай албай,
Ой менен айга учуп, жерге конуп.

Үйлөнүп ата болуу парзы экен го,
Үй куруп урук улоо салты экен го.
Тегиң ким, урууң ким деп сурап калса,
Сыймык менен айтып турсаң жакшы экен го.

Эненин бактысы бала экен го,
Баласыз бүткүл дүйнө тар экен го.
Балдарың маңдайыңда күлүп турса,
Энеге ошол жашоо бал экен го.

Бул өмүр жомок сындуу өтүп кетет,
Жаш өтүп, карылык да кууп жетет.
Алланын өкүмүнө баш ийбеген,
Оо дүйнө кетээр кезде баарын сезет.

Бул дүйнө жалган дүйнө, конок дүйнө,
Табышмактуу ар бир күнү жомок дүйнө.
Таразага салынганда ак, карабыз,
Жаратканым кечир бизди, күнөө үйбө.

**Аалам сыры**

Табышмактуу түбү терең сырдуу аалам,
Түбүнө жете албайт ко эч бир адам.
Изилдеп да табалбайсың каталыгын,
Таң калыштуу кантип жасайт баарын Аллам.

Кудурети теңдеши жок күчтүү экен,
Көз ирмемде бардан жокту кылат экен.
Кааласа кар жаадырып, жер тоңдуруп,
Эртеси жаз келтирип нурун берген.

Жараткан жаралганбы жарык нурдан,
Ошол нурдан бүт жаныбар жашоо курган.
Нур кетсе жер бетинде жашоо бүтүп,
Жүрөктөр токтойбу дейм согуп турган.

Жараткан жан салат ко чымчым нурдан,
Нур менен бүткүл дене кыймыл кылган.
Денеге бырыш түшүп турса дагы,
Жүрөгүң жап-жаш болуп толкуп турган.

Ошол нур жараткандын тамчысыбы,
Жаратканга айтып барчу жарчысыбы?
Денеңде суу бүткөнчө жашап жүрүп,
Жаратканга кайра кайтып барчусубу?

Оо жараткан, неге мынча сырдуусуң сен,
Жүрөгүмдү ачып берчи кыйналдым мен.
Шайтанды түк жолотпой алыстатчы,
Ыйман тилеп бир өзүңө жашынам мен.

Кереметтүү Аалам сыры кызык экен,
Чексиз го түбү терең, узун экен.

Башкарат түбөлүккө эч жаңылбай,
Сыйкыры улуу заттын күчтүү экен.

Оо Аллам, күндө беш маал келчи мага,
Жүрөгүмө ыйманыңды берчи мага.
Кечире көр, күнөөм көптүр пендемин да,
Сыйынамын жүрөгүмдө жалгыз сага.

**Болсо деймин**

Тилек кылам, каалоом кабыл болсо деймин,
Жашоомдо жакшы күндөр кубанычка толсо
деймин.
Жалган дүйнө жамандыгын алыс кылып,
Бакыт кушу ак ордомо консо деймин.

Тилек кылам, жолдошум аман болсо деймин,
Ала-Тоодой тирек болуп турса деймин.
Балдарына эң кадырлуу ата болуп,
Кучагына неберелер толсо деймин.

Тилек кылам, уулум шумкар болсо деймин,
Жүрөгүнө ыйман орноп, эр тулпардан болсо
деймин.
Тукум улап жол көрсөтүп урпагына,
Аты чыккан шер атадан болсо деймин.

Тилек кылам, кыздарым нурлуу болсо деймин,
Бакыт шамы баштарына консо деймин.
Жубу менен кол кармашып түбөлүккө,
Урук улап, этектери толсо деймин.

Тилек кылам, үйүм ордолуу шаар болсо деймин,
Короомо наристелер толсо деймин.

Түбөлүккө тамырлары терең болуп,
Баштарына нур периште консо деймин.

**Сүйүү**

Сүйүү, сүйүү жалындаган оттойсуң,
Ысык илеп күйүп турган чоктойсуң.
Баатырын да, акынын да адаштырып акылдан,
Кулуң кылып, багындырат окшойсуң.

Сүйүү, сүйүү — кереметтүү сулуусуң,
Мээрим төгүп суукта да жылуусуң.
Сокур кылып эч кемтигин көргөзбөй,
Ыйык сезим сен баарынан улуусуң.

Сүйүү, сүйүү сүйгөнгө көңүл бөлүнөр,
Миң кишиден бөлүнүп сага көрүнөөр.
Бирге басып сыр чечишсең ырахат,
Алыстасаң көзүңдөн жаш төгүлөөр.

Сүйүү, сүйүү сыйкырың күч, жомоктой,
Түбөлүк бол, кетпечи сен коноктой.
Сенсиз жашоо бүркөлүп турган күнгө окшош,
Түбөлүккө жашайлычы ал сезимди жоготпой.



**Гүлжакан Мавлянова** — 1960-жылы 12-апрелде Ноокен районунун Момбеков айылында туулган. Кесиби бухгалтер. Жеке бизнеси бар. «Жаңылуу» деген китеби чыккан.

**Бөлбөгүлө элимди**

Улап келген Улуу көчтүн аягын,
Уюткулуу журтум аман болсо дейм.
Узун жомок, уламалар айтылган,
Улут үчүн тилим аман болсо дейм.

Уучтап тапкан кыргызымдын мурасы,
Уурдалбастан улутума калса дейм.
Ушакчылар жети бөлгөн бир элди,
Улуу көчтүн кадыр-баркын туйса дейм.

Укчу боорум, ар бир кыргыз жараны,
Урушканда кайсыл пайда табаарың?
Ушак-айың, улагасы башка элдин,
Улут үчүн барбы пайда-залалы...

Урмат сага, улукманым жол башта,
Уулу болсоң журт кураган Манастын.
Улут сага зор ишеним калтырган,
Урпактарың жооп күтөт, карагын...

Уул-кызы кыргызымдын бөлүнбө,
Улут үчүн улуу башың кичүү бол.
Учур кетет убагыңды өткөрбөй,
Улап кетер унутулгус эмгек кыл.

Бөйпөңдөгөн душманыңа сыр ачпай,
Бөпөлөчү, өз кыргызың, каныңды.
Бөлүп берчи, жарты нанын бүтүндөп,
Бөгөт болсун, душман сезип каарыңды.

Бөлүнгөндү бөрү жейт дейт элиңде,
Бөтөндөргө ыраа көрбөйм бириңди.
Бөрк ал десе баш алдырган заманың,
Бөтөн элге сатпа дилиң, тилиңди.

Бөтөгөмдү жулуп кеткен сыяктуу,
Бөлүнгөнүң жети дубан тарапты.
Бөк түшсөм да карылыкка алдырып,
Бөлөп берем бешигиңе балаңды.
Бөлүнбөчү... Бөлбө кыргыз калкымды!

## Сыр

Аалам сыры ачылгандай ушул күн,
Аба, жер, суу аралашып бир бүтүн.
Аңдай алгыс бир сезимге туш болуп,
Алпурушам ойлор болуп үмүтүм.

Агып барат агындылар, топон суу,
Ажыраган аска-зоолор, чыгып буу.
Ач айкырык, ызы-чууга алдырган,
Адамдарда болбосо деп жоготуу.

Аманатын жараткандын буйруган,
Айталбаймын коркуу сезим бийлеген.
Алып калар бир гана жол түбөлүк,
Ал кадамдар ыйман жолун тилеген.

**Көз ирмем**

Алып кетип мезгилимдин энчисин,
Адаштырдың ойлорумду изинен.
Ал кездеги өзүңдү эстеп өтүүгө,
Алып калдым ак сүйүүңөн көз ирмем.

Аңдай албай махабаттын сырларын,
Ал учурум өзүмө өзүм табышмак...
Ажырагыс бир бүтүнгө айланып,
Агып турдум чөйчөгү жок бал сымак.

Алып-учуп аалам жердин кыйырын,
Айталбагам сүйүү сырын сөз менен.
Алсаң дагы кош жүрөктү энчилеп,
Арзыбадың аруулукка сен деген...
Алоолонуп өмүр бою жашоого,
Алып калдым мен сүйүүдөн көз ирмем.

**Сезим ыйы**

Мен бүгүн эки айрылыш жолдо турам,
Мезгилин кайрый алгыс ойдон курган.
Мен үчүн эки жолдун бирин тандоо,
Миң кыял сезимдерим ыйлап турган.
Мээримсиз адамдардын азабынан,
Мертинип тагдыр жолу калган урап.

Артыңа кайрыл дейсиң айтып оюң,
Ал менин басып өткөн өмүр жолум.
Акыйкат бузулбаса сөз чынынан,
Арманым азабым да болгон өзүң.
Айыпсыз алданганын жүрөгүмдүн,
Алсызмын, кечирүүгө жетпейт күчүм.

Алдыга кадам таштоо, бирге уят,
Анткени жолум тосуп намыс турат.
Адамдык абийирдин улуулугун,
Ал сезим адамдардан мурда туят.
Ал жолдор эми бизге тардык кылаар,
Аруулук дүйнө сени бүткөн сынап.

Мерээздей жалгыздыктын оор жүгүн,
Мен бүгүн көтөралбай сезип, туям.
Мээнетим дөөлөт болуп кайтар кезде,
Мен бүгүн эки айрылыш жолдо турам.

## Сырдуу сүрөт

Өзүң тургай сүрөтүңө тигилсем,
Өзөгүмдү кусалантат бир сезим.
Өкүнүчтүү көңүл кушун ойготуп,
Өткөн жаштык эске түшөт бир кезим.
Өр талашкан өмүрүмө кеч келген,
Өксүп көңүл мен сүйүүнү жектедим.

Сырдуу сүрөт, өксүк көңүл, ушул жан,
Сырдашкандай бир-бирине болот дем.
Сыры терең, пейли кенен жан элем,
Сыйлап алар сүйүүлөргө болоор тең.

Сымбатыма сынган көңүл жарашпай,
Сынып турам ак сүйүүдөн бүгүн мен.

Анда дагы ушул мезгил, ушул саат,
Ак сүйүүнү ардактаган, мактаган.
Аяп келгем азабына чыдабай,
Адамдарды ак сүйүүдөн ыйлаган.
Азыркыдай сырдуу сезим уурдаган,
Ак сүйүүнү издесем да таппагам.
Ар убакта ар куракта жолуккан,
Аман болсун чын сүйүүлөр даңкталган.

**Жашоо баркы**

Жактырбай жалган айткан сөздөрүңдү,
Жасалма жылма карап күлгөнүңдү.
Жаныңда ичтен тынып аяп турдум,
Жашоонун баркын билбей жүргөнүңдү.

Жакшыны жакшы десем кызганасың,
Жаманды жакшы десем жылмаясың.
Жасалма жылмайбачы мага карап,
Жасалма  жылмаялбай кыйналамын.

Жашоо бул адам үчүн сыноо белек,
Жашоонун маңызы го адал эмгек.
Жагынбай өзүң үчүн өзгөлөргө,
Жакшылык адамдарга жасоо милдет.

**Күүгүм жылдыз**

Жалбарып жараткандын бир өзүнө,
Жан дилим тообо кылат кыбыла карап.

Жаркырап күндө чыккан жалгыз жылдыз,
Жаткансыйт күн батышта жалгызсырап.

Жарыгы күүгүм шамдай араң жанат,
Жанында жан кыйнаган арамдыкпы.
Жамгырдай себеленген шоолалары,
Жашытат көөдөндөгү каткан сырды.

Жайнаган сан жылдыздар арасынан,
Жактырып жалгыздыкты тандагандыр.
Жашынган жан кечтинин арам ою,
Жаңылтып жан дүйнөсүн арбагандыр.

Жана бер, күүгүм шамда жалгыз жылдыз,
Жакшылык тилегиме жетемин мен.
Жараткан жамандыгым бирөө болсо,
Жакшылык кайтар деген жубу менен.

**Өлүм чындык**

Өлүм ак, өлүм катуу, өлүм чындык,
Өлүм бул орду толбос кайгы кырсык.
Өчүрүп үмүтүңдү күйүп турган,
Өксүтөт көңүлүңдү ажал шумдук.

Өлүмдү эстей жүргөн жакшы дешет,
Өлгөндө адамдарды жансыз дешет.
Өмүрү сооп кылбай текке кетип,
Өлүмдөн корккондорду алсыз дешет.

Өлүм бул өмүр менен эриш-аркак,
Өлүм бул адам үчүн эсеп-кысап.

Өзгөгө кайрымдуулук жасай билсең,
Өзүңө кайтар дүйнө жерде калбас.

**Аруу дүйнө**

Акылыма баш ийдирбей сезимим,
Аалам кезип кетким келет алыска.
Айланамдан бузукулук адашып,
Аруу дүйнө табаар белем алыстан.

Анда оюма сен келмексиң эң алгач,
Аяр дүйнөң адашкандай жолунан.
Аягандан ыйламакмын буркурап,
Албасам да бекем кысып боорума.

Алып кетип аруу дүйнө жаныма,
Ай нуруна чөмүлтмөкмүн таптаза.
Ачып салып жан дүйнөмдү ооруган,
Алдамчынын бизге жайган торунан.

Анда сенин аянычтуу абалың,
Актангансып күңүрт болоор сөздөрүң.
Айталбайсың анда мезгил башка да,
Абийириндин азап тарткан күндөрүн.

Айтпасаң да арман толо көздөрүң,
Айтып турат азгырыгын аялдын.
Алгычакты өмүр бою каргышты,
Аккуу сымал калган жакшы жалгызың.

**Кайып караан**

Кайдан келдиң кайыптанбы, нурданбы,
Караан болуп карегимде калыпсыз.
Караңгыдан сууруп алдың ойлонбой,
Кала берген жан дүйнөмдү жазыксыз.

Кана, кайда мен кыйналган жамандык,
Калыштыбы аруу жандан айрылып.
Канат байлап учуп кеткен көрүнөт,
Кара ниет, бузукуга кайрылып...

Каруум кетип алсызмын деп ойлобойм,
Кайгы салды кара өзгөйдүн кесири.
Касиеттүү жан экенсиң башкача,
Кадырыңа жеталбасмын, кечирчи...
Кадыр-көңүл калган эркек затынан,
Калгым келет жалгыздыктын жесири.

**Жакшылык**

Кесип кетип жаман ойдун мүдөөсүн,
Келди оюма топук кылган жакшылык.
Кебелбеген жан дүйнөмдү жүдөтүп,
Келиптирмин пенделикке азгырып.

Акыл бийлеп, ой жетелеп, сезим ээрчип,
Арууланган аппак таңдай көңүл дегдеп.
Айткансыды шыбыраган үмүттөрүм,
Арман кылып, кейибечи, өмүр кезек.

Айлананда аалам, дүйнө сулуулук бар,
Ал сулуулук жашоо үчүн чачат мээрин.
Айтып бүтпөс адамдарда улуулук бар,
Акың жоктур бир пендеге кейигениң.



**Айсулуу Жумабаева** – 1962-жылы 30-июнда Сузак районунун Багыш айылында туулган. Ош Соода техникумунда окуган. Учурда Ж.Бөкөнбаев атындагы балдар үйүндө бухгалтер болуп иштейт.

**Жалал-Абад курорту**

Бүт тарабың табышмактуу көрүнүп,
Сыйынамын ыйык жерим өзүңө.
Таза аба, дары суудан даам татып,
Күндөн-күнгө кубат бердиң өзүмө.

Канча адамдар ыйык тутуп келген жер,
Тилек айтып сыйынышкан кутту жер.
Кубат берген, үмүт берген адамга,
Ата-бабам басып өткөн ыйык жер.

Жазда келдик жер жашарып бараткан,
Гүл өсүптүр тоо бооруна агарган.
Ар бир күнүң кубат берип келгенге,
Өсө бергин курортум бүт мекенге.

**Балалык**

Ыр башын таппай, кыйнала берем,
Табышмак өңдүү, жандырмак издейм.
Таап алсам аны сүйүнүп терең,
Өзүмдү жапжаш балага теңейм.

Жандырмак таппай кыйналып кээде,
Көктөмдө жатып караймын көккө.
Асманым тыптынч, жүздөрү таза,
Адамдар неге болбойсуң башка.

Чуркагым келет чаңдарды чачып,
Өзүмө андан ырахат алып.
Балалык кезим кайтаргым келет,
Чачтарыма гүлдөрдү тагып.

Эстесем жүрөк, зыркырап кетет,
Балалык кезим кандай керемет.
Дапдаана сезим, күндөрдөн ошол,
Оңойго турбайт бакытка термейт.

**Сыя гүл**

Жайлоонун жашыл тулаңы,
Жатса да жерде тепселип.
Капыстан сенин бутуңдан,
Калбасын бир гүл тепселип.

Көп жылдар мурун бул жерде,
Өсүүчү түркүн сыя гүл.
Жакшына бир кыз секелек,
Кызыгып гүлдүн көркүнө.
Керегин албай өзүнө,
Кеткен ал баарын бүт үзүп.

Сыя гүл анда алсыз гүл,
Көрүнбөй көп чөп ичинен.
Илинбей кыздын көзүнө,
Калган дешет үзүлбөй.

Ошондон бери сыя гүл,
Мекендеп көк чөп арасын.
Күн менен күндө сүйлөшүп,
Келатат ачып таажысын.
Кулпунат күндө сыя гүл,
Кайгыны билбей нур чачып.

***

Ой басып ойлонгонсуп көрүнөсүң,
Турмуштун толкунуна чөмүлөсүң.
Толкундун тереңине кире албастан,
Жашоодо ар толкунга кезигесиң.

Ар тагдыр, тагдырларда адам ар кыл,
Толкундун күчү менен толкун ар кыл.
Ар адам ар кыл мүнөз, түрдүү тагдыр,
О тагдыр жакшылыктын баарын бар кыл.

Толкундун күчүн билип туя алдыңбы,
Өзүңдүн кыялыңды биле алдыңбы?
Өзгөчө башка кыял, багыт менен,
Турмуштун толкунуна кире алдыңбы?

Тагдырдын бүт тарабын карадыңбы,
Өзүңдүн өмүрүңдү санадыңбы?
Жашоонун кайыгына түшүп алып,
Алдыга максат коюп самадыңбы?

Ишке ашып ак ниеттү кыялдарың,
Турмуштун нугу менен жүрө бергин.
Жакшы ой - жарым ырыс деген сөз бар,
Ойлоруң ишке жүзүнө аша берсин.

Эл жакшы, элиң менен өзүң жакшы,
Эл үчүн кызмат кылып өткөн жакшы.
Талбастан элиң үчүн эмгектенип,
Келечек түшүмү мол болсун арты.

**Кайрылдың неге**

Кусалык көөдөндү ээлеп алган кезде,
Кумсартып башка мүнөз салган кезде.
Үзүлүп үмүттөрүм калган кезде,
Кезикпей менден алыс кетсе дегем.

Бүлбүлдөгөн үмүт шамын өчүрө албай,
Кайрылып ал күндөргө бара албай.
Кыйналып өргө карай кеткен кезде,
Капыстан кайра алдыман чыктың неге?

Кыялым кайда учуп сабалайсың,
Ак булут асман чегин аралайсың.
Көңүлгө бир жакшыраак максат айтпай,
Кайра эле жүрөк отун каралайсың.

**Кыйын тура**

Көргөн менен бир-бириңди,
Айта албастан ич сырыңды.
Көздөр көздөн жалтанышып,
Калган кыйын турбайбы?

Жолукканда кээде бирге,
Ар түр сөздү курганы.
Оюндагын айта албай,
Калган кыйын турбайбы?

Сүйүп жүрүп айта албай,
Бирге болбой турагы.
Жүрөгүңө баарын сактап,
Калган кыйын турбайбы?

**Түнкү жаан**

Күндүзү эл аралап ичтен сызып,
Кайгыңды элге айтпай толгоносуң.
Түн дагы түйшүгү көп жан белемсиң,
Түнөрүп канча булут топтогонсуң?

Булутуң каш өңдөнүп асман сызып,
Тарынчаак кыз өңдөнүп кабак түйөт.
Асман толо жылдыздар бири калбай,
Булуттун топтолгонун карап сүйөт.

Сезгенсип ич капаңды туя билип,
Ай кызын аппак жүзүң бекиткенби?
Шашылып батыш жактан жетип келди,
Шамал да шыбыртыңды эшиткенби?

Түндөгү жымжырттыгың кайда калды,
Жай күнү мынча жамгыр кайдан алдың?
Сүрдөнгөн чагылганды элес албай,
Көз жаштай шатыратып төгүп салдың?

**Аалам**

Бул аалам сырың көп го адам билбес,
Ар адамга берип коюп ар кыл мүнөз.
Кетербиз мезгил жетип күн бүткөндө,
Денени таштап коюп, күтөт күмбөс.

Бирөөнө жыргал менен күн кечиртип,
Бирөөнү кыйнап коюп жан кейитип.
Сездирип адамзатка бардыгыңды,
Күн менен айды бердиң салыштырып.

Теңдешсиз токтоо күнүм багыты бар,
Ар күнү жумушуна тандап чыгар.
Өзгөртпөй бир калыптуу жолу менен,
Күттүрбөй түнгө дайым жолун ачар.

Түн менен айдын жүзү бүт ачылып,
Толгондо жер жашарып нурун чачып.
Турмуштун түркүн жагын берет экен,
Үмүттүү жашоо уланып келет экен.

**Таңкы табигат**

Зымырап автобуста бара жатып,
Кезиктим табигаттын сулуусуна.
Таза аба кере жутуп жай дем алып,
Караймын теребелге мен суктана.

Асманды күндүн нуру кызгыч боёп,
Булуттар күндөн элчи алышкансыйт.
Суктанып жердин бети асман карап,
Жашарып кечекиден калышкасыйт.

Жай жылып күндүн нуру теребелге,
Жаадырап өз боёгун чачты тегиз.
Адамдар шашылышып жумушуна,
Баратат күн нурунан кубат алып.

***

Тээ илгертен улуу сөз бар,
Жетинин бири кыдыр болот.
Эстебесең кыргыз муну,
Эртеңкиси манкурт болот.

Уулусуңбу кичүсүңбү,
Улуксуңбу кичикпи.
Элим бул сөз барын эсте,
Эртең эмес бүгүн эле.

Сыйла элим бүгүн дайым,
Кичи пейил жаш уланды.
Элпек сылык жаш кыздарды,
Мотурайган жаш балдарды.

Жамгыр менен жер көгөрөт,
Бата мене эл көбөйөт.
Деген сөз бар элибизде,
Кызыры бар жерибизде.

***

Агарып асман, күн булут тартат,
Күн сымал мен да ойлорум артат.
Сүрүлүп булут, кай жакка барса,
Чаташкан ой да ал жакка барат.

Жаап өтүп жамгыр, жер бети жумшар,
Түнөргөн оору, кайсыл күн тараар.
Үзүлбөс үмүт уланып келет,
Түгөнбөс түйшүк кайсыл күн кетер.



**Гүлмира Алымбекова** – 1962-жылы 7-октябрда Жумгал районунун Чаек айлында төрөлгөн. Фрунзе шаардык медициналык окуу жайын бүткөн. Учурда жеке ишкерлик менен алектенет.

**Аялдын жүрөгүнө аалам сыят**

Бозум түлөк сонор куш түгөйүндөй,
Жүрөк барбы аялдын жүрөгүндөй?
Балага жанын таштап күчүн үрөйт,
Добул согуп, мөндүрлөсө учат үрөй.

Балапанын калкалап алдас урат,
Оп тартса ажыдаарга тике турат.
Кашайгыр жылаан соруп баратса да,
Кара жанын садага дароо чабат.

Тайманбас баатырды да аял төрөйт,
Кан ичээр нааданды да аял төрөйт.
Кагылып караанынан сан миң ирээт,
Кудайга сабылышат аман кой деп.

Аялдын жүрөгүнө аалам сыят,
Жаналгыч келе десе жанын кыят.
Жер эненин шериги аялбы деймин,
Асман жердин түркүгү сыяктанат.

**Ниагара көз ирмемдери**

Дүйнөдөгү кереметтин бири белем,
Ниагара шаркыратма бийик терең.
Мандайга жазылганбы, буйрук экен,
Чогуу бардык бишкектик бешөөбүз тең.

Төлөгөн, Кубат, Таалай, Уулкан, мен,
Суктандык Ниагарага тарталбай дем.
Аптыгып кубанычтан табалбай сөз,
Фотоаппарат иштеп жатты чыкылдап тез.

Шаркыраган чоң дайранын жээги кенен,
Ниагара туристтердин мекени бейм.
Кораблдер өйдө-төмөн элди ташып,
Туризм өтө өнүккөн чоң шаар экен.

Көз мелжиткен бийиктен агып түшкөн,
Чачыраса тамчылары сылайт беттен.
Арууланып жан дүйнөң сергий түшөт,
Орошон ойлор келип, балкып денең.

Ортодо Ниагара күр-шар агат,
Эки өлкөнүн ортосун бөлүп турат.
Наркы жээкте Канада дөө-шаа өлкө,
Берки жээкте Америка кулач жаят.

Колду сунсаң Канадага жеткидейсиң,
Кулач урсаң сууну сүзүп өткүдөйсүң.
Ниагара кереметин ушундан бил,
Кооз шаарда жылдызга жеткидейсиң.

## Кыйбастарым

Балдарым уча турган канаттарым,
Силерсиңер ал-күч берээр дем-кубатым.
Таянган аскар зоодой тирексиңер,
Силер мага аба-суудай керексиңер.

Асманда айдай жарык Толгонайым,
Аймончок күлүндөгөн күнүм-айым.
"Таене"- деп жарк эткен Айтоонурум,
Силер менин түгөнбөс кутум, журтум.

Кыйын кезде бел байлаар Акылтайым,
Кыйбас жарың, балдарың болсун дайым.
Кер маралдай керилген сиңдилерим,
Арка-жөлөк агатайым-эжелерим.

Аксаамай акыл кошоор апакемдин,
Ак сүтүн актай албай келүүдөмүн.
Орун басар келиндер, инилерим,
Сыйлагыла апабызды келет дегим.

Калбааттыгы сел токтоткон эжелерим,
Пил көтөргүс жүк тартып кенебедиң.
Атыңды атап ар-бириң таанышты рсам,
Айканыш, Тикин, Нукин — берметтерим.

Тизилген эгиздердей күйөө балдар,
Алган жар, кайындарга тирек алар.
Бар болсун багыңарга алганыңар,
Бир болсун асыл оюң максатыңар.

Зымырайган сылык-сыпаа жеңелерим,
Жыгылсам жөлөп-таяр эжелерим.

Намысымды талашып, кадыр билээр,
Сурайылдай супсулуу сиңдилерим.

Бозум түлөк боордош бөлөлөрүм,
Эркин, Нура бел болоор жөлөктөрүм.
Кудай кошкон кадырман кудаларым,
Кыйбас достор ал-жайым сурашаарым.

Бар болгула, баарыңар аман-эсен,
Даван ашып суулар аксын нечен-нечен.
Карт дарактай саябандуу мөмөлөгөн,
Тукумубуз кылым кезсин бөксөрбөстөн.

**Ант-шерттин калбагыла кусуруна**

Уч-кыйырсыз жерди ээлеп, чапчып асман,
Кыргыз деген каганат кулач жайган.
Тайсалдабай, коркпостон түз айталы,
Айкөл Манас кытайга хандык кылган.

Кийинки урпак үчүн тартып мээнет,
Кас-душмандан бошоткон жерди ченеп.
Бир укум жерин дагы кылган керээз.
Ата-бабам жерди эч качан саткан эмес.

Ата-конуш, коломтосу ыйык делген,
Жер үчүн асылдардын башы кеткен.
Орол-Тоонун, Гималайдын түпкүрүндө,
Катылган сырлар жатат биз билбеген.

Азыркы урпак шунча майдаланды,
Көркоолор жерди сатып, пайдаланды.

Кайнаса каны бизге кошулбаган,
Кытайы, анан казак жеринди алды.

Үзөңгү-Кууш, Каркыра ыйык жерлер,
Калың журттун эсинде кала берээр.
Жер саткычтар, журт бузаар, тентип кетти,
Элге батпас, жерге батпас безерилер.

Калкты ойлоп, элди багаар азаматтар,
Жерди сатпай, коргоп келген жети атаңар.
Ант-кусурга кабылып калбасаңар,
Эл алдында аткаргыла убадаңар.

**Сырларым бар катылуу**

Жарык көрүп, жашаганга акылуу,
Ырларымда сырларым бар катылуу.
Жан-дүйнөмдү аяр тыңшап, байкасам,
Бир өмүрдүн жан-тарыхы жазылуу.

Басып өткөн жашоо-турмуш издери,
Жипке тизген мончок болуп түшпөдү.
Өткөн өмүр, калган кадыр табылбайт,
Бүлбүл жанган үмүт шамы өчпөдү.

Табияттын мыйзамы бар жазылган,
Адамзатка ачылбас сыр катылган.
Маңдайында жазуу: “ буйрук” деген бар,
Чек коюлган, буза албайт тирүү жан.

Адам Ата, Обо Энеден жаралган,
Күн балдары жер бетине таралган.

Кутту сактап, журтту сактап келатат,
Күн балдары бүгүн Кыргыз атанган.

**Болочок келиниме аруу тилек**

Тилек кылам, келин алсам даанышман,
Тунук акыл болсо деймин асыл жан.
Сөөгү таза, нарк сактаган кеменгер,
Бешенеден нур төгүлгөн таза жан.

Салтты сактап ыйбаа карап бүгүлсө,
Кайын-журтун сыйлап дайым жүгүнсө.
Самоор коюп, чайың сунса аздектеп,
Садагасы укпастырсың жаман кеп.

Алганыңдын кирдетпесең жакасын,
Ак саамайлуу апаң берет батасын.
Келген жерди кадырласаң, бааласаң,
Кагылайын, кайын-энелик кылбасмын.

Алмустактан айтылат бир аңыз кеп,
Кайын-эненин камырынан дешет тек.
Тукум улап, үзүлгөндү уласаң,
Кайын энең бата берет "кызым" деп.

Үй бүлөдө өз ордумду билемин,
Теңиримден жакшы келин тилеймин.
Суук көздөн бала-чакам сактай көр,
О Жараткан суранамын, өтүнөмүн, не деймин.



**Нурила Сатиева** - 1962-жылы 13-ноябрда Ат-Башы районундагы Ат-Башы айылында төрөлгөн. Фрунзе шаарындагы Кооператив техникумду аяктаган. Учурда М.В.Фрунзе атындагы үй-музейде иштейт.

**Келечекти ойло кыргыз**

Көзүңдү ач, кыргызым, ойгонгунуң,
Көзүңдү оюп жатат өздөн чыккан жаттарың, ойрондоруң.
Кыздарың кытай жана башка элге сатылып кетип жатат,
Келечегиң эмне болот ойлонгунуң?

Жерибиз сулуу, элибиз улуу деп мактанабыз,
Жашайбыз деп бейиштин төрүндө.
Анда эмне үчүн кыргыз жүрөт кулдай иштеп,
Россия, Казакстан жеринде, чет элинде?

Аскердеги, үйүндөгү уулунан ажырашып тынч мезгилде,
Ата-эне боздоп сыздап ыйлап турат.
Эмне үчүн, эмне үчүн деген суроо,
Кыргызымдын эт жүрөгүн кыйнап турат.
Ошондуктан келечекти ойло кыргыз,
Өз элиңе өзүң душман болбо кыргыз.

**Качан эми?**

Эли үчүн жүрөгү ооруп турган,
Жеринин гүлдөшүнө көңүл бурган.
Жалгыз өзү ак-мөңгүлүү тоого окшоп,
Айкөлдүк,  акылмандык сапат менен.
Эл алдында дайыма бийик турган,
Бүркүт кабак, беттегенин бербеген.
Алп денелүү, кайраттуу,
Мырзалары кыргызымдын деги качан көбөйөт,
Качан эми кыргыздарда кайра Манас төрөлөт?

Аска зоодой эли үчүн тирек болгон,
Жүрөгү мекен үчүн гана соккон.
Жолборс сүрдүү, душманынан жалтанбаган,
айбаттуу,
Мырзалары кыргызымдын деги качан көбөйөт,
Качан эми кыргыздарда  кайра  Манас төрөлөт?

**Шамал**

Шамал, шамал чыккан жагың кайсы жак,
Жоолуктарды чечип алып, алыс жакка учасың,
Кыйын болсоң жетип алчы дегенсип,
Андан ары алда кайда сызасың.

Шамал, шамал чачтарымды үйлөп, сылап
ирээтинен бузасың,
Жолду тороп бастырбайсың, турасың.
Мейли шамал, аймаласаң аймалай бер
бетимди,
Суранамын, бирок сенден, этек женди желбиретип,
Ары-бери өткөндөргө көргөзбөчү этимди.

**Менин апам**

Алтын апам, айдай апам берекем,
Мен өзүңдү ай, асманга теңегем.
Менин апам сулуу дешип,
Канча адам айтса да.
Менин апам сулуулугу жагынан,
Дүйнөдөгү апалардын эң алдыңкы сабында.
Күндөй апам сулуу апам берекем,
Мен өзүңдү асмандагы күлүп турган, күнгө гана теңегем.
Менин апам мээримдүү - деп баарына,
Канча адам айтса да.
Менин апам мээрим төккөн жагынан,
Дүйнөдөгү апалардын эң алдыңкы сабында.

**Сөз жана көз**

Жаныма басып келдиң,
Айтчудай мага бир сөз.
А бирок бир дагы сөз айтпай туруп,
Кайра кеттиң.
Айтылбай калган сөздү билдиришти,
Сендеги бир сырдуу, табышмактуу бул эки көз.

Мен болсо сөздөрүңдү укпасам да,
Көздөрүңдү, табышмактуу, көргүм келет.
Айтылбаган сөздөрүңдү көздөрүңдөн окусам деп,
Көздөрүңдү негедир көргүм келет.
Болгону, көздөрүңдү көргүм келет.



**Лейликан Жумабаева**— 1963-жылы 19-январда Алай районундагы (азыр Чоң-Алай) Дароот-Коргон айылында туулган. Ташкенттеги Текстиль жана Жеңил Өнөр Жай институтун бүтүргөн. Социалдык психология боюнча атайын курсту бүтүргөн. Учурда Кант шаарындагы № 25-кесиптик лицейде психолог болуп эмгектенет.

**Кара-Шыбак**

Мекендеп ата бабам уучун улап,
Жайыт жайлап, күтүрөтүп мал курап.
Өзгөрбөйт өтсө дагы мезгил чубап,
Кара-Шыбак аталардан калган мурас.

Жашыл жайлоо мекеним Кара-Шыбак,
Эс алып баргым сага келип турат.
Кай жерде, кандай күндө жүрсөм дагы,
Элесиң жанга шерик, жанга кубат.

Балалыгым өткөн жер Кара-Шыбак,
Шибер чөбүң, шыбагың жанга ынак.
Мен үчүн асыл жерсиң мекен жыты,
Силерди жүрөм дайым ырдап, ырдап.

**Жайлоолор**

Чоң-Така, Сандал, Көк-Кыйык,
Ичинде кулжа, көп кийик.

Гүлдөрү атыр жыттанган,
Күнөстүү дайым күн тийип.
Шор-Дөңу, Даңги, Куу-Казык,
Келишет жайлап чер жазып.
Шибери жашыл жайкалган,
Чөптөрү дары, жанга азык.
Шаңдуу шар агат өзөндөн,
Булкунган дайра Тараша.
Кооз барбы ушул өрөөндөн,
Көркөмү менен жанаша.
Айтылуу Алтын-Мазарың,
Алтын тамыр көп өскөн.
Абасы таза Салкын-Төр,
Альпинисттер өтүшкөн.
Эки тоонун ортосу,
Ичке кыйма узун жол.
Атап койгон Дара деп,
Андагы аккан суулар мол.
Эс алышат көп элдер,
Кармашып балык, жайып тор.
Чокуда жайлоо аталат,
Чоң-Кайкы, Кичи-Кайкы деп.
Бадалы, терек, арчалар,
Зоокасы турат көк мелжип.
Бийикте турат Байгара,
Суктантып көздү кайкалай.
Жарышып анда мал менен,
Кийиктер оттойт жайкала.
Теңизбай деген жайлоосу,
Терилбей аркар, кийик от.
Чокусу бийик, мелтирейт,
Өтө албайт учуп самолет.
Памир Тоонун алдында,

Ачык-Таш деген жайлоо бар.
Ак карын, музун жайда да,
Тебишет элдер шайма-шай.
Кымызын жутуп  байма-бай,
Ичишет Маскөөдөн келип.
Ар түрдүү дары чөптөрүн,
Жүрүшөт чет элдик терип.
Ленин Пик турат кылымдап,
Бийиктик менен жанаша.
Асманды тиреп тургансыйт,
Көктөн жылдыз талаша.
Келгендин баарын суктантат,
Булкунуп турса Тарашам.
Айланып башың, термелтет,
Чалкалап тоону карасаң.

**Тоолору Чоң-Алайдын**

Тоолору Чоң-Алайдын кандай бийик,
Тойлогон төрлөрүндө аркар кийик.
Боорунда мөңгүлөрү жалтылдаса,
Тургансыйт ак жакуттан көйнөк кийип.

Тоолору Чоң-Алайдын кандай бийик,
Бүркүтү шаңшып учат аба чийип.
Көргөндү суктандырган, анан калса,
Тургандай табият да башын ийип.

Тоолору Чоң-Алайдын кандай бийик,
Жойлогон илбирс, кулжа, аркар, кийик
Чокуда аппак карлар жарк-журк этсе,
Койгонсуйт каухар, бермет мончок тизип.

**Сагыныч**

Шуулдап удургуган шамал болуп,
Ургулап узун түндө тереземди.
Тыңшадым сагынычка жүрөк толуп,
Алыскы айылымды, апакемди.

Эстедим апам айткан аңгемени,
Ансайын көөдөнүмө куса айдап.
Кайрадан бала болуп калгым келди,
Кайрадан апакемдин койнун самап.

Шамал да мени менен сүйлөшкөндөй,
Шуулдап уруп турду тереземди.
Мен болсо ыйлап жаттым бала күндөй,
Сагынып айылымды, апакемди...

**Жамгыр болуп себеле**

Жакшы ырлар жан дүйнөгө дем экен,
Жакшы тилек ырыскыга тең экен.
Жан дүйнөмдү аруулантып алганга,
Жазып ырлар акындарга теңешем.

Эске салам кээде эски сүйүүмдү,
Элеси да унутулбайт бүркүмдүү.
Эс тутумда калган элес эш болуп,
Ырларыма кошуп токуйм ал күндү.

Эски күндөн алам кээде эргүүнү,
Айкалышпай кээде сөздүн түркүмү.
Чабалактайм кургактагы балыктай,
Тоодой экен акындыктын бүт жүгү.

Кыйын экен сапка тизиш эң эле,
Эргүү болбойт козголбосо делебе.
Мен өзүмдү акындарга кошоюн,
О ырларым, жамгыр болуп себеле.

**Мезгил агат**

Билинбей эриш-аркак мезгил агат,
Убакыт учкан куштай канат кагат.
Келиптир кыроолонгон күмүш күзүм,
Улутундум кылчайып артым карап.

Жашоо-жарыш өйдө-төмөн далбас уруп,
Келебиз тирүүлүктүн туусун кармап.
Жарышта бирде ооп, бирде туруп,
Түбү жок, түгөнбөгөн түйшүк арбап.

Мезгилдин артта калган жолун жиктеп,
Өткөндү эске салам сүрөт тиктеп.
Баягы кыялдарым ичке чөгүп,
Калды эстелик колумдагы сүрөт китеп.

**Кыйын болду жүрөктүн кечирмеги**

Таарынтпачы таалайлаш, таарынтпачы,
Тарып дүйнөм ансыз да сөлү качты.
Кадырыма жетээрим сен деп жүрсөм,
Сезимге союл салып, кайра жанчтың.

Телмиртпечи жакыным, телмиртпечи,
Тешилди го ансыз да жүрөк эти...
Теңселип таарынычтан жүдөп барам,
Кыйын болуп жүрөктүн кечирмеги.

Кирдетпечи көңүлдү, кирдетпечи,
Суру качкан сезимди сүрдөтпөчү.
Жылуулук жок канымда үшүп турам,
Биротоло жадымдан өччү, өччү.

**Кездешүү**

Көздөрүңө карай албай ийменип,
Көздөрүмдү ала качтым сүрдөнүп.
Көптөн бери күтүп жүрсөм өзүңдү,
Көрөөр күнүм бүгүнкүгө туш келип.

Жолугушуу бүгүн күнгө чектелип,
Жолдон чыктың маңдайымдан кез келип.
Жообу болбой калган баягы суроом,
Жончу ичти тынчым алып эңшерип.

Сен да мага астыртадан карадың,
Сезип турдум кейипкерлүү абалың.
Сенек болуп сезим катып калыптыр,
Серпилбеди көңүл гүлдөп, агарып.

Түн күзөткөм, канча күндөр саналып,
Түпсүз ойлор турат азыр таралып.
Турдук үнсүз жуурулушпай сезимдер,
Түңүлдүрдүң, алыс экен аралык.

**Унутуп калган кезде**

Капарыма албастан жүргөн элем,
Капысынан чыга калдың кезигип.
Карайсың жалооруган көзүң менен,
Кантейин калбадыңбы көп кечигип.

Эми кеч, өтүп кетти күндөр артта,
Унутуп мен өзүңдү жүргөн чакта.
Капыстан кайдан чыга калдың эле,
Күтпөгөн, күттүрбөгөн ушул жазда.

Ал кезде махабаттын оту жанган,
Ашыктык аптабына көп какталгам.
Келбедиң, күткөн күндөр калбыр болду,
Үмүтүм ичке чөккөн аттиң, арман.

Мен сага чоочун адам болуп калгам,
Жүрөктө эч нерсе жок сага арналган.
Чоочуркап турдум сага карай албай,
Сезимдер бир кездеги болуп жалган.

Мүдөөгө ашпай калды биз болжогон,
Өмүрдө болбойт экен кээде ойлогон.
Мен көндүм тартибине бул жашоонун,
Күндөр келбейт дагы ошого окшогон.

Эми биз коштошолу сылык гана,
Кол берип коштошпоого барбы чара.
Кокустан жолугушсак да бир жолу,
Жалооруп жүрөгүмдү жаралаба...



**Сиренкан Сарбалаева** - 1963-жылы 20-январда Токтогул районундагы Ничке-Сай айылында туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Үч китеби чыккан.

## Кантип сатты Каркыраны

Эстегенде кооздугун Каркыранын,
Эдельвейс гүлүндөй барпырадым.
Көксөй берем сагынып, көксөй берем,
Көргүм келип көктөмдө чалкыганын.

Карагайлар көк тиреп сеңселгенин,
Карап канча канбады эңсөөм менин.
Тартылганда элеси талаалардын,
Тарып калат иштеген кеңсем менин.

Жазы, жайы, күзүнө жолуга албай,
Жанды эргиткен эңсөөдөн соолуга албай.
Кайтып кайра бир күнү келем деген,
Калат окшойт тилегим орундалбай.

Казактарга Каркыра сатылды деп,
Калың элге кабар жаап, чачылды кеп.
Каргап келем чондорду, кайталангыс,
Кантип сатты баа жеткис асылды деп.

**Оңдогула тарыхтын каталарын**

Кайдасыңар калкымын чыгаандары,
Канаты бар кыз, жигит, уландары.
Кылымдардан элинин бактысы үчүн,
Кызмат кылат кудай да, куран дагы.

Өмүр эмес өлкө үчүн туулгансың,
Өчпөс өнөр нуруна жуунгансың.
Эпостор да кыргыздын тили менен,
Эчен кылым эл үчүн курулган чын.

Көрсөт көчмөн элиңдин көсөмдүгүн,
Көкө Теңир көтөргөн чечендигин.
Бакай калпак башыңда турган чакта,
Баатыр Манас тукуму эсендигин.

Айрып, сатып матадай жериңерди,
Качты ажолор сыйрыган териңерди.
Калкты алдаган хандарды кудай сүйбөйт,
Кайрып берер мезгил бар кегиңерди.

Көп түкүрсө билем, көл жасалаарын,
Көктүн, жердин алгыла баталарын.
Ойрон кылып жер, сууну тарыткanды,
Оңдогула тарыхтын каталарын.

Үлгү болор көп туруп канаттууңар,
Үмүт кылып башка элден адаштыңар.
Кыргыз болуп төрөлгөн ар бир адам,
Кыргыз элин сактоочу Манассыңар!

**Чакырык**

Көтөргүлө көсөмдөй башыңарды,
Калтыргыла тарыхка атыңарды.
Ойгонгула уйкудан ныксыраткан,
Ойлонгула агартып чачыңарды.

Куткаргыла кыргызды жакырлыктан,
Курулгула баарыңар асылдыктан.
Окшоткула гүлзарга мекенинди,
Токтоткула пикетти таш ыргыткан.

Чыгаргыла өлкөнүн даңазасын,
Чыңдагыла тонолгон казынасын.
Түбөлүккө түпкүргө узаткыла,
Түркөйлүктүн түшүрүп жаназасын.

Алакандай кыргызды бөлбөгүлө,
Аз элсиңер, азая көрбөгүлө.
Жерин саткан элин да сатат тура,
Эми эч кимге андай жол бербегиле!

Тирүү өлүк эмеспи ойлонбогон,
Тилин созуп жылаандай соймондогон.
Акмактарды бийликтен жоготкула,
Ата журтту жеп, сатып ойрондогон.

Казык кылып каруунду, кайратыңды,
Азык кылып акылга айбатыңды.
Эл-жериңдин эркин, тынч бактысы үчүн,
Эшигиңдин алдына байла атыңды.

Сактагыла дөөлөтүн тилиңердин,
Сатпагыла добушун үнүңөрдүн.
Жыргап, куунап бейкапар жашагыла,
Жыпарына оролуп гүлүңөрдүн.

**Теректер**

Жетилгенде кыркышып теректерин,
Жетим кылып салыптыр элет жерин.
Жеп-ичкичке жем кылган желмогуз деп,
Жетекчисин урушкум келет менин.

Алып чыгып балта, чот, жарактарын,
Алааматка салыптыр дарактарын.
Асабасын айлымдын көкөлөткөн,
Аралаптыр куйрук, жал, канаттарын.

Ак элечек энедей жайкалышып,
Айдарымга таңдагы чайканышып.
Жолдун боюн жомоктой көркке бөлөп,
Жоокерлердей турчу эле кайтарышып.

Узарчу эле күн чыкса көлөкөсү,
Уючу эле дүйнөнүн берекеси.
Кубанчу эле көркүнө жолоочулар,
Кучак жайып тургандай энекеси.

Симфония үн катпай шаңшычу эле,
Серенада күн батпай балкычу эле.
Төгүлүшүп ай, күндүн алтын нуру,
Төбөсүндө булуттар калкычу эле.

Башын созуп алыска үңүлчү эле,
Бакыт, сүйүү, дөөлөткө кийинчү эле.
Келе жатсам айлыма, эң биринчи,
Келинимдей тосушуп ийилчү эле.

**Дарым болгун**

Күмүштөй күлкүң менен арбап алдың,
Күнүм деп сага өзүмдү арнап алдым.
Көргөндө көзүң токтоп калсын үчүн,
Көктөгү жылдыздардай жайнап алдым.

Сүтактай безеленсем угаттырсың,
Сүйүүмдүн тунуктугун туяттырсың.
Сүйүүнү баалай, барктай албаганды,
Сүйүүбүз экөөбүздүн уят кылсын.

Асманым, айым, күнүм — баарым болгун,
Адамзат табалбаган дарым болгун.
Өрттөнүп илебиме өмүр бою,
Өзүңдөн артык сүйгөн жарым болгун.



**Гүлнара Чолпонкулова** – 1964-жылы 8-декабрда Кара-Буура районунун Чолпонбай айылында туулган.

Учурда жеке ишкерлик менен алектенет.

**Табасың**

Сураса бир окуучу: не кылам? деп,
Айтмакмын талбай оку, билим ал деп.
Жана да Манасты оку, сөзсүз оку,
Анткени ал, түгөнбөгөн керемет деп.

Манас ал, көктө айың жаркыраган,
Манас ал, таңда күнүң нурун төккөн.
Өмүрү кыргызымдын ал Манаста,
Түбөлүк өчпөс кылып басып өткөн.

Табасың сен Манастан Улуулукту,
Табасың сен Манастан тереңдикти.
Табасың бир өзүңө батырчудай,
Табасың сен Манастан кенендикти.

**Кыйбасым**

Кыйбасым түшүнбөгөн кыйнамышым,
Өттү го сени менен далай жылым.
Ысыгың, суугуңа түтүп келем,
Өткөндөй жылдар эмес, а бир кылым.

Бир гана кемчилдигиң мен кечиргис,
А анын талап кылды бүт өмүрдү.
Баласың чоңоё албай калган жалгыз,
Ошон үчүн кыйбадым да көңүлүңдү.

Кемчилдигиң болбосо сен бийиксиң,
Айтып бүткүс элге кылган эмгегиң.
Аруу, таза, пейли кенен, ак көңүл,
Берешендик бул бир сенин эрдигиң.

Ошон үчүн, ошол үчүн, кыйбадым,
Ички дүйнө, тазалыгың сыйладым.
Анан дагы ыйык туттум, үй-бүлөнүн очогун,
Билип койчу, ушунумду кыйбасым.

**Улуу эл**

Эсептебейм кээ бирөөнү мен кыргыз деп,
Кыргыздын улуулугун билбегенди.
Күнүмдүк көр оокаттан баш чыкпаган,
А балким, анын көөнү кирдегенби?

Унутуп Улуу жолду бабам салган,
Унутуп кыргыз тилди эбак танган.
Айлансын андай адам кыргызымдан,
Кыргыздын Улуу куту кеткен андан.

Улуу салт, ар-намыстуу кыргыз элим,
Тоолорум ак мөңгүлүү ыйык жерим.
Даярмын аткарганга бүт милдетиң,
Жүгүңдү көтүрүүгө жетет күчүм.

Айланам бабам Манас баскан жерден,
Айланам кыргыз сөөгү жаткан жерден.
Меймандос пейли кенен, ниети ак,
Айланам баатыр жүрөк сендей элден!

**Оо Теңирим**

Өттү гө канча жылдар, канча кылым,
Адашты кыргыз элим,
Алды артын карабастан.
Мына эми жаңы гана ойгонууда,
О, Теңир жардамың бер аябастан.

Өзүңдөн жардам күтөм о, Теңирим,
Ансыз да чарчап турат алсыз элим.
Төбөдөн нур сыяктуу кут төгүлтчү,
Кутмандуу болсун менин кыргыз жерим.

Күчтөнүп элим анан алга жылсын,
Өркүндөп, өнүгүп жолго чыксын.
Аруулук үрөнүн сээп жер-энеге,
Дүйнөгө атагы даңкан урсун.

Ынтымак  бардыгынан бийик турсун,
Теңирим бир өзүңдү ыйык тутсун.
Өзүңдүн бар экениң тооп кылам,
Мына ушул тилегинди элиң уксун.

**Эжелерим**

Аруулукка сугарылган эжелерим,
Адамдык сапатыңар бийик турган.
Нур төгүлөт силердин пейилиңерден,
Ыймандын мунарасын мыктап курган.

Саадат эжем дин жолунда,
Мөлтүр булак таптаза.
Башкалар да сиздей болуп,
Ыйык тутуп аруулукту сактаса.

Чындык кайда деп издесең,
Сура Кайырбүбү эжемден.
Үйрөтөт ал, калыстыкты, чындыкты,
Эгерде сен биле албасаң, сезбесең.

Ат койдум мен,
Саадат эжем periштем,
Кайырбүбү эжем,
Даткайымга тең экен.
Эмне үчүн десең сен,
Кылган иши келишкен.
Сурасаң эч аянбай,
Адал ишке,
Дайым жардам беришкен.

Эжелерим Периште жан, Даткайым,
Аруулукту жер үстүнө тараткан.
Бабам салган Улуу жолдо,
Үрөн сээп бараткан.

**Жаратылыш**

Жаратылыш кереметсиң,
Айтууга сөз жетпеген.
Сулуулугуң суктандырган,
Адамга күч, дем берген.

Жаратылыш касиеттүү,
Сен бар үчүн жашоо бар.

Кучагыңда өмүр сүрөт,
Жан-жаныбар адамдар.

Жаратылыш сен белексиң,
Адамдарга теңир берген.
Ата-бабам ыйык тутуп,
Бир өзүңдө жашап келген.

Жаратылыш сени сактоо,
Адамзаттын милдети.
Акмактар бар түшүнбөгөн,
Көңүлүмдү кирдетти.

Жаратылыш сени менен,
Сүйлөшөмүн билесиң.
Адамзаттын бар күнөөсүн,
Кечиресиң сезесиң.
Ошон үчүн бийиксиң да, ыйыксың.

**Аракkeч**

Аракkeч адамга даба жок,
Коркунуч туудурган ал бир ок.
Акмакка эч нерсе ыйык эмес,
Арактан жутуп койсо курсагы ток.

Аракkeч бирде ысыйт, бирде тоңот,
Түнөк кылып, көрүнгөн жерге конот.
Аракkeчтер, алсыздар, айнып калган,
Канткенде, жер үстүндө адам болот.

Бударыңчы, ырыскыны качырат,
Жакындарын кайгы-муңга батырат.

Балдарынын көргөн күнүн кор кылып,
Бактысыздык уусун ачуу таттырат.

Катын-бала корголошот, ыйлашат,
Коркуп бүтөт, жүрөктөрү сыздашат.
Өзгө эмес жат душманды көргөндөй,
Шорго салып өз балдарын кыйнашат.

Калп айтышат, карганышат жанын жейт,
Куйчу арак, өлүп барат жаным дейт.
Эч убакта, тоюп бүтпөйт аракка,
Бул иттериң үй-бүлөнүн башын жейт.

Жамандыкты алып келген жексурлар,
Жүргөн жери кайгы муңдуу от болоор.
Мал болуп калган ушул айбандарды,
Киши жок бек байлап ноктолор.

Билсин алар, ак эмгектин адалын,
Туя билсин, турмуш жолдун татаалын.
Арам суу деп, ичкиликти таштасын,
Толуктасын чын адамдын катарын.

## Билсең кыргыз

Каршымын ичи арам бузуктарга,
Канында кыргыз каны турганында.
Сыйлабайм элди бөлүп жаргандарды,
Кыргызды башка жолго бурганына.

Баш айланткан бузукулар толуп кетти,
Кыргызымды түрдүү жолго буруп кетти.

Билимдин жетпегени, анан да жардылыгы,
Алданып, түрдүү динге кирип кетти.

Кээ бири көчөлөрдө ээрчип алып,
Чакырат үйгө келип эшик кагып.
Жардам берем, келгин деп китеп сунат,
Алчуудай тим эле өзү багып.

Мейли дечи, эркиндик өз колунда,
Кыргызым жүргөн жакшы өз жолунда.
Көк Теңир ааламдын эгеси деп,
Салды го, Бабам жолду өз доорунда.

Билсең кыргыз, Бабалардын эмгегин,
Көк Теңирди ыйык тутуп келгенин.
Жат душманга жерибизди тарттырбай,
Урпагы үчүн өз өмүрүн бергенин.

Билсең кыргыз, касиеттүү жериңди,
Кайберенге аралашкан элиңди.
Теңирим сүйүп берген кыргызыма,
Туу туткунуң Айкөл Манас шериңди.

Мына ошондо кут конот элибизге,
Кайберендер кайтып келет жерибизге.
Соолуган булактардын көзү ачылып,
Күч-кубат, дем берет эркибизге.

Аттанып анан кыргыз жолго чыгат,
Бабалардын арбагына таазим кылат.
Ыраазы болсо гана Ата-Баба,
Жер энеде Улуу Кыргыз бийик турат.



**Гүлниса Анарбаева** — 1965-жылы 7-августта Өзгөн районундагы Кызыл-Тоо айылында туулган. Кесиби бухгалтер.

**Өзгөнүм**

Өзүңдөн бүткөн өзөгүм,
Өзгөчө көңүл бөлөөрүм.
Өзгөдөн кооз көрүнгөн,
Жерлериң улук Өзгөнүм.

Сен үчүн согуп жүрөгүм,
Ар качан эңсеп жүрөмүн.
Билбеймин, неге тартылам,
Өзүң деп өмүр сүрөмүн.

Балалык кезим камтыган,
Өзгөнүм сени сагынам.
Киндик кан тамган жер энем,
Кымбатсың өзүң баарынан.

**Табият сыры**

Талаанын гүлдөрү жайнаган,
Кооздугун кезинде түшүнгүн.
Гүл дагы бир мезгил күбүлөт,
Көтөрүп жашоонун түйшүгүн.

Түбү жок өмүрлөр уланат,
Табышмак көп нерсе куралат.
Жашоонун күңгөйү-тескейи,
Акыры бизден да суралат.

Табигат сырлары табышмак,
Бабалар кеткендей табыштап.
Биз билбес дүйнөнүн мыйзамын,
Кимдер бар чече алган тастыктап?

Кезинде күлгүн да, ойногун,
Өмүрлөр өтөрүн ойлогун.
Артыңа калтыргын жакшы ишти,
Бекерге кур жашап койбогун.

**Кыялдар**

Кыялданып кырда ойногон кыз курак,
Гүлдөн-гүлдү тандай чуркап, кыр улап.
Кыт-кыт күлүп, кылыгыбыз жарашкан,
Өтүп кетти, жыл артынан жыл курап.

Эртең менен шүүдүрүмдү тебелеп,
Аппак ойлор ак жаандардай себелеп.
Кыял менен жетип аппак булутка,
Кайра жерге түшөр элек керемет.

Кыялдар ай, кыялдар гүл издеген.
Жашоо өңүн түркүн түстөн иргеген.
Бактылуу кез балалыктын күндөрү,
Жүрөгүмдө калды чыйыр из менен.

**Жалгыз койбо**

Мен сени элестетип түштө көрөм,
Аярлап, колдон кармап, жүзүң сүйөм.
Жүрөгүм кубангандан катуу согот,
Ойгонуп, түш экенге жаным, күйөм.

Мен сени бир көргөндө сүйүп калдым,
Алдыңда сүйлөй албай оттой жандым.
Буттарым тушалгандай козголо албай,
Көздөрүң көрүп алып эстен тандым.

Максатка жетүү кыйын, сүйүү ыйык.
Суранам, сен сүйүүмө тоскоол болбо.
Жөн гана жүрө бергин мени арбап,
Сүйүүмдү түртө салып, жалгыз койбо.

***

Жолдор, жолдор жетелейсиң оюмду,
Тиктей берем, менден узай бересиң.
Кирип турган суу сыяктуу агылып,
Дале алдыда учу жоктой келесиң.

Зуулдаган машиналар, тыным жок,
Ары-бери өтүп жатат токтоосуз.
Жол тулпары жолоочунун шериги,
Дөңгөлөктөр чимирилет ирмемсиз.

Машинанын дөңгөлөгү заматта,
Көз ирмемге келбей кетет тездиги.
Биз сезбеген өмүр жолун окшоттум,
Күн кечтесе кайра кайтпас эртеңи.



**Сонунбү Кадырова** — 1966-жылы 8-февралда Алай районунун Бүлөлү айылында туулган. КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн. «Кыргыз телекөрсөтүүнүн отличниги» наамын алган. Ырчы жана обончу. "Кыздар ай" клубунун концерттик программасынын жетекчиси жана алып баруучусу. 3 китептин автору.

**Эскертүү**

Бир калыстык көздөн учуп чыркырап,
Канча адамдар ыйлап жатса буркурап.
Ошондойдо кантип, тирүү болгон соң,
Чыдап турам тили жоктой тунжурап.

Мен чыныгы кара таман адамдын,
Кызы болом ашык байлык күтпөгөн.
Күндүгүнө топук кылып беймарал,
Байлык десе бети менен түшпөгөн.

Мен сүйлөймүн, коркпойм токоч бербейт деп,
Ушул жолду туура деймин, кайтпаймын.
«Кыргыз деген касиети улуу журт» —
деп кайталап айтканымдан жазбаймын!

**Кыргызга куралмын**

Улут үчүн оттон, суудан кайтпаган,
Курал болсом мен кыргызга куралмын.

Төбөсүндө ойноп арам, акмактын,
Шилтенүүгө дайым даяр турармын.

Мен бар жерде айтпа акаарат кыргызга,
Түбү таза элим менен мактанам.
Жалдырабайм, тизе бүгүп суранбайм,
Кете берсин «кыргыз» десе, жакпаган.

Ким кыргыздын касиетин тааныса,
Ошол менин бир тууганым кыйышпас.
Андайлардын даражасын көтөрүп,
Боорго тартып коном жакын конушташ.

«Сен бирөөнүн куралысың» дегенге,
Чын ниетимден жооп айтып жатамын.
Бузуктардын чекесине мээленген,
Ак келтеси болом Манас Атанын.

**Темабыз башка**

Ооба, биздин окшош эмес темабыз,
Менин сөзүм сизге чоочун угулат.
«Жөн эле эмне өз оокатын кылбайт» деп,
Мен жүргөн жер сизге копоол туюлат.

Чындык деген болсун мейли сиздики,
Сиз күрөштү көрө элексиз менчелик.
Жаңы келип кагуу көрө элексиз,
Жолугабыз дагы далай кез келип.

Күндөр келет темаңыздан жаңылган,
Сөз табалбай тилиңизден чалынган.
Бул саясат сиз эле эмес, далайдын,
Алын сурап, бүркүп келген агымдан.

Шашпа эжеке, дагы алдыда көп иш бар,
Саясатка жаңы гана келдиңиз.
Дагы далай жылуу сөзгө зар болуп,
Саткындардан жерге түшөт эрдиңиз.

Саламдашпай баары кетип тескери,
Калыстыктын шамы өчүп жел уруп.
Турган кезде туура сөзүн айталбай,
Мен келемин дале болсо кол сунуп.
Шашпа эжеке, дагы алдыда көп иш бар.

**Апам**

Апа сени кантип, качан унутам,
Эсимдесиң бардык жерде ар убак.
Кээде күлүп, мандайымда тургансып,
Жылуу сөзүң кулагыма жаңырат.

Далай жолу сагыныштык алыстап,
Кусалыгым көкүрөктө тирелип.
Кол булгалап кала бердиң айылда,
«Сен оку» деп, мени шаарга жиберип.

Көктөйүмдөн жүрдүм билим артынан,
Сагынычтан тилинсе да жүрөгүм.
Болсом экен деген элем өзүңө,
Уул ордуна жөлөп турган тирегиң.

Бирок, андай болбой биздин бешене,
Астын-үстүн өзгөрүлдү бул жашоо.
Алган билим арык аттап, суу кечпей,
Көп чайналдым жол табалбай ортодо.

Жылуу орун тапканымды көрбөдүң,
Көп кайгырып жан үрөдүң, мен дедиң.
Көнгөн журтуң таштап коюп артымдан,
Улуу эрдик мени ээрчип келгениң.

Жаман кийип, жалап ичип ырымга,
Жаркыракты ыраа көрбөй чынында.
Боюң тартып пана жүрдү билинбей,
Жакасынан колун албай тынымга.

Көңүлүмдү элесиңден бошотуп,
Унутууга бел байласам канчалык.
Ар бир сөзүң кулагыма жаңырат,
Баскан жолго чырак болуп жапжарык.

Унутулуп калуу сага жакчу эле,
Деп сүйлөнүп «Мага анча көп ыйлаба».
Сага жаккан ишке келбей дарамет,
Эрке кызың жүрөт окшойт кыйлага.

**Бурулкан эжеге**

Баасын билбейт, баркын деги сезеби,
Союз деген супсак кездин кечээги.
Бейжай ырды жазат дешип сөз кылып,
Жүдөтүштү эркин жүргөн эжени.

Түшүнгөнгө ошол «бейжай» ырларда,
Жатат жашоо, жатат өмүр өзөгү.
Эркиндикти алып элим акыры,
Келди эженин ырларынын кезеги.

Эреженди, этиканды карабай,
Келген ырды жаза салып, баладай.

Оозун ачса ыры турат төгүлүп,
Окуяны бурмалабай, жамабай.

Мунун өзү кайнап турган зор аалам,
Сүйүү болуп туш тарапка таралган.
Бурулкан эжем ошол аалам ичинде,
Жашай билип, ырахатын алалган.

Бул жүрүшү, бул кылыгы эженин,
Кылымдарга атын жазып калтырат.
Аңыз кылып айтып улам жаңы муун,
Жарык чачып күйөт улам жаркырап.

**Койсун Курманалиевага**

Манастын элдин башкаруу кыйын чынында,
Атагы кеткен кылымдан өтүп кылымга.
Койсундай кыздар ээрчитип элдин баратат,
Бир дагы мүнөт ойлонуп калбай тынымга.

Сүйлөгөн сөзү уккандын ичин жылыткан,
Эзилген элге күч-кубат болуп муюткан.
Койсундай кыздар кыргыздан гана жолугат,
Камчысы катуу от болуп турган чыгыштан.

Көздөрү терең, акылга толо каныккан,
Жигиттер сүрдөйт апкаарып жакын барыштан.
Тоолуктун кызы ушундай болот билгенге,
Шамалдай сызып, куюндар менен жарышкан.

Мас болбойт эне эзелтен келген мансапка,
Саймалуу чапан уютуп турат ооматка.
Кыргыздын бүгүн көбөйсүн Сиздей кыздары,
Тартынба Койсун, алдыга карай жол башта.

**Жумакан Жаркулова** — 1966-жылы 11-ноябрда Сузак районунун Канжыга айылында туулган. «Асыл-ай» мүмкүн-чүлүгү чектелген жарандар коомунун төрайымы. Учурда Багыш айылында жашайт.

“Жайлоолор мени чакырат” китебинин автору.



**Канжыга айылым**

Мен баратам, куса толуп жүрөккө,
Тосуп алаар мени тентек шамалың.
Мен картайып, тырыш баскан жүзүмдү,
А сен болсо дале жапжаш жамалың.

Ойдо турат, опурулган чаң жолдор,
Бала кезде шилеп чаңын ойногон.
Мен жомоктуу элестерге чөмүлдүм,
Ойлор чубап, ойноо кезим тойбогон.

Ошол күндөр жомокко бай элесиң,
Канча мезгил чубап өттү жебесин.
Бирге ойногон курбуларым сагынам,
Силер азыр баарың ата-энесиң.

Балалыгым сыры сенде катылган,
Бардык жерден ыйыксың сен Канжыгам.
Эч нерсени ойлонбогон ойноо кез,
Балалыгым бал кымызга балкыган.

Ошол тоолор ошол тунук булагың,
Ошондогу менин тентек убагым.
Ошол бойдон өмүр бою калчуудай,
Ойлобопмун тагдыр турмуш убагын.

Эркек мүнөз тай жалында ойногон,
Эне болуу кайдан келди оюма.
Күндөлүктөй тизмектелип оюмда,
Балалыгым сенин чаңдуу жолуңда.

**Ажылык**

Ынсап берип түшкөн ыйман жолуна,
Намаз менен жеткен тилек оюна.
Бүгүн бардым жүздөрүнөн нур тамган,
Кайнагамын ыйык ажы тоюна.

Түйшүк менен уул өстүрүп багышты,
Турмушунун чыйыр жолун салышты.
Ата-эненин парз милдетин аткарып,
Уулдарына катар келин алышты.

Турмуш өттү, бирде бөксө, бир толуп,
Азабында, жыргалында бир болуп.
Неберелер баары катар өсүшүп,
Кут береке неберере үй толуп.

Неберелер көтөр дешип ыйлашып,
Уул келини ата-энесин сыйлашып.
Эгиз өңдүү ээрчип барды ажыга,
Олтурамын сүйүнгөндөн ыр жазып.

Урмат сыйы ушул насип ыраатын,
Өмүр берсин, боло берсин барчылык.
Колго алып, кожо кылып уулдарын,
Кабыл болсун аке, жеңе ажылык.

**Акым бар**

Араң басып жүрсөм дагы шүгүр деп,
Ар качандыр оозумдагы шүгүр кеп.
Азап мени ары-бери чайкады,
Арзуу тилек мен жүрөмүн этектеп.

Кээде ыза көз жашыма чыгарып,
Кээде үмүт менден качып тунарып.
Эл катары жүрсөм дагы түшүнбөйм,
Болуп калчу, мен жетпеген мунарык.

Сылта басып эл ичинде баратып,
Сырым менин ырга койдум жаратып.
Кайрат кылып энчим алып жашоодон,
Капаланчу калган кезде жан ачып.

Басар жолум, алыс, анан жакын бар,
Сүйүү жазат менден башка акындар.
Арманымы жазып коюп баракка,
Адам болуп жашоого мен акым бар.

**Байдылда Сарногоевди туурап**

Мен киммин, таянганым сары таяк,
Ооруп жүргөн бутумду жүрөм аяп.
Күн бүркөлөт дегенден үч күн мурун,
Аба ырайы алдын ала берет «маяк».

Мен киммин, жашап жүрөм сылта басып,
Башкалардай болсом да, таяк ашык.
Билалбадым таягым жок болсо эгер,
Тынымы жок болсо керек жорго басык.

Мен киммин, келсе ырым жазып коём,
Ошол ырдан ышкы алып максат коём.
Демек, мен ышкы бакта ыр таптаган,
Саяпкери сары таяк акын болом.

Мен киммин, мен бир адам сары таяк,
Ырларым калса экен элге жарап.
Алсызмын акындардын катарында,
Жүрөмүн мен өзүмү акын санап.

**Балдарым**

Бейпил түндө уктагыла балдарым,
Мен силерге эне мээрин арнадым.
Ден соолуктан жарды  болдум кантейин,
Катык ишке каруу жете албадым.

Айланайын өмүрдөгү издерим,
Мен силерге көп жакшыны издедим.
Ичтен сызам, өксүп турам ал жетпей,
Жан үрөдүң жаштайыңан иштедиң.

Уктагыла, айланайын каралдым,
Пешенеме кандан бүтүп жаралдың.
Кыйналсаңар ичимен мен эзилип,
Оруну жок ойлор менен сабалдым.

Балдарымдын багын түнү тиледим,
Ал жетпеген азапка менен ийлендим.

Көөдөнүмдө көп ойлорго жооп издеп,
Эркелеттим, эзип турду жүрөгүм.

Уктагыла, айланайын балдарым,
Өз ичимен эркелеттим, аядым.
Ыдыраган чачыранды ойлордон,
Алыстадым, ырларыма таяндым.

**Болбосо эгер ынтымак**

Качкан кезде ынтымак, капыс сөздөн чыр чыгат,
Ханың дүйнө терметип, калк уктабай тынчыраак.
Жактырбайсың сөздөрүң, жат көрөсүң өзүңү,
Ынтымак кетип ырк кетсе, душман ээлейт төрүңдү.

Ынтымак кеткен мезгилде, калыс хандык жакпаган,
Ырыскыңа шериктеш, алдоо тилде мактаган.
Ыркы кеткен элиңдин, ханды билбей асылат,
Калк ичинде башчы көп, таруудай элиң чачылат.

Билгени да, билбеген, бийликке барып баш тыгат,
Ашказаны жарылбай, эл мүлкүнө аптыгат.
Каардуу хандык келбесе, этек тартып жең тартып,
Камчы саптын ордуна, пайдасыз урчук таш чыгат.

Эл кыдырып чачылып, ар жерге барып кул болот,
Эри тирүү аялдар, арасат күндө тул болот.
Ысык үйгө кут болбой, береке качып эшиктен,
Белката элек балаң да, бел майтарып кул болот.

Ынтымак мээрим ордуна, сураганы сом болот,
Башы иштебеген бака да, акча сунуп чоң болот.
Ай кыргызым, акыл тап, эби кетип эл чачпай,
Баш биригип, иш кылып этек жапкан оң болот.

**Күз эле**

Шуудурап жалбырактар сары ыраң,
Өзгөрүп сары түскө жашыл тулаң.
Күзгө окшоп жаштыгыман алыс калып,
Учуп түшкөн жалбыракка карап турам.

Алтын күз жалбырагын желге ыргап,
Оюма ыр саптарды берди ыргак.
Дал ушул жалбырактай сапырылып,
Өтөбүз бул өмүрдөн дүйнө жыйнап.

Шамалы дарактарды ыргап күзгү,
Жалбырак калкып учуп жерге түштү.
Менин да карылыгым далил кылып,
Саамайым желге ыргалат, күмүш түстүү.

**Сыйга берген гүл элем**

Мен ачылсам коздук берип бакчаңда,
Эс алаарсың, жыпар жытым чачканда.
Жайнап турсак жашасынчы дебестен,
Жөнөйсүңөр, кыркып алып сатканга.

Жайнап турсак, жан дүйнөнү тазартып,
Жакшына деп суктанаарсың көз артып.
Сылык сыпаа сыйга келген гүл элем,
Соолуп турам ыргытылып жан ачып.

Колумдагы кооз гүл элем карасаң,
Сыйга күбө мен ачылып баратам.
Күлүп жайнап тосуп алган үй ээси,
Суута салса коздугуна жарасам.

Күнгө куурап гүл кейпимен айрыган,
Күнөөнү да билбегенге кайгырам.
Күндө кече, тоюң болсун адамзат,
Мен баары бир, гүл сатканды байытам.

**Таңды тостум**

Уйкудан ойгонгонгомун атпай таң да,
Илхам келсе мендейде уйку кайда.
Ышкы жанып турганда жүрөгүмдө,
Келе берет жазылып ырлар анда.

Ырым менен бүгүн да таңды тостум,
Таңга бөлөп катарына ырды коштум.
Булбул да тынбай безейт бак ичинде,
Мен менен бөлүшкөнсүп булбул добушун.

Мен таңдын эркелеткен жели менен,
Ынтызар ышкы багың издеп келем.
Ким билет менде талант болбогондо,
Мынчалык сулуу таңды билбейт белем.

**Таарынбачы**

Тегиз эмес, бул жашоо бардыгына,
Таарынбачы жазылган тагдырыңа.
Татыгыдай өмүрдү жашап өткүн,
Талашы жок өмүрдүн аздыгына.

Таарынбачы кимге сен таарынасың,
Таарынганың кур бекер жаңыласың.
Таарынычтуу бул күн да өтө берет,
Табалбайсың бул күндү сагынасың.

Таарынбачы садага, таарынбачы,
Ансыз деле жашоондо өмүр жарды.
Ак мээнеттен өткөн сага бакыт болбойт,
Чөгөрбөгүн, чөкпөгөн көңүл жакшы.

**Апамын төркүнү**

Тага журтум, маматберек уруудан,
Тагаларга каттасам деп урунам.
Апам өтүп, жетим калган кезимде,
Өксүү жашым канча ирет куюлган.

Бектур деген апамын эле агасы,
Имерилип кыздары да баласы.
Эжесинен калган кызды өксүтпөй,
Канча болсо сыйлаганын карачы.

Качан болсо, менин көөнүм алышат,
Телефонго акча салып калышат.
Жетелешип жээним дешип сүйүнтүп,
Мода болгон жоолуктарды салышат.

Бул ырымы жазып койдум эмнеден,
Тайежелер урмат сыйга термеген.
Токо келсе, Мидин тагам кой союп,
Алек болуп кобурашат мен менен.

Караңгы түн арноо ырым жаралып,
Дем коштуңар тайежелер демиме.
Ушул сыйга кызың татып турганда,
Апакем ай, тирүү турсаң эмине?!



**Элмира Төлөкова** — 1967-жылы 12-январда Жети-Өгүз районундагы Ак-Дөбө айылында туулган. КМУнун Кыргыз тили жана адабияты факультетин, БГУнун аспирантура бөлүмүн бүтүргөн. Филология илимдеринин кандидаты. Учурда «Кыргыз-Түрк Манас» университетинде кафедра башчысы болуп эмгектенет. «Кызык, жашоо» ырлар жыйнагынын автору.

**Атакемдин элеси**

*(поэма)*

Апам: «Чүш-ш!..» — дейт, атаң келди… Акырын!..»
Уксак дагы апамдын кеп-акылын, —
тентегирээк боло түшөөр элек — биз—
атакемдин — сезип — жанга — жакынын…

Апам: «Тынч!..» — дейт, «Иштен келди атаңар!..»
Ал ансайын— артып — биздин «каталар»…
Атам барда — тыя алчу эмес — апабыз… —
дал ушундай чыгаар — бардык — аталар…

Мен өзгөчө — жакын болуп — атама,
нан жуткурбай —оозун аңдып — талашкам…
Эс тартканча тизесине отуруп —
андан чыкпай, атамды — көп— тажаткам…

«Ики-ии, бутум сынды!» — дечү, кокустан…
«Башыңа — чай — тамчылайт, – деп, – отурсаң»...

Мен — түшүнбөй — карар элем — алайып, —
«чайы тамса…» — тизесинде отурсам…

…Жарымын жутуп — оозундагы — нанын,
жарымын менин — оозума — тез салчу эле…
Таттуу болуп — апам берген — тамактан —
ошол нанга — курсак тоюп калчу эле…

Кабак түйсө — ыйбаа кылып — үндөбөй…
Күлүп турса так секирип, бүргөдөй —
асылчубуз — атабыздын мойнуна, —
көтөрчү эле: «Мындай кылбай жүр!..» — дебей…

Ата мээри — үй жылытаар — кут болуп,
андай күндөр — майрам…Үйгө — кут конуп, —
мен өзүмдү — өтө күчтүү сезчүмүн —
жеңүүчүдөй —ким кармашса — туш болуп…

Чүкө ойноп —«шап» алышып — биз менен…
шашки ойноп — жеңилсе эч — күйбөгөн… —
атам эле— иштегенди— жактырып,
жалгыз гана — жалкоолукту — сүйбөгөн…

Ат мингизип, чөп чапканды үйрөтүп…
Бир иш кылса — тирүү жандай — «сүйлөтүп»…
Биз — балдары — ага — жардам берчү элек, —
бак тиккенде: «Кармашалы, жүр!..» — дешип…

Кетмен чапса — арыктарга — жан кирип…
Тал бутаса — бак-дарактар — сүйүнүп…
Кармалашып… — кошо жүрөөр элек — биз —
атабызды — айланчыктап, жүгүрүп…

Кыргоол менен бөдөнөнү бутунан —
байлап берип — ойноткону — эсимде…
Чоң чарада — балык — сүзүп жүргөнүн —
көрдүк эле — ойноп жүрүп — кечинде…

Обон созо — окуп берсе — «Манасты»,
балалыгым «чексиз» кыял жаратчу…
Ырдап берээр эле, атам, сурансак —
үнү — өзүнүн — келбетине жарашчу…

Жакшы окусак, жалжал жанып — көздөрү,
жумшак сүйлөп, таттуу чыкчу — сөздөрү.
Чөнтөгүнөн — ыргып кетчү — тыйындар —
колун салып койсо эле — өздөрү…

«Баракелде!..» — деп, кубанып, көбүнчө —
мактай бербей, балдарын — көп — көзүнчө:
«Дагы иштесин… эл көзүнө көрүнсүн!..», —
дечү, атам, кобуранып өзүнчө…

Ар бир иштин — баасын — туюп сөзүнөн,
жаккан, жакпаганын — окуп — көзүнөн…
Чынчыл, калыс, намыскөй, курч болууну —
үйрөнгөнбүз — атамдын — дал — өзүнөн…

Теске салып, ийри кетсек — түзөтүп…
Күндү күндөй, түндү түндөй күзөтүп —
балдарынын кийми, тамак-ашы үчүн —
иштеди — атам — канча жашын — түгөтүп…

Бир жагынан — кыйнап — оору түйшүгү…
ага болбой, талбай иштеп күн-түнү —
баккан — биздин — чайыбызды ичерде —
атакебиз — кош айтышты — бир күнү…

Тартса дагы оору, турмуш азабын,
шек алдырбай… Сүйүп ар бир баласын, —
күндөй жанып — ата мээрин төгүптүр, —
ичке катып тагдырынын жазасын…

Кээде жеңип, кээде ооруга жеңилип —
жүргөн менен— атам — жапжаш сезилип…
Байкабаппыз, капысынан, бир күнү —
көр ажалдын— бут тосоорун — кезигип…

* * *

Машинесин айдап — атам — колхоздун…
Чабан болуп… — кайра өткөрүп — койлорун…
Соко тартып, тракторчу болду эле —
эгин эгип, — айдап — түзөң-ойлорун…

…Ден соолугу — оор ишке — жол бербей, —
ошондо да — атам — дартка — бой бербей…
«Жеңилирээк — почточулук кылайын, —
жол караган — «эс алууга» — кол бербей…

Он баланын жүгүн артып мойнуңа, —
он биринчи — бала болбой — мен — өзүм, —
сага — жөлөк — болоюн!» — деп — апама —
аябаган экен, көрсө, бир өзүн…

…Тамашалап, кары-жашка карабай,
шайыр эле… Атам, кудум — баладай —
бат таарынып — кайра эле — тез жазылчу, —
биз — таарынсак — таарынткандай санабай…

Кыйналды эле айыкпаган дартынан —
кайда барса — ээрчип алган — артынан…

Арабыздан алып кетти — шум ажал…
аргасыздан — бөлүндү — атам — калкынан…

* * *

Кыйын болду — атакемден — айрылуу…
өзгөрттү — ажал — турмушумдун кайрыгын…
Ичиркендим — бүтөй албай — дүйнөнүн —
ажал жырткан — жамаачысыз — айрыгын…

Ата менен толукталып — бул дүйнө —
ата менен — бүлө — бүтүн болорун…
Мен ошондо — сезип турдум — атамдын
эт жүрөгү — өз денемде — согорун…

Сезип турдум — атам жашап — дүйнөдө —
мен токтотпой — анын жолун — улаарым…
Калыш үчүн — көр ажалдан — жеңилбей,
кайрат болду — анда — Көктөн— сураарым…

* * *

Кандай дарттын тартса дагы азабын,
кай кесипте… кандай — ишти — жасасын…
Атамдын — мен — эң сүйүктүү — кызы элем,
мен — атамды — тумар тутуп жашадым…

Атам — инсан— карапайым,«Чоң…» эмес…
дал ошондой калды мага чоң элес…
Мен турмушту дал өзүндөй түшүнгөм,
Жашоону – эч – болбойт тура: «А…», «Бу…» – деш…

…Өкүнгөнүм — узак жашап — атакем —
кайра өзүмө — «бала» — болбой калганы…

Өзөктү өрттөйт, айрылуунун татымы —
жоготуунун — убайымга салганы…

* * *

«Ата» дешсе, элестетем атамды,
эске түшүп бала кезим андагы…
Жашым өтүп баратса да — баладай —
ата — күчүн — туям— аккан кандагы…

«Ата» дешсе — угам үнүн— атамдын…
Ошондогу айткан — акыл-насаатын —
өмүр бою тең салмактап, турмушта —
эстей берүү — болду менин— адатым…

«Ата» дешсе — жоктойм дале — баладай,
касиети — аталыктын — ушудур…
балким — ошол — унутулбас сезимдер —
о дүйнөдөн кездешүүнүн учудур…

«Ата» дешсе — сезем — эркин — түнөктү…
үй толтура бакыт толгон — мүнөттү…
Анан тыңшайм — атам — жашап жаткандай —
дүкүлдөгөн — денемдеги — жүрөктү…

«Ата» дешсе — туям — кыргыз элимди,
агыл-төгүл — уюткулуу — жеримди…
Моюн бербей — Ысык-Көлдү — айланып, —
туулган жерге — тартып турган — сезимди…

* * *

Толтура албайт — ордун — эч ким — атанын, —
толуктоочу — бала — атанын — катарын…
Бар болгула — бул дүйнөдө — аталар —
узак болсун — жашоодогу— сапарың!..

**Күтүү**

Жол караган — улуу Тоолор шаңкайып,
жүзү албырган Күндү — күтөт — таң эрте.
Ала-шалбырт тонун чечип — Жер — күтөт —
келүүчүдөй жашыл көйнөк — Жаз — эрте.

Боюн түзөп кең далылуу Дарактар —
Келгин кушту күтүп — жүзү — шаңданат.
Ала кардын кайрып буурул мурутун,
жазды күткөн — Байчечекей — назданат.

Ары-бери өткөн элдин эсебин
алып бүтпөй — Көк теректер — элейет.
Кай замандын келатканын акмалап
жол караган — Эстеликтер — селейет…

Алыстагы кулундарын бир ирээт
толук топтой албай — Айлым — жыл санайт…
Сен тарапка кеткен ойдун учугун
жыйнай албай — Үмүт кургур — жол карайт…

Баары күтөт… Күтүп жатып — шашканын
туйган жан жок — ал — Кылымга батканын..
«Күтпөй жашап көрчү…», — деген тарызде,
күлүп карап тургансыйт — көк Асманым…

***

Эч ойлобой коёюн деп — мен — сени
ишке алаксып, көз ирмемге унутам…
Ага көнбөй акылымда ойногон —
элесинди — айлам кетип — урушам…

Эч бейкапар отурганда, капилет,
азгырыктай жалт каратат — сен — тарап.
Келбесинди туйган менен — жүрөгүм
сыздай түшөт — ошол жакты бир карап…

Жаңырыктай — жаштык күндүн дүбүртү
катуу чыкпай, тээ алыстан угулат…
Саамай чачын агарткан бир үмүтүм —
коштошо албай, сени жоктоп кыйылат...

**Атам жана ата мекеним**

Сергиймин, кубат алып: «Ата!» десем,
тартылып көз алдыма — Ата Мекен.
Атакем, карааныңыздан кагылайын,
калтырган мурасыңыз ыйык экен, ал —
түбөлүк биз жердеген — Ата Мекен.
Аны ойлосом, атам да ойдо турат экен…

Көңүлүм, санаам тынат: «Ата!» десем,
тартылып көз алдыма — кичи Мекен —
айылым — атам өскөн ал куттуу жер —
түбөлүк урпагына мурас экен…
Кудуретиңден айланайын, туулган жер,
сени эстесем, — атам да эсте турат экен…

Ата Мекен — бул — атам десем, атакебайым, —
аталык кудуретиң — Мекенде экен!
Бабалардан урпакка өткөн — бул — Мекенде —
атамдын атын өчүрбөй, —
урпактары анын жолун улайт экен…
Ата Мекеним — атам экен,
Атам менин — Ата Мекеним.



**Айжан Мамасадыкова** – 1969-жылы 25-мартта Сузак районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. ОшМУнун славян-герман филология факультетин аяктаган. Москва шаарындагы «Аруу Дүйнө» адабий клубун жетектейт.

**Күчүгүм**

Бойтойгон колуңдан,
Койкойгон мойнуңдан.
Көгүлтүр көзүңдөн,
Ананам өзүңдөн.

Бергенби күн өзүн,
Жаркырап мүнөзүң.
Кирдеген көөнүмдү,
Тазарттың бир өзүң.

Татынам, жакшынам,
Алтыным, күчүгүм.
Каткыра күлгөндө,
Көздөрү бүтүгүм.

Тилинен бал тамган,
Жүзүндө нур жанган.
Аралдым өзүңсүз —
Караңгы бул жалган.

**Кайран элим**

Кыргыз элек кылымдарды карыткан,
Кыргыз элек кылычы өткүр, баатыр жан.
Душман тийсе таш талканын чыгарып,
Так жүрөккө огу таамай атылган.

Кыргыз болдук аргын элге аралаш,
Кыргыз болдук эч нерсеге жарабас.
Талап тоноп, жерин тартып алса да,
Колдон келбейт биздики деп жанталаш.

Кыргыз элек каада-салтын сактаган,
Ызат кылып, улууларын барктаган.
Уулу эстүү, келин-кызы кыларман,
Ата-энеге акаарат сөз айтпаган.

Кыргыз болдук дүйнөкапар уктаган,
Өз балдары өз элине батпаган.
Ай дээр ажо, кой дээр кожо чыкпаган,
Ата сөзүн балдары эч укпаган.

Кыргыз элек элечектүү, калпактуу,
Кыргыз элек келечектүү, капкалуу.
Кыр-жондордо сан миң жылкы, малы бар,
Кыргыз элек ак мээнети акталуу.

Кыргыз болдук боору таш да, жүүнү бош,
Кайраты жок, араң жандуу, мууну бош.
Карыларга кабыргасы кайышпас,
Кыргыз болдук жүгөнү бош, тууру бош.

Кыргыз деген атың эле калбаса,
Байлык үчүн ура берип далбаса.

Башы баткан жерге качты жегичтер,
Болот дешип момун элди алдаса.

Кайран элим бийликке жем болгону,
Каран күн ай, куу турмушуң оңбоду.
Дагы деле күмөнүм бар, чын бекен,
Жаңы бийлик эл жашоосун оңдоору?!

**Дүйнөң жарды**

Он бирди эмес, тогузду да бүтпөгөн,
Ой-тилегин билими жок түптөгөн.
Студенттик турмуш эмне билбеген,
Тарбия — не, кыялына кирбеген.
Тартаңдаган жору өңдүү,
Тар жолдордон тарп издеген.
Тилим бар деп кагып-сөгүп сүйлөгөн,
Келечектин муундары.
Дүйнөң жарды,
Баратасың окшоп улам кимге сен?

Байлык, бийлик баары сенин колуңда,
Ойдогудай үч кабаттуу үйүң бар.
Очор-бачар үй-бүлөлүү болсоң да,
Ага-буга арнап турчу «сүйүүң» бар.
Канча жылдар болуп кетти айтсаң аа,
Окудуңбу китеп ачып бир тамга?
Жок, окубайсың.
Андан көрө арак ичип алчактайсың,
Мал-мүлкүңө манчыркап талтактайсың.
Байлыгың көп,
Болгон менен элдин алды.
Дүйнөң жарды, дүйнөң жарды.

Көбүрүп-жабырып бир сүйлөгөндө,
Окшойсуң оозуңдан от үйлөгөнгө.
Сөздөрүң жылуусу жок, супсагы көп,
Көздөрүң жылуусу жок, муздагы көп.
Калкты бийлеп, калпты сүйлөп,
Карааны көрүнсө эгер чоң сөрөйдүн,
Жасакерсиң, кебиңди таап сүйлөп.
Кол алдыңда иштегенге,
Кабанаак дөбөттөрдөй каап сүйлөп,
Кишилик кебетеңден эмнең калды?
Абийир барбы, намыс барбы?
Жүрөсүң ээ, жүрөсүң дүйнөң жарды.

**Ата-Журтум**

Ата-Журтум!
Мен сүйгөндөй сүйсө эгер бардыгы,
Болбойт эле сени өңдөн аздырмай.
Туруугa мен арка болуп, бел болуп,
Аттиң жетпейт. Өмүрүмдүн аздыгы ай.

Ата-Журтум!
Түбөлүккө сени коргоп турууга,
Түп кебелбес чеп-коргонду курууга.
Табыштайын азыртадан сени мен,
Тарыхы зор кыргыз аттуу уулуңа.

Ата-Журтум!
Алмустактан келатасың журт бойдон,
Ала-Тооң бар кыргыз үчүн кут болгон.
Аздык кылаар өмүрүмдү өзүңө,
Арнасам да курман чалып бүт бойдон.

**Кыялбадым**

Сага бүгүн жолугам деген элем,
Сапырылып калды го кыялдарым.
Санаа тартып сабыркап турган менен,
Садагам ай, өзүңдү кыялбадым.

Сагынчымды толтуруп көөдөнүмө,
Саат санап олтургам кечке чейин.
Көлөкөм ай, кабарсыз кайда кеттиң,
Күтсөм жоксуң сааркы бешке чейин.

Бүт денемди кусалык пайдаланып,
Буулуктуруп сезимди байлап алып.
Турганым чын, берекем, ошол түнү,
Тагдырдын бир ташынан тайгаланып.

Сага бүгүн жолугам деген элем,
Сапырылып калды го кыялдарым.
Санаа тартып сабыркап турган менен,
Садагам ай, өзүңдү кыялбадым.



**Чынара Сарбагышова** — 1969-жылы 2-ноябрда Токтогул шаарчасында жарык дүйнөгө келген. Учурда Бишкек шаарында жеке ишкерлик менен алектенет.

**Күнөөсүз күтүү баркы**

Күтүүдөн күйүт тартып, жанчыламын,
Күткөндүн сезип турам, азыр баркын.
Күнөөсүз мени күткөн бир адамды,
Аязга далай ирет калтыргамын.

Күтүүсү мага болчу керек эмес,
Ал мезгил сезимим да болгон сенек.
Тоңсо да чыдап, чыдап мени күткөн,
Көрсө анда "сүйүү" тура нагыз себеп.

Күтүүгө чыдай албай толгономун,
Күттүрүп келбейт чыны "болжогонум".
Күткөндө билип бүгүн "күтүү" баркын,
Бир кезде, күткөндөрдү ойлоп койдум.

Эстедим, ошондогу ал күндөрдү,
Калтырап, тоңуп турса күлкүм келчү.
"Таш боорсуң аябаган аяздан" деп,
Достору дайым мени жемелөөчү.

Күтүүдөн далай ирет ыйлагамын,
Билбеймин дагы канча кыйналамын.
Күнөөсүз мени күткөн адамдардын,
Баарысын келди чыны "сыйлап" алгым.

Күткөндүн билдим баркын күткөнүмдө,
Түгөнүп бул күтүүдөн бүткөнүмдө.
Кайда азыр, мени күткөн ал адамдар,
Рахмат айтсам деймин күткөнүнө.

Күтүүдөн оору таптым мен чынында,
Бир күнүм татып турат бир кылымга.
Күтүүдөн чыкпай калды үнүм катып,
"Күтөмүн, күтөмүн" деп кыйкырууга.

**Ыйлабасын адамдар**

Бут алдымда тебеленген аппак кар,
Ыйлап турган сезимиме барабар.
Жандан артык сүйүп алып бирөөнү,
Жүргөн кезим болуп азыр жарадар.

Бут алдымда турган ушул кара жер,
Сен өзүңдөн өтпөдү экен эмнелер.
Жетпесем да көп нерсенин чегине,
Бир сүйүүгө болуп турам "эгедер".

Бирок сүйүүм колум жетпес-асманда,
Бут кордугун "артып" салып жаш жанга.
Элесиңди чыгаралбай жадымдан,
Уктасам да, ойгонсом да, бассам да.

Башкаларды көрбөй көзүм тунарган,
Издеп сени ак жарыктан, тумандан.
Карегиме "жалган" караан чагылса,
Эх жүрөгүм, бир булкунуп кубанган.

Айланада чөгүп турган аппак кар,
Бүт ааламдык-жакшылыкка барабар.
Тегиз болуп телегейиң ар дайым,
Кайгырбачы "айланайын" адамдар!

**Ырларымды калтырамын**

Ак баракка ыр жазып сыяладым,
Акынсың деп айтышса уяламын.
Ак дилимден а бирок жазгым келет,
Аккан ырды кантип мен тыя аламын.

Ак баракка ыр жазып чиймеледим,
Акынсың деп айтышса ийменемин.
Асман-жерди коздоп жазсам эмне,
Шооласындай кубултуп "күн желенин".

Ыр жазуунун түйшүгүн артынамын,
"Акын" дешсе негедир тартынамын.
Азбы-көппү, же жакшы-жаманыбы,
Ырларымды артыма калтырамын.

**Кайтып келдим**

Ыр сага кайрадан кайтып келдим,
А көрсө сенде тура бактым менин.
Кайдасың мен жоготкон асыл сөздөр,
Суранам "жан дүйнөмө" кайтып келгин.

Ыр сага келдим кайра “соолубаган”,
Кубанычтан көздөрүм да жоодураган.
Чынында мен өзүңдү жоготпопмун,
Жазылбай калган ырлар — ошол “арман”.

Ыр сага түбөлүккө “чыны” кайттым,
Ачылаар сени менен менин “бактым”.
Мен сенин кучагыңда кайра баштан,
өзүмдөй ырды сүйгөн курдаш таптым.

Ыр сага кайтып келдим, кайтып келдим,
Мен жокто эмне көрдүң айтып бергин.
Адашып жүрүптүрмүн “аалам” кезип,
Ажырабайм өзүңдөн “бактым” менин.
Адашып жүрүп сенден кайра келдим!

**Уулума**

Ууртуңдан күлкүң эч бир бөксөрбөсүн,
Уулум оо, ушул күнүң өзгөрбөсүн.
Жаркылдап жашоо менен бирге чурка,
Жарыгым, жамандыгың көз көрбөсүн.

Калкылдап канатыңды каксаң экен,
Калкыңдан кадыр-урмат тапсаң экен.
Кайгыртып ата-энеңди мүңкүрөтпөй,
Каралдым, таза жолго бассаң экен.

Тайдай азоо бул жашоо чапчаң экен,
Тайгылбай татаал жолдон чапсаң экен.
Кылчактабай кыйындыкта бирге жүргөн,
Кымбатым, жакшы түгөй тапсаң экен.

## Бүтүндүк

Үшкүрбө бүгүн, үмүткө шоола берерим,
Өзүңдөн дайым көп нерсе күтүп келемин.
Чарчаса эгер, чабалдык ээлеп жан дүйнөң,
Жакшы сөз айтып, дилиңе кубат себемин.

Жаман да жакшы жашоодо чыны кез келет,
Жүрсөм дейм сага кылыгым артып эркелеп.
Жигиттик эрктин курчтугун азыр майтарып,
Жыргалым, неге картайып алдың эртелеп?

Сүйкүмдүү сулуу, келбетиң мени арбаган,
Көп жигит анда, арадан сени тандагам.
Сен мага аска, барынан бийик көрүнгөн,
Мен үчүн барбы, өзүңдөн артык башка адам?

Башыңы ийбе, келди деп бизге карылык,
Элүү жаш билсең, өмүрдүн гана жарымы.
Уулуңа акыл, аялга арка бел болуп,
Бүтүндүк болсо үйүмдүн күйөт жарыгы.
Үчөөбүз бирге, көңүлдүн өчпөйт жарыгы!

## Жакшылык кылып өтөлү

Билүү да кыйын турмуштун бардык себебин,
Жашоодон бүгүн чарчадым досум дебегин.
Учуна жетпес болсом да ушул өмүрдүн,
Бир «бакыт» үчүн жанымды үрөп келемин.

Адамга керек аскадай турган бийиктик,
Алпейим пейил ар дайым турган сүйүнтүп.

Колуңдан келсе, жакшылык кылып өтөлү,
Жашообуз биздин ансыз да экен күнүмдүк.

Сезимге керек булуттай назик, тазалык,
Болбосун анда ооруткан көөнүң капалык.
Байкабай барып, капыстан жолдон тайсак да,
Жашайбыз чыны кетирбөө үчүн каталык.

Жашоодо керек сынбаган бекем ишеним,
Мен деле кээде сан ойго калкып түшөмүн.
Бүгүнкү күнүм актабас болсо үмүттү,
Эртеңки тандан жакшылык кайра күтөмүн.

Достукта керек тазалык, мээрим алдабас,
Ыйык дейм аны кээ адам балким байкабас.
Досторуң болсо ишенген сага өзүндөй,
Жамандык болсо, алышат алар калкалап.
Кыйындык келсе, качпастан бирге майтарат!

***

Ырга айланып калсамчы ырга айланып,
Бул жашоонун көйгөйүн билбей калып.
Жылдыз толгон асманда учсам эмне,
Адамдарга жеткирип, айдан жарык.

Күүгө айланып кетсемчи күүгө айланып,
Сезимдердин ыргагын күүгө салып.
Нуру жетпес закымдын кучагында,
Адамдарга алып берип күндөн жарык.

Кең дүйнөгө канатташ болсом эмне,
Аруулуктун чөмүлүп тереңине.

Жылуу сөз айыктырат жаратыңды,
Жакшы сөзгө кул экен адам-пенде.

Баарын билип, жүрөктөн сезсем кана,
Жакшы сөзгө маарысам, эстен тана.
Баарынан көңүл назик билгендерге,
Кадырын алмашпаган башкаларга.

Мейкиндиктин сырларын чечсем эмне,
Бактылуулук — түбөлүк сезсем эмне?
Баарынан өмүр кымбат экен чиркин,
Бааланбас да, алмашкыс эч нерсеге.
Бул жашоодо тапсын бакыт ар бир пенде!

**Унутпадым**

Теңелем кыял менен чокуларга,
Окшошкон ак кар кийип, топуларга.
Билинбей жиреп кетип мейкиндикти,
Аз калам, жылдыздарга кошулаарга.

Күлүк ой, сырдашамын кыял менен,
Шырп этсе, сезип баарын туяр элем.
Жылдыздар учуп жетсем араңарга,
Силердин «жашооңорго» сыяр белем?

Сыдырып ойлорумдун «тунуктарын»,
Үстүндө жүрөм кээде булуттардын.
Асман кезип кыялым кетсе дагы,
Мен жерде экенимди унутпадым.

**Тиктешүү**

Тигилесиң көзүң албай үмүттүү,
Ушул көздөр жүрөгүмдү жибитти.
Мен да сага көңүл бура ойлондум,
Балким мени — баалап алар жигитпи?

Көз караштар үнсүз-сөзсүз «чагылган»,
Бирок тез-тез алыстадым жаныңдан.
Отту басып албайын деп чоочудум,
Ансыз деле «тун» сезимден жаңылгам.

Кетип барам, улам узап жаныңдан,
Көз карашың сезип турдум далымдан.
Көздөрүңдүн оту дагы күчтүү бейм,
Түшкөнсүдү бүт денеме чагылган.

Мен да сүйгөм, бир адамды үмүттүү,
Жан дүйнөмө салып кетти күйүттүү.
Алмаштырбай жүргөн кезим — бул убак,
Көзү күйгөн, далай сендей жигитти.

Оту күйгөн көздөн эми качамын,
Оолактаймын, карматпоого шашамын.
Тигилишкен үмүт менен көздөрдү,
Тек гана мен ырларымда жазамын.



**Мунара Зарипова** — 1970-жылы 20-июнда Токтогул районунун Кызыл-Туу айылында туулган. БГУнун орус тили жана адабияты, И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз тили жана адабияты факультеттерин бүтүргөн. Учурда КР ТИМ Дипломатиялык академиясында ага окутуучу болуп эмгектенет. "Саркеч сезим" ыр китептин автору.

**Сезүү**

Көөдөнгө бук толуп аптыгып,
Кетчүдөй кусадан жарылып,
Калдым го мен кээде эстесем,
Келбесин бул күндүн кайрылып.
Жашоону күз эрте аралап,
Жүрөгүм тынчы жок буйдалат,
Салкындап аптабы өмүрдүн,
Уйкусуз түндөрүм узарат.
Жеталбай калчудай марага,
Кетчүдөй адашып арадан,
Негедир түпөйүл бир өксүк,
Чөмүлтчү болду го санаага.
Мен сага, мен сага айта элек,
Сен үчүн Ааламдан сурай элек,
Дагы көп, дагы көп сөзүм бар,
Кагазга, баракка түшө элек.

***

Жаадырып жаңгактан мөндүрүн,
Күзгү түн тынчыңды көп алар.
Көтөргөн адамдын көңүлүн,
Ыракмат, саргайбас арчалар.

Шапайтат суулардын жээгин,
Жыпар жыт жалбыздын жоктугу.
Бош калып желеси бээнин,
Көрүнбөйт жеңенин жоолугу.

Азышкан айдоонун жерлери,
Асмандан жылуулук издешет,
Күндөрүм балалык кездеги,
Түшүмдө күн сурап киришет.

Желенин учушу оордоп,
Жер сылайт илинип куурайга,
Келгиче ак карлар бир колдоп,
Коюшун суранам кудайдан.

**Китеп саткан чал**

Жайып алып китептерин таш жолго,
Жыгылгандай ким бирөөгө чоң доого.
Букинистти кылым арткан жонуна,
Тооруп турат жүрөк эзген ой толгоо.

Манжаларда мезгил тагы тор болуп,
Маңдайынан аккан терлер шор болуп.
Зор эмгектен жаралышкан китептер,
Жатат мына бир таш жолдо кор болуп.

Бийик койгон асыл сөзүн адамдын,
Алтын таштай сактап жүргөн байлыгын.
Эми минтип жайса дагы көрүнө,
Эч ким албай ал торунда кайгынын.

Нелер гана болбойт ушул жалганда,
Сөздүн наркын билген ушул чалга да.
Мүшкүл түшүп, сатып калса "байлыгын",
Кандай тагдыр энчилешет калгандар?

**Адам чоң сыр**

Күлүп жайнап турган көзгө алданба,
Сен билбейсиң канча кайгы катканын.
Бир кезиккен жоодур көздү самаба,
Кайдан билдиң, кандай сырлар жатканын?

Найын күлкү жибитсе да көңүлдү,
Кепили жок өзгөрүүгө качандыр.
Кубулуштар коштоп дайым өмүрдү,
Баёо сезим балалыкта калгандыр.

Баракталып китеп сымал окулган,
Өткөн күндөр бир өзүңө маалым го.
Ара жолдо тагдырыңа кошулган,
Жолоочуга билип алуу парыз го.

Адам чоң сыр. Тагдырыбыз табышмак,
Демек өмүр азгырат да, азгырмак...
Тирүүлүктө тинтип издеп өтөбүз,
Билип туруп табылбасын жандырмак.

**А булбулдар дале таңшыйт жазында**

Сагалашып топ жылдызтар чатырдан,
Төгүп мээрим тээ асмандан агылган.
Сылап сансыз өткөн жылдар арманда,
Эр жигитти эне жытын сагынган.

Анда ойлор тунук эле, түндөрдө,
жарамазан айтып жүргөн үндөр да.
Тээ алыстан жаңырышып көңүлдүү,
Чырак жанып, ойгонушуп үйлөр да.

Анда күндөр жай агышып, өмүр жай,
Анда жашоо жомок сымал, жыргалдай.
Таң аткыча мейкиндикти аралап,
Атам менен маектешчү күмүш ай.

Саманчынын жолу бүтпөй, түн узун,
Чексиздикке жаят кенен ай нурун.
Асмандардан түшкөн асыл жомоктор,
Атакемдин алдейлешет уйкусун.

Атам тиккен алмалардын багында,
Куш сайрачу балалыктын таңында.
Ал алмалар эми карт да, атам жок,
А булбулдар дале таңшыйт жазында.

**Ата сөзү, эне кеби**

"Дүйнө чирийт, дөөлөт кетет, бир гана —
ыйман менен билим калат адамда.
Келген кезде жооп берер кезендер,
Бир да байлык тең келбейт го ыйманга.

Тасмал турса толуп-ташып тамакка,
Барчылыкка маашырланып, ашыкпа.
Бардын дагы жогу болот бир учур,
Тирүүлүктүн бул мыйзамын унутпа.

Ойлор тооруп, чөгүп турса маанайың,
Мөндүр тургай таш жаадырса асманың.
Муңкүрөбө, өтөт, кетет ушул күн", -
деп койчу эле атам бизге ар дайым.

"Жакшылыгың билбегенге жалынба,
Ачык сүйлөп, туура жолдон жаңылба.
Болбойт бирок, тирүүлүктө жаңылбас,
Кемчиликтен арылгын да, жашырба.

Өз сөзүңө бекем болгун, алдаба,
Билбегенди билемин деп мактанба.
Өз башыңдан өтпөй туруп түшүнгүн,
Колдон келген жумушуңду аянба.

Бой көтөрсө бирөө сага арданба,
Куру намыс эссиздикке алданба.
Мүдүрүлөт жерди көрбөй калгандар,
Аракет кыл, адам бойдон калганга.

Кадырлаган акыл-эстүү адамга,
Урмат кайтар, сыйың төгүп аянба.
Карыбасын билип жүргүн кадырдын", —
деген сөздөр таандык менин апама.

Ата сөзү, эне кеби жашоомдо,
Багыт берет жолду туура улоого.
Жаңылышсам накыл кеби жаңырат,
Бөгөт коюп жаман адам болууга.

***

Тобоо кылып жашабаска арга жок,
Толук көрүп бир кем болгон дүйнөнү.
Бул жалганда арманы жок адам жок,
Жашоодо көп сүйгөнүнөн күйгөнү.

Таарынычта жашагандан пайда жок,
Бакыт табар кечиргенди билгендер.
Кечирүүнүн эртеси жок, кечи жок,
Бакыт кушун кармайм десең сен эгер.

Бакыт менен жакшылыктын жолу бир,
Айлампадай бул экөөнүн жүрүшү.
Тегеренип тийет колго муну бил,
Таалай болуп жакшылыктын үлүшү.

Бул жалганда бир жашайбыз, өлүм бир,
Буурул тартып кирип келет күүгүмдөр.
Барчылыктын өзү бакыт, муну бил,
Барктабасак кор болот го бул күндөр.

Барчылыкка эч нерсени теңебейм,
Өткөрөлү жарык маанай күндөрдү.
Амандыктан башка бакыт жок го дейм,
Кыдырсаң да болгон бардык дүйнөнү.

**Адамдардын жүрөктөрү табышмактуу**

Бирде назик, бирде таштай мерез, катуу,
Адамдардын жүрөктөрү табышмактуу.
Муштумумдай булчуң эттин керемети,
Сезимдерге чыдап келген ачуу-таттуу.

Алпурушуп бул өзгөрмө турмуш менен,
Аргасыздан өзгөрүлмөй болду бекен?
Дайым жумшак жүрөктөрдө жараттар көп,
Катуу жүрөк кээде калкан болот экен.

Кургур жүрөк сезимдерге согуш майдан,
Тыным алуу жүрөктөрдө болсун кайдан?
Эзилгенче, жарылганча жеңилбеген,
Зор кайратты чакан жүрөк кайдан алган?

**Агайын таза суулар агымында**

– Түбүндө бир ылайы бар го мунун, -
деп калчу кээ бирөөгө атам мурун.
Туурасына назар салбай накыл сөздүн,
Неге мен маани бербей жүрдүм мурун?

Канчалык сарыктырба ылай сууну,
Тундуруп, чыпкалаба жаман сууну,
Тазаргансып турса дагы, даамы чыла,
Байкабайт, ылай ичип жүргөн муну.

Ошондой “сарыккандан” турбайсыңбы,
Жакындап жүргөн сага көөнүм сынды.
Сыртыңдан асыл адам сыяктанып,
Окшоштуруп алыптырсың сымбатыңды.

Суумдун шаштым нугун бурганымча,
Кошулуп кирдедимби анча-мынча?
Тунук суунун даамын билген атам чапкан,
Агайын таза суулар агымында.



**Анара Бакирова** — 1970-жылы 12-сентябрда Токтогул районунун Жетиген айылында туулган. Жетиген орто мектебин аяктаган. Учурда жеке ишкерлик менен алектенет.

**Сүрөт**

Ушул барак ачылганда арман бар,
Эч айтылбас убайымдар, жалгандар.
Ушул сүрөт, кусалык да өкүнүч,
Жардам такыр бере албады калгандар.

Бетиң сылайм жандуу турган элестей,
Өзүң толук бүт турпатың жөнөкөй.
Сени узатып калгам туруп таң эрте,
Тик кароого алы келбей каректер.

Кол учундай соккон жүрөк булк этип,
Бүт сезимим тулку бойду түтөтүп.
Сендик болуп жашап калгам ошондо,
Сага деген чын сүйүүмдү күчөтүп.

Тарттык мына, тагдыр жазган жарлыгын,
Аткаралбай айла жоктон бардыгын.
Өкүнүчтүн агып калды булагы,
Арман ырдын толтуралбай сандыгын.

* * *

Күүгүмдүктөн күңүрт ойлор баш багып,
Ачуу сөздөн көңүл сынат таш жарып.
Махабаттын майданы бар өмүрдө,
Жашоо курсун эки көздөн жаш тамып.

Наристе жаан, жаайт сыртта себелеп,
Караңгыга байланууда тегерек.
Качандыр бир өткөн биздин махабат,
Каш, кирпикке түнөп калды жемелеп.

**Ой жүгү**

Көнөктөгөн жамгыр төгүлбөй,
Күүгө айланган көңүл көмүрдөй.
Калып калбай мында не кылам,
Кайратым бар сынбас темирдей.

Келет жашоо келет жешилип,
Жарык чачкан ойду өчүрүп.
Ысырапка кантип барайын,
Ырыскыны чачкан чекилик.

Көңүл сүйсө берип колуңду,
Тосо албадың ыйык жолумду.
Табышмактуу болду оюбуз,
Тагдыр чечер эми жолуңду.

**Кусалык**

Сагыныч сапарымды карып кылып,
Жашаймбы сырларымды сарып кылып.

Өмүрдө өктөө болбой өтсө эмне,
Келе кой, кусалыкты жарык кылып.

Түбөлүк өмүрүмдө издегеним,
Түшүнүп үмүтүмдү үзбөгөнүм.
Күйүттүү тагдырларга тоспо башты,
Күркүрөп келди мына күз дегениң.

Өмүр суз өткөн өтөт, өтө берет,
Өркүндөп өз жолунда өсө берет.
Жүдөдүм кусалыктан азыр жаным,
Келишиң бүгүн мага өтө керек.

**Катында**

Ойгонсом оюмдан,
Уктасам түшүмдөн,
Кетпейсиң жаным деп,
Жалбарып катында.
Жазчу элең ар убак,
Мен сени күтүнгөм.
Уктасам түшүмдөн,
Кетпейсиң жаным деп.
Сүйүүнүн курманы,
Болобуз дечи элек.
Убада кылгандай,
Болбодук бул кандай?
Кездешүү келбеди,
Арылап жылдарда.
Арманды жердеди,
Кусалык көбөйүп.
Санаага бөлөнүп,
А бирок биз күткөн —
Сүйүү эч келбеди.

## Зырп эттим

Зырп эттим, оору деп угуп алып,
Жүрөгүм өзү эле арaң жүргөн.
Оорудум өзүм да турбай калып,
Оңдуруп күндөрдү аяп сүйгөн.

Токто элең, акылдуу, сабыры суз,
Табышмак кыялды багындырган.
Боору таш болдукпу махабатка,
Кусалык санааны сагындырган.

Айтып не сөз жеткис кусалыкты,
Жешилип жылдардын тизмегинде.
Турмуштун жаздыгын жаздандыкпы,
Тунжурак ойлордун ирмеминде.

Мөгдүрөп сүйүүдөн аза күтүп,
Көп жылдар көз талып күтүнгөнмүн.
Кыйналып жөрсөм да, баарын утуп,
Кымбатым, жеңеримди түшүнгөнмүн.

## Неге мынча шашыла

Ашыгыпмын неге мынча шашыла,
Көкүрөктөн от жаадырып чачыла.
Жолбун кылып, көздөрүмдү сагыныч,
Жок азапты, тиледимби башыма.

Убарабы уйгу-туйгу кусалык,
Ээн жүргөн сезим калды тушалып.
Үн, сөзү жок үшкүрүккө үй толуп,
Бықшып күйбөс, оттой барам тутанып.

Басайтайын от чырактын билигин,
Барктап өткүн аруулуктун бийигин.
Сүйүү келсин тизелеткен сени да,
Өтөт дечи сенсиз деле тирүү күн.

Сүйүү тилейм, таңды түрө шашыла,
Бак даарысын, оомал келип башыңа.
Зарыгып өт, жолун тосуп бирөөнүн,
Аттиң кылып бу өмүрдүн азына.

Ашыгыпмын неге мынча шашыла,
Көкүрөктөн от жаадырып чачыла.
Жолбун кылып көздөрүмдү сагыныч,
Жок азапты, тиледимби башыма.

**Сүйүүлөрдү каткан саптарым**

Тамган жашың тосуп аарчыдым,
Түйшүгүңө түмөн каршымын.
Дүбүртү көп тулпар кезинде,
Учалбаган улуу барчының.

Жете албайсың эми бакытка,
Баасын бычпай өтпөйт жакут да.
Таткан менен таттуу болбогон,
Жүзүмүң да тунук ачытма.

Тоотпой коюуу мүмкүн эместир,
Топурагың айтсаң элет кир.
Үркөрүңдөй чыккан жайында,
Жылуулукту сезиш керектир.

Көрбөйүн дейм жылдыз батканын,
Аёосу жок атат ак таңым.
Арзуулардын тунук ширеси,
Сүйүүлөрдү каткан саптарым.

**Жардылык**

Жашай албай койдук жанчылып,
Жаныбызда балдар бар туруп.
Жүзүмзардын таттуу ширесин,
Тата албасаң ал да жардылык.

Бүчүр албай анда үмүттөр,
Кадыры жок мезгил кириптер.
Сапарымды түнгө ургулап,
Чабыты жок чарчайт күлүктөр.

Кар жаабаса кайда бурганак,
Тынч жашоондо, түндөр булганат.
Арзуу тоюн айтып бере алгыс,
Аяз түндөр, болду жылгаяк.



**Гүлназ Сабыралиева** — 1972-жылы 11-майда Сузак районунун Багыш айылында туулган. Кыргызстан Эл Аралык университетин аяктаган. Азыркы учурда Т.Арзыкулова атындагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенет.

**Жылуу Суу**

Кыргызымдын кереметтүү жери көп,
Алайдагы Жылуу-Сууда жүрөмүн.
Айтып бүткүс кереметтүү жер үчүн,
Ыр жазам деп башын сайган бирөөмүн.

Көңүлүм шат, арсыз ойдон арылып,
Жылуу-Суунун касиети дарылык.
Калган ырды такшалганда улаймын,
Алай үчүн ырым калсын жазылып.

**Афганчы жоокерге**

Мекендин четинде, Афгандын элинде,
Өткөргөн кызматын, боз улан кезинде.
Кан кечип согушта, намысын бербеген,
Туруктуу сезимде, ант берген сөзүндө.

Өлүмдү билсе да, коркуу жок жүрөктө,
Жалп этип жан берген канчасы мүнөттө.
Энесин боздотуп канча улан кайтпады,
Баатырлар өлүшпөйт, жашашат жүрөктө.

**Сирень гүлү**

Сезимдердин туңгуюкта кылдары,
Сирень гүлдөн сүйүү ырын күтүшөт.
Бакта сулуу, бажырайган гүл жыты,
Жашын төккөн жамгыр үнүн күтүшөт.

Жаштар анан, жамгыр менен жаз сулуу,
Акын үчүн арзуу ырын жаздырган.
Сирень гүлү сен сүйүүнүн символу,
Шаңга бөлөп, көңүл кушун шат кылган.

**Байчечекей**

Жерди жарып, жаңы чыккан алгачкы,
Байчечекей мына дагы гүл ачты.
Мынча назик, мынча аруу, сүйкүмдүү,
Жүрөктөргө сулуулукту жаратты.

Ушул назик, сулуу гүлдүн астында,
Үмүт тилек баары чогуу жаңырат.
Сезимдерге толкуу күчүн жаратып,
Акын үчүн арноо ыры жазылат.

**Кыргыз жери**

Тоолору бийик, абасы таза,
Курчаган тоону карагай арча.
Шар аккан суусу урунуп ташка,
Бах чиркин, даамдуу дартыңа даба.

Куштарын кара, сайраса мында,
Табигат көркү жанданат кайра.

Токою толгон мөмөлүү дарак,
Чөбү да дары керемет тура.

Байлыгы кенен, баарынан ыйык,
Мекеним менин Ала-Тоо жерим.
Көк жалы оюн, көк бөрү тарткан,
Намысы бийик, ак калпак элим.

**Туулган жерим**

Дүйнөдө эч бир жерге теңдеши жок,
Киндик кан тамган жердин топурагы.
Мен үчүн дайым ыйык .дайым сулуу,
Өрнөктүү Өзгөнүмдүн оттуу табы.

Өзгөнүмдүн өзгөчө бир куту бар,
Алыс жакта жүрсөм дагы дем берип.
Көркү сулуу көк шиберге бөлөнгөн,
Дыйкандардын эмгегине термелип.

**Балдар ыры**

Ар улуттан болсо дагы айлыбыз,
Кыргыз тилдин өнүгүүсүн каалайбыз.
Ата журт, мекен үчүн чоңойсок,
Ак дил менен кызмат өтөй алабыз.

Достук менен бөлүнбөйбүз чогулган,
Жүрөк каным мекен үчүн согулган.
Биз келечек, мекен үчүн чеп болуп,
Намысыбыз өлкө үчүн ооруган.



**Бактыгүл Мамадалиева** — 1972-жылы 15-ноябрда Ноокен районунун Арал айылында туулган. Ош медициналык окуу жайын, ЖАМУнун биология факультетин аяктаган. Ноокен районундагы Арал айылында үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда акушер. Аралдын ардактуу атуулу. 5 китеби чыккан.

**Туулган жерим**

Туулган жерим сага келдим сагынып,
Турпатыңа турам ичтен жалынып.
Сеникиндей кооз жеримди таппадым,
Чыксам дагы дүйнө жүзүн айланып.

Окуп жүрүп төрт жыл болдум алыста,
Канча келдим бул жылдар арасында.
Көрбөй калсам туулган жерим бир азга,
Кусаланып өңүмдөн түшөм аза.

Алыста жүргөнүмдө билдим сени,
Адамды өзүңө тарткан кисиетиң.
Эч бир жан жашай албайт турбайбы,
Сагынбай өзү өскөн туулган жерин.

Эң алгач жаралганда болуп адам,
Туулган жерим киндик каным сага тамган.
Башка жакка көнө албай келе берген,
Себебим да сыягы ошондуктан.

## Мекеним Кыргызстан

Көк мелжиген тоолор менен курчалган,
Көлүм жатат сулуу кыздай суйкайган.
Кыргызстан топурагын, ташын да,
Ыйык көрүп сактап келген урпактан.

Ала-Тоодой бийик кыргыз калкым бар,
Ак сакалдуу карыларын кадырлаар.
Жалын жүрөк, ат жалындай ойногон,
Колдон намыс алдырбаган жаштар бар.

Кыйын кезден майышпастан өткөнбүз,
Келечек деп бешене тер төккөнбүз.
Кыргызстан эли өсүп гүлдөөдө,
Эгемендик күнгө жетип өлкөбүз.

Улуу манас батыры бар элденбиз,
Айкөлдүгү, эрдигине сөз жеткис.
Ынтымакта, биримдикке ширешип,
Кыргын, үркүн — кыйындыкты женгенбиз.

Бир өзүңдү кооз, сулуу кылайын,
Сен тоо болгун, мен гүл болуп чыгайын.
Көркүң ачып, желге сени ыргайын,
Көргөн жанга көздүн жоосун алдырып,
Ачайынчы күндөн-күнгө чырайың.

Сен күн болгун, мен нур болуп төгөйүн,
Жердин жүзүн жарык нурга бөлөйүн.
Адамзатты тик кароодон уялтып,
Айдай сулуу жүздөрүнөн өбөйүн.

Сен түн болгун, жылдыз болуп чыгайын,
Айың болуп күндү айланып жылайын.
Түн койнунда жанып турган шам болуп,
Бир өзүңдү кооз, сулуу кылайын.

**Апама**

Капкара чачыңа бир да ак түшпөй,
Карылык дооруңду, кеттиң сүрбөй.
Элесиң карегимде, «эң жаш апа»,
Шаштыңбы энеңдин сөзүн күтпөй.

Бапестеп жандай көргөн балдарыңа,
Берипсиң ар намыстуу чоң тарбия.
Жакшы кыз айылынан чыкпайт, - дешет,
Беш кызың келин болду айылыңа.

«Энесин көрүп туруп кызын ал» деген,
Бактыбыз ачылды пейилиңден.
Элиң эстеп, атыңды айткан сайын,
Эскеришет дайыма сыймык менен.

Тиленген жалгыз уулуң ата болду,
Уулуңа окшош үч уул үйгө толду.
Эжелерим дегенде жанын берген,
Берекелүү ата-энедей иним болду.

Той кылдык дүңгүрөтүп элди сыйлап,
Төрүбүз бош силер жок, ичтен ыйлап.
Инибиз жүзүңөрдү жарык кылып,
Атыңарды өчүрбөсүн узак жылдап.

## Акындык жүрөк

Ойлорум окулбаган калың дептер,
Сырларым, жакындарым айткан кептер.
Берметти терендиктен издегендей,
Ыр табам ой-санаадан жеңилдетээр.

Сырларым жакындарым, ырга айлантаар,
Турмушка жат сезилип жашай баштайм.
Өзүмдүн, же бирөөнүн тагдыр жолун,
Бир кылып турмушума кадам таштайм.

Жаралат жаңы тагдыр ырларыман,
Муну мен тааныгандай жаштыгыман.
Акындар окуй билет жүрөк сырын,
Өздөрү өткөргөндөй баштарынан.

## Жамгыр болуп төгүлөт сүйүүм сага

Сен да мени, мен да сени жактырабыз,
Сүйүүбүздү айта албайбыз жашырабыз.
Сага кеткен менин жолум бекитилген,
Сагынычты керектерге батырабыз.

Суу агызам сүйүүм менен сен тарапка,
Суудан ичкин толгон тунук махабатка.
Шамал айдайм сүйүүм барат куюн болуп,
Шашып чурка, бөлөк колго эч карматпа.

Сүйүүм барат куш болуп канат кагып,
Сага кеткен жолдоруң болсо жабык.
Санаа басып олтурбастан тосуп алгын,
Зарлап күткөн сүйүүгө эшик ачык.

Сүйүүм сага төгүлөт жамгыр болуп,
Сага кеткен жолумду койсо тосуп.
Сагынычтан муңга батып ойгоноюн,
Сыртка чыгып күтүп алгын колуң созуп.

Сүйүүм сага жаз болуп барат жаркып,
Суусап турсаң суу болуп агат шарпып.
Мени эскерип кайгырып турган кезде,
Моокумдана жутуп ал, кайгың ачып.

**Жакшы сөз**

Суук көздөн денеме суук киргенсийт,
Сүрү качкан сөздөрүңө ичиркенем.
Жакшы адамдар көрүнүп калса эле,
Сөз сүйлөбөй боюмду таштап ийем.

Жакшы адамга жалынып башым тартуу,
Жамандарга көңүлүм таштай катуу.
Төрөлгөндөн, өлгөнчө азык болоор,
Дөөлөт болуп, жакшы сөздөн өмүр таттуу.

**Ишен мага**

Жашоо кызык сүйүү менен түбөлүк,
Жарыктыктан кеткичекти түгөнүп.
Жылдар өтүп мезгил жылып турса да,
Жаңы сүйүү келе берет түрдөнүп.

Жазып турсам, сүйүү ырын бүтүрбөй,
Жарым мени тилдебечи түшүнбөй.
Ал сүйүүлөр көз ирмемдик сүйүүлөр,
Арнаганмын сага сүйүүм бүтүндөй.

Жашоо барда сүйүү чексиз бүтпөгөн,
Жаратылыш муну өзү түптөгөн.
Жазуудамын четин гана сүйүүнүн,
Жарым менин ырларымды түшүнсөң.

## Кайрылдыңбы, сүйүүңдү издеп

Көрүшпөгөн жылдарыбыз кирип келди бастырып,
Сүйүүң жоктоп, сүйүүң издеп келиптирсиң кайрылып.
Ишенбестен көз ирмемге тиктей калдым кадала,
Сагынычым, кубанычым көздөрүмө жашырып.

Өзгөрбөпсүң, ошол бойдой келишимдүү сымбатың,
Сүйкүм сүйлөп жылмайыңкы, дагы сүйүү ырбаттың.
Бирок эми, кечиккенбиз экөөбүз бул сүйүүдөн,
Кеткин эми кыйналбастан асылкечим, кымбатым.
Убадага тура албадым, неге эми кечирдиң,
Терс бурулуп кетпей кайра, неге эми ээрчидиң.
Ак сүйүүңө татыксызмын, айкөл жаным кантейин,
Айыбым чоң алдыңызда аянбастан кеткиниң.

Көрүшпөгөн жылдарыбыз… Түш өңдөнөт келгениң,
Алыстарда жүрсөң дагы, дарегимди издедиң.
Эки башка жолдорубуз, болсо дагы, зарланган,
Арзууларың, ак сүйүүңдү сыйлап таазим этемин.

## Капаланбайм

Капаланбайм, жаза басса кадамым,
Тандап алсам туура эмес адамым.
Тагдырыма ишенемин өзү оңдойт,
Көрөт адам пешенеге жазганын.

Капаланбайм, турмушумдан жаңылсам,
Капысынан алоо отко жагылсам.
Жаратканым өзү колдойт түбөлүк,
Чач өстүргөн бейбаш жигит жактырсам.

Капаланбайм, мейли сөздөр тарасын,
Күнөөлөшүп мени жаман аташсын.
Мезгилинде турмуш өзү көрсөтөт,
Кимдин таза, кимдин дили карасын.

Капаланбайм күлсө менин үстүмдөн,
Каадаланып бийик турсун, күйүнбөйм.
Кыйналсам да, башыма иш түшсө да,
Кудайыман башкасына жүгүнбөйм.

**Тагдыр сенден суранам**

Тагдыр сенин ойку-кайкы оюңдан,
Оорусу жок, азап тартып согулгам.
Бактылуулар катарына кирейин,
Атым дагы Бактылуу гүл коюлган.

Сүйүү таптым жоготпоюн, жоктотпо,
Санаа тартып, акым да жок ыйлоого.
Жарым менен бирге жашап өтөйүн,
Сала көрбө жаш өмүрдү кыйноого.
Тагдыр сенден суранам!



**Хатира Сүйүмбаева** – 1972-жылы 6-декабрда Манас районундагы Жийде айылында туулган. Пушкин орто мектебин аяктаган. Учурда Бишкек шаарында жашап, жеке ишкердик менен алектенет.

**Ак тилек**

Жайкалган жашыл талаа гүлгө толуп,
Жазымдын келгени эле белги болуп.
Капчыгай кашка суусун мөлтүрөтүп,
Турганы ушул чакта ал көрктөнүп.

Белдерде бет сылаган желдер чуркап,
Бүгүн да бейиш төрү көрктүү турат.
Чокусу ак мөңгүлүү кыргызымдын,
Ал мага энчиленген ырысымсың.

Боз үйү түтүн булап түндүгүңөн,
Боорсогу ак тасмалдан үзүлбөгөн.
Комузу ар убакта күүгө келип,
Кыргыздын улуктугун түшүндүргөн.

Желдерин желпип жайлоо желдерине,
Жылкылар оттоп жүрөт күрпүлдөгөн.
Кымызы, майы, наны дайым болуп,
Ырыскы куйуп турсун түндүгүнөн.
Бар болсун Кыргыз элим, Кыргыз жерим,
Эч качан үзүлбөсүн үмүтүнөн.

**Аялзат**

Ак маралдай керилген аялзаты,
Басса-турса келишкен бүт турпаты.
Сенсиз аалам бүрдөбөйт, гүлдөбөйт да,
Бакыт бердиң баарына сен карачы.

Кымча белиң жарашып кийгениңе,
Өргөн чачың өзгөчө келишкен ээ.
Өрт болушуп өзүңү көргөн жандар,
Суктанышып баарысы карашкан ээ.

Ак жоолугуң жарашып ажарыңа,
Аста секин көрк берет чачпагың да.
Алты ирет ааламды кыдырсам да,
Айтып бүткүс аялзат дастансың аа.

Эне болуп уулуңду эмгизсең да,
Алдей айтып ак бешик терметсең да.
Эбегейсиз сулуулук берип турат,
Эч нерсеге теңелгис ырысың да.

Буурул тартса кундуздай кара чачың,
Бул белгиси аялзат улгайганың.
Ак элечек башыңа бир көрк берип,
Анда дагы керемет тургандайсың.
Анда дагы аялзат асылдайсың.

**Апакем**

Санаа тартып, оюм санга бөлүнүп,
Сансыз күндөрдү кечиремин күн өтүп.
Сагынычка толсо дагы жүрөгүм,
Сени апа албайм эми бир өбүп.

Кучагыңды сагынамын апакем,
Сенин ысык мээримиңе зар бекем.
Мээнет тартып, күн-түн дебей уктабай,
Ардагым ай, ак эмгегиң зор экен.

Ак жоолугуң ачып турган ажары,
Өмүр бою сактайт сенин жамалың.
Асылым ай, алмаштыргыс жансың го,
Карачы эми, адаштырып салганын.

Берекеси болмоксуң го төрүмдүн,
Далай күнүн кечирмексиң өмүрдүн.
Ар бир сөзүң көңүлдөрдү сергитип,
Жүрмөк элең неберелер ээрчитип.

Көөдөнүмдө толуп барат кусалык,
Көз сайгандай, тунгуюкка тушалып.
Көкөлөгөн көңүлүмдү оорутуп,
Айтчы апа, неге калдың улгайып?
Акыр кеттиң келбес жакка кош айтып.

***

Кылычын айга кайрап,
Кылымдап, алга самап.
Кыргызым келет күндө,
Ааламга аты тарап.

Саякбай «Манас» айткан,
Соң-Көлү чалкып жаткан.
Улуу эл ушул болот,
Утурлап өсүп жаткан.

Ак мөңгү ээрибеген,
Ак калпак кардан кийген.
Ала-Тоо дайым турат,
Кыргыз — ал менмин деген.

***

Жамалың жайнап турат жазгы күндөй,
Жароокер жан экенсиң назик гүлдөй.
Жакшыны жаман менен иргебестен,
Көрөсүң баарысын сен бирдей-бирдей.

Аруусуң айдын тунук келбетиндей,
Айкөлсүң сен бир чексиз жер бетиндей.
Ажарың толуп кетет бир жарк этсең,
Ак куулар көлгө сүзүп келгениндей.

Кучагың толгон эне мээриминдей,
Кайрылып кайра мага бергениңдей.
Сырымды айтсам дагы сен угасың,
Сырдашым болуп дайым келгениңдей.

Бар болгун сырдаш эжем, сылык эжем,
Эркелеп кээде өзүңө эргип кетем.
Жашоодо сени менен жолуктурган,
Тагдырга далай ирет таазим этем.

**Төрт саптар**

Таң атып, кечтин батканы,
Өмүрдүн боз ат чапканы.
Ар убак тилек ак болсо,
Жараткан берет айтканды.

***

Күндөр өтүп, айлар жылга тогошуп,
Канча күндөр кетти мага коштошуп.
Кечээ эле он сегиз жаш кыз элем,
Бүгүн мына турам кырктан кыр ашып.

***

Апам жазган мээримдүү кат, акыркы кат,
Сандыгымдын түбүндө дале турат.
Окуп койсом кээде мен куса болуп,
Жүрөгүмө жылуулук мээрими урат.

***

Көздөрүңдөн кагылайын аруу кызым,
Күндө мага дем берчү дары кызым.
Жаркып күлчү, күлкүңдөн кагылайын,
Жараткандын мага берген асылысың.

***

Таң болуп, таңдын алгач нуру болуп,
Жүзүмдөн эркелетип өпсөң эмне?
Жаз болуп, жаздын жыпар жытын төгүп,
Жаадырап жаздай болуп жүрсөң эмне…

Күн болуп, үшүп турган жүрөгүмө,
Ысытып, илебиңди берсең эмне..
Көнөктөп жаап турган жамгырдан сен,
Калкалап, канатыңа катсаң эмне..

**Өмүр сен**

Өмүр сен кайда шашып баратасың,
Өйдөлөп, өрүшүндү сен тартасың.
Өзгөчө канча күндү берсең дагы,
Өзөктү өрттөп гана сыздатасың.

Өмүр сен мынча ылдам, мынча батсың,
Кыскарган өмүрлөргө неге жатсың?
Кундуздай кара чачка ак бастырып,
Кусалуу күндөрдү сен жаратасың.

Өмүр сен өрт, жалынсың албырттаган,
Өрттөнүп, күйсөм дагы мен канбаган.
Айбыткан ажаан күндөр келсе эгер,
Жалп этип өчкөн бойдон жанбай калган.

Өмүр сен кээде туруп кусалуусуң,
Учалбай турган куштай тушалуусуң.
Жашоонун баркын билген жандарга сен,
Жакшыга арнап берген тумарысың.

***

Жан дүйнөмдүн жарасын айыктырып,
Жакшы күндү арначы жаркып туруп.
Үмүт берчи жарк эткен бул жашоодо,
Аз болсо да алайын бакыт куруп.

Жаркып-жайнап турайын жазгы күндөй,
Аңкып жытым чачайын жазгы гүлдөй.
Аз болсо да бир келген бул жашоодо,
Аппак гүлүм ачайын гүлдөй-гүлдөй.

**Айнура Шералиева** – 1974-жылы 2-апрелде Сузак районунун Саты айылында төрөлгөн. ЖАГУдан журналистика факультетин бүтүргөн. Райондук газетада кабарчы болуп иштейт.



**Атама**

Ата дештин өзү канча күч кубат,
Амандыгың көрүп жүрөк кубанат.
Атам менин жөлөп турган тирегим,
Бул жашоодо өмүрүмдө эң кымбат.

Өмүр тилейм жатаарымда ар убак,
Ден соолукту жараткандан миң сурап.
Насип этсин уул-кызыңын урматын,
Ак баталуу ак сакалдуу сый курак.

**Апама**

Бир кездерде сиз энеге бала элеңиз,
Эселек кыз, ата-энеге эркелеген.
Мына эми уул кызыңан сүйүп бала,
Чоң эне, тайенесиз жетелеген.

Жаш кездеги кара чачты бубак басып,
Нурдуу жүз, чарчоо тартып тырыш басып.
Атама эриш-аркак, уул-кыз багып,
Өттүңөр канча азап, белес ашып.

Силер мага аска-тоодой тирегим,
Алкап турчуу, ак батаада тилегиң.
Мен ойлонсом арзыбаган капама,
Асыл апам ооруп турат жүрөгүң.

Өмүр тилеп уктабаган күнү-түн,
Балама деп жанат тура үмүтүң.
Билбейм канча жакшы ишти кылсам да,
Актай албайм мээнетиңин бир түнүн.

**Отуз жаш**

Узун кирпик, жарашыктуу кара каш,
Ичке моюн, кең далылуу тармал чач.
Шыңга бойлуу гүл мүчөсү келишкен,
Кирип келди сүлкүлдөгөн отуз жаш.

Күйүп турган алоолонгон от сыяк,
Ай жамалы мүчөсүндө балбылдап.
Сүйкүмүнөн сүртүп өтчүү жүрөккө,
Аттиң чиркин, кирип келди отуз жаш.

Кечээ эле ал секелек кыз кези,
Саамайлары салкын желге ыргалган.
Мына минтип кирип келди отуз жаш,
Кайда калды он сегиз жаш ырдаган.

Ошол курак ак сүйүүнүн музасын,
Ырга кошуп окурманга сунасың.
Ойго бышып ой салуучу кез ушул,
Бүгүн мына отуз жаш деп турасың.

**Сагындым**

Көтөрүп кой, чөгүп турган көңүлдү,
Көп нерседен ойлор опсуз сөгүлдү.
Сагынуудан санаа менен күн өтүп,
Кусалыктан көздүн жашы төгүлдү.

Жанда бүтүп, канда согуп тамырдын,
Күтүүлөрдөн күдөр үзбөй талыдым.
Көрүнсөңчү алыстабай абалдан,
Күлүп турган көздөрүңдү сагындым.

Билем кечтир, бул сезимден жаңылдым,
Ал жетпеди жүрөгүмө багындым.
Жүдөп жүрөм чыгара албай ачыкка,
Жайдар мүнөз жамалыңды сагындым.

Кайдан келди, кандай күнгө кабылдым,
Капилеттен бул сезимге жаңылдым.
Башым буруп, колду шилтеп кеталбай,
Жан эргиткен күлкүңдү мен сагындым.

**Багындырат сөзүңүз**

Күтүп таңдын эрте атып кетишин,
Таң сырлары чертип тык-тык эшигин.
Мен ойгоном ар таңында сизди ойлоп,
Ойлор менен термеп сүйүү бешигин.

Эки жүрөк бир бүтүндө өзү биз,
Арбап турат жан эргитип көзүңүз.
Неге билбейм, кубат берип жаныма,
Багындырат ар бир айткан сөзүңүз.

Кыялдардын кымбатына чөмүлүп,
Сезимдердин сересинен сөгүлүп.
Турса дагы жалгыз дүйнөм жабыркап,
Жашап келем, жаштыгыман төгүлүп.

**Бар жашообуз бир бүтүндөй болбоду**

Жаным бүгүн жанда жогуң билинди,
Бүгүн сездим ак оюнду дилиңди.
Жүрөгүмдүн алдабапсың үмүтүн,
Күүп салбай көңүлдөгү гүлүмдү.

Чара калбай чабалактап жүгүрдүм,
Жүрөгүмдүн алдабапсың үмүтүн.
Өзүң алыс болсоң дагы өзүмдөн,
Түштө көрүп алыстабай күнү-түн.

Ой чабытта чыгалбадым төрүнө,
Бүркүм сымал кыял кетти бөлүнө.
Жандай жүрбөй жабыркады сезимим,
Көңүл турду көөдөн кыйнап сөгүлө.

Сөз табалбас карегиңден катылып,
Кучагыңа боюм таштап ашыгып.
Бек кучактап моюнуман искедиң,
Тура албадың сагынычың жашырып.

Биздин тагдыр неге мындай жазылган,
Күндө бирге болсок чыкпас жанындан.
Эки үйдө эки  башка жандар бар,
Күйгөн чырак бирдей эмес жагылган.

Биз тандадык неге мындай жолдорду,
Ажырымга жүрөк чиркин койбоду.
Бир бүтүнгө айлансак да өзүбүз,
Бар жашообуз бир бүтүндөй болбоду.

Эки жанга бир жаныңы тарттырып,
Келет турмуш түйшүк жолун артынып.
Бир жүрөккө бир жүрөктү окшотпой,
Жүдөйт сезим бирок айтпай тартынып.

**Кечир**

Мен бүгүн эмнегедир эстеп жатам,
Өткөндү көз алдыма бүт келтирип.
Эркелеп жүргөн күнүм бир өзүңө,
Жүрчү эле жүрөгүмдү эликтирип.

Сабаалап сагынычтан бир өзүңө,
Арналган аз болсо да бир өмүргө.
Жашоодо жансаң дале бөтөн жанга,
Сен жашап, өтөөрүң чын жүрөгүмдө.

Кечиргин жашоо деген ушул экен,
Тагдырды каалаганча буруп кеткен.
Жүрөгүм токтобостон согуп турган,
Жаналбай жаш өмүрдөн кантип кетем?

Сүйбөсөң мени сүйгөн бардыр балким,
Баркыма жете билген, баалай алган.
Акым бар сүйүүгө да, сүйүнүшкө,
Бак келет жан дүйнөмө күндөй жанган.

**Өткөргөн күндөрүмө**

Кирпикке жашыралбай тамчыларым,
Жүзүмдү жууганынан жашынамын.
Жыл өтүп жаштыгымы бекер берип,
Өткөргөн өмүрүмө ачынамын.

Кирпикке жашыралбай тамчыларын,
Ооматсыз ойлоруман жашынамын.
Кызыгы кетип барат кызык күндүн,
Орунсуз максатыма ачынамын.

Кирпигим жашыра албай тамчыларын,
Тагдырдын татаалына жашынамын.
Таштактуу турмуш жолдо эчен аксап,
Таалайым тардыгына ачынамын.

Кирпиктин жашыра албай тамчыларын,
Аянычтуу абалынан жашынамын.
Азаптуу жан дүйнөмдөн алыс учуп,
Жаштыгым өткөн күнгө ачынамын.



**Фаризат Асанкалиева** — 1976-жылы 7-мартта Ак-Суу районуна караштуу Үч-Кайнар айылында туулган. БГУну аяктаган. "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгисинин, "Асылзат нуру" медалынын ээси. 4 китептин автору.

**Көздөрүңдө не күнөө?**

Башкача бир бакыт күтүп өзүңдөн,
Өзгөчө бир сырымды ачып төгүлгөм.
Мени жакшы түшүнөт деп ойлогом,
Көздөрүң да түшүнчүдөй көрүнгөн.

Жаштыгымдын жанчылган бир түнүндө,
Чекит коюп жалгыздыктын күнүнө.
Майрам кылып муңайган бул жашоомду,
Жолугууга чакырчу элең күнүгө.

Бүгүн неге кайра жалгыз олтурам,
Бөлмө ичин үшкүрүккө толтурам.
Үшүк урду биздин бүчүр сүйүүнү,
Болбойт эми. Болбосту кантип болтурам?

Аяп турам сага төккөн сырымды,
Арнап турам армандуу бир ырымды.
Мен өзүңдөн көп-көп жолу өтүнөм,
Эми мага салбагын көз кырыңды.

Экөөбүзгө сүйүү кушу конбоптур,
Көчөбүзгө түркүн гүлдөр толбоптур.

Өмүрлөрдү өз көркүнө чыгарып,
Бирге жүрүү бизге буйрук болбоптур.

Муңга батып жүрөк чиркин муңайды,
Билбейм эми көздүн жашы кургайбы?
Эмне кылам бу тагдырга айла жок,
Биздин жолдор эки башка турбайбы?

Жакшы көргөн сезимиме Ай күбө,
Боло албаймын сени менен бир үлө.
Сени тапкан жан дүйнөмдө эмне айып,
Түшүнүктүү көздөрүңдө не күнөө?

**Өткөндөрдү таналбайм**

Мен жөнүндө сага жаман айтышса,
Суранамын сен аларга ишенбе.
Биздин бакыт жалгыз гана биздики,
Чындыгында башкалардын иши эмне?

Өткөн өттү. Өткөндөрдү таналбайм,
Кеткендерге сүйүү отун жага албайм.
Убактылуу коногумсуң сен дагы,
Билем бирге түбөлүккө бара албайм.

Ошондуктан жүрөгүмдү оорутпа,
Көкүрөктө сүйүү гүлүн соолутпа.
Кышка айлантпа жаздай жашыл дүйнөмдү,
Чыдай албайм мындай жаман кордукка.

Мен жөнүндө сага жаман айтышса,
Суранамын, сен аларга ишенбе.

Мейли ишенсең, өзүң баарын чечесиң,
Чындыгында башкалардын иши эмне?

Мейли ишен, өзүң баарын чечесиң,
Ошол замат сен жашоомдон кетесиң.
А мен болсо улантаармын өмүрдү,
Башка жакка буруп турмуш кемесин.
Каалагандай жашайм өзүм билгендей,
Жалгыз гана айдап турмуш кемесин.

**Мени ушунча өкүнүчкө батырдың**

Жалгыздыктын бийлигинде түнөгүм,
Эмнегедир тынч алалбайт жүрөгүм.
Сени күтөм, сени гана эңсеймин,
Көз алдыма келе түшүп күлгөнүң.

Ошол күлкүң жарык кылып сезимди,
Эске салып эзелки бир кезимди.
Шаңга бөлөп койгон эле заматта,
Жалгыздыкка тебеленген кечимди.

Мен ошондо бөксө дүйнөм толчудай,
Башыма бир бакыт кушу кончудай.
Жүрөгүмдөн чексиз сага ишенгем,
Сени менен эң бактылуу болчудай.

Бирок баары эңсегендей болбоду,
Сага деген кайран сезим кор болду.
Ишенимдин жолу түшпөй биз жакка,
Ортобузга муздак дубал орноду.

Кыска болду сүйүүбүздүн өмүрү,
Кайра келди жалгыздыктын өкүмү.
Сезгем, сезгем мен ушундай болоорун,
Сен жөнүндө түш көргөнмүн өгүнү.

Ага болбой жакшылыкка жоругам,
Болор күндүн болжоп жолун торугам.
Мени ушунча өкүнүчкө батырдың,
Чыга албай ушактардын торунан.

Курмандыгы болдум жалган күлкүңдүн,
Азабын жеп унутулгус бир күндүн.
Жакшынакай, тынч, бейкапар жүргөндө,
Кереги жок болчу мага бул күндүн,
Кереги эмес болчу сенин сүйүүңдүн.

**Сага арноо**

Мен жашаган калаанын бир четинде,
Сенин дагы өтүп жатат өмүрүң...
Аппак карлуу кыштын ызгаар кечинде,
Капилеттен сынды сенден көңүлүм.

Катуу бороон айгай салды заматта,
Үмүт, сүйүү, ишеничти талкалап.
Сен ошондо болбодуң мен тарапта,
Канатыңа калалбадың калкалап.

Чындыгында сенин гана бир сөзүң,
Жамандыкты жакшылыкка өзгөртмөк.
Бардыгына күнөөлүүсүң бир өзүң,
Тагдыр бизге ушундайды көрсөтмөк.

Ооба, сенин абалыңды түшүндүм,
Жүрөгүм да ооруп турат эзилип.
Биротоло чындап сенден түңүлдүм,
Кайдан дагы калдык экен кезигип?

Жакшы күндөр тагдыр бизге буюрган,
Кала берет көкүрөктө сакталып.
Жакынымдай, жалгызымдай туюлган,
Сен да кеттиң жүрөгүмө так салып...

Сен жашаган калаанын бир жеринде,
Менин дагы өтүп жатат өмүрүм...
Сен чечкинсиз болуп койдуң кезинде,
Эми менсиз жашап дагы көргүнүң.

Менсиз жашооң өтпөй калат дебеймин,
Тирүү жандын ырыскысы толтура.
Сени ойлоп эми санаа жебеймин,
Бүттү баары. Болор нерсе болду да.



**Нуриза Сыдыкова** — 1976-жылы 22-ноябрда Кемин районундагы Карал-Дөбө айылында туулган. С.Кудайбергенов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 2005-жылдан бери көрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Азыркы учурда Токмок шаарында жашайт.

**Белгисиз сапар**

Мен жолоочу белгисиз сапар алган,
Жол узакпы, билгим келбейт чеги канча?
Чубалган жолдой болгон ойлор чубайт,
Жакшы, жаман, не күндөр бар алдыда.

Сапары тирүүлүктүн жол каратып,
Жол кыскабы, ким билет өмүр канча?
Кайрылыш жолдор болоор кайра кайтсаң,
Өмүрдө жок кайрылыш кайра артка.

Топурак жол, жыты мурун өрдөгөн,
Канаар белем жытың искеп алганда.
Айылымдын балалык көчөсүнөн,
Жылаңайлак басып өтсөм аттиң а.

Бой жетилип, жолду тандаар күндөрдөн,
Жолбу мени, тагдыр менен өлчөгөн.
Бар бактыман, жоготуулар көп болуп,
Жол басыпмын түшүнүксүз, түкшөмөл.

Узун-кыска, кыйма-чийме жолдор ай,
Жол түбөлүк, түгөнбөсүн жолдор ай.
Жолдо калдым, жолго салган изим жок,
Чарчап турам ашууларды аша албай.

**Жарты калем**

Бүтүн эмес, калемим жарты калем,
Мулайган мүчөсүнөн айрылып.
Катканда не, жаштарын төгүп бүттү,
Алмаштырып, же бир ыргыталсам.

Калемди сатып жатат түрү менен,
Мага тийбес кереги, сатып алсам.
Жашырып не, жаралуу калемимди,
Ал мен өзүм, жарыкты көрбөй калган.

Дептерди ачтым, жанымда жарты калем,
Оюмда азыр жазам, мына жазам.
Корктуңбу не, калтыратып колдоруң,
Тартчы күндүн нурларын чачыраган.

Жолго чыгып жаралуу жарты калем,
Жолду сурайт түртүп өткөн кишилерден.
Кереги не жашаштын көз көрбөсө,
Дегендер бар күбүрөп-шыбыраган.

Жол көрсөтүп, жардамын аябаган,
Коркпостон, жетелеп колдон алган.
Жашайынбы, жашоого түрткү берет,
Боорукер, ак пейил жакшы адамдар.

Үмүт үзбөй, жакшылык кыялдардан,
Жаралуу экенимди унуткарып.
Жазайынбы, дагы эле жазгым келет,
Ичимдеги бугумду буруп салып.

## Бакытым бол

Сен менин күнүм болчу, нуруң чачкан,
Жылуулук алып денем бой жазылсын.
Сен менин түнүм болчу, айлуу түндүү,
Адашсам ай шооласы жол көрсөтөөр.

Сен менин көлүм болчу, көк иримдүү,
Толкусаң толкунуңда мен калайын.
Сен менин таза-тунук булагым бол,
Чаңкасам суусунумду кандырайын.

Сен менин жазым болчу, жыпар жыттуу,
Жытыңдан моокум кана дем алайын.
Сен менин жайым болчу гүлү ачылган,
Кучагым толо терип кубанайын.

Сен менин күзүм болчу көп күтүрөгөн,
Береке өзүң менен келгенсисин.
Сен менин кышым болчу, кары аппак,
Сезимде кир жатпасын, кирдебесин.

## Бүчүрлөрү ачылбай

Мезгил учат, суулар агат токтобой,
Күн өтпөдү мен өзүңдү жоктобой.
Мелт-калт куюп сенин сунган сүйүүңдү,
Төгүп алдым жаш балача шоктонгон.

Алоолоп жандың эле күйгөн оттой,
Жалыны куйкалаган, кызыл чоктой.
Жалбарып, мээрим төккөн көздөрүңдү,
Жоктойм эми, муздактыкка коошпой.

Жашыл адыр, кызгалдактуу талаалар,
Гүлдөр терип, кучагыбыз жык толгон.
Аппак аруу, махабаттын тилеги,
Балдай таттуу, кыялдарчы биз койгон.

Биз жетпеген, балдай ширин кыялдар,
Дале жашайт сезимдерди кыя албай.
Жалган эмес, сунган сүйүү гүлдөрүн,
Калды менде бүчүрлөрү ачылбай.

**Өткөндүн барактары**

Булуттар сезген белем, буюгаар жүрөк дартын,
Буулугуп булут ыйлап, жамгырын куюп жатты.
Сен узап кете бердиң, кайрылып кош дебедиң,
Кайрылыш издээр баарын, сен анда эстебедиң.

Булуттар түнөргөндө, козголуп жүрөк дартым,
Өзүңдү эстегенде, жамгырга кошуп жашты.
Саргайып жалбырактай, зарыгып өңдөн азып,
Аппапак булуттарга, булутка арман айттым.

Жамгырлар карга айланып, арадан жылдар сызып,
Ал күндөр унутулуп, убакыт дарылады.
Эзилип күйүп турдум, салаалап аккан жашың,
Кайрылыш жолдор барын, сен эми кеч түшүндүң.

Өткөндүн барактарын, мен эми барактабайм,
Айыккан жаратымды, кайрадан оорута албайм.
Адашып жалгандардан, жоготуп махабатты,
Айрылыш жолдо турдук, ак жамгыр куюп жатты.

**Төкчү жамгыр**

Жамгырлуу түн жүзүм тостум жамгырга,
Жалгызмын мен ушул түнкү ак жаанда.
Жуучу жамгыр, көңүлдөрдүн капасын,
Сезимдердин кирдеп жаткан талаасын.

Алай-дүлөй, бороон-чапкын сезимдер,
Өксүгүбү, ызасыбы ким билээр.
Төкчү жамгыр, токтобочу, нөшөрлө,
Мөл тамчыңа көз-жашымды кошуп ал.

Уюп калган жүрөгүмдүн сырларын,
Жамгыр сага төгүп айтып алайын.
Жаачы жамгыр, кара такты агыза,
Сен тунуксуң, сен тазасың жапжалгыз.

Тып-тып тамат, сенде тунук тамчылар,
Ар-бир тамчың, жүрөгүмө тамчылаар.
Төкчү жамгыр токтобостон нөшөрлө,
Мейли агыз, ансыз деле жан чыгар.

**Жаштыгым**

Жаштык күндөр өтсө суудай агылып,
Токтоотууга барбы бизде кудурет?
Жашыл көктөм, кызыл-тазыл гүлдөрү,
Жаштыгыма баргым келет, гүл издеп.

Жаштык баян, ыры ырдалып бүтпөгөн,
Жаштык сенде, кандай гана касиет.
Жашыл арча, оргуп мөлтүр булагы,
Жаштыгыма баргым келет сейилдеп.

Шаңга байсың, шыңгыр күлкү назданып,
Жаштык кыял, бир өзгөчө керемет.
Оттой демиң, жалын чачкан илебиң,
Жаштык сенден кетким келбей эркелеп.

**Сары жоогазын**

Жаңырган жаздын ал күнү,
Жоодурап көздөр карашпай.
Жолукпай жолдор койсочу,
Бейтааныш өткөн адамдай.

Жоогазын гүлдүн сарысын,
Сунганын сүрдөп эсимде.
Ала албай тургам албырып,
Бейтааныш эле сезимге.

Капилет кирип жашоомо,
Сен дагы мүмкүн жаңылдың.
Жолукпай жолдор койсо эмне,
Кайчы өткөн далай тагдырдай.

Саргайса сары жоогазын,
Соолудум гүлдөй мен дагы.
Жоогазын көрсөң эстээрсиң,
Соолуган гүлсүң сен дагы.



**Нурзада Рыскелдиева** — 1977-жылы 12-февралда Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылында туулган. Б. Бейшеналиева атындагы институттунда окуган. Азыркы убакта Кара-Көл шаарында жашап, № 9-кесипчилик лицейде иштейт. «Ыр дүйнө» китебинин автору.

## Ырларыма тийбегиле

Ырым менен көргөм таңдын супасын,
Мүмкүн менин сынга түшөр сыпатым.
Мени айтып, сындай берсин, а бирок
Ырларыма кыянаттык кылбасын.

Ырым менен далай өткөн түндөрүм,
Мени сындап, чындап бетке сүйлөсүн.
Мага күлсүн, шылдыңдасын, а бирок,
Менин жазган ырларыма күлбөсүн.

Ырым менен көрдүм күндүн тийгенин,
Мени айтып, жамандашып ийлесин.
Сыноочорго, сынына да кайылмын,
Менин жазган ырларыма тийбесин.

Ырлар жазган барагыма тийбегин,
Мени сөзгө ал, сындап дагы, ийлегин.
Ыр дептерди барактасаң баракта,
Жүрөктөгү ырларыма тийбегин.

**Ыр керек**

Кош колдоюн, сезимдерим сүйөйүн,
Оюм менен жалынына күйөйүн.
Илхам менен чогуу болуп бир үйдө,
Ыр куржунум менен бирге түнөйүн.

Сыртка ташта ыр куржунду дебесин,
Булар менен тартам жашоо кемесин.
Илхам менен чогуу бирге түнөсөм,
Калем, барак сен да мага келесиң.

Туңгуюктан сууруп чыгып ырларды,
Оюм менен ашам далай кырларды.
Илхам менен чыктым бирге сапарга,
Бизди алдыга жетелөөгө ыр барбы?

Кайра баштан ыр башаттан ыр издеп,
Оюм менен башкаларга кол кезеп.
Илхам менен жөнөп жатам сапарга,
Экөөбүздү жетелөөгө ыр керек.

**Кыянаттык кылалбайм**

Алдыга кадам шилтеп кыялдарым,
Кырчын кез тамашасын кыялбадым.
Кылыктуу ал кездердин жалыны өчкөн,
Кымындай кыянаттык кылалбадым.

Умтулат улам алга сезимдерим,
Умсунуп, улутунуп турган кезим.
Уячам бетимдеги жоголгондо,
Уялып жаштыгымдан, жетимдедим.

Ал кездин нурун издеп сезимдерим,
Изилдеп, издөө салган кезим менин.
Издерим басып калды кыламык кар,
Ичимден итим өлүп жетимдедим.

**Жалбырак**

Жаратылыш кайраттанып күчүндө,
Жалбырактар аянычтуу күзүндө.
Жаным чыгат, үмүт үзүп жаткандай,
Жалбырактар бирден түшүп үзүлсө.

Карап көрчү жаратылыш ченемин,
Күзгө берген каардануу элесин.
Күндөн кубат алып жаткан жалбырак,
Койчу кантип, жерге түшүп кетесиң?
Карагыла, калып калды жалбырак,
Карагайым, сен азамат экенсиң.

**Сөз төркүнүн түшүнчү**

Билбей койдум ичиндеги оюңду,
Кенен ачпай койдуң эле коюнду.
"Аял моюн, күйөө баш" дейт элимде,
Ушул жолу угуп койчу "моюнду".

Моюн кайда бурулганда баш дагы,
Бурулат го бет келбети, каш дагы.
Билгендирсиң, сөздүн туйгун төркүнүн,
Ага электе кургай түшсүн жаш дагы.

### Кайра сүйүп, түйшүк үйбө

Туюмуң тунгуюкту жаралгыдай,
Тагдырга тике карай баралгыдай.
Турмушта бирге өмүр кечирсем да,
Талабың билбей келем, караңгыдай.

Кыялың балалыктан куралгандай,
Кылымдап бийик болуп туралгандай.
Катарлаш өмүр сүрүп келсем дагы,
Кабатырмын сага көңүл бура албай.

Сезимиң тунук, таза, бала дүйнө,
Сен үчүнбү? Шашамын иштен үйгө.
Сансыз ойго чөмүлтүп коюп анан,
Сен мени кайра сүйүп, түйшүк үйбө.

### Уктап жатып ыр окуйм

Айлуу түндө уктай албай түйшөлүп,
Айланама кадимкидей гүл өнүп.
Ойгоо кезде ыр дептерге үңүлсөм,
Уктап жатып ырым окуйм, сүйлөнүп.

Жылуу төшөк, жата бербей не болдум,
Тынч уйкумду түйшөлүүгө уурдаттым.
Баштагыдай ачуу жашка чөмүлбөй,
Көз жашымдын каналдарын кургаттым.

Чынын билбейм, уктай бербей не болдум,
Тандап алгам, татаал экен бул жолум.
Түмөндөгөн түйшүгүнө чыдайын,
Калчабастан турмушумдун оң-солун.

**Түйшүктөрүм**

Санаага салды менин түйшүктөрүм,
Сан ойго аргасыздан батырды го.
Сенчелик кайраттуумун десем дагы,
Сар-санаам канат кайрып качырды го.

Күйүткө салып коюп түйшүктөрүм,
Күнүмдүк ойго салып батырды го.
Канчалык сабырдуумун десем дагы,
Түйшүктүү далай түндү атырдым го.

Түйшүктүн желелерин үзүп салып,
Ыр дүйнө барактарын ачсамбы дейм.
Жашоонун мындан аркы кызыгына,
Ыр менен кол кармашып качсамбы дейм?

**Таң**

Карап турдум сулуу таңдын атышын,
Ал ансайын ички сезим иргелет.
Башка жерде таңды атырып жатасың,
Тоссок болмок ушул таңды биргелеп.

Ушунчалык сүйкүм таңдын атышын,
Карап турдум тереземден уурданып.
Сен да мендей таңды атырып жатасың,
Бирге эмес, бизди бөлгөн кур намыс.

Жан дүйнөмө тартуулаган жакшылык,
Жан элең го баарын билген, сезимтал.
Таңды бирге тосалбадык жаркыным,
Күн батканын бир тосолу, келип кал.

**Роза букет**

Мен ал кезде жапжаш элем татына,
Көздөр ойноок, сөздөр сүйлөп батына.
Шайыр шатман балалыктын күнүндө,
Роза гүлдөн букет келди татына.

Роза гүлдөн букет келди колума,
Желекчеси килем болду жолума.
Жапжаш кыздан жаш келинге айландым,
Роза букет келе берип соңунда.

Бети албырып, жүрөктөрү жалын чок,
Ал кездерде жаштык экен, кылган шок.
Андан бери бирге өмүр сүрсөм да,
Роза гүлдөн тандап букет сунган жок.

Апакемден башка беттен өбө элек,
Мен жаш элем көрбөгөндү көрө элек.
Андан бери чогуу жашап келсем да,
Мага ошондой роза букет бере элек.
Алтын чачтуу уул төрөдүм, айдаймын,
Күмүш чачтуу кыздарым бар, күндөймүн,
Бирок, дале роза букет келе элек.



**Гүлжан Жантөрөева** — 1979-жылы 28-мартта Сузак районуна караштуу Саты айылында төрөлгөн. Кесиби башка болгону менен журналисттик иш менен эмгектенет.

**Ата-энеме**

Ата-энем ааламдагы асыл заадам,
Алпештеп ардактаган бизди баккан.
Ар бири өз алдынча шаар куруп.
Он бири оруну бар турмушунан.

Ардактап уул-кыздарын өстүрүштү,
Бой жетти, баары өстү, өзгөрүштү.
Бар тилеги бала-чакам жетилсин деп.
Башынан кандай азап өткөрүштү.

Оорусаң ойго батып санаа чегип,
Бар ою жакшы тилек бала делип.
Ата-энем аска тоом, урабасын,
Жүргүлө жаратканым өмүр берип.

**Акын ыры**

Акын болбойт кыял менен жашабас,
Акын деген махабатка күндө мас.
Махабатка дербиш болуп жашаса,
Адам барбы махабатка ыйлабас?

Көнөктөтүп көздүн жашын агызган,
Ыр саптарга көздүн жашын тамызган.
Сезиминди тушап туруп жүрөккө,
Сүйүү ырын даңазалап жазышкан.

Ыр саптарда сезимдеги ыр калып,
Айтылбаган ич дүйнөдө сыр калып.
Акын өтөөр бул өмүрдөн кеч келип,
Арзуу кылып эл ичинде ыр калып.

**Аталарга даңк**

Кырк биринчи жылында согуш болуп,
Калың элдин башына кайгы конуп.
Кайран эл караңгылык күнүн көрүп,
Кайгырып жүрөктөрү муңга толуп.

Эл уулу жүрөктөрү таштан бекен,
Качырып душмандарды салды элден.
Канкорлор максатына жете албай,
Кайтышты мекенине мүчөсү кем.

Канчалаган азаптуу күндөр өттү,
Канчалаган энелер жашын төктү.
Тул калып, эне үмүтү уулун күтүп,
Канчалар мээримге зар жетим өстү.

Жеңишти жергебизге алып келген,
Аталар жан аябай канын берген.
Аталарга таазим менен ыр жазайын,
Баатыр өскөн айланам кыргыз элден.

## Жалал-Абад ыйык жерим

Жалал-Абад ыйык жерим кутманым,
Кучагыңда ойноп күлүп турамын.
Акындардын арасында мен дагы,
Сага арнап ырларымды жазамын.

Жалал-Абад сулуу шаардын бермети,
Ыйык жерсиң жарашыктуу келбети.
Элиң сүйүп эс алганда кубанат,
Талыбаган талап кылат эмгекти.

Жалал-Абад ыйык жерим экенсиң,
Жан эргиткен жашоо күнүм мекенсиң.
Суктандырып сага келген мейманды,
Айтып бүткүс сулуу шаарым элесиң.

Сенде канча сүйүү сыры катылып,
Жазда шибер гүл кулпуруп ачылып,
Эчен адам курортуңа эс алган,
Эстен кеткис студенттик жашчылык.

## Жарыма

Бактыма буюрганда сендей жанды,
Сен менен тосуп турам улуу таңды.
Ынтымак ортобузда ширелишип,
Өткөрүп өзүң менен турмуш шаңдуу.

Мендик болуп жүрөгүмү жылыткан,
Кандай айтсам сага теңдеш жарашат.
Мен кызганып, өзүң сүйүп эзилсем,
Жадакалса шамал дагы талашат.

Энчим менин айрыбасын жараткан,
Өзүң үчүн ашык ырын жаратам.
Байкай албай баары сендик түгөйүм,
Жаштыгыман оолак калып баратам.
Сенсиз мага өмүр жолум караңгы,
Асыл жарым арноо ырым жаратам.

**Кыргызым**

Кыргыз сулуу кылымдарды карыткан,
Кыргыз улуу оруну бар тарыхтан.
Берекелүү дасторкону жайылып,
Душманын да пейли менен багынткан.

Кыргыз кымбат тоолорунда түнөгү,
Арстан мүнөз көкжал баатыр жүрөгү.
Айкөл мүнөз ааламда жок пейилиң,
Тоо токоюң бул жашоонун мүрөгү.

Эй кыргызым аалам чарк деп айланып,
Бирде күлүп, бирде катуу каарданып.
Теңиримин берген ыйык кубаты,
Кыргыз барда аалам жарык, ай жарык.

Оо калайык, кыргыз деген атыбыз,
Кеткен журтум дүнүйөгө даңкыбыз.
Эгемендүү элүү жылда эл жаңы,
Кайратынан жаңылбасын калкыбыз.

Мекен үчүн айбат болсун жигиттер,
Намыс болсун, урааныңа бек болуп,
Кызың кымбат, кыраан чыксын уулуңар,
Кыргызыма душман кыйбас чеп болуп.



**Сайра Батыркулова** — 1980-жылы 5 апрелде Токтогул районундагы Чон-Арык айылында туулган. Кыргыз Мамлекеттик Б.Бейшеналиева атындагы институтун аяктаган. Б.Кыдыкеева атындагы сыйлыктын лауреаты. КТРКнын отличниги. «Коргоол» китебинин түзүүчүсү. Коргоол Досуевдин небереси. «Сүйүү көктөмү» ыр жыйнагынын автору.

**Айылым**

Сагынычым куса менен түптөлүп,
Санааларды жүрөгүмө жүктөнүп.
Сапар алдым туулуп өскөн айлыма,
Саратанда жумушумду бүткөрүп.

Кичи мекен тосуп канча көктөмүн,
Кучагында бактылуу күн көп көрдүм.
Булуттарга кошуп берип бугумду,
Барбай жүрүп далай күндү өткөрдүм.

Күйпөлөктөп азык камдап карынга,
Күн өткөрүп көпчүлүктүн шарында.
Кыйроо тапты кыялдардын далайы,
Кыялданчу алма-өрүктүү багында.

Каалоо менен какса дагы жүрөктөр,
Кишени жок байлангандай билектер.
Кемирилип чекесинен кертилип,
Калды канча аткарылбай тилектер.

Чындыгында жол бербестир танууга,
Чыгынбадым башатыңа баруууга.
Көтөрүнүп жолго чыктым а бүгүн,
Кайрат алып келүү үчүн каруууга.

**Балалык**

Сыдырылып салаасынан мезгилдин,
Сергек кыял балалыкты жоготтум.
Саамайымда гүл бантигим алмашып,
Сыйкырына арбалбаймын жомоктун.

Кадырыңды түшүнө элек кезимде,
Көр оокаттын түйшүгүнө алмаштың.
Күр-шарында күйпөлөктөп өмүрдүн,
Күлүк кыял күндөрүмдөн адаштым.

Түндүгүнөн тунук күлкү угулчу,
Ээн калды эски журтта коргонуң.
Белес ашып багытыңды өзгөрттүң,
Басыгындай жел жетпеген жоргонун.

Калтаарыдым чоң дайранын жээгинде,
Кыяны аштың, карабадың бурулуп.
Көр турмуштун агымында баратам,
Кээде сүзүп, кээде жарга урунуп.

Бакыт экен балалыктын күндөрү,
Кыялына шаар куруп байыган.
Булуту жок асманыңды сагынып,
Бул күндөрдүн бороонуна кайыгам.

**Көр турмуш**

Жок дүйнөгө кайгырып багынбаган,
Баштагыдай жүрөк жок жалындаган.
Каза болду канча ыр чолок бойдон,
Ак барака тизилип жазылбаган.

Булагымдын башаты жылгадагы,
Нугун буруп көп түйшүк бурмалады.
Ташыркатып таштак жол тамтаңдатса,
Турмуш бороон этек, жең жулмалады.

Күүгүм кирип көөдөнгө таалайыма,
Чылбыр илип чалкыган маанайыма.
Кысып турса турмуштун мыйзамдары,
Чек коюлат турбайбы каалаймына.

Көлөкөсүн тийгизип кырга дагы,
Көр тирлик кылат экен кылбаганды.
Улануууга ыр жазмак турсун азыр,
Унтуп барам ал тургай ырдаганды.

***

Каректе турат караанын сенин тартылып,
Каалоонун жүгүн курджунга салып артынып.
Кумарым күчөп, кайраттан жанып турсам да,
Сагындым, сага бара албайм, бирок тартынып.

Буйруксуз күндө, бүдөмүк атып таңдарым,
Буулукан жанмын, булуттар билер жагдайым.
Бурулбас жолдо түйшүгүм өзүм көтөрүп,
Бүтүмү чыкпас бушайман ойду салбайын.

Мөндүрдө калып мертинсе дагы үзүлбөй,
Максатсыз болуп, ачылган алма бүрүндөй.
Мээримин күтүп марага жетпей калса да,
Санаалар турат, көктөмдөн көөнү түңүлбөй.

Теминген сайын тизгиндей албай, кыялды,
Тосмосу бийик, токтоолук чеги кыйрады.
Акырын баарын алчу элем салып иретке,
Тыйылбай эңсөө, тымызын жанды кыйнады.

Жамалың турат карекке терең ой салып,
Жүрөгүм жүткүү, эркелей албас бой салып.
Ашуусу бийик, алдымда турат бийик бел,
Ашыксам дагы, бара албайм сага жол салып.

Сезимди танып, түпөйүл ойго жээритпей,
Кусанын кармап тизгинин тартып желикпей.
Түйшүгүң тартып, түбөлүк чоочун болгуча,
Төрөлсөм эмне, өзүңдөн кийин кечикпей.

***

Билбейм кандай күч багынтып арбаган,
Бушайманмын намыс кылып арданам.
Буруу тилди бир кыз барат бучкактап,
Бар дүйнөсүн төгүп чачып арнаган.

Таазим кылып байлыгына топтогон,
Тили буруу түркөй жигит коштогон.
Татынакай бир кыз барат кыналып,
Тандооң курсун тайыз суга окшогон.

Кадамынан сендейлердин куруп биз,
Көп көзүнө багыты жок булутпуз.

Кылым баккан кадырыбыз төгүлүп,
Кызды анан дешет баары туруксуз.

Кулак салчы курбум дейин, курдашым,
Келип турат дүйнөңдү угуп сырдашкым.
Кайылсыңбы, аалам кезип кетүүгө,
Кайтарбасаң мекениңдин урматын.

Таңмын сага, товарбы эмне турпатың,
Топук кылдың токтугуна курсагың.
Томогосуз шумкар көп түндүгүңдүн,
Таппадыңбы, улуу журттун урпагын.

Катасыз болсун курбум беттегениң,
Келечек сөөмөй кезеп жектебесиң.
Курбулар кучагыбыз нурга толуп,
Кыргыздын ар бир кызы бек төрөсүн.

***

Чечим кылып чектесем да өзүмдү,
Чарчоо билбес, үмүттөр жеңилбеди.
Өрт жалынга түшсөм да өчүрөм деп,
Өчпөй койду жарыгың сезимдеги.

Антымды алып атабаска атыңды,
Санаа турса сабагымды кемирген.
Унутпайм деп убаданы кыйратып,
Дирилдеген дабыш чыгат эринден.

Амалым жок, куса кылган кыялдар,
Карааныңды карегиме түнөтсө.
Күмөн ойлор кабагымдан күбүлбөй,
Күрөш менде... күрөш акыл, жүрөктө.

Тыялбадым жок дегенде эркимди,
Унут деген сайын улам курчуган.
Убарамын күндө сызып атынды,
Өчүрө албай жүрөгүмдүн бурчунан.

**Эски сүйүүм....**

Сагынычтын сур булуту сүрүлбөй,
Сабагынан күттүү гүлү күбүлбөй.
Санаа менен жол карагам далай күн,
Сүйүү алып, келээринден түңүлбөй.

Тааныш жолдо тагдырлашып күз менен,
Таң алдында сенден калган из менен.
Таап алчудай жоготконум кайратып,
Таалайыма тийчүү күндү издегем.

Куржун асып кусадан арылбаган,
Кыйла жылдар издесем табылбаган.
Кургурум ай, курутуп неге келдиң,
Өчкөн кезде улуу от жалындаган.

Билсең далай, карегимди жаштагам,
Бирок бүгүн ал адатты таштагам.
Мээримдүү элем мерездикке үйрөндүм,
Алдында азыр сен тааныбас башка адам.

Унут баарын, унут, көп себептери,
Улар сүйгөн ак гүлдөй белестеги.
Кайт жолундан, мен дагы унутайын,
Эскирген эски сүйүүм элеттеги.



**Айгүл Калматаева** — 1982-жылы 12-июнда Кара-Көл шаарында туулган. Ч.Тулебердиев атындагы орто мектепте окуган. Беловодское айылында жашап, иштейт.

***

Эч кимге ачынбадым жүрөгүм таштай болуп,
Эч кимге жашыбадым көңүлүм наздай болуп.
Эркимди кармап алып бараттым сенсиз жолго,
Бир гана нерсе мени ыйлатты жаадай согуп.

Жетимдей жетимсиреп ырларым каңгып жүрөт,
Ар кимге баш сагалап арманын айтып жүрөт.
Бирөөгө кор сезимдей, бирөөгө зар сезимдей,
Кээ бирөө жашын аарчып, кээ бирөө арсыз күлөт.

Томсоруп карап алып, өксүдүм ыйламсырап,
Өз эне, өз баласын карабай чанган өңдүү.
Жүрөккө ызам батпай, буулугуп жарылдым го,
Балдарым өз энесиз талаада калган өңдүү.

А көрсө, өз жанымды мен ырга берген экем,
Канымдан, жүрөгүмдөн жаратып келген экем.
Бирде ыйлап, бирде күлүп, бир сооронуп,
Ыр менен бүт дүйнөмдү, мен жалгыз жеңген экем.

Адам эмес, жаныбар да сүйгөн ээсин,
Жалгыз калып Хатико да күткөн ээсин.

Бир күн эмес, өмүр бою мени күтүп,
Жансыз дүйнө, зарыкчуудай күтүп келсин.

Калчуудай жан дүнүйөм тынчы кетип,
Сезилди го, ырга болгон анык сезим.
Ырлар мени батырып жүргөн сымал,
Ырлар мени түшүнүп күйгөн чыгар.

Түшүндүм жарты дүйнөм ыр сабында,
Өз каныдан жаралгандай сезим бурар.
Ыраа көрбөй жетимдей томсоруорун,
Өгөйлөнүп канча ырларым жок болоорун.

***

Кайттыңбы каркыралар эрте күздө,
Келерки жаздан дагы үмүт үзбө.
Ала кет, жазга чейин мени дагы,
Мен үшүп баратамын кечки күздө.

Кеттиңби, жылуу жакка сапар улай,
Күз билбей, кышты билбей, катар улай.
Ала кет, мени дагы, алып кетчи,
Мен кышты сагынайын абдан куурай.

Сездиңби, каркыралар, эх, жүдөдүм,
Негедир санаа тартып, эч күлбөдүм.
Учууга канатым жок силер менен,
Алыска кетип калсам деп жүрөмүн.

Мен абдан үшүп калдым ушул күздө,
Сыртта күз, ичимде да күзгү күндө.
Ала кет, алып кетчи, калтырбачы,
Мен күздү сагынайын абдан жүдөө.

***

Жартысы элең бүтүн болгон жанымдын,
Кенен жолдо шиш казыкка кабылдым.
Ой токтобой сен тарапка жүгүрөт,
Сагындыңбы, мен аябай сагындым!

Жүрөгүмдө бийик болуп жаңырдың,
Күнү болуп жаркыраган таңымдын.
Азыр болсо жоксуң менин жанымда,
Сагындыңбы, мен да сени сагындым.

Көкүрөктө так болуп жазылгансың,
Себеп болдуң чыгышына жаңы ырдын.
Өткөн күндү эстеп коюп үшкүрүп,
Сагындынбы? Жүрөк сыздап сагындым!

Убак өтүп, мына бүгүн жарылдым,
Турмушумдун тайкысына таарындым.
Багытыма ойдогудай койбогон,
Тагдырымдын буйругуна багындым.

***

Бере албай жообун, сөздөрүм качып кетчүдөй,
Сүрдөнтүп мени, издетер сөздү кишим сен.
Канча ирээт жазып, канча ирээт кайра өчүрдүм,
Барактан барак кайталап жазып көчүрдүм.

Сен келип карап тургандай сыртта, эшикте,
Бир карап келип, эстедим кыял сөзүңдүн.
Ойлорум кетти, ойлорду улай тереңдеп,
Эсиме түштү, айтканың гүлдөр берем деп.

Эзилип барып, баракка тамды көз жашым,
Койгондой мага көз жашты бекер белендеп.
Караңгы басып, кеч күүгүм кирип кетиптир,
Ырымдын сабы бир азга гана жетиптир.

Кыялга батсам, сен келип үйгө кирипсиң,
Тамагым муздап, ысытуу эстен кетиптир.
Ким бирөө жүрөт, табактар улам тарсылдайт,
Ашкана жактан, кашыктар улам карсылдайт.

Чочудум дагы, шашыла барсам жаныңа,
Сүйгөнүм экен, көздөрү мынча жаркылдайт.
Кыялга кирдим кайрадан ойго чөмүлүп,
Көзүмө күлкү, бакыттын нуру төгүлүп.

Элестеп турду гүлүңдү кандай алганым,
Ал кыял эмес, чындыктай көзгө көрүнүп.
Кыялдын учу түгөнөр эмес асылым,
Бир кыял менен, бүтүндөй көпкө жашыдым.
Уктаган сенин, жүзүңө баарын жашырып,
Аягын ырым, ак таңын тилеп, аттырдым.

**Бар болуңуз, ыр дүйнөнүн даткасы**

*Бурулкан эжеге*

Эжекем ай, канат болчу сезимдерди улаган,
Сезимдерим абдан өксүп, терең жарга кулаган.
Таппай калгам мен өзүмдү махабаттуу дүйнөдөн,
Сезимдерге сере болчу, дубал түшүп ураган.

Эжекем ай, мүрөк болчу, а мен суусап сураган,
Мен ыйлагым келип турат, бек кучактап ызаадан.

Арманымды, жан дүйнөмдү төгөөр адам табылбай,
Жалгыздыкты жолдош кылып, шар дүйнөдөн узагам.

…А мен бүгүн бир адамды тапкандай,
Жан дүнүйөм баары ыктап баткандай.
Өз ичимден көпкө сизге сыр төгүп,
Неге турам, бул көрүнүш жаккандай.

Алыс болуп, көрбөсөм да мен сизди,
Жакындыгы сезимдердин сезилет.
Мен таарынтып алдымбы деп түйшөлүп,
Көңүлүм суз, жүрөк тушум эзилет.

Ыйламсырап жан дүнүйөм сөгүлөт,
Элесиңиз жакын мага көрүнөт.
Бир жылдыздуу мээрим төккөн эжекем,
Кыялдарым неге сизге бөлүнөт?

Эжекем ай, калем саптын канаты,
Акындыктын көзүн ачкан сабаты.
Канчалаган жаш акынга жол ачып,
Жол табышаар барбы сиздей санаты?

Эжекем ай, бүтпөс ырдын башаты,
Ыр кенинин алтын ачкыч казаты.
Калеминен ыр байлыгы төгүлгөн,
Канчалаган чыкпас ырдын азаты.
Бир үнүңүз эргүү берип, дем берди,
Сиздей болоор, болсо адам канаты!



**Кыял Тажиева** — 1983-жылы 30-сентябрда Жумгал районунун Кызарт айылында туулган. КМУУнун филология факультетин бүтүргөн. КУУнун аспирантурасында окуусун улантып, учурда илимий-изилдөө ишинин үстүндө иштөөдө. «Сырдуу дарак» аттуу ыр жыйнактын автору.

**Жаз келиптир өлбөй калгам көрүнөт**

Тээ кеч күздө саргайганда жалбырак,
Сыртка эле эмес, көөдөнүмө күз түшүп.
Кеттиң, кеттиң кала бердим жалдырап,
Дүйнө бүтүп, аалам бүтүн бүк түшүп.

Ызгаарлуу кыш өзү болду тозоктун,
Үшүп жаттым, үшүк жүрдү сезимде.
Үмүт калбай чогу өчүп очоктун,
Дүйнө менен кош айтышаар кезимде.

Эшикке чыксам, каңылжаарым «бурр» этип,
Жаздын жыты, жаздын жыты жыттанды.
Бакка конгон топ чымчыктар «дырр» этип,
Сезим учуп, көңүл толкуп шыктанды.

Алгач мага кучак толо апкелген,
Сирень гүлүң жашыл жазга өрүлөт.
Сен жаз элең келбесең да жан биргем,
Жаз келиптир өлбөй калгам көрүнөт.

**Күлүп турчу карызга**

Унутуп кайгы жүрөктөр,
Сыр чечишип ак дилден.
Тамаша сындуу мүнөттөр,
Эмнеге аттиң аз, билбейм.

Сурданып санап акчаны,
Сумсайган суук немебиз.
Көр оокат, дүйнө таштары,
Оодарып барат кемебиз.

Тууганбы, каспы карабай,
Эсептей келсек мыктыбыз.
Берешен колдор жарабай,
Алганга чыны шыктуубуз.

Пайызы өскөн бересе,
Капалуу өткөн өмүр да.
Жашоодо кымбат береке,
Адамда назик көңүл да.

Тамаша сөздө лимит жок,
Жайдары жүрчү, карышпа.
Күлдүргөнгө бирдик жок,
Күлүп турчу карызга.

**Сөз бергин...**

Жүрөккө жакын албай кыйкырганым,
Кулагынын сыртынан кетиргеним.
Тажабай жамап-жаскап жыртылганым,
Тоо болсо да күнөөмдү кечиргеним.

Баарынан улук болуп аман жаным,
Илим жолдо кендири кесилгеним.

Бири дагы сенчелик болбойт тура,
Кыялымды көрсөтүп кыйкыра албайм.
Каалашынча жүргөнгө көнбөйт тура,
Эркин ойноп киймимден жыртыла албайм.
Кай бирөөнө бир күнү кечирээр деп,
Күнөө кылып уурданып кылтыя албайм.

Оо, энеке! Бир сендей бакыт барбы?
Күн батып, түн кирсе да нурун төккөн.
Сен үчүн токтотууга алым барбы?
Карыткан өмүрүңдү жылып өткөн.
Оорусам мага азыр баасыз дары,
Саамайым сылаганың сүйүп беттен.

Бир күнкү ак сүтүңдү жок дегенде,
Бактылуу болуу менен төлөп берем.
Уйкусуз бир түнүңдү кеч дегенде,
Акыңа бир небере төрөп берем.
Калган сансыз эмгегиң эстегенде,
Уятыма чыдабай өлөт белем?

Тетиринче oордугум салып алып,
Уялбадым карызың бербегенге.
Дооматым артам анан барып алып,
Шолоктойм көптөн бери көрбөгөнгө.
Кыйнай берем «Мен сенсиз кантип жашайм...
Сөз бер! — деп, — мен өлгөнчө өлбөгөнгө».

**Жарым чындык**

Көрдүм чындык тепселенип жатканын,
Көрдүм бирок, айталбадым, айтпадым.
Туюп турган туура эмес экенин,
Ал аргасыз чындыгы эле башканын.

Башым чайкап, ичим турду кайрылып,
Жанчып сезим, турсам дагы кайгырып.
Билмексенге салып аттиң, мылжыйдым,
Жакынымдан калбаш үчүн айрылып...

**Оо ал кезде...**

Кыз кезимде сезбей суукту жойлогон,
Кыш кечинде жылгаяк тээп ойногом.
Бетти, колду чымыратып турса да,
Дене бойду бир үшүтүп койбогон.
Оо ал кезде кыш да сонун болучу.

Көк эшекке артып алып челекти,
Апкыты жок кийип алып көлөчтү.
Суу ташыган тээ сайдагы күбүрдөн,
Күндөр кандай кайталангыс элестүү.
Оо, ал кезде суук да сонун болучу.

Андан бери көп жыл өттү арадан,
Ызгаар кышты тосуп турам калаадан.
Керек болсо кыштан эмес жүрөгүм,
Үшүп турат, үшүп турат адамдан.
Оо ал кезде эл да сонун болучу...
Ооба, ал кезде мен да жакшы болчумун.

**Тазалануу**

Жан дүйнөм аңтарылды, бардыгы башаламан,
А анда адам окшоп, жашаган, жашабаган.
Кайдыгер карап турам, кайдадыр кетүүчүдөй,
А анан барын баштап бир өзүм жасап алам.

Көңүлүм сындырышты, жек көрүү ичте толгон,
Кайда бар а достордон жан дүйнөң текши болгон.
Айылың, балалыкты сагынган жүрөк менен,
Сагындым эле баарын, калыпмын эски бойдон.

А бүгүн дүйнө жаңы, мен үчүн байлык алар,
Эскилик конок болоор, арга жок кайрып алар.
Чийилди жүрөгүмөн кээ бири эмнегедир,
Бир гана алар үчүн акыркы ырым булар.

***

Билгизди ээ көздөрүм болгон сырын,
Сезимимди баала деп жалган-чынын.
Топурап толо жандар жандаса да,
Ээнсиреп, ээн жерде калгансыдым.

Күлгөнсүдүм алдыртан кашым кагып,
Турган эле жүрөктө жашыл жанып.
Шашып кеттим, жалгыздык, азап көздөй,
Кош айтышкан көздөрүм жашылданып.



**Рахат Таштемирова** — 1986-жылы 31-мартта Кадамжай районунун Чаувай шаарчасында туулган. БатМУнун тарых факультетин аяктаган. Учурда Москва шаарында үй-бүлөсү менен жашап, иштейт.

## Эски дептер

Эски дептер максат, тилек, кыялдар,
Жаштык, сүйүү, эңсөө ичтен тымызын.
Жан дүйнөмдү ашкерелеп жалпыга,
Күндөлүктөр - чыккынчылар... чыккынчы.

Кайран дептер, кайран жаштык, махабат,
Күлү көккө сапырылган өрттөлүп.
Жүрөгүмө өчүп кетпес салып так,
Жан дүйнөмдү сатып койгон күндөлүк.

## Күтүүлөр

Кечте, таңда жүрөк эңсейт — күтүүлөр,
Тагдыр бизге табыштаган — күтүүлөр.
Биз шерттешкен ошол күндөр келмейин,
Күтүү — мага бүтүн өмүр, дүнүйө.

Өмүр шашат. Биздин күндөн дайын жок...
Өмүр шашат өмүр шашат... шашылат...
Биздин күндөр күтүүлөрдөн куралат,
Турмушубуз күтүүлөрдөн маңыз таап..

## Туулган жер

Топурагың кар астында томсоруп,
Жашыл чөбүң оңгон чыгар өңүнөн.
Адырларчы, бозоргонсуп турабы,
Жете албай асмандын ак, көгүнө.

Күндү жиреп, карды тилеп жаткандыр,
Асманды ээлеп каргалардын күнү тууп.
Күркүрөгөн кыш кылычын тартканча,
Булбул ырын калбаса экен унутуп...

Келгин үйүн калбаса экен унутуп,
Түйүлбөсүн кыштын дагы кабагы.
Жакшы дешет кыштын кыштай болгону,
Жакшы дешет кышта кардын жааганы...

Жакшы дешет туулган жерде кыш тосуу,
Ыйык дешет от өчпөгөн коломто.
Күркүрөгөн кыш кылычын тартканча,
Туулган жерим тынчтыкта бол, аман бол!

## Мекенге ода

Керилесиң, сулуудай бой кересиң,
Бүт сезимди арбап алдың, жарыктык.
Сыйкырыңдын сырын чечпей келесиң,
Катып коюп катмарына тарыхтын...

Сулуулуксуң бул ааламды көрктөгөн,
Өмүрсүң сен, түбөлүксүң, түптүүсүң.
Өртсүң күйгөн, көкүрөктү өрттөгөн,
Жайлуу, нурлуу, берекелүү, гүлдүү сен.

Ак кар чокуң аппак сезим ал мендик,
Ак карындай аруу, таза тилегим.
Сүйүүм чындык, көңүл таза, ал эми -
Исфайрамдын тамчысындай жүрөгүм.

**Аяз атага кат**

Жылдыздай жанып-өчүп түндө күйгөн,
Чайпалтып Саманчынын жолун басып.
Кимдиндир жомок болсоң түштөрүндө,
Кимдиндир бүт тагдыры колундагы.

Үмүттөр жерден учуп көккө сызган,
Тилектер азды күтүп, көптү тилеп.
Жомокту айландырган жашоосуна,
Бир жан бар, келээриңди анык билет.

Бир үй бар борошодо боздоп турган,
Эшиксиз, терезесиз, кемегесиз.
Ишеним бүт дилинде күйүп жанган,
Бир жетим топтомолой ата-энесиз.

Аязда колу күйүп, бети күйүп,
Куйруктуу жылдыз учуп көздөрүнөн.
Бул түндө эне тилеп, эне күтүп,
Бүт аалам эне болуп көздөрүнө.

Башына коюп катын алакандай,
Болгону өмүрүндө жалгыз тилек.
Жолуңдан адашпагын, Аяз ата,
Ал сенин келээриңди анык билет.

***

Сен жек көргөн карды кечип жүрөмүн,
Сен жек көргөн кыштын кагып эшигин.
Бийлеп алып сендейлердин жүрөгүн,
Чертип коюп сендейлердин сезимин.

Бүлүк салып намысына, арына,
Тийип коюп сендейлердин каарына.
Сенсиз кышта күндөй күйө беремин,
Өрттөмөйүн жалыныма, заарыма.

Сезиминди четке кагып келесиң,
Менден алсыз экенинди жашырып...
Барган сайын кышты сүйө бересиң,
Кардай ээрип, кардай көөнүң ачылып...

***

Ааламга азап үчүн келдим беле,
Тагдырым шор суусунду бердиң неге?
Турмушум ар кадамга тузак тартып,
Махабат койбойт такыр өз эркиме.

Үмүтүм түнкү жалгыз чырак окшоп,
Тилекти муңга бөлөөр ырлар коштоп.
Бактылуу болуу үчүн акым жокпу?
Көөдөндө көз жаш менен турам боздоп.

Жылдыздын мыйзамы бар - жануу, өчүү,
Өмүрдүн мыйзамы бул — келүү, кетүү.
Сүйүүнүн мыйзамы көп ыйлап, күлүп,
Акыркы натыйжасы арзуу, жетүү.

Бакытка курман кылып баары жокту,
Жаштыкты, максаттарды, оюн-зоокту.
А турмуш ыйы үчүн чекит коюп,
Бактылуу болуу үчүн акым жокпу?

**Кете бер**

Кантип эле омкорулсун дүнүйөм?
Кантип эле ырыс учсун үйүмөн?
Кой, махабат, сенсиз деле жашоо бар,
Кантип сенсиз эски гүлдөй кубулөм?

Билем эми жалкоо үмүт жандаймын,
Бук болсом да көзүмө жаш албаймын.
Болду сүйүү, калпыс жолдон кезигип,
Бал сунбачы! Ичкен менен канбаймын.

Турмушумдан максат, үмүт чекелээр,
Муунткан ыза балким көргө жетелээр.
Мени эстебе, жолуңду тап махабат,
Мейли, менден кетсең кеткин, кете бер.

**Балалык**

Кош эми, бакыт таап кеттим узак,
Аз өмүр эми сенсиз өтө берер.
Таптакыр унутуума күмөн кылат,
Өзүңдөн калып калган көлөкөлөр.

Дилимде максаттар көп дайыны жок,
Жашаймын эми ыйлап анда-санда.
Ар күнү келечекти бирден үзүп,
Өмүрдү бирден айрып далба-далба.

Бул өмүр али изин түшүрө элек,
Күндөрдү көргүм келет баарын бачым.

Көрө элек адамдарды көргүм келип,
Бейтааныш адамдарды сагынамын.

Капыстан буркан-шаркан түшүп кээде,
Асмандай аңтарылам жетпей чыдам.
Байкатпай көп ичинде жүрүп деле,
Сөз салып көлөкөмдү эрмек кылам.

Кошкунуң, эми сенден кеттим узап,
Бир келген өмүр сенсиз өтө берер.
А бирок, унутуума күмөн кылат,
Жылт этип сенден калган көлөкөлөр.

**Өткөн күн**

Ал жерде тунук сезим тамыр жайып,
Ал көздөр сезимимди жанып өткөн.
Бир талып, бир тунарып кар астында,
Бир ирмем көз карашым калып кеткен.

Ал жерде бир мүнөттүк өмүр калып,
Ал жерде жерге кулап көз жаш калган.
Жылт эткен көз карашы ал жигиттин,
Тыз этип жүрөгүмдү жанып өткөн.

Ал күндө кайталангыс бир күн калып,
Ал түнкү кар бетинде арман калды.
А бирок белгисиз бир бакыт үчүн,
Жашагым келет чапчып кылымдарды.

Толтуруп бир демиме нечен жылды,
Жаңыртып көп жылдардын эскиргенин.
Тамамын сезимиңе тамчы болуп,
Күт бактым, күткүн бактым, күткүн мени.



**Нуркыз Турдалиева** - 1987-жылы 15-январда Кара-Кулжа районунун Көк-Арт айылында туулган. Учурда Москва шаарында тикмечи болуп иштейт. Жогорку квалификациялуу тикмечи жана бычмачы наамы бар.

***

Бала жыты байкатпастан тартасың,
Бакыт үчүн эки дүйнө картасың.
Боздогондо эңсеттирип өзүңдү,
Буркуратып тар дүйнөгө таштайсың.

Даарыгерден угуп алып муң кепти,
Дүрбөлөңдөп жан дүйнөмө кан тепти.
Дартым айтып белгисиз деп келечек,
Дүйнө мага өмүр шерик суу септи.

Мына эми, жалгыздыкка тордолдум,
Мээрим издеп жаратканга кор болдум.
Мөлтүрөгөн бала жытын жыттабай,
Мүңкүрөгөн жашоо менен октолдум.

***

Көрүнбөчү көңүлүмдүн төрүнөн,
Көздөгөнүм жаз жамгырдай төгүлгөн.
Күткөн үмүт кырс үзүлтүп тилегин,
Куйкаланды ак сүйүүмдүн өзүнөн.

Жүзүңдөн да жылуу элес көрүнбөй,
Жүрөсүңбү кир күзгүнүн өңүндөй.
Жолугууга тартпай турат көңүлүм,
Жүрөк үшүп өлгөн жандын сөөгүндөй.

Шайтан сапар бир заматта чырмалып,
Шолоктодум көңүлүмө чыр салып.
Шайыр мүнөз элестерим көрүнбөй,
Шорлоп калдым көз ирмемден кыл тартып.

***

Кызганычты өгөйлөгөн жан дүйнөм,
Капысынан жүрөгүмө кан түйгөн.
Күтүүсүздөн ородубу кызганыч,
Кантем эми абалымды таш түрткөн.
Берээр мезгил эртелетип бербептир,
Бешенеме бул сыноону тербептир.
Буркураган оор жүгүмдүн ортосуна,
Боздоттуруп таштаганын сезбептир.

***

Кетпес тактар бүчүр байлап кайрадан,
Көңүлүмдү жалгыздыкка байлаган.
Кадырлаган күндөрүмө так салып,
Касташууга бир бүтүмдүк кармаган.
Тартчы менден кек сактаган дүйнөңдү,
Тартышууга бүт өмүрүм күйлөндү.
Текеберлик акылыңды жара тээп,
Турмуш кургур тикен жолго сүйрөдү.

***

Эсимде тартып кеткен элестериң,
Эстедим белек кылган берметтериң.
Энчилеп сөйкө салган күндөн өтпөй,
Эх чиркин шум ажалдан жер беттедиң.
Кайгымды сыртка айтпай ичке тарттым,
Күйүттөн жаштарымды түнгө каттым.
Көңүлдүн бүдөмүгүн билгизбестен,
Кошокту жүрөгүмдө айтып жаттым.

***

Баракчаңды мүнөт сайын текшерем,
Башка селки көрүнбөсө дей берем.
Буркураган үмүтүмдү чыңалтып,
Бөтөн кызга көңүл бурба дейт элем.
Байлап алып үмүтүмдүн сересин,
Билбейм качан сүйүү гүлүн бересиң?
Бөйпөлөктөп ачык айтпай сүйүүңдү,
Боз туманга кайра кирип кетесиң.

***

Кучагыңды аябачы менден,
Кумар отун суранамын сенден.
Коштошууга ыраа көрбөй турам,
Көңүлүмө гүл өстүрүп берсең.
Кызганычты сенден байлап жүрөк,
Кайтарамын кыз-келинден жүдөп.
Күтүүдөн да азап болду мезгил,
Колтугуна жан дүйнөм түнөп.
Бербес болуп так байланды көңүл,

Бүчүр байлап сүйүү деген өмүр.
Бийлеп алды сендик сезим мени,
Бир бололуу махабатка чөгүп.

***

Сезимдерди талдай албай кыйналдым,
Сендей жанды табалбадым, ыйладым.
Сүйүүмдүн балы сенде калган беле,
Сузсам да толтура албай сыздадым.
Дайым келчү жолдоруңду карадым,
Дабасы жок жүрөгүмдү алдадым.
Дарысы сенде бар беле сүйүүмдүн,
Дарты кетпес оорулуудай сыздадым.
Айыкпас дарт болдуңбу өмүр бою,
Арман болуп кала берди кыздын ою.
Жүрөгүмдөн сезимдер ыйлап турат,
Жете албас ойлорумду көңүл бурат.
Жалындуу сүйүүм сенде калган беле,
Жан дүйнөмдүн оорусун күч алдырат.

**Төрт сап**

Жаныңда жазданып олтурамын,
Жөнү жок кызганып кор туетпагын.
Жарашып бириккен жарым сенсиң,
Жазыксыз жүрөктү оорутпагын.

***

Тегеренет көз жашым тымызын,
Таалайдын бир сүртүмүн агызып.
Тартылып турсам дагы акырын,
Тартпадың сен өзүңө азгырып.

***

Кургады сезимимдин үмүттөрү,
Каңтарылып арзуумдун күлүктөрү.
Күйүттүү сезимге бүтүн байланып,
Кашаят жүрөктүн да түтүктөрү.

***

Жазасын тагдыр менден тартпады,
Жаштыгым шаттык нурун чачпады.
Жанчылып ар бир күткөн үмүтүм,
Жалгандын күнөөсүнө калчанды.

***

Обондоруң жүрөгүмдү уялады,
Ойлондуруп жан дүйнөмдү сыялады.
Ойго түшүп кеч күздөгү жолугушуу,
Олтурамын эстеп ошол кыялдарды.

Угуп алып үмүттөргө байланамын,
Убай тартып сөздөрүңдү айланамын.
Учуп барат кыялымдын бариктери,
Узай албай обонуңдан жай табармын.

Жан дүйнөмдү азыктантып кайрыктарың,
Жүрөгүмдүн ноталарын табыштадым.
Жел кыяктын сыйкырына арбалдымбы?
Жашоомду бүт обонуңа багыштадым.

**Самара Маматова** — 1990-жылы 14-майда Сузак районунун Кызыл-Суу айылында туулган. Жалал-Абад шаарындагы медициналык колледжде окуган. Учурда Ноокен районунда ооруканада иштейт.



**Ата-энеме**

Ак жоолугун салынып алтын апам,
Алыстасам сизди абдан сагынам.
Апакемдин өмүрү узун болсун деп,
Алла-Таала жаратканга жалынам.

Атакем менин мээрим төккөн булагым,
Айсыз түндө жарык болчу чырагым.
Акыл айтып жакшы болгун деп айткан,
Атакемдин алтын үнүн угамын.

Ата-энемди ардактап жүрөм дайым,
Ар дайым нурун чаччу күнүм, айым.
Ата-энемдин тилегин актайын деп,
Ак эмгек өтөө менен арнайм жаным.

Ата-энеме тилеп келем узун өмүр,
Алла-Таала жаратканга буруп көңүл.
Ар дайым бактыбызга бирге болуп,
Ээлегиле үйүбүздүн сыйлуу төрүн.

***

Окуган жерим Жалабад,
Элиме каалайм саламат.
Окумду окуп «5» менен,
Иштесем элди аралап.
Ден соолук, өмүр тилегим,
Өңүндөй таза ак халат.
Ак халат кийип бүт өмүр,
Эмгегим элге арналат.

**Балалыгым**

Балалыгым эң кымбатым өзүңсүң,
Балалыгым берекемсиң өзүмдүн.
Бала кездер эң бактылуу күнүм эле,
Кечке ойногон талаа менин үйүм эле.

Мезгилдер зымырап учуп барат,
Мемиреп нечен-нечен таңдар атат.
Мезгилдин сыноосу сыяктанып,
Менин да балалыгым өтүп жатат.

Жаштыгымды эстесем татынакай,
Жайнаган гүлдү үзүп аппапакай.
Жаш балдар чогулушуп бир айылда,
Жарышып ойночу элек жакшынакай.

Эстесем балалыгым өткөн күнүм,
Эсимден эч чыгарбай ошол күнүм.
Эмнеге жылдар күндөр шаша берет,
Эмне үчүн балалыгым өтө берет?

## Сүйүү

Сүйүү бул жетпестердин ыры бекен,
Арман бойдон жүрөктө калат экен.
Сураймын адашып түндөн, күндөн,
Издеймин үзөмүн деп кардан гүлдү.

Сагынып элесиңе зар болдум мен,
Башкага жүрөгүм эч кебелбеген.
Сыртыңдан көз салып байкап жүрөм,
Же көлөкөң болом деген үмүт менен.

Жасаган тамагым бүт туздалып,
Жан апамдан жетиштүү уруш алып.
Чынында өзүмдү тааный албай,
Нечен кайттым чакасыз суугa барып.

## Эсиңдеби?

Эсиңдеби күздүн айлуу бир түнү,
Эсиңдеби күздүн жарым бир күнү.
Ошол күнү чын дил менен тартуулап,
Билдиргенсиң жүрөктөгү сүйүүңдү.

Жытың жыттап кумарланып искеген,
Жымыңдаган жылдыздарды тиктегем.
Жок дей албай кабыл алгам сүйүүңдү,
Анткени мен сендей жанды издегем.

Кумарланып сенин айткан кебиңден,
Кубат алып сенин алган демиңден.
Күндөй жылуу, таза сүйүү арнайм деп,
Кыса кармап кучактадың белимден.

Эсиңдеби ошол түнү ай жарык,
Экөөбүзгө таза тунук нур чачып.
Эсиңдеби алгач ирээт өпкөнүң,
Эркелетип сылап коюп чачымды.

**Ден соолук**

Айтпайм десем арман калат ичимде,
Күлкү чачам кайгы чыгат демимде.
Жаным ооруп кыйналып мен жатсам да,
Сырым айтып чечиле албайм эч кимге.

Ыргып түшкөн тамчы суудай дайынсыз,
Ырбап барат дилимде кир жагымсыз.
Жаның кыйнап оору басса өзүңдү,
Жашоодогу бардык нерсе кызыксыз.

Өтөт сөздөр кан жаныма бычактай,
Өйкөйт кеспейт жан дилимди бузат жай.
Көпчүлүктүн көтөрө албай сөздөрүн,
Өзөгүмө уудан бүткөн бычактай.

Болот экен оорулуу деп ылгаган,
Кээде ойлонуп демге батпай ыйлагам.
Түшүнбөймүн кандай жашоо меники,
Билбейм мынча дартым менин ырбаган.

Ыр жазам кээде олтуруп кагаз чийе,
Ыгы жок ойлономун көпкө дейре.
Ыраазы болом кээде жаратканга,
Ыйламсырап турмушка башым ийе.

Сырдашым тилсиз калем болсо дагы,
Сырым сурап сырдашканга жетет алы.
Эч болбосо акыбалым бир маал сурап,
Боорукер болсо гана адамзаты.

**Баары сага**

Арманымдан биз неге ачылалбай,
Сен жөнүндө ойлогонум күчтүү болду.
Жолугушуу эч бир толбой купулуңа,
Акыры ак баракка сырлар толду.

Эч бир адам сен сыяктуу боло албайт,
Сырың сөзүң сен сыяктуу күлө албайт.
Окшошуп жалган жашоо бул дүйнөдө,
Күнүм сенсиз эртеңкиге элес албайт.

Билчи жаным, мен сени сүйөрүмдү,
Сенсиз өмүр мүнөт күндүн өтпөгөнүн.
Ээлесе башка кыздар жүрөгүңдү,
Билесиңби, айыкпасын жүрөгүмдүн.

Жок суранам, андай болбойт эч убакта,
Менин жашоом эң кызыксыз болот анда.
Ырысымдыр ички ырым, ички сырым,
Арнаганым жалгыз сага, баары сага.



**Назгүл Каныбекова** — 1990-жылы 19-майда Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында туулган. ОшМУнун «Математика жана информациялык технологиялар» факультетинин бүтүрүүчүсү. «Турмуштун теңдемеси» аттуу алгачкы китеби чыккан.

**Теңсиздиги сүйүүнүн**

Сени ойлосом көзгө адат — жаш тамаар,
болуп алган. Күч жок аны башкараар.
Бар күчүмдү жыйып айтчу атыңды,
Оңой эле атап коёт башкалар.

Атың сенин — жүрөгүмдүн жанары,
Атылат ал жыл маалына саналуу.
Чакыра албай тургам көпкө бир жолу,
Бир адашың кичинекей баланы.

Ал эсимде болгон өңдүү кече эле,
Элең этип чыга калсам көчөгө.
Эгиз караан карегимди тунартып,
Тартып ийди кирпигиме көшөгө.

Бара жаттың сен сүйүүңдү жетелеп,
Жаш кыз окшойт он сегизден өтө элек.
Адатынча көз жаш кирди куюлуп,
Үмүт алдайт: “дагы бир аз күтөлүк”.

Ырасында коюу, кара каш, чачы,
Пери тура жүрөккө чок таштачу.
Үмүтүмдү тебелеген ошол кыз,
Көлөкөңдү тебелебей бассачы.

Колуң артып моюнуна сулуунун,
Күлгөнүңө күбө болуп туруу — муң.
Тилегиме болуп шондо тилектеш,
Бир булутка жашырынды улуу Күн.
Алдык чогуу көлөкөңдү бекитип,
Эмне деген теңсиздиги сүйүүнүн?!

**Жалбырактагы сүйүү**

Күтүүлөр күз коштогон сагынуулар,
Күн санап күчөп барат тарынуулар.
Өзүңсүз кантип жашайм деген менен,
Өмүрдө сенсиздикке багынуу бар.

Аз-аздан амандашкан кезигүүдө,
Бүчүрдөй сүйүү жаткан сезилүүдө.
Бүр ачып, ала чоку болгон карды,
Бир түндө мажбур кылган эзилүүгө.

Жашарып жалбырактай турган жайда,
Сүйүүнүн жел кайыгын бурган кайда?
Өңүнөн азып барат келип күзү,
Ордунда үч айланып курган айла.

Жосунсуз азыр буга жолду тороон,
Күбүлүп бариктери толду короом.
Сабында калган эле саналуусу,
Түн катып болду бороон, болду бороон...

## Көрүнбөй койсоң не болмок?

Каректер кадалып сезимге,
Качанкы бир караш көзүңдө.
Кайрылып кайра не көрүндүң,
Кап ушу, унутаар кезимде.

Сезимде от өчүп, чок болуп,
Сенсиз мен бараткам токтолуп.
Садагам кайра не көрүндүң,
Санаалар кетерде жок болуп.

Өтсөкчү өмүрдөн не болмок?
Турамын жолукпай деп ойлоп.
Кыл өтпөс мурунку кучактан,
Кыйналбай өтүп тур жел ойноп.

Мен болсо баягың, баягым,
Сен эмес кучакты жаярым.
Кечиктиң, махабат кечиктиң,
Кечиргин, бүлөңдү аядым.

## Ишенчээк өрүктөргө

Шылдыраган муз тоңуп терезеге,
Шыкап коюп тезекти кемегеге.
Уулуганын бороондун угуп жатчу,
Шарт боюнча кыш болуш керек эле.

Кыш тонуна турчу эле чырай берип,
Чатырга муз бир-бирин улай тоңуп.
Кычырата кар басчу өтүктөр да,
Жүрөт азыр чилдеде ылай болуп.

«Кар» деп карды чакырган карганы да,
Кыйла болду мен көрбөй калганыма.
Өрүктөргө айтаарым, өрүктөргө,
Жаз келди деп гүл ачып албагыла.

Карын уруп заматта гүлүңөрдү,
Күбүп салат ачылган гүлүңөрдү.
Ичтен ирип, сыртынан күлүп туруп,
Көңүлүңдү сууткан кишиң өңдүү.

Кайык көркү чынында калак менен,
Кыштын кыштай болушун самап келем.
Адамдардан мээр качып барган сайын,
Кыштан дагы кар качып барат белем?

**Сүйүү түрмөктөрү**

Күүгүм тура сүйүү шамдын өчкөнү,
Күтүү менен өттү далай кечтери.
Шуудурашып дарактар мен жөнүндө,
Жанга батты жалгыз калды дешкени.

Тагдырыма кирдиң неге баш бага,
Талап коём арсар ойго таштаба.
Каалгасын кулачтабай жүрөктүн,
Же кир, же чык жолтоо болбой башкага.

Өттү күндөр, ай алмашып өзүңсүз,
Шамал дагы аймалабай көңүлсүз.
Табиятка кошуп алдап өзүмдү,
Ооз учунан “сүйбөй койгом” дедим суз.

Сүйүү эмне, күтүү менен азаппы?
Жүрөгүңө бербейт тура азатты.
Сен жөнүндө ойлоо мага жагымдуу,
Бирок көз жаш аралашып тажатты.

Жакпайт эле эмнегедир жаз сага,
Жашоо гүлү — жаз жытына барбы тең?
Жараткандын сыноосубу, түшүнбөйм,
Жаз сүйбөгөн адам сүйүп алдым мен.

Капа болбойм мага муздак карасаң,
Бүгүн дагы жаңы ырларды жаратам.
Өкүнгөнүм, кайгырганым — башкысы,
Сенсиз өткөн күнгө көнүп баратам.

Мен адаммын издеп жүргөн бактымы,
Сени көрсөм каптайт бойду аптыгуу.
Бир жүрөктө бир адамдык орун бар,
Жок, жок, сүйбөйм, бул — жөн эле жактыруу.

Сүрдөп турам, эки бетим албырат,
Алоолоп от, денем майда калтырак.
Бут учуңду тиктей берип телмирсең,
Тебеленди күнөөсүз бир жалбырак.

***

Түшүмө кирдиң санаалар кетти бутактап,
Түпөйүл жүрөк атыңды элден коругам.
Сүрөтүң жалгыз жатчумун түнү кучактап,
Сырымды ачып, түшүмдү кимге жорутам?

**Бермет Ахмедова** — 1991-жылы 20-ноябрда Кадамжай районунун Чаувай айылында туулган. Мектепти 2000-жылы аяктап, Москва шаарына мигрант болуп кеткен. Бир кызы бар.



**Үмүтүм жанат, өчөт**

Санаанын куюнунда,
Бүт дүйнөм айланкөчөк.
Жүрөгүм токтоп-согуп,
Үмүтүм жанат... Өчөт.
Жан дүйнөм ачка болуп,
Алсырап баратабы?
Көөдөндү курттай куса,
Кемирип, канатабы..?
Жалгыз жол. Жарык издейм,
Пенделик сокурлуктан.
Куткараар кур көйгөйдөн,
Ой сазга олтургузган.
Кайсы бир өзгө туюм,
Динге үндөйт, дил аруулап.
Periште шыбырайбы?
Жүрөктөн ыр жаңырат...
Маңдайым жайнамазда,
Көздөрүм жашка толуп.
Аллахтан жардам сурайм,
Үмүтүм кайра ойгонуп.

**Көп чекиттүү сагыныч**

Түшүнүшөөр, түйшүк тартып мага окшоп,
Балдарынан алыс жүргөн энелер.
Наристемди жыттап, өөп алууга,
Оюм жетип, колум кыска деп эгер.
Баштап ийсем кусалыгым оодарып,
Түшүнгөндөр тызылдашаар ичинен.
Көз алдымда он айлыкка толо элек,
Колун созуп, ыйлап калган кичинем...
Көр тирилик, куу турмушту куйим деп,
Көргөн жокмун там-туң баскан кадамын...
Үйрөтпөдүм сөз сүйлөөнү... Укпадым
Эң биринчи ширин сөзүн баламын...
Уксаң ушу... Баякы эле сагыныч...
Мындан башка сөз да келбейт жүйөөлүү.
Сүткө тоюп эмгени жок бөжөгүм,
Сүтүм үчүн мен кызыма күнөөлүү...
Дагы канча мындай жашоо кечирем,
Качан бүтөт бу кыйноолор? Айткыла?
Жаным жыргап, балапаным боорумда,
Жүргөн күндөр кайткылачы, кайткыла!

***

Сыр чечип жан адамга,
Айтылбас, айта алгыс.
Элес бар жүрөгүмдө,
Кайтаргыс-кайталангыс.
Күлкү бар ууртумда,
Өзгөлөр укпас-сезбес.
Арман бар түтөп жаткан,
Башканын көөнүн эзбес.

Сүрөт бар карегимде,
Эч бири көрө албаган.
Эч кимдин күчү жетип,
Айырып, бөлө албаган.
Гүлдөр жык жан дүйнөмдө,
Кир колдор тере албаган.
Мээр бар башкача ысык,
Өзүңө бере албагам.
Сүйүү бар сендик менде,
Өзүңө бере албагам...

**Жөнөтүлбөй калган кат...**

Апаке, асылым менин!
Жаныма келчи эми,
Кусамды жазып кетчи.
Сагынган кызың сенин,
Саргайып, азып кетти.
Апаке, жаркын дүйнөм,
Түнөрүп, кирдеп барат.
Балалык таза кезиң,
Жоготуп, издеп барат.
Апатай, түшүндүрчү,
Эмне үчүн турмуш татаал?
Эмнеге ыйлайт дилим,
Не мынча муздайт бат ал?
Апажан, мээрбаным!
Сурачу суроом көп.
Калбасын табышмактар,
Бир-бирден жандырып от.
Асылым, жыттатчы анан,
Гүл жыттуу көкүрөгүң.

Антпесең соолуп калаар,
Бапестеп, өстүргөнүң.
Анан да мээриң менен,
Дилимди аруулап бер.
Эркелет эзелкидей,
Жарамды дарылап бер.
Кыйналдым. Жүрөгүмө,
Сары суу толуп кетти.
Эркетай назигиңдин,
Кусасын жазып кетчи.
Бүтпөгөн, көр тирилик,
Жаныма батып кетти.
Алдамчы кыялдарым,
Алдады, алыс кетти.
Сезимдер ардакталган,
Секиндеп өчүп барат.
Үлбүрөк үмүт гана,
Үлп этип өчөт-жанат.
Сексейген секелегиң,
Сагынчка муунуп барат.
Сени эңсеп көз жашыңа,
Жамалың жууп алат.
А бирок аргасы жок,
Аз ыйлап тынып калат.
Келе кал, апакебай,
Кулунуң күтүп алат.

**Пенделик**

Эх дүйнө! Кайда аёо?
Мээрим, ыйман,
Сом үчүн бирөө-бирдин жанын кыйган,
Кайдыгер жандын баары.

Э Жараткан, пулсуздар тура алабы азап-ыйдан?
Көчөдө талап-тоноо,
Ар кадамда кайырчы-тилемчилер жалдыраган.
Каректе жаш айланат жүрөк толгоп,
Көргөндө наристени нан сураган.
Адилет, калыс доор келеби эми?
Акыйкат сокур сомго алмашкансыйт,
Акчалуу акчасызга кудай болуп.
Тирүүлүк акча менен арбашкансыйт,
Э Аллах, жалгыз үмүт сенде гана.
Пейлин көр пендеңдин, оңдой көргүн,
Кечиргин кулдарыңдын ыпластыгын.
Пендеге ыйман-ынсап, мээр бергин.

**Эки сап өмүр**

Ыраазымын... Аллахыма миң шүгүрлөр,
Күнүнө сендей кызды насип эткен.
Ыраазымын... Эки эле күн болсо дагы,
Жашооңо шашып келип, шашып кеткен.
Не шаштың? Аруум ай... Пакизам ай,
Жашообуз башаламан жакпадыбы?
Жүрөгүң кипкичине, тыпылдаган,
Издеген тазалыгын таппадыбы?
Кара өзгөй, ушакчы бар, кир дүйнөгө,
Периштем, аруу жаның батпадыбы?
Балапан, назигим ай... Кичинем ай...
Ыраазымын сени күтүп жүргөнүмө.
Көтөрүп, жаным ооруп,
Толгоо тартып... ...ыйласаң үмүт байлап.
Күлгөнүмө... Ыраазымын,
Жалгыз ирет жытыңды искеп,


Тилеген тилегиме, үмүтүмө.
Акыры бу жалгандан таппай, өксөп,
Боздогон көз жашыма, күйүтүмө.
Ыраазымын, сен да мага ыраазы бол?
Оозантып, ууз сүтүн эмизбедим...
Ырыскың ийип келсе көкүрөк тээп,
Таппасым биле туруп сени издедим.
Сыздасам, тынч уктатпай бейишинде,
Кечир ээ? Көпөлөгүм, айыпсызым...
Жараткан жаннатынан орун берсин,
Аминам, жүрөктөгү алыс кызым.

***

Пенделер… Көр пенделер… Сук пенделер,
Менсинген сокур сомго «ток» немелер.
Не силер мерезсиңер, жүрөк отсуз,
Мен үчүн бала кезде башка элеңер?!

Жолум буулуп, ташка урунуп кээ бирде,
Ар досумдан ар башкача кычкыл кеп,
кошулушуп он сегиз миң ааламдан,
Ушу мага жетпей кетет кычкылтек…

Түшүн жаным, тушабачы, эркин кой,
Кызганычтан канатымды кайрыба.
Эгер мага чындап бакыт каалasaң,
Өтүнүчүм, ыр дүйнөдөн айрыба?!



**Айпери Каныбек кызы** – 1994-жылы 20-майда Сузак районундагы Багыш айылында туулган. Узакбай Абдукайымов атындагы орто мектепти аяктаган. Жогорку окуу жайында сырттан окуйт. Учурда Багыш айылындагы мал чарбасында эмгектенет.

**Кыргызстан менин мекеним**

Жалал-Абад жаштарымдын мекени,
Көк-Арт дайрам албуутундай карачы.
Ошум ыйык Сулайман тоо, көк тиреп,
Мажүрүм тал Ак-Буурага жарашчу.

Баткенди билсең Айгүл тоо,
Кооздугун гүлүн карачы.
Нарындын тоосу көк тиреп,
Арчасы, таза абасы.

Кыргызым кымбат жылдызым,
Кыргыздан чыккан Чынгызым.
Таласты айтсаң Манас деп,
Даңкталган элим кыргызым.

Ысык-Көл жэкке шарпылдап,
Алыкул менен сырдашкан.
Бишкегим ыйык борборум,
Акындар арнап ыр жазган.

Чүйдөгү бийик Буранаң,
Сулуулук артып караткан.

Табалбай сага теңдеш жер,
Кызыңмын, ырды жараткан.

**Улуу жеңиш майрамы**

Улуу жеңиш майрамы,
Ошондо согуш майданы.
Каңырсыган кан жыты,
Караан түнгө айланды,

Коргойм деп уулуң мекенин,
Кан  майданга барышты.
Жанын берип мекен деп,
Жерин коргоп калышты.

Канчасы жетим тул калды,
Кайраты менен жеңишти.
Көлкүгөн тынчтык заманды,
Элине арнап беришти.

Улуу жеңиш майрамы,
Ырга толду майданы,
Унутулбайт тарыхтан,
Улуу жеңиш Майдагы.

**Сузагым**

Сузагым мөлтүр булагым,
Койнуңда жашап турамын.
Даңктайбыз сени дүйнөгө,
Сага арнап ырым сунамын.

Жериңде гүлдөр жайнаган,
Багыңда куштар сайраган.

Тоо-ташың укмуш керемет,
Сузагым сенден айланам.

Токсонго чыкты Сузагым,
Мекеним ыйык турагым.
Койнуңда өсүп, жетилген,
Талантка арбын чыгаанын.

Токоюң кенен, тоо кениң,
Токсон жаш Сузак мекеним.
Барпы,Түмөнбай,Узакбай,
Таланттын жери экенсиң.

Сага арнап ырым созоюн,
Багыңда сайрайт торгоюң.
Тарыхта аты белгилүү,
Кара-Алма, Орток токоюң.

**Чоң энем**

Алтындай болгон чоң энем,
Алдыман тосуп чыкчы элең.
Кеттиң го келбес сапарга,
Кусада жашайм эми мен.

Калган бир кезде айрылып,
Калдык биз эне кайгырып.
Көз жашым агып жоктодум,
Келбейсиң эми кайрылып.

Сагындым эне аябай,
Сагынчым калды тарабай.
Кадырың эми билинди,
Жүрүпмүн эне байкабай.



**Зуура Абдиева** — 1994-жылы 16-октябрда Жалал-Абад шаарында туулган. Бишкекте медициналык институтта (ИСИТО-до) окуйт. Эгиздин түгөйү. Батма да ыр жазат. Ал азыр Россиянын Самара шаарында жашап жана иштеп жүрөт.

**Үмүт өчпөйт**

Мен үчүн жашоонун кызыгы жок,
Эгизим жанымда эмес аркам болбой.
Ата деп айткан жокмун бир да жанды,
Атакем жок тирек болоор аска тоодой.

Атакемди бир жолу да көрө албадым,
Бериптир кара жерге туугандарым.
Эркелеп көргөн жокмун атакелеп,
Атакемдин мээримин туя албадым.

Эгизим да менден узак алыста,
Билбегем бар экенин түгөйүмдүн.
Атым неге Зуура деп ойлобостон,
Жалгыз эле экем деп жүрбөйүмбү?

Арман кылам чогуу ойноп, күлбөдүк,
Балалыктын жаштык доорун сүрбөдүк.
Тез келип тур, Батма сени сагындым,
Кол кармашып ажырашпай жүрөлүк.
Экөөбүздү ажыратып таштаган,
Күнөөлөймүн бул тагдырды түбөлүк.

**Мазактаба**

Эстебе өткөн күндү, өкүнбөгүн,
Көз жашың көлгө айлантып өксүбөгүн.
Эстеген менен андан эч пайда жок,
Дагы эле жүрөгүңдү өксүтпөгүн.

Чолок деп эч бир жанды мазактаба,
Качандыр өзүң дагы өксүп калба.
Бутуңдун аксаганы эч нерсе эмес,
Жан дүйнөң чолок болсо эң жаман да.

Жетим деп жетимдерди мазактаба,
Алардын көңүлдөрү назик тура.
Алар да жетимдиктен азап тартып,
Теңирден эмнеге деп сурайт тура.

Баспайт деп баспаганды мазактаба,
Ар кимдин башында бар андай арман.
Суранам бул дудук деп сынтакпагын,
Дудуктан тантык болгон кандай жаман.

***

Ыр жазуу бул мен үчүн тыйын эмес,
Нөшөрлөп жамгыр жааса бул сел эмес.
Сырымды ыр түрүндө жазалбадым,
Сырдашым жок деп айтсам бул чын эмес.

Ыр жазуу бул мен үчүн оңой эмес,
Күн нуру төгөт сага, менден эмес.
Кызарып ар бир таңда нурун чачса,
Кубатты күндөн алам, сенден эмес.

Ыр жазуу бул мен үчүн куюн, элес,
Күн батса ал кыямат күнүң эмес.
Сулуу кыз күлүмсүрөп сүйлөп койсо,
Бул анын сүйүүсүнүн белгиси эмес.

***

Жаратылыш жарты болуп калбасын,
Эгиздер бир-биринен айрылбасын.
Жапжаш балдар энесинен ажырабай,
Жүрөктүн канаттары кайрылбасын.

***

Эс алууга али эрте,
Уйкум келбей турганы.
Калем кармап оң колума,
Ыр жазуунун убагы.

***

Биз билбейбиз сиз канчада экенсиз,
Баарыбыз тең он сегиз деп билебиз.
Башка адамдар картайса да өмүрдө,
Акын кыздар картайбайт деп жүрөбүз.

***

Бүттү эми, ыр жазбаймын деп айтам,
Кайра эртеси калем издеп адашам.
Ыр дүйнөсү менин дүйнөм экенин,
Мына эми мен түшүнүп баратам.

***

Сүйүүнүн тамыры жүрөктө,
Жүрөктүн назиги түнөктө.
Көз нуруң чачылтып ар кимге,
Жүрөктүн сүйүүсүн түгөтпө.

**Махабат**

Махабаттын жалыны ысык болот,
Тийип койсоң күл болуп ал жоголот.
Махабаттын демине адам тосот,
Салкын соккон желине адам тоңот.

Жашоо кызык кызыктыгы курусун,
Махабаттын жалынына жылысын.
Жанып барып өчүп калбай махабат,
Алоолонуп жүрөктөрдү жылытсын.

Эх чиркин махабаттын тунуктугу,
Көңүлгө кулак салып койбостугу.
Сезимди ичке катып кулптасаң да,
Жүрөктү жалындатып ойнойт нугу.

Махабат тунук сезим жүрөктөгү,
Махабат улуу сезим повесттеги.
Жүрөктү элжиретчү сезимдери,
Махабат улуу сезим ыр кептеги.

***

Сүйүү эмне айтып берчи энеке,
Мен түшүнбөйм бул сезимге кап этпе.
Кыз-жигиттин ортосунда сүйүү жок,
Бул тек гана жактыруу деп эсепте.

Сүйүү болот мекениңе калкыңа,
Сүйүү болот досторуңа жалпыга.
Мен ишенбейм кыз-жигиттин өмүрдө,
Сүйдүм, күйдүм деп бир айткан сөзүнө.

Угуп калам бул өмүрдө баарынан,
Сүйүү менен өзгөртөт деп тагдырын.
Сүйүү деген күчтүү сезим болсо эгер,
Табыштырсын азаптарга салбасын.

Чынын айтсам мен сүйүүгө ишенбейм,
Сүйүү гүлүн күтүп-күтүп эңсебейм.
Мен тек гана бакыт каалайм баарына,
Ырларыман сүйүү сунам жалпыга.

***

Убакыт өтсө, күн өтсө,
Азаптуу күндөр бүт өтсө.
Жашоого келип жаңылык,
Бакыттын гүлү гүлдөтсө.

**Турсунай Калмурат кызы**



1997-жылы 27-июлда Алай районуна караштуу Талды-Суу айылында туулган. Азыркы учурда Жайыл районунда ата-энеси менен жашайт. Полтавка орто мектебинин эң мыкты окуган бүтүрүүчүсү.

**Мектеп үчүн Гимн**

Бириксек бардыгыбыз колдон келет,
Элибиз биримдиктүү баарын жеңет.
Жүрөктөр сого берсин токтобосун,
Уул-кызың мекен үчүн жанын берет!

*Кайырма:*
Жардам беребиз бирдей баарына,
Урмат этебиз жашка, карыга.
Оңололу кел, түз жолго түшүп,
Биз мекенчилбиз сүрөп алдыга.

Мекендин келечеги колубузда,
Гүл чыгат үрөн чачсак жолубузга.
Бөлбөйбүз биз эч кимди, билим алып,
Тартабыз боордошторду боорубузга.

*Кайырма;*
Өркүндөп өссүн Кыргызстаныбыз,
Эмгек жасайбыз, билим алабыз.

Кыргыз элимдин келечеги — биз,
Тууну көтөрүп алга барабыз.
Манас атанын урпагынанбыз,
Бийиктиктерге тууну тагабыз!

**Мугалим**

Мугалим — мөмөлөгөн аруу дарак,
Мугалим — агып жаткан дайра булак.
Мугалимдин талыкпаган эмгеги көп,
Мугалим — өчпөй турган кызыл чырак.
Билимдин башаты да мугалим,
Дүйнөдө тең келет аларга ким?
Балдар үчүн калтырып баарын артка,
Балдарды тарбиялайт жакшы жакка.
Мугалимдер эгерде болбосоңор,
Артка кетип анда баары жоголоор.
Ак өтөгөн эмгегиңиздер менен,
Дүйнөдө көп начар нерсе оңолоор.
Окучусун баласындай карашкан,
Уясынан бийиктикке тараткан.
Дайыма биз келебиз башты ийип,
Рахмат айтып жүздөрүнө ар качан.
А кээ-кезде түшүнбөйбүз мүнөзүнө,
Сөздөрдү кабыл алат жүрөгүнө.
Ак-караны бөлө албай шашып кетип,
Чаң болуп булут жүрөт көздөрүндө.
Кантсе да кош айтабыз эже-агайлар,
Мектептен кетебиз биз кошуңуздар.
Береке баар тапсын колуңуздар,
Аман-эсен болуңуздар, болуңуздар!

**Алай**

Ак мөңгүнүн арасында,
Тунук таза абасында.
Коздуктун ырахаты,
Туулуп өскөн Алайымда.
Ак сөздү сүйлөп үйрөнгөм,
Жаман сөздү сүйлөбөйм.
Улуулар айткан жолдорду,
кичүүлөргө үйрөтөм.
Кыргыз үчүн дайыма,
Бек турамын антыма.
Кызы болом кыргыздын,
Из калтырам артыма.
Окуп билим аламын,
Жакшы жолду табамын.
Кыргыз үчүн жасаймын,
Бир жумушту кызыга.
Түбөлүккө эмгек кылам,
Алайыма, кыргызга.

**Сабактар**

Илимдердин падышасы математика,
Математиканы билбеймин бирок анча.
Теңдеменин тамырларын чыгаралбай,
Жүрөм тердеп алгебра сабагында.

45 минут өтпөй калат бир кылымдай,
Тарыхты өтө албайм эч оюмдай.
Кызыгып китепти карасам да,
Хронология түшүнбөймүн баягыдай.

Кыргыз тили жана да адабияты,
Ушул эки сабактар кандай жакшы.
Башка бир окуучуга билем кыйын,
Кээ бирде чыгат булар мага каршы.

Орус тили менен орус адабияты,
Көпчүлүктүн сүйгөн ал сабактары.
Жагынсам да жакпаймын орус тилге,
Алдап коём тууганбыз деп өтө жакшы.

Биология, химия сабактары,
Назиктей сезилет мага дагы.
Суутекти, кычкылтекти таппай эле,
Сөз менен келиштирем дагы аларды.

Физика химиянын тууганындай,
Сезилет дайыма мага ушундай.
Ньютондон башкасын эстей албай,
Олтурам алманы карап кармай.

География менин жакын сырдашым,
Карта менен өтө жакын жанашкыла.
Глобустай тегеренип ордубузда,
Саякаттап келебиз алыстарга.
Көзүмдү албаймын бир чекиттен,
Кыялымда барсам дейм Туркияга.

**Көрүп турдум башканы**

Ал убакта жашыл эле айлана,
Биз экөөбүз жүргөн кезде жай гана.
Жаратылыш жасалмасыз көрктөлүп,

Экөөбүздүн көздөрүбүз байлана.
Сезим эмне биле албадым эмгиче,
Сезип неге туя албадым эсиме.
Сени гана, сени гана дей берип,
Башкаларды көрө албадым кезинде.
А сен болсо, көйкөлөсүң учасың,
Махабаттын мүрөгүнө тунасың.
Калппы, чынбы түшүнүшүм оор болду,
Маңдайымда жаркырайсың, турасың.
Көөдөнүмдө толукшуган арманбы,
Көңүлүмдө чыкпай турган так калды.
Эми сезип махабаттын катасын,
Карегиңден көрүп турдум башканы.

## Мазмуну

Б. Карагулова «Акынды эл багат»........................................3
Сүйкө Мергенбаева........................................................4
Бурул Рыскулбекова ......................................................9
Мейманкүл Сарбалаева ..................................................16
Гүлсайра Момунова......................................................21
Дарика Жалгасынова.....................................................29
Канымжан Темиралиева ................................................37
Айшаке Курманова ......................................................44
Сайра Сейитова ...........................................................51
Райкүл Мамырова ........................................................58
Рысбүбү Өмүрбаева......................................................65
Бүбүсара Калыкова ......................................................72
Жаңыл Бердикулова......................................................79
Салия Айдарова Жусупалы кызы....................................84
Асылкан Токтомаматова ...............................................92
Сабира Бегимкулова .....................................................97
Сүйүн Кубатова...........................................................101
Бүрайма Райымбекова .................................................108
Лариса Асанбекова .....................................................116
Канышай Абдыбалиева ...............................................121
Кайырбүбү Чолпонкулова............................................126
Жумакан Атакулова.....................................................134
Анара Байчүкүева .......................................................140
Гүлсия Ашыралиева.....................................................148
Базарбү Медетова .......................................................154
Максат Жусупалиева ...................................................162
Майрамбүбү Абдыканова ............................................169
Жумагүл Жусубалиева ................................................176
Гүлжакан Шабыралиева...............................................183

Гүлжакан Мавлянова ........................................190
Айсулуу Жумабаева ........................................198
Гүлмира Алымбекова ........................................205
Нурила Сатиева ........................................211
Лейликан Жумабаева ........................................214
Сиренкан Сарбалаева ........................................221
Гүлнара Чолпонкулова ........................................226
Гүлниса Анарбаева ........................................233
Сонунбү Кадырова ........................................236
Жумакан Жаркулова ........................................241
Элмира Төлөкова ........................................249
Айжан Мамасадыкова ........................................257
Чынара Сарбагышова ........................................262
Мунара Зарипова ........................................270
Анара Бакирова ........................................277
Гүлназ Сабыралиева ........................................283
Бактыгүл Мамадалиева ........................................286
Хатира Сүйүмбаева ........................................293
Айнура Шералиева ........................................299
Фаризат Асанкалиева ........................................305
Нуриза Сыдыкова ........................................310
Нурзада Рыскелдиева ........................................316
Гүлжан Жантөрөева ........................................322
Сайра Батыркулова ........................................326
Айгүл Калматаева ........................................332
Кыял Тажиева ........................................337
Рахат Таштемирова ........................................342
Нуркыз Турдалиева ........................................348
Самара Маматова ........................................353
Назгүл Каныбекова ........................................358
Бермет Ахмедова ........................................363
Айпери Каныбек кызы ........................................369
Зуура Абдиева ........................................372
Турсунай Калмурат кызы ........................................377

*Адабий көркөм басылма*

**Акын кыздардын ырлары**

# КЫЗДАР АЙ
# 4

*Түзүүчүсү жана редактору: Бурулкан Карагулова*
*Терген жана корректору: Айзада Жеңишбек кызы*
*Телефону: 0779 30-76-44*
*Компьютердик калыпка салган: Алтынбек Кадыров*

Форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 24 б.т. Заказ № 56
Нускасы 1000 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 62–02–13.
Тел. 41–26–06

